**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ**

**Ж. БАЛАСАГЫН атындагы КЫРГЫЗ УЛУТТУК УНИВЕРСИТЕТИ**

Кол жазма укугунда

УДК: 371.21:372.8(575.2)(043.3)

**БАЯЛИЕВА АЙСУЛУ СУЮТБЕКОВНА**

# БОЛОЧОК МУГАЛИМДЕРДИ КЕСИПТИК ЖАКТАН ДАЯРДООДО ДЕМОКРАТИЯЛУУЛУК САЛТТАРДЫ КОЛДОНУУНУН ПЕДАГОГИКАЛЫК ШАРТТАРЫ

13.00.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы

Педагогика илимдеринин кандидаты илимий даражасын
изденип алуу үчүн жазылган

**ДИССЕРТАЦИЯ**

**Илимий жетекчи:**
педагогика илимдеринин доктору, профессор
**Асипова Нурбүбү Асаналиевна**

**Бишкек – 2021**

## МАЗМУНУ

**КИРИШҮҮ** ........................................................................................................4

**1-БАП. БОЛОЧОК МУГАЛИМДЕРДИ ДЕМОКРАТИЯЛУУЛУК КААДА-САЛТТАР АРКЫЛУУ КЕСИПТИК ЖАКТАН ДАЯРДООНУН ИЛИМИЙ ТЕОРИЯЛЫК НЕГИЗДЕРИ**

1.1. Демократиялуулук түшүнүгүнүн маңызы жана социалдык-педагогикалык процесстердеги орду ..................................................................14

1.2. Жаштарды демократиялуулукка тарбиялоодо каада-салттардын педагогикалык мүмкүнчүлүктөрү.........................................................................35

1.3. Болочок мугалимдердин демократиялуу каада-салттар аркылуу окуучуларды демократиялуулукка тарбиялоого кесиптик жактан даярдоонун илимий-методикалык өбөлгөлөрү ......................................................................54

1-бап боюнча жыйынтык.............................................................................71

**2-БАП. БОЛОЧОК МУГАЛИМДЕРДИ ДЕМОКРАТИЯЛУУЛУККА НЕГИЗДЕЛГЕН КЕСИПТИК ДАЯРДЫГЫН ИЗИЛДӨӨНҮН МЕТОДОЛОГИЯСЫ ЖАНА МЕТОДДОРУ**

2.1. Болочок мугалимдердин демократиялуулукка багытталган кесиптик даярдыгын изилдөөнүн методологиясы жана методдору...................................74

2.2. Болочок мугалимдерди демократиялуу каада-салттар аркылуу кесиптик даярдыгын арттыруунун педагогикалык шарттары............................87

2.3. “Кыргыз элинин каада-салттары жана окуучуларды демократиялуулукка тарбиялоо” кошумча өнүктүрүү программасынын мазмуну.........................................................................................................104

2-бап боюнча жыйынтык..............................................................................111

**3-БАП. БОЛОЧОК МУГАЛИМДЕРДИ ДЕМОКРАТИЯЛУУЛУК САЛТТАР АРКЫЛУУ КЕСИПТИК ЖАКТАН ДАЯРДОО БОЮНЧА ЭКСПЕРИМЕНТАЛДЫК ИШТЕР ЖАНА АНЫН НАТЫЙЖАЛАРЫ**

3.1. Демократиялуулукка багытталган кесиптик даярдыкты күчөтүү боюнча педагогикалык экспериментти уюштуруу ..........................................113

3.2. Болочок мугалимдерди демократиялуулук каада-салттар аркылуу кесиптик жактан жетиштирүүнүн технологиялары...........................................125

3.3. Демократиялуулукка багытталган кесиптик жактан жетиштирүү боюнча жүргүзүлгөн педагогикалык эксперименттин натыйжалары ..............149

3-бап боюнча жыйынтык..............................................................................160

**КОРУТУНДУ**..................................................................................................162

**ПРАКТИКАЛЫК СУНУШТАР**......................................................................164

**КОЛДОНУЛГАН АДАБИЯТТАРДЫН ТИЗМЕСИ** ....................................165

**ТИРКЕМЕЛЕР**

# КИРИШҮҮ

**Диссертациянын темасынын актуалдуулугу.** Өлкөбүздүн келечеги болгон жаш муундарга билим берүүнү жана тарбиялоону аркалаган болочок мугалимдерди демократиялуулук шарттарда жашап жана иштей билүүгө даярдоодо, коомдогу демократиялуулук тенденцияларды, салттарды колдоно билүүнүн педагогикалык шарттарын аныктоо менен байланыштуу. Бүгүнкү күндөгү аалдамдашуунун жана интернеттештирүүнүн, маалымат технологиялары дүркүрөп өнүккөн кезде билим берүү системасын жаңылоо, кыргыз элинин улуттук көрөңгүлөрүн, рухий-демократтык баалуулуктарын көтөрүп чыгуу жана аларды заманбап шарттар менен айкалыштыруу аркылуу болочок мугалимдерди кесиптик жактан даярдоо милдеттери алдыга чыгууда. Жаш муундарды демократиялуулукка тарбиялоодо элдик салттар өзгөчө таасирдүү каражат катары өткөн менен бүгүнкүнүн, улуттук дөөлөттөр менен жалпы адамзаттык баалуулуктардын, мектеп менен турмуштун байланышын тереңдетүүгө жана маданий деңгээлин жогорулатууга өбөлгө түзөт.

Бул маселенин актуалдуулугу расмий документтер Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана маданият министрлигинин 2002-жылдын 25-мартында №2/5 буйругу менен бекитилген “Кыргыз Республикасында окуучуларды тарбиялоонун концепциясында”, “Кыргыз Республикасында балдардын ден соолугуна, дене бой, интеллектуалдык, психикалык, руханий жана адептик өнүгүүсүнө зыян келтирүүнүн алдын алуу боюнча чаралар жөнүндө” Мыйзамында жана Кыргыз Республикасынын Президентинин “Инсандын руханий адеп-ахлактык өнүгүүсүн жана дене тарбиясын камсыз кылуу жөнүндө” Жарлыгында (2021), тарбиялоонун башкы максаты катары жаштардын адептик, демократиялык сапаттарын ата мекендик педагогикалык традициялар аркылуу калыптандыруу, ошондой эле, жаш муундарга элдик руханий маданияттын мурастарын элдик педагогиканын идеялары, улуттук-тарыхый дөөлөттөрү жана педагогикалык маданияты аркылуу жеткизүү милдеттери белгиленген.

Ошондой эле, “Кыргыз Respublikasынын 2021-2030-жылдарга карата мектеп окуучуларын жана жаштарды тарбиялоо концепциясында” (КББА, 2021) бүгүнкү күндө таалим-тарбия процессинде кетирилип жаткан кемчиликер аталып: “Демократиянын шарданына жамынып, айрым асылдыктар, дөөлөттөр туура эмес түшүндүрүлүп, колдонулуп калганын көрүүгө болот”- деп жазылган.

Демек, бул концепцияларда демократиялуулукту калыптандыруу тарбиялоо процессинин фундаменталдык башкы багыттарынын бири катары аныкталат, ал эми демократиялуулукка тарбиялоонун максаты жалпы адамзаттык дөөлөттөр менен катар эле улуттук демократтык-руханий мурастарга да негизделиши керек экендигин белгилейт.

Болочок мугалимдерине окуучулар менен элдик демократиялуулукка тарбиялоо тажрыйбалары боюнча баарлашууга, теориялык-практикалык жана методикалык жактан элдик салттарды колдонуунун көп мүмкүнчүлүктөрү бар. Бирок, элдик каада-салттарды кабыл алуу, анын рухий-демократтык маңызын түшүнүү өзүнчө өзгөчөлүктөрүнө ээ болгондуктан, кыргыз элинин кылымдар бою топтоп келген каада-салттарында жалпы адамзаттык мааниге ээ болгон руханий-демократтык дөөлөттөрүн жаш муундардын энчисине айландыруу болочок мугалимдердин окуучуларды демократиялуулукка тарбиялоо жумуштарына атайын даярдыгын калыптандыруу проблемасын актуалдаштырат.

Демократиялуулукка тарбиялоонун теориялык-методологиялык негиздери көрүнүктүү педагогдор Дж. Дьюи, Дж. Локк, Ш.Л. Монтескье, Ж.Ж. Руссо, К.А. Гельвеций, И.Г. Песталоцци, Л.Н. Толстой, Н.А. Добролюбов, В.Г. Белинский, Н.К. Крупская, В.А. Сухомлинский, Н.Г. Чернышевскийдин [65, 62, 139, 132, 95, 162, 177] эмгектеринде чагылдырылган.

Тарбиялоонун этникалык аспектилерин өздөштүрүү аркылуу жаш муундарды демократиялуулукка тарбиялоо идеялары алгач көрүнүктүү педагогдордун Я.А. Коменский, К.Д. Ушинский, Г.Н. Волковдун [90, 171, 54] эмгектеринде чагылдырылган. Соңку жылдары аталган проблеманын методологиялык, теориялык негиздери Россияда Ю. П. Азаров, З.З. Азашикова,

Б.С. Гершунский, А.Н. Джуринский, А. Лейпхарт [3, 4, 58, 61, 105]. Кыргызстанда А. Алимбеков, Н.А. Асипова , А.Т. Калдыбаева, Ж.К. Каниметов, В.В. Панков, А. Муратов, А.С. Раимкулованын эмгектеринде өнүктүрүлгөн [13, 28, 86, 87, 130, 121, 143].

Алардын катарында окуучуларды тарбиялоодо кыргыз каада-салттарын колдонуунун илимий-методикалык негизин ачууга багытталган изилдөөлөрдү да белгилеп кетүүбүз зарыл. Аларга: жогорку класстын окуучуларын адептүүлүккө тарбиялоодогу элдик традициялар (Ж. Бешимов) [46]; кыргыз эл жомокторундагы тарбиялоо идеялары (К. Кыдыралиев) [98]; кыргыз этнопедагогикасындагы балдарды тарбиялоо өзгөчөлүктөрү (Р.А. Абдыраимова) [2]; Жогорку класстын окуучуларын эмгекке тарбиялоодогу элдик традициялар (Б. Апышев) [24]; Эл акындарынын педагогикалык идеяларын жаштарды тарбиялоодо колдонуунун илимий-педагогикалык негиздери (А.Т. Калдыбаева) [83]; Көркөм адабий тексттериндеги элдик педагогикалык ойлор жана аларды окутуу процессинде интерпретациялоонун илимий-методикалык негиздери (А.Ж. Муратов) [121]; Кыргыз элдик оозеки чыгармачылыгындагы атуулдукка тарбиялоо маселелеринин чагылдырылышы жана алардын педагогикалык тажрыйбалардагы орду (Р.Т. Сулайманова) [161] кирет. Бул илимий эмгектерде жаш муундарды тарбиялоодогу кыргыз элдик прогрессивдүү таалим-тарбиянын маңыз-мазмуну ачылып, учурдагы жалпы билим берүүчү мектептердеги окуу-тарбиялык процессте колдонуунун ыкмалары, усулдары, формалары аныкталган.

Изилдөөгө алынып жаткан тема боюнча кеңири сөз кыла турган болсок, болочок мугалимдерди мектептеги окуу-тарбия жумуштарын уюштурууда кыргыз элдик руханий-дөөлөттөрүн колдонууга этнопедагогикалык жактан даярдоо маселесинин айрым конкреттүү аспектилери А. Алимбеков, Н.А. Асипова, А. Аттокуров, Н. Дюшеева, Б. Муратбаев, Ж. Сулайманкулова, Р.Т. Сулайманова, Н. Шадиев, Т.Н. Умаров, А.С. Байтокова сыяктуу окумуштуулардын диссертацияларында чагылдырылган: кенже мектеп окуучуларын эстетикалык тарбиялоодо элдик педагогиканын прогрессивдүү

традицияларын колдонууга студенттердин даярдыгын калыптандыруу (А. Алимбеков) [15]; жалпы билим берүүчү мектептердин окуу-тарбия процессинде элдик педагогиканын прогрессивдүү традицияларын колдонууга студенттерди даярдоо (Н.К. Дюшеева) [64]; кенже мектеп окуучуларын эмгекке тарбиялоодо этнопедагогикалык каражаттарды колдонууга студенттерди даярдоо (Б.Б. Муратбаев) [120]; ЖОЖдо башталгыч класстын мугалимдерин окуучуларга адептик тарбия берүүгө этнопедагогикалык даярдыгын калыптандыруунун педагогикалык негиздери (Ж. Сулайманкулова) [160]; студенттерди кенже класс окуучуларын кыргыз музыкалык фольклорунун каражаттары аркылуу нравалык-эстетикалык жактан тарбиялоого даярдоо (Н. Шадиев) [178]; болочок мугалимдерди оозеки чыгармалар аркылуу окуучуларды адептик жактан тарбиялоого даярдоо ( Т.Н. Умаров) [169]; болочок мугалимдердин жалпы адамзаттык баалуулуктарын калыптандыруу (А.С. Байтокова) [36].

Жогоруда белгиленген изилдөөлөрдө болочок мугалимдерди кесиптик жактан жетиштирүүдө демокартиялык салттарга, өзгөчө элдик педагогикадагы каада-салттардын демократиялуулук мааниси жана аларды колдонуу маселеси атайын педагогикалык изилдөө предмети катары карала элек. Жогорку окуу жайлардын мамлекеттик стандарттарында, окуу пландарында да бул проблема көңүлгө алынбай, илимий-педагогикалык, методикалык адабияттар жарала элек. Натыйжада, болочок мугалимдерди демократиянын шартында кесиптик жактан даярдоодо төмөндөгүдөй объективдүү карама-каршылыктар ачык байкалат:

- Кыргызстанда демократиялык процесстердин кеңири жайылып бара жаткандыгына карабастан, болочок мугалимдерди өзгөргөн шартта иштей билүүгө даярдоо мүмкүнчүлүктөрүнүн изилденбегендиги;
- Кыргыз элдик педагогикасында демократиялык салттардын жетиштүү болгондугуна карабастан, аларды болочок мугалимдерди даярдоодо атайын педагогикалык каражат катары каралбагандыгы;
- Келечек муундарды улуттук каада-салттар аркылуу демократиялуулукка тарбиялоо талабы менен ЖОЖдордо болочок

мугалимдерди бул багытта даярдоонун теориялык негиздеринин жана методикалык жолдорунун иштелип чыкпагандыгы ж.б.

Жогорудагы карама-каршылыктар болочок мугалимдерди кесиптик жактан даярдоодо элдик демократиялуу салттарды колдонуу жолдорун аныктоо көйгөйлөрүнүн бар экендигин жөнүндө кабар берет.

Белгиленген проблеманын илимий негизде чечилбей келе жаткандыгы диссертациялык иштин темасын "**Болочок мугалимдерди кесиптик жактан даярдоодо демократиялуулук салттарды колдонунун педагогикалык шарттары"** деп тариздөөгө түрткү берди.

**Диссертациялык иштин темасынын илимий программалар менен байланышы.** Изилдөөнүн темасы Ж.Баласагын атындагы КУУнун жогорку мектептин педагогикасы кафедрасынын илимий иштеринин планы менен байланышкан.

**Изилдөөнүн максаты:** болочок мугалимдерди кесиптик жактан жетиштирүүдө элдик демократиялуулук каада-салттарды колдонуунун илимий-теориялык негиздерин аныктоо жана педагогикалык шарттарын иштеп чыгуу.

**Изилдөөнүн милдеттери:**

1. Болочок мугалимдерди демократиялуулук каада-салттар аркылуу кесиптик жактан даярдоонун илимий-теориялык негиздерин аныктоо.
2. Жаштарды демократиялуулукка тарбиялоодогу кыргыз элинин каада-салттарынын педагогикалык мүмкүнчүлүктөрүн ачып көрсөтүү.
3. Болочок мугалимдерди демократиялуулукка багытталган кесиптик даярдыгынын абалын аныктоо жана аны өркүндөтүүнүн педагогикалык шарттарын иштеп чыгуу.
4. Аныкталган педагогикалык шарттардын натыйжалуулугун эксперимент аркылуу текшерүү жана жыйынтыктоо.

**Алынган натыйжалардын илимий жаңылыгы**:

1. Кыргыз Республикасында кабыл алынган расмий документтерди, изилдөө проблемасына байланыштуу илимий булактарды, ЖОЖдордун кесиптик билим берүү тажрыйбасын талдоонун негизинде болочок мугалимдерди

демократиялуулук каада-салттар аркылуу кесиптик жактан даярдоонун илимий-теориялык негиздери бүгүнкү күндөгү жана келечектеги таалим-тарбиянын приоритеттүү багыттарынан экендиги жана аталган багыттагы билим берүүнүн мазмундук, мотивациялык-дөөлөттүк, уюштуруучулук-технологиялык компоненттери такталды.

2. Болочок мугалимдерди демократиялуулук шартында иштөөдө жана демокартиялык принциптерди жайылтууда кыргыз элинин демократиялуулук каада-салттарынын педагогикалык мүмкүнчүлүктөрүнүн кеңири экендиги айкындалды.

3. Болочок мугалимдерди элдик каада-салттарды колдонуу менен мектеп окуучуларын демократиялуулукка тарбиялоо боюнча кесиптик жактан даярдоонун педагогикалык шарттары, компетенцияларынын мазмуну, деңгээлдери, көрсөткүчтөрү жана аларды баалоо критерийлери иштелип чыкты.

4. Демократиялуулук каада-салттарды колдонуу боюнча болочок мугалимдерди кесиптик компетенттүүлүгүн калыптандыруунун педагогикалык шарттары педагогикалык эксперимент аркылуу тастыкталып, илимий-практикалык сунуштар иштелип чыкты.

**Алынган натыйжалардын практикалык мааниси:**

- Болочок мугалимдерди кыргыз элинин демократиялуулук каада-салттары аркылуу окуучуларды демократиялуулукка тарбиялоого даярдоо процессинде алардын кесиптик жактан калыптандыруунун илимий-теориялык негиздери, педагогикалык шарттарынын иштелип чыккандыгы;
- Болочок мугалимдерди каада-салттар аркылуу окуучуларды демократиялуулукка тарбиялоого даярдоо процессинде элдик каада-салттардын педагогикалык мүмкүнчүлүктөрүнүн ачылгандыгы;
- Болочок мугалимдерде сабак учурунда жана кошумча өнүктүрүүчү “Кыргыз элдик каада-салттар жана окуучуларды демократиялуулукка тарбиялоо” аттуу кошумча өнүктүрүү программасынын окуу-методикалык комплекси түзүлүп ишке киргизилгендиги;

- Болочок мугалимдер  үчүн сабактардын алкагында жана педагогикалык практика мезгилинде окуучуларды демократиялуулукка тарбиялоодо каада-салттарды колдонуу боюнча кеңештер, сунуштар иштелип чыккандыгы менен аныкталат.

**Диссертациянын коргоого коюлуучу негизги жоболору:**

1. Ааламдашуу шартында болочок мугалимдерде демократиялуулук баалуулуктарын калыптандыруу, кийинки келечек ээлерин дүйнөлүк тенденцияларга ылайык тарбиялоодо демократиялуулук каада-салттарынын педагогикалык мүмкүнчүлүктөрүн ача билүү бирден бир актуалдуу педагогикалык багыт болуп эсептелет.

2. Окуучуларды  демократиялуулукка тарбиялоодо элдик каада-салттардын таалим-тарбиялык мүмкүнчүлүгүнүн күчтүү болгону менен аларды колдонуунун педагогикалык шарттарынын иштелип чыкпагандыгы, болочок мугалимдердин  кесиптик компетенттүүлүгүн калыптандыруу учурдун талаптарына толугу менен жооп бербегендиги байкалат. Аталган проблеманы изилдөө жана анын илимий практикалык шарттарын, жолдорун аныктоо маанилүү  социалдык-педагогикалык өбөлгө болуп саналат.

3. Илимий изилдөөлөрдүн жүрүшүндө аныкталган болочок мугалимдин кесиптик компетенттүүлүгүнүн көрсөткүчтөрү жана деңгээлдери болочок мугалимдерди даярдоодо элдик демократиялык салттарды тарбиялоо процессинде колдонуунун натыйжалуулугун жогорулатууда маанилүү каражат болуп кызмат кылат.

4. Каада-салттарды колдонуу менен болочок мугалимдердин кесиптик компетенттүүлүгүн арттыруунун педагогикалык шарттары, билим берүүнүн мазмуну, калыптануу деңгээлдери, критерийлери педагогикалык эксперимент аркылуу тастыкталып, практикалык сунуштар иштелип чыкты.

**Изденүүчүнүн жекече салымы:** окуучуларды демократиялуулукка тарбиялоодо элдик каада-салттарды колдонуунун илимий негиздери аныкталып, болочок мугалимдерди кесиптик жактан жетиштирүүнүн педагогикалык шарттары айкындалды; “Кыргыз элдик каада-салттар жана

окуучуларды демократиялуулукка тарбиялоо” аттуу кошумча өнүктүрүү программасынын технологиялык модели иштелип чыкты; студенттер үчүн окуучуларды демократиялуулукка тарбиялоодо кыргыз элдик каада-салттарды колдонуунун методикалык негиздери боюнча илимий-практикалык кеңештер, сунуштар иштелип чыккандагы менен аныкталат.

**Изилдөө жыйынтыктарынын апробацияланышы.** Диссертациянын негизги жоболору эл аралык, республикалык, жогорку окуу жайлар арасында илимий-теориялык, илимий-практикалык конференцияларда, сипозиумдарда баяндалган. Бишкек (2004-2020 жж.), Алмата (2006 жж.) жана Ж. Баласагын атындагы КУУнун жогорку мектептин педагогикасы кафедрасында талкууланган.

**Диссертациялык изилдөөнүн натыйжаларынын жарыяланышынын толуктугу:** алынган натыйжалар диссертациялык изилдөөнүн негизги мазмунун түзүү менен бирге 16 эмгекте чагылдырылган (анын ичинен 3 макала чет элдик басылмаларда жана 6 макала (РИНЦ) республикалык илимий басылмаларда жарыяланган).

**Дисстерациянын түзүлүшү жана көлөмү:** иш негизги үч баптан, 9 параграфтан, киришүүдөн, корутундудан, практикалык сунуштардан жана пайдаланылган адабияттардын тизмесинен турат (182). Диссертациянын көлөмү – 164 бет, пайдаланылган адабияттар менен тиркемелер менен иштин жалпы көлөмү – 196 бет.

# 1–БАП. БОЛОЧОК МУГАЛИМДЕРДИ ДЕМОКРАТИЯЛУУЛУК КААДА-САЛТТАР АРКЫЛУУ КЕСИПТИК ЖАКТАН ДАЯРДООНУН ИЛИМИЙ ТЕОРИЯЛЫК НЕГИЗДЕРИ

## 1.1. Демократиялуулук түшүнүгүнүн маңызы жана социалдык-педагогикалык процесстердеги орду

Учурда өлкөбүздө демократиялык тенденциялардын отурукташуусу коомдун бардык тармактарындагы өзгөртүүлөрдү талап кылгандай эле, билим берүү системасында дагы реформалоо милдетин койду. Билим берүү системасындагы реформанын бирден бир орчундуу маселелеринен болуп өсүп келе жаткан жаш муундарды өз өлкөсүнө берилген, демократиялык жана укуктук мамлекетте жашай жана иштей биле турган ар тараптуу атуулдарды тарбиялоо болуп эсептелет. Андыктан, алдыбызда бүгүнкү жаш адамды келечектеги коомдун, мамлекеттин жүгүн көтөрө ала турган атуул катары калыптандыруу жана тарбиялоо жоопкерчилиги турат. Ушул өңүттөн алып караганда азыркы мезгилде демократиялык билим, тарбия берүүгө жана алардын демократиялуулук касиеттерин өнүктүрүүдө мугалимдерге зор талап коюлуп жатат. Ушундай шартта окумуштуулар коомчулугу арасында таалим-тарбия учудагы өзгөрмөлүү коомдук-экономикалык жагдайга гана жараша эмес, түбөлүктүү баалуулуктарды, улуттук өзгөчөлүктөрдү, элдик көөнөргүс дөөлөттөрдү туу тутуу менен бирге демократиялуу коомдо жашап жана социалдашууга жарамдуу инсандарды калыптандыруу маселесеси зарыл экендиги жөнүндө көз караштар тастыктала баштады.

Алсак, “Кыргыз Респликасынын 2021-2030-жылдарга карата мектеп окуучуларын жана жаштарды тарбиялоо концепциясында” (КББА, 2021) бүгүнкү күндө таалим-тарбия процессинде кетирилип жаткан кемчиликер аталып: “Демократиянын шарданына жамынып, айрым асылдыктар, дөөлөттөр туура эмес түшүндүрүлүп, колдонулуп калганын көрүүгө болот” [93], - деп жазылган.

Демек, бул концепцияда демократиялуулукту калыптандыруу тарбиялоо процессинин фундаменталдык башкы багыттарынын бири катары аныкталат, ал эми демократиялуулукка тарбиялоонун максаты жалпы адамзаттык дөөлөттөр менен катар эле улуттук демократтык-руханий мурастарга да негизделиши керек экендигин белгилейт.

Тарбия берүүнүн бул багыты, башкача айтканда, жаштардагы демократиялуулук сапаттарды калыптандыруу маселеси бүгүнкү күндө ар бир педагогдун жүрөгүнүн түпкүрүнөн орун алып, аны түмөн түрлүү түйшүккө салып турат. Бул маселенин өлкөбүз тарыхтын кыйын кырдаалында өз тагдырын өзү аныктап, келечек жолун өзү салуу машакатын баштан кечирип жаткан мезгилде өтө зор мааниге ээ экендиги талашсыз.

Демократия түшүнүгү жана практикасы тарых арымда кандай колдонгондугу тууралуу тереңирээк түшүнүү үчүн демократиянын теориясына кайрылууну талап кылат. «Демократия» деген түшүнүк баарыбызга белгилүү болгону менен, ал көздөгөн концепция көп учурларда туура эмес кабылданып, бурмаланып келгендиги тарыхта жана азыркы күндө кеңири учурайт. Түпкү маанисинде демократия (demos- эл, kratos-бийлик) – бул грек сөзүнөн “эл бийлиги” же “элдик башкаруу” дегенди түшүндүрөт. “Демократия – башкаруунун элдик формасы, эл эң жогорку бийиликке ээ жана ал бийликти өзү же өзүнүн эркин шайлоо системасында шайланган өкүлдөрү аркылуу ишке ашырат» [62,4] - деп, белгиленет.

Демократия - элди бийликтин булагы деп таанууга негизделген, коомдук түзүлүштү же коомдук аң сезимди түшүндүрөт. Ошондой эле, «Демократия – элдин бийлиги, калктын мамлекетти башкаруудагы өз ролун таанып билиши, укуктар жана эркиндик менен катар тартипти жана жоопкерчиликти да аңдап билүүсү [62, 26].

Демократия - ар бир адам үчүн өзүнө тийешелүү болгон коомдогу укуктарын, экономикалык жана социалдык мүмкүнчүлүктөрүн, мыйзам алдындагы тең укуктуулугун, жашоо эркиндигин, сөз эркиндигин ж.б. социалдык маанидеги мүмкүнчүлүктөрүн аныктоо менен чектелет десек болот.

Ал эми ар бир коомдо жана ар бир муунда, эл демократиянын ишин кайра аткарышы, мурдагы принциптерди жаңы доорго жараша өзгөртүүсү менен коомдук практикалык маанисине ылайык колдонуусу зарыл.

Демократиянын пайда болуу заманына токтолсок, анда байыркы убактардан бери эле кээ бир адам коомунун мүчөлөрү катары бири-бирине саясий ж.б. жактан тең укуктуулуктун чегиндеги урмат жана сый мамиледе болууга болгон умтулуу бар экендиги байкалат. Адамдар бардыгы тең укуктуу жана башкаруу үчүн зарыл болгон бардык мүмкүнчүлүктөргө, ресурстарга, саясий системага жетүүнү эңсеп, кыялданып келишкен. Мындай кыялдануудан келип чыккан идея, жана аны жүзөгө ашыруунун тажрыйбалык иш-аракеттери, топтолгон тажрыйбалары, дүйнөлүк тарыхта зор таасири бар гректердин арасында б.з.ч. бешинчи кылымдын биринчи жарымында пайда болгондугу белгилүү. Демек, демократиялык өзгөртүү деп аталган азчылыктын башкаруусу тууралуу идеядан, тажрыйбадан көпчүлүктүн башкаруусу тууралуу идеяга жана тажрыйбага өтүү деген түшүнүктүн келип чыгышына байыркы гректер себепкер болгон десек болот.

Байыркы грециялык демократиянын барыдан мурда Афинанын демократиясынын саясий мурастары кийинки цивилизация тарабынан тажрыйба катары алынып, кеңири изилденип келүүдө. Полис-мамлекетте укукка ээ болуунун негизги шарты болуп атуулдук эсептелген. Атуул деп эсептелинген адамдын ата-энеси Афинанын атуулдары болууга тийиш болгон. Атуул (аялдар, кулдар жана чет элдиктер кошулган эмес) 20 жашка толоору менен Афина мамлекетинин жогорку органы - элдик чогулуштун мыйзам чыгаруу иш аракеттерине жигердүү катышууга укук алган. Афина мамлекетин элдик чогулуш башкарып, ага элдин азчылыгын түзгөн кул ээлери гана катышкан. Ал эми Римдин элдик чогулушуна, сенатына патрицийлер (ак сөөктөр) добуш менен шайланган. Бул доордогу демократия кул ээлеринин демократиясы болуп, кул ээлери бийлик кылган. Кулдар саясий ж.б. укуктарынан ажырап адам эсебине киргизилген эмес.

Байыркы грек демократиясы күчтүү Афина полиси менен Спарта баш болгон коомдук мамилелери анча өнүкпөгөн полистердин, колунда барлар менен жакырлардын ортосундагы күрөштүн күчөшүнөн улам ыдырап жок болгон.

Кул ээлөөчүлүк доордон кийин феодалдык коом калктын укуктарын бирдей эмес катмарларга бөлүүнүсүнө алып келген. Эгерде антикалык дүйнөдө атуул инсан катары калыптануу шарттарына ээ болсо, феодализмдин орношу менен ал социалдык катмардын өкүлү катары гана бааланып калган.

Феодализм тушундагы республикаларда мамлекетти өзгөчө укуктан пайдаланган бийлөөчү тап - феодалдар башкарган. Дыйкандар менен кол өнөрчүлөрдүн укуктары чектелип, материалдык байлыкты өндүрүүчү негизги тап - крепостной дыйкандар мамлекеттик жана коомдук иштерден четте калган.

Феодализмге каршы күрөшкө буржуазия демократиялык эркиндиктерди, мамлекеттик аппаратты жеке менчик «эркиндиги» менен байланышта демократаштырууну талап кылган, бирок бийлик башына келген соң өз диктатурасын орноткон. Буржуазиялык демократия граждандардын укук менен эркиндикти, адамдардын тең укуктуулугун, парламент, жалпы шайлоо укугун сөз жүзүндө жарыялаласа да, иш жүзүндө эмгекчилерди экономикалык жана саясий маселелерди чечүүгө катыштырган эмес. Буржуазия өлкөлөрдүн конституцияларында бардык граждандар демократиялык укукка жана эркиндикке ээ деп жазылганы менен иш жүзүндө экономикалык жана саясий үстөмдүк капиталисттердин колунда болгон.

Инсандын статусун мыйзам түрүндө өзгөртүүдө көрүнүктүү натыйжага жетишкен өлкөлөрдүн бири – орто кылымдагы Англия болгон. XII-XIII кылымдардын чегинде Англияда кабыл алынган Эркиндиктин Улуу Хартиясы демократиядан алда канча алыс болсо да, 1215 –жылы Рунимеде тааласында кол коюулган документ конститутциялык башкарууну өнүктүрүүнүн башаты болгон. Бул Хартиянын көпчүлүгү негизинен жер ээлөөчүлөрдүн, ак сөөктөрдүн жана чиркөөнүн кызыкчылыгын көздөгөн. Ошентсе да, анын бир

катар жоболору кийинчерээк Англиянын бардык калкына колдонулган, айрым жактары өлкөнүн укук системасынын өзөгүн түзгөн.

Азыркы конституциялык демократиянын интеллектуалдык негизи салтка айланган социалдык, диний жана саясий идеаларды четке каккан рационализмге ык алган XVIII кылымдагы философиялык багыты европалык Агартуу доорунда калыптанган. Бул багыттын эң таасирдүү ойчулдары катары, англиялык саясий философ Джон Локк менен француз юристи жана саясий философу Ш.Л. Монтескье эсептелген.

Жалпыга таанымал болгондой демократиянын өзөгүн түзүп турган бийлик маселесине жана аны бөлүштүрүү жолдоруна келгенде Ш.Л. Монтескьенин көз карашы жана ойлору өз баалуулугун жоготпой келет. Анын варианты сунуш кылынгандардын эң оптималдуусу болуп эсептелет. Анын оюу боюнча: «Эркин мамлекетте эркин деп саналган ар бир адам өзүн-өзү башкаргандыгына байланыштуу, мыйзам чыгаруу бийлиги жалпы элге таандык болуусу керек. Ири мамлекеттерде мындай башкаруу мүмкүн эмес болуп, кичине мамлекеттерде көп кыйынчылыктар менен байланышкандыктан, жасай албаган нерселерди ишке ашыра алат. Шайланган өкүлдөрдүн эрки жалпы шайлоочулардын каалоолору менен байланыштуу»[139, 45].

1690-жылы Дж. Локк «Башкаруу жөнүндө эки трактат» деген эмгегин жарыялаган. Анын ар кандай мыйзамдуу өкмөт «букаралардын макулдугуна» муктаж деген аныктамасы саясий теория боюнча талаш-тартыштын маңызын өзгөртүп, демократиялык институттардын өнүгүшүнө өбөлгө түзгөн.

Табигый укукту аныктоо менен өкмөттүн, өзгөчө монархиянын негизги бийлиги-Кудай тартуу кылган бийлик деген ырастоону четке каккан Дж. Локк: Табигый укук Кудайдын мыйзамына окшош жана ал бардык адамдарга өмүр сүрүүгө, эркиндикке, жеке менчикке жана өз эмгегинин үзүрүн көрүү укуктарын өзүнө камтыган негизги укуктарды камсыз кылат деп айткан. Андан ары, мына ушул укуктарга ээ болуш үчүн атуулдук коомдо адамдар өз өкмөтү менен келишим түзөт дейт. Атуул мыйзамга баш ийүүгө милдеттенет, ал эми өкмөт коомдун жыргалчылыгы үчүн мыйзам кабыл алып, мамлекетти ар кандай

тышкы зыяндан коомдун кызыкчылыгы үчүн коргоого укуктуу. Эгер,- дейт Дж. Локк, - өкмөт өзүм билемдик менен адилетсиздик кылса өлкөнүн атуулдары татыксыз режимди кулатуу менен өкмөттү кайра түзүүгө укуктуу деп белгилейт [62,15].

Октябрь революциясы жеңгенден кийин капитализм кулап, социалистик түзүлүш орногондон тартып «социалистик демократия» түшүнүгү келип чыккан. СССРде социалистик революция жеңип, пролетариат диктатурасынын орношу демократиянын сөз жүзүндө эмес, иш жүзүндө, саясий лозунгдарга эмес, реалдуу турмушта ишке ашырылышын камсыз кылды. Социалистик демократия эмгекчилердин мүдөөсүнө шай келип, жаңы коомдо мамлекетти башкаруунун негизги формасына айланды. Социалистик демократиянын буржуазиялык демократиядан тарыхый артыкчылыгы мурда саясаттан оолак турган калың элдин б.а. эмгекчилердин мамлекетти башкарууга активдүү катышканынан коомдогу негизги саясий күчкө айлангандыгы айкын көрүнөт.

Бирок бара-бара социалистик демократиянын эркиндик жана теңдик негиздери юридикалык жана социалдык жактан өзүнүн маанисин жоготуп тоталитардык режимди түптөгөн. Жеке адамдардын укуктары, Советтик идеологияга сугарылган администратор-бюрократтардын туу туткан деспоттук-репрессиялык режимдин механизмдери аркылуу белгилүү деңгээлде чектелип, көзмөлдөнүп турган.

Коомдун ар бир өнүгүү этабында жаш муундарды демократиялуулук шартына ылайык тарбиялоо, аларга демократия дүйнөлүк денгээлдеги адамзаттык баалуулук экендигин түшүндүрүү билим-тарбия берүү системасында да ар дайым негизги маселелерден болуп келген жана болуп келет.

Байыркы Грециядан баштап XVIII кылымдагы Францийдагы төңкөрүшкө чейин демократия көпчүлүктүн иши делип, көптөгөн окумуштуулардын пикирлери ошол учурдагы үстөмдүк кылуучу таптын гана кызыкчылыгын көздөгөн жыйынтык деп айтууга болот.

Эгерде демократиялуулука тарбиялоонун чыныгы маанисине кайрыла турган болсок, анда ал педагогика илиминин өнүгүшүндө зор салымдарын кошкон улуу педагогдордун эмгектеринде кеңири орун алган, бирок ал идеялар педагогикалык эмгектерде өзгөчө нукта, өзгөчө маанайда каралат. Бул маселеге педагогика илиминин негиз салуучусу улуу чех агартуучусу Я.А. Коменский да өзүнүн салымын кошкон. Эң негизгиси ал өзүнүн эмгектеринде «Тарбиялоо системасын коомдун аристократтык «каймагы», тандалгандар үчүн түзүлбөстөн элдин демократтык катмары, эл массасы үчүн» [132, 77-б.], - деген ойду айткан.

Коменскийдин чыгармаларында өз доорунун жаңы идеяларын терең чагылдырган жана жалпыга тиешелүү билим тармагын түзүүгө аракеттенген. Коменскийдин демократизми бирдиктүү мектеп жана ал мектептердин эне тилинде окутушун, мектептер балдарын тегине, жынысына жана дүйнө-мүлкүнө карабай бардыгы үчүн бирдей, тең болушун талап кылуусунан көрүнөт.

Коменский жалпы окутуу идеясын сунуш кылган. Ал өзүнүн «Улуу дидактикасында» бардык балдар – бай менен кедейдики, дөөлөттүү менен дөөлөтсүздүкү, кыз менен эркек, шаардык менен айылдык элдин балдары эне тилиндеги мектептин окутулушун талап кылган. Закондор бардыгына бирдей пайдаланылышы жана мамлекет элдердин укуктарын коргоп, алардын эркиндигин сыйлай билиши керек деген талаптарды койгон.

Бул идеялар педагогика илимине чоң салым кошкон демократ жана гуманист педагогдордун эмгектеринде чагылдырылып, алардын ар бири бул маселеге ар кандай денгээлде кайрылышкан.

Француз агартуучуларынын ичинен Жан-Жак Руссонун демократиялык көз караштары көрүнүктүү орунду ээлейт.

Руссо бийлик менен байлык теңсиздикти жаратты, адамдар ошон үчүн эркиндигинен ажырады деген. «Адам эркиндикте төрөлөт, ошого карабастан ал бардык жерде чынжырлануу», - деп жазуу менен коом тарабынан адамга коюлган чектөөлөрдүн ашкере көп экендигин айтып каршы болгон. Руссо

бийлик элдин өзүлүрүндө болуу керек, ар бир адам иштөөгө тийиш деп эсептеген.

Руссонун пикири боюнча, тарбиялоодогу эң орчундуу максат-эч кимдин көзүн карабай, өз эмгегинин жемиши менен жашаган, өз эркиндигин баалаган жана аны коргой ала турган адамды тарбиялоо болуп эсептелет. Өз эркиндигин баалай алган адам, эмгекке негизделген башкалардын эркиндигин сыйлоого да үйрөтөт - деп белгилейт [132, 54-б.].

Анын «Эркин тарбиясы» табигый тарбия менен тике байланыштуу болгон. Адамдын табигый укугунун биринчиси - эркиндик, - деген Руссо. Ушул жобого таянып, ал феодалдык тартиптин кысышына, схоластикалык мектептин догматикага негизделген жаттатуусуна, каарду тартибине, уруп жазалоосуна, баланы басынтуусуна каршы чыккан. Ал баланын инсандыгын кадырлоону, анын талабы, суроосу, мүмкүнчүлүгү менен эсептешүүнү талап кылган, андыктан анын тарбияга чакыруусу бүгүнкү күндүн демократиялуулукка тарбиялоо маселеси менен үндөш.

Щвейцариялык педагог И.Г. Песталоцци Руссонун жолун жолдоочулардан болуп, баланын табигый өнүгүшүнө байкоо жүргүзүү, анын инсандыгын кадырлоо жана эркиндик берүү, билим берүүдө мажбурлоону жеңип чыгуу зарыл экендиги жөнүндө ойду жүрөгүнө жакын кабыл алган.

Руссонун дагы бир жактоочусу Герберт Спенсер баланын спонтандык (табигый) өнүгүшүнө чоң ишеним менен караган жана анын өз алдынчалыгын ар тараптуу колдоого үндөгөн. Ал өзүнө мезгилдеш салттуу билим берүүнү катуу сынга алып, андай билим өз алдынча ойломду өлтүрүп жатат, тексттерди курулай жаттоо акылга жана жүрөккө эч нерсе бербей, баланын чыгармачыл активдүүлүгүн жана өз алдынчалыгын басып жатат деп билдирген.

Демократия идеялары америкалык педагог Джон Дьюинин эмгектеринде да кеңири кездешет. Анын оюу боюнча демократия, бул башкаруунун кандайдыр конкреттүү ыкмасы эмес, эксперименттик методду саясий туюнтуу деген. Ал мындай көз карашты айтуу менен ар кандай социалдык структура, ар кандай конкреттүү социалдык институт жалпы идеалдар менен жетектелүүчү

коомдук акыл-эс тарабынан шектенүүгө дуушар болушу мүмкүн. Мындай учурда коомдо кайрадан түзүү мүмкүнчүлүгү ачылып, ал эми ошол эле мезгилде инсандын өзүн-өзү көрсөтүү мүмкүндүгүн кеңейтет, ошондой эле ал катышкан социалдык байланыштардын деңгээлин көбөйтөт деген ойду айткан. Ар кандай табигый түзүлгөн коом анын мүчөлөрү тарабынан бөлүштүрүүчү баалуулуктардын жана максаттардын жыйындысына ээ болот, бирок адамзат коомунун жалпы максаты өзүнүн өнүгүүсүн башкарууда турат деген. Ошондой эле демократия адамдардын ортосундагы айырмачылыктарды жок кылууну болжолдобойт, анткени дал ушул айырмачылык коомдун өнүгүшүн улантуу үчүн зарыл шарттарды камсыз кылат. Ал эми анын өнүгүшү инсандын уникалдуулугу менен өз ара аракетинин натыйжасында гана мүмкүн болот: дал ушул ажырым адамдардын чыгармачылык аракеттери коомдук өсүштөгү жаңы мүмкүнчүлүктөрдү сунуш кылат деген оюн белгилеген [65].

Орус демократ-жазуучулары Н.Г.Чернышевскийдин жана Н.А. Добролюбовдун революциячыл-демократтык педагогикалык ойлору Россияда прогрессивдүү педагогиканы жана мектептерди өнүктүрүүдө чоң таасир тийгизген. Алар Россиянын агартуу иши революциячыл кайра курууну талап кылат деп айтышкан. Кайсы гана өлкөнүн болбосун, агартуу иши качан саясий бийликти эл жеңип алганда гана чыныгы элдик болот деп эсептешкен.

Муну менен алар жаңы адамдын идеалын сунуш кылышып, тарбиянын милдетин жана максатын ошондон чыгарышкан. Алардын пикири боюнча жаңы адам өз Родинасынын чыныгы патриоту болууга тийиш, элге жакын туруп, элдин аң сезимдүү акылдуу талабын жана керектөөсүн ишке ашыруудагы күрөшүгө активдүү катышууга тийиш, ошондой эле туруктуу максаттын болушун жана аны иш жүзүндө ашырууда жолугуучу кыйынчылыктарды туруктуулук менен жеңе билүү керектигин баса белгилеп кетишет [132, 256-б.].

Ал эми орус педагогикасына дүйнөлүк даңк алып келген К.Д. Ушинскийдин педагогикасындагы тарбиялоонун элдиктүүлүк идеясында демократиялык көз караштар кездешет. Анын «Коомдук тарбиялоодогу

элдиктүүлүк жөнүндө» деген макаласында: тарбиялоо дайым таяна турган бир гана жалпы элге таандык тубаса жөндөмдүүлүк болот; аны биз… тарбиялоонун элдиктүүлүгү деп айтабыз…. Элдин өзү тарабынан түзүлгөндүктөн жана элдик башталышка незгизделгендиктен анын күчүндөй күч, абстракциялуу идеяга таянган же башка элдерден кабыл алынган эң мыкты системалар да жок… Ар кандай жандуу тарыхый адилеттүүлүк жер бетиндеги эң сонун жаралыш, тарбиялоону ошол бай жана тунук булактан пайдаланып жүргүзүү керек» [132, 269-б.] - деген ойду айткан.

К.Д. Ушинскийдин орус элине элинин тарбиялоосунун мүнөздү бөтөнчөлүгү, балдарга патриотизмди сиңирүүсү, Родинасын бекем сүйүүгө үйрөтүүсү болуп эсептелет. Элдиктүүлүктүн эң мыкты айтылышы анын ою боюнча эне тил болгондуктан, балдарды окутуунун негизи дагы эне тили коюлууга тийиш деген. Бүт эл жана бүт Ата-Мекен тил менен жашайт, элдин тилинде элдин духу, ою, жаратылышы, үнү, Ата-Мекендин асманы, абасы дегинкисин айтканда, туулуп өскөн жердин, элдин ой-сезими, салт-санаа көрүнүштөрү толук жашайт деп белгилеген [ 171, 90 - б.].

Эми биз демократия кыргыз элинин турмушунда кандайча пайда болуп, тарбия жаатында кандайча жашап келгендигине, ал жөнүндө кандай маалыматтар бар экендигине кайрылып көрөлү.

Канча эл, канча өлкө болсо-демократиянын да ошончо түрлөрү, өзгөчөлүктөрү болот. Бири биринен айырмаланган мамлекеттердин конституциялары, шайлоо мыйзам-жоболору, саясий-бийликтин түзүлүш курамы буга талашсыз далил. Демократия - эл бийлиги болгон соң, ар бир элге өзүнө жараша, анын тарыхына, кулк-мүнөзүнө, руханий-маданий шарттарына ылайык жашап келет.

Ал эми ар бир элдин максаты, түйшүгү-ошол өзүнө гана ылайык, мүнөздүү, пайдалуу демократиянын түрүн тандап, таап алуу. Батыш өлкөлөрүндө демократия өз жолу менен өнүгүп, калыптанып, элге кызмат кылса, Чыгыш өлкөлөрүндө эл бийлиги бөлөкчө түзүлүп, бөлөк жолдор менен элге кызмат кылганы байкалат. Эгерде батыш өлкөлөрүндө хандардын бийлиги

атадан-балага өтүп, бир топ кылым үзүлбөй уланса (Россияда - Рюриковдордун, Романовдордун бийлиги 500 жыл өкүм сүргөн), кыргыздарда эч качан баш бийлик атадан балага өтүп, укум-тукумга энчиленген эмес. Баш бийликтин тагдырын дайыма эл чеччү. Бул демократиянын накта белгиси.

Орто кылымдын окумуштуу-энциклопедиячыл ойчулдары Аль-Фараби, Ибн Сина, Беруни, Жусуп Баласагын, Махмут Кашкари өңдүү ойчулдары мугалим менен окуучулардын мамилесиндеги гумандуулук жана демократиялуулукту талап кылышкан. Алар мугалим окуучуларды кемсинтпей, сый-урмат менен, ага ишенич көрсөтүп мамиле кылуусу зарыл деп эсептешкен. Даанышман окумуштуулардын осуятын урматтаган биздин ата-бабаларыбыз баланын адамдык беделин көтөрө: «Баланын көөнү - пашаанын көөнү» – деп, аны кемсинтпей, кордобой, тең мамиле кылуу менен, «Баш кесмек бар, тил кесмек жок» - а чынында өз оюн айтууга тыюу жок экендигин, баланын сөзүн уга билүү, аны менен эсептешүү керек экендигин, «Сабырдын түбү - сары алтын» - балага чыдамдуу болуу, аны көтөрө билүү, «Улууга урмат – кичүүгө ызат» - кичүүнү да сыйлай билүү - ушундай тарбия гана чыгармачыл ою өнүккөн, билерман, намыскөй, элдин, уруунун, ата тегинин келечегин ойлогон, уятты өлүмдөн катуу көргөн инсандарды калыптандыра алат экендигин белгилешкен.

Ал эми Байыркы Кытай концепциясынан кемкалышпаган «Манас» кыргыз элинин тарыхый жана руханий байлыгы гана эмес, бүгүнкү абалды туюнтуп-түшүнүүгө жана эртеңкисине көз чаптурууга мүмкүнчүлүк берүүчү уулу эпос десек жаңылышпайбыз. Эпосту үңүлө окуп, терең катмарларына катылган сырларын чечмелөө-кыргыздардын тарыхта жана табийгатта ээлеген ордун түшүнүүгө көмөк берет. Чындыгында «Манассыз» кыргыздарды элестеттүү да, билүү да кыйын.

Кыргыз элинин рухий маданиятынын туу чокусу, «күзгүсү» жана турмуш-тиричилиги менен баскынчыларга каршы күрөштөрүнүн көркөм энциклопедиясы болуп эсептелген «Манас» трилогиясынын биринчи бөлүмүндө уруулук коомдун акыркы стадиясы жана таптык коомдун алгачкы

этабы болуп саналган аскер демократиясынын доору чагылдырылган – деп белгилейт Мамытбеков З.Ч. [110, 33-б.].

Түрдүү элдердин өкүлдөрү тарабынан иштелип чыгып, бүт адам баласына таандык болгон мыкты көркөм табылгалардын жалпы казынасына кыргыздар кошкон салымдын көрүнүктүүлөрүнүн бири «Манас» эпосу. Ал ата-бабаларыбыздын урпактарына калтырган ыйык мурасы, элибиздин улуттук сыймыгы. Казактын улуу окумуштуусу Ч.Валиханов «Манасты» «кыргыз турмушунун көркөм энциклопедиясы», кыргыз элинин залкар жазуучусу Ч. Айтматов «Кыргыз рухунун туу чокусу» деп аныкташкан сыяктуу, көптөгөн окумуштуулар анын кеңири мазмунуна, терең идеясына, кол жеткис бийик көркөм деңгээлине бекеринен жогору баа беришкен эмес. Бул боюнча филология илимдеринин доктору Р.З. Кыдырбаева: «Манас» эпосу кыргыз элинин тарыхын гана эмес, анын турмушунун, жашоо-тиричилигинин түрдүү жагын: этникалык курамын, чарбасын, күндөлүк тиричилигин, салт-санаасын, адеп-ахлагын, эстетикалык табиятын, жүрүм-турумунун жол-жобосун, адамдык оң-терс сапаттар жөнүдөгү бааларын, айлана-чөйрөгө, жаратылышка карата мамилесин, көз карашын... кеңири арымда чагылдырган нукура элдик чыгарма» - экендигин белгилейт [100, 8].

Кыргыз тил илиминин калыптанышына жана өнүгүшүнө бараандуу салымын кошкон кыргыз элинин ири окумуштууларынын бири Б.М. Юнусалиевдин пикири боюнча: «Жүздөгөн жылдар бою кыргыздар үчүн бул эпос таалим алуучу роман-китептин, таасирдүү сахнанын жана экрандын, өткөндү эске салуучу тарых китебинин милдетин аткарып келген. Жомокто кең орун алган патриотизмдик идеянын, эл достугу, баатырлык, достук, адилеттүүлүк, чыккынчыларды, эзүүчүлөрдү жек көрүүчүлүк, эл эркиндигин көксөө, эркин махабат сыяктуу жалпы адамзаттык идеялардын качан да болсо тарбиялык мааниси жоголбойт» [112].

Жогорудагыдай пикирлерден кийин «Манас» эпосунда демократиялуу билим-тарбия берүүнүн дагы бардык жагдайлары камтылгандыгын аныктоого болот. Аларды биз төмөндөгүлөр сыяктуу көп мисалдардан көрө алабыз.

«Манас» эпосунун ар эпизодунан элибиздин тоо сууларындай шаркырап, кээде ээ-жаа бербей кеткен эркин духунун, кимдин алдына келсе сыпайгерчилик үчүн башын ийсе да белин бүккүсү, башкалардын алдында инсандык беделин түшүргүсү келбеген, кандай кыйынчылыктар болбосун, атүгүл өлүм алдында жатса да дайыма «жакшы» деп жооп берген бийик рухунун, намыс үчүн оттон, суудан кайра тартпаган кашкөйлүгүнүн илеби сезилип турат.

Кыргыз демократиясынын негизги принциптери «Манас» эпосунан кеңири орун алган. Эзелтеден элибиз маанилүү чоң же кичине маселелерди чечүүдө өз ара түшүнбөстүктөр болбосу үчүн уруу башчылары, кошундун жетекчилери бир бүтүмгө келээрде, калк арасындагы кыраакы адамдар жана жалпы журт менен акылдашып, ар ким өз пикирин айткандан кийин бир чечимге келүү – эпостогу негизги көрүнүштөрдөн. Мында кеңешчилердин тектери, аял, эркектиги эмес, акыл кошконго жөндөмдүүлүктөрү гана эске алынган. Мисалы, Манастын жентек тою, ага ат коюу, кыргыздарды Алтайдан Ала-Тоого көчтүрүү, Акунбешимге каршы жүрүш жасоо, Көкөтөйдүн ашын өткөрүү сыяктуу ж.б. маселелерди айланасындагылар менен акылдашылып, ар кандай карама-каршы сөздөр айтылгандан кийин чечилет. Ал эми элдик кошундун ичиндеги өз ара наараызылыктар, маселен, кошундун айрым бөлүгүнөн «тентиген Кытайды хан көтөрүп салдык, эми бул кимди оңдурат» деп Алмамбетке нараазы болгондору, Алмамбет менен Чубактын, Ырчы уул менен Бозуулдун ортосундагы чатактар, уруу башчыларынын ортосундагы түшүнбөстүктөр ж.б.у.с. дайыма маңдай – тескей отуруп сүйлөшкөндүк бүгүнкү күндүн тили менен айтканда демократиянын жардамы менен чечилген дегендикти билдирет.

Манас Каныкейге үйлөнөөр алдында Алмамбет Манаска анын мурда тандагандары жакшы аялдардан эместиги жөнүндө айтып, үчүнчү жолу үйлөнүүгө кеңеш берет. Башка элдердин салттарында хандарына элдин көзүнчө жогорудагыдай сөздөрдү айтуу өзүнө өлүм жазасын сурап алганга барабар болмок. Бирок, Манастын айкөлдүгү өзүнүн дарегине гана эмес, үй-бүлөсүнө

кандай ачуу сөздөр айтылбасын аны мыйзамченемдүү нерсе катарында кабыл алып, ага терикпестен көтөрүмдүү мамиле кылгандыгынан көрүнөт. Эгерде элдик традициялуу демократияга каршы туруп, жогорудагыдай ачуу сындарга чычаласа же катуу айткандарды кектей турган болсо, анда ал баатыр катары эсептелмек эмес. Демек, кыргыздардын байыртадан келаткан «баатыр» деген түшүнүгү сайышта, чабышта өзгөчөлөнүү гана эмес, көпчүлүктүн ыркына көнүп, кеп көтөрүмдүү, сабырдуу болуу керек дегенди билдирет. Анткени, баштарынан көп нерселерди өткөрүп, дайыма кылычтын мизинде, найзанын учунда жашап келген эл өзүнүн тажрыйбасына ылайык сабырдуу, кечиримдүү болмоюнча эл арасында ынтымакты, биримдикти камсыз кылууга болбой тургандыгын терең түшүнүп жана ага карата жашоо-тиричилигин жүргүзүп келген.

Кыргыздарда эл башкарууда, ички, тышкы иштерди жүргүзүүдө элдин эрки, көпчүлүктүн пикири дайыма биринчи орунга койуу сыяктуу демократиялык салттар жашап келген. Муну биз эпостогу хандарды шайлоо салттарынан көрөбүз. Эпосто хандыкты тартып алып, бийликти жеке кызыкчылыктарына колдонуу көрүнүштөрү жок. Ким хан болуп шайланбасын аны биринчи кезекте түйшүктүү оор милдет, жоопкерчилик катарында кабыл алуу табигый законченемдүү нерсе катары түшүндүрүлөт. Ошондуктан сараңдыгы жагынан атагы чыккан Жакып да хандыкка:

«Карыганда хан бол, -деп,

Калабага салбаңар,

Каралдым турса кашымда,

Карып калган жашымда,

Убалына калбаңар» [113, 55], - деп кыйылып жатып араң макул болот. Ушундай эле себептен Үрбү да хандыктан баш тартат. Мындан биз кыргыз элинде хандык атадан балага өтчү мурас катары эмес, эл ишенимин актай ала турган, жалпы калктын купулуна толгон, анын нарк-мүдөөсүнө жооп берген адамды жалпы демократиялуулуктун негизинде тандоо, же шайлоо болгондугун көрүп турабыз. Манас хандыкты, лидерликти эч качан күч

колдонуп, же куулукка, амал-айлакерликке салып алган эмес. Ал алгач он төрт жашында курдаштарынын талкуусуна коюлуп, 84 баланын ичинен төрөлүккө шайланат. Кийин да чечүүчү мезгилдерде дайыма элдин талкуусуна коюлгандан кийин гана хандыгын ырастап, бийлик ыйгарымын узартып турган. Кыргыздарда хан же кол башчы шайлоодо анын ататеги эмес, талапкердин жекече инсандык касиеттери, сапаттары негизги өзгөчөлүк болуп саналган. Буга мисал катарында Кытайдан ооп келген Алмамбеттин Бакайдын ордуна хан болуп шайланып, чоң казатты жетектөөсүнөн көрсөк болот.

Дагы бир мисал катарында эпосто адамдардын жекече инсандык укуктарын, эркиндиктерин сактап, урматтоо да чоң орунду ээлейт. Эпостун эч жеринде Манастын кошундары тарабынан жеңилгендерди кордоп, кемсинтип, жазалаган учурлар кездешпейт. Тескерисинче, Манас Шооруk ханды жеңип, тартуусуна отуз кыз алганда, ал кыздарга каалаган жигиттерин өздөрү тандап алганга мүмкүнчүлүк берет.

Отодогу отуз кыз
Кыдырата карашып
Кыздар карап тек турду
«Каалагын» -деп, бир-бирин
«Сен каалагын!» [113] – деп, турду.

Текестин кошунун жеңип, жерин ээлегенде Манас аскерлерине жеңилгендердин мал-мүлкүн, дүнүйөлөрүн талаганга катуу тыюу салып, Кытайдын элин чогултуп, өздөрү каалаганын хан шайлап алууларын сунуш кылат.

Көтөрүп туунду байла,- деп
Көпчүлүк каныӊ шайла,- деп
Көк жалыӊ Манас айтты кеп [113].

Манас үчүн тышкы жеңиштерге караганда элдин ички ынтымак, биримдиги, кошундун санына караганда сапаты маанилүү болгон. Ошондуктан ал аскерлердин материалдык мүмкүнчүлктөрүнө, инсандык сапаттарына жараша мамиле жасоого аракеттенген. Чоң казатка аттанып жатып,

жоокерлерине «аты-тонуңар толук эместер, каалабагандарыңар кайткыла» деген өтүнүч менен кайрылат. Анткени, ал чоң казаттан көпчүлүгүнүн кайтып келбесин, аты-тону, ден соолуктары начарлар жолдо эле чыгымга учураарын жакшы түшүнөт. Ошондуктан өз кошунундагыларынын бөөдө жоготууларга учурап, анын айынан эл арасында нааразычылыктар күчөп, биримдикке доо кетишин каалабайт. Ал курал-жарагы, аты-тону шай болуп, өз өмүрүн алдын-ала тобокелге салганга даяр тургандар менен гана жүрүшкө чыга тургандыгын билдирет.

Кайтуучуңар кайтасың,
Кайтабыз деп айтасың.
Калуучулар каласың,
Тобокелге саласың [113], - деп алдыдагы кыйынчылыктарды жашырбай ачык айтып, кайсынысын тандоону инсандын өз эркине калтырат. Мындай адамдардын укуктарын, эркиндиктерин сыйлоо демократиянын барып турган жогорку формасы экендиги баарыга белгилүү. Ушундай айкөлдүктү мындан нечендеген кылымдар мурдагы баяндардан түгүл, цивилизациялуулугу өсүп-өнүгүп, адамдын укуктары, эркиндиктери ашкере даңазалаган XX кылымдагы согуштардын тарыхынан деле табуу кыйын.

«Манас» эпосунда Манастын тегерегинде акылман эрлердин катарында алардан эч кем калышпаган кеменгер аялзаттардын өзүнчө бир галереясы да түзүлгөн. Алардын ичинде айрыкча бөлүнүп тургандары албетте, Алмамбет менен Манастын энелери - Чыйырды менен Алтынай, кудай кошкон жубайлары - Каныкей менен Арууке, кыраан баатыр кыз Сайкал сыяктуу кайталангыс каармандар. Айкөлдүн жан шерик жарынын жайын айтсак, «атадан бетер ар качан, арка болот Каныкей, иниден бетер белсенип, иш бүтүрөт Каныкей». Мындан кыргыз элинде аял-эркектердин ортосундагы укуктук мамилелерге өзгөчө көңүл бурулгандыгын баамдайбыз.

Укуктук жана демократиялык системага өтүп жаткан мезгилде, эгерде Кыргызстанда демократия төмөнтөн, калайык калк турмушунун түпкүрүнөн чыккан элдик бийлик менен колдоого алынбаса, анын боосу бек, түбөлүгү түз

болбой тургандыгын түшүндүк. Бул акыйкат дүйнөлүк тажрыйбадан, өзүбүздүн саясий маданиятыбыздын өзгөчөлүкөрүнөн, дегеле бүтүндөй бүгүнкү жашоо турмуш жагдайынан келип чыгууда. Анткени «элдик педагогиканын башкы касиети - демократиялуулук. Чындыгында, эл, элдүүлүк, демократия - мазмуну бирдей өтмө катыш, түгөй түшүнүктөр»[14,12]. Мына ошондуктан, ата-бабаларыбыз бул маселеге миң жылдар илгери эле кайрылган. Манас элге:

Калайык калың көзмө - көз

Баарың мында турасың

Зордугуң болсо кечип кой

Оолуккан сөзүм бар болсо,

Ордолуу журтум кечип кой» [113, 173 – б.], - деп кайрылып, айкөлдүн элин ушунчалык урматтаары жана бийик тутаарын белгилейт. Муну менен коомдогу элдин орду аныкталат. Бардык иште эл өзү чечим кабыл алат. Элдин ою, элдин пикири ар дайым баркталат. Мындан: «Эпостун бүткүл көркөмдүк түзүлүшү, пафосу эң негизги бир идеяны баштан-аяк улап, өөрчүтүп-өнүктүрүп отурарын, ал эркиндик идеясы, көз каранды эместиктин идеясы» [30] экендигин белгилөөгө болот. Бирок элди туңгуюкта туура жолго салуу үчүн калк арасынан акылмандыгы менен иргелип чыккан, Бакай сыяктуу, эл өзү тандаган көсөмдөрү керек экендигин көрсөтөт.

Илгертен эле биздин ата-бабаларыбыз укук жана адеп нормаларын бузган, турмуштук эрежелерди сактабаган адамдарды жөнгө салып, тарбиялап, керек жерде туура эмес кылыктары үчүн жазага да тартышкан. Бул иш эл тарабынан кабыл алынган аксакалдар кеңеши аркылуу ишке ашкан.

Булар аркылуу «Манас» эпосу кыргыз элинин духунун, рухунун гана күзгүсү, элибиздин көп кылымдык тарыхынын энциклопедиясы гана эмес, ал улуттук демократиялык салттуулуктун, анын эволюциясынын, тарыхынын күзгүсү экендигин баса белгилеп кетүүнү ылайык көрөбүз. Эпостогу элибиздин улуттук демократиясынын чагылдырылышын көркөм дөөлөт катарында гана көрүү эмес, аларды бүгүнкү турмуштун талабына жараша жаштарды

тарбиялоодо тарыхый көрүнүш жана баа жеткис каражат катарында карообуз абзел.

Демек, кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн өнүгүшүндө демократиянын көрүнүшү көчмөндүү турмуш, социалдык-экономикалык жагдай, ички жана сырткы душмандардан коргонуу, калктын биримдигин, эркиндигин сактоо аракеттеринде элге баш боло ала турган кеменгер жана даанышман жол башчынын керек экендигин билдирет.

Буга күбө болуп Курманжан даткандай, Шабдан, Байтик, Чыйбыл ж.б. баатырлардай тарыхый инсандардагы айкөлдүк, жоомарттык, даанышмандык касиеттерди улуттук жана демократиялык идеяларга сугарылган таалим-тарбия системасы гана калыптандыра алат десек жаңылышпайбыз.

Эркиндик, тең укуктуулук урааны кыргыздардын да прогрессивдүү саясий-философиялык өкүлдөрүнүн ой-пикирлеринде да чагылдырылат. Кыргыздардын оозеки чыгармачылыгында элдин, журттун акыйкаттык, теңдик маселелерине арналган көптөгөн ойлор, пикирлер камтылган. Бай-кедейлер, ак-кара, жамандык-жакшылык туурасында заманчылар менен катар эле демократ-акындар да чыгармаларын жаратышкан. Себеби ушул улуу сөздөрдүн чеберлери өздөрүнүн чыгармачылыгы аркылуу ачыктыкты, турмуш чындыгын, реалдуу абалды так, таамай көрсөтө алышкан. Ушул багытта элибизге адабий мурас калтырган ак таңдай акындарыбыздын эң күчтүү өкүлдөрүнө бийлик тарабынан ишмердүүлүгүнө баа берилбей келген заманчы-акындардын катарына Калыгул Бай уулу, Арстанбек Буйлаш уулу, Молдо Кылыч, Жеңижок ж.б. кирет. Булар кыргыздардын санаат-насаатчы акындарынан болгон. Алардын муңайым маанайдагы чыгармаларында кыргыз коомчулугун титиретип турган феодалдык чыр-чатактар, байлардын зомбулугу, карапайым элдин турмушу таасын чагылдырылган.

Андан тышкары бул маселелер кыргыз оюнун тарыхында өздөрүнүн көөнөрбөс мурасын калтырган демократ-акындар Токтогул Сатылганов, Тоголок Молодо, Барпы Алыкулов, Калык Акиевдин чыгармаларында да чоң орун ээлеген. Алар жарды-жалчылардын кызыкчылыгын көздөгөн Совет

бийлигинин орношун зор кубаттоо менен тосуп алышкан. Алардын кийинки чыгармачылыгы эркиндик, теңдикке жетишкен кыргыз элинин бакубат турмушун чагылдырууда өткөн. Бул акындардын ырлары, асыл кенчтер катары алардын өмүр жолдору менен тыгыз байланышта жаралган. Ошондуктан алардын мааниси ого бетер кеңири ачылып, түбөлүктүүлүккө, өчпөстүккө айланган. Төкмө ырчылардын чыгармалары профессионал жазгыч акындардыкына салыштырганда өздөрүнүн өмүр жолуна көбүрөөк байланыштуу болот. Себеби, алар көбүнчө өздөрү көрүп, өздөрү аралашып, өз баштарынан өткөрүп жаткан турмуш чындыгын дароо эле ошол учурда өзүнчө ырдап чыгышат. Чоң таланттуу төкмөлөр өзү аралашкан чындыкты ырдаганда да ошол заманга мүнөздүү көрүнүштөрдү терең жалпылоолордон өткөрүп, чоң философиялык ой толгоолорду айтышат. Ошондой эле өмүр баянына көбүрөөк байланышта ой жүгүртүп, өз баштарынан өткөн чындыктар аркылуу турмушка, дүйнөгө баа берүү төкмө ырчыларга өтө мүнөздүү өзгөчөлүк. Төкмө ырчылардын өмүр баяндарында тиешелүү «ачыктык» жоктон табылган көрүнүш эмес, ал негизинен коомдук турмуштун шартына жараша калыптанган чыгарма жаратуунун өзгөчө бир жагдайларына байланыштуу келип чыккан законченемдүүлүк десек болот. Мисалы, кыргыз элине гана эмес, казак элине да аттын кашкасындай белгилүү ойчул-насаатчылардын эң алгачкыларынын өкүлү Калыгул Бай уулу (1785-1855). Калыгул өзү тектүү жердин тукуму болсо да, жакыны Ормондун казактар менен кагышып, бугу уруусу менен чабышып, өз уруусуна көрсөткөн кордугун: «Ой иним, Ормонум, жеген менен тойбодуң, кой дегенге болбодуң, акыры сен оңбодуң» [31, 34], - деп хандыгына карабай бетине айта ырдаган. Калыгул катарлаш, канатташ жашаган элдерди ар дайым бейкуттукта, бир максатта, бир тилекте бир ата-эненин балдарындай ынтымактуу жашашы үчүн Кокон ордосуна, казактарга элчилике барып, ар кандай талаш-тартыштарды басууга көп аракет кылган.

Эркиндик, тең укуктуулук урааны, элдин, журттун акыйкаттык, теңдик маселелерине арналган көптөгөн ойлорун, пикирлерлерин камтыган дагы бир кыргыздын прогрессивдүү саясий-философиялык өкүлдөрүнүн бири, акын

Арстанбек Буйлаш уулу (1840-1882). Ал өзүнүн кыска өмүрүндө кыргыздын башына түшкөн бир топ мүшкүлдөргө күбө болгон. Кокон хандыгынан элдин эзилгендигин, Бугу-сарбагыш чабыштарын, Кененсарынын элге жасаган чабуулун, падышачылык Россиянын кыргыздарга кылган колониялык саясатынын четин көргөн акын «Тар заман», «Керээз», «Терме», «Санат», «Арман»ж.б. ырларында кыргыз элинин салт-санаасынын, үрп-адатынын, адеп-ахлагынын бузулгандыгына өксүгөн, элди ынтымакка, сабырдуулукка үндөө менен...

Ушул заман тар заман,

Азуулуга бар заман.

Бечарага зар заман [31,25], - деп элдин укуксуздугун, коомдук мамиленин адилетсиздигин көрсөткөн. Ошону менен бирге айлана-чөйрөдөгү кырдаал элдин пейилин бузулушуна алып келгендигин кейип ырдаган.

Сөз берметин шурудай тизген ак таңдай акын, насаатчы Жеңижок (Өтө) Көкө уулу (1860-1918) – элдин эркиндигин эңсеп, коомдогу адилетсиздикти, паракорлукту, ач көздүктү, акыйкатсыздыкты ашкерелеп, жек көрүп ырдаган. Адамдын адеп жагынан туура калыптануусундагы айлана-чөйрөнүн ролун туура түшүнүп, элдин «Ырыс алды ынтымак»- деген накыл сөзүнүн педагогикалык идеясын ачып:

«Жамаатың жакшы болгон соң

Ырыска ыктоо эл болот.

Каршылашып жоо келсе,

Биригип каптай сел болот»[31,45], – деп Кыргыздын башка эл менен болгон байланышындагы мамиле да, жоокерчилик, кырсык болсо да, жокчулук болсо да ошол ынтымак аркылуу чечилерин белгилеп келген. Ал эми ынтымагы жок аймакта, бири-бири менен чабышып, кол чогултуп бири-бирине каршы жамандыктар жасалып, жаматтарда жер талаштар болуп азамат өмүрү кыйылган учурлар өткөн жана бүгүнкү тарыхыбызда маалым.

Коом турмушундагы ар кандай окуяларга, чындык көрүнүштөргө өзүнүн объективдүү баасын берип, чоң социалдык жалпылоолорду көркөм сөз аркылуу

айта билүү деңгээлине жеткен улуу ойчул акын катары Токтогул Сатылгановду белгилөөгө болот (1864-1933). Ал өзүнүн ырларында жалпы эле ырчылардын ошол теңсиздик доорлордогу коомдук-социалдык абалы кандай болуп келгенин ачык элестеттүү менен бирге, ар бир чоң ырчынын тагдыры кандай болуп келгенин ачык элестетүү менен бирге, ар бир ырчынын тагдыры кандай болгонун конкреттүү мисалдар менен далилдеп көрсөткөн. Мисалы, чындыкты айткандыгы үчүн Музооке деген ырчынын манаптар тарабынан набыт болгондугун Токтогул мындайча элестетип ырдаган:

Музооке булбул ырчыны,
Сарбагыш, солто талашкан
Союл тийип башына,
Суу ордуна кан аккан.
Жети күн тилсиз жаткан дейт,
Башындагы жараттан.
Мурунтан бери ырчылар,
Кордук көрдүк манаптан [31,48-б.].

Ырчылык өнөр жеке бир адамдын гана эмес, жалпы элдин кастарлай турган маданий кенчи болгондуктан, анын мазмунун, маңызын элдин мүдөөсү менен ой-санаасы, келечек үмүтү менен күрөш-түзө тургандыгын башкы негиз кылып алууну улуу устат шакирттеринин эсине бекем куят. Ошону менен бирге «Баш кесмек бар, тил кесмек жок» дегендей, кандай кыйынчылык башка түшсө да, чындыкты гана айтуу ырчынын негизги парзы экендигин, калп сөз убактылуу салтанат курса да, түбүндө эл тарабынан жектелип жокко чыгып кала тургандыгын өзгөчө баса белгилөө менен айтат.

Кыргыз элинин залкар акындарынын бири Барпы Алыкулов (1884-1949) кыргыз пейилин таныП, элди алдап, букараны эзип, адеп-ахлагы бузулган текеберликти, куулук шумдукту, ыймансыздыкты айыптап, элибиздин алдыңкы прогрессивдүү ата салтын, үрп-адаттарын даңазалап, эркин болууга үндөгөн ак таңдай насаатчы акын болгон.  Ал байдын таягын жеп, кызматын өтөп,

кошоматчы болуудан баш тартып, мындай акыйкатсыздыкка каршы күрөшүү үчүн күчтүү активдүү топ топтоо зарыл экендигин эзилген жаштарга баян этип:

Бай камчысын көрөтөт,

Жетилген жетим коркпогун.

Өзүңдөй карып көрүнсө,

Айланаңа топтогун [31,60-б.], - деп аларды эркиндик үчүн күрөшкө үндөйт.

Ошондой эле Токтогул акындын шакирти Калык Акиев өзүнүн чыгармачылык методунун башкы принциби катары чындыкты айтып ырдоону алдыга койгон. Албетте, чындыкты айтуу ал учурдагы теңсиздик заманда, бай-манаптар бийлик жүргүзүп турган кырдаалда өтө конкунучтуу болгон. Ошого карабастан, чындыкты бетине айтам деп Калык канча жолу манаптардан кордук көргөн. 1916-жылкы кыргыз элинин улуттук-боштондук кыймылын өз көзү менен көргөн Калык бул тарыхый окуяны да чоң реалисттик дем менен ырдаган. Ал «Зилзала» ырында акын жер титирөө сыяктуу адамдарга келген алааматтын себеби эмнеде деген маселеге өзүнчө ой жүгүртүп:

Ак падыша залимдин

Алымынан кеттиби?

Казы, болуш бийлердин

Салыгынан кеттиби? – деп, падышалык жана жергиликтүү бай-манаптардын кош эзүүсүнүн адам чыдагыс зор абалга алып келиши көтөрүлүштүн чыгышынын башкы себеби болгондугун, элди ырайымсыз кыргандыгы, теңдешсиз кармашта кыргыз элинин жеңилип Кытайга качканын, качкан элдин көргөн азап-тозогун баяндаган.

Бүгүнкү күндө кыргыз эли эгемендүү мамлекет болуп, көз карандысыз эркин саясат жүргүзүп жаткан учурда коомчулуктун чыныгы улуттук тарыхый чындыкты талап кылуусу бул закон ченемдүү нерсе. Ооба, Советтик доордо бардык нерсенин башаты улуу Октябрдан башталды деп, байыркынын баарысын четке кагып, көздөрү өткөн инсандарыбыздын ысымдарын атоодон айбыгып, мурастарын иликтөөдөн баш тартып, оозубузду басып келген элек.

Ал эми Социалисттик идеологиянын бир жактуулугу менен көп улуттуу элдердин географиялык шарты, тилдик, этникалык тамыры тарыхый-социалдык байланыштары ар түркүн экендигине карабастан, аларга бир жактуу талап коюлган, эгерде белгиленген критерийлерге туура келбегени болсо аларды көз жазымда калтырылган. Ошол эле мезгилде кыргыз коомунда адамдын бедел-баркы, укуктары, эркиндиктери тууралуу ойдон алыс болбой, бул маселелер жөнүндө ой жүгүрткөн чыгаандар болгондугун тарых ырастайт.

Ал эми инсандарды тарбиялоодо жалаң гана бүгүнкү күндө Батыш маданияттындагы демократия түшүнүктөрүнө таянбастан кыргыз эл педагогикасындагы прогрессивдүү демократиялуулук баалуулуктарына таянганыбыз абзел.

Мына ошондуктан, бүгүнкү жашообуздагы эң керектүү болгон демократиялуулукка тарбиялоонун башаты мына ушул улуттук маданиятыбыздан башталарын ачык далилдөө зарылчылдыгы бар.

## 1.2. Жаштарды демократиялуулукка тарбиялоодо каада-салттардын педагогикалык мүмкүнчүлүктөрү

Бүгүнкү ааламдашуу талабына ылайык, эгемендүү коомдун бардык адамдарын баалай турган, жаңыча ойлоо мүмкүндүгү жогору, эркин, өз элинин болочогун улай турган жана демократия шартында жашап, иштеп, өзүн-өзү таанутууга жарамдуу инсанды жетиштирүү таалим-тарбиянын башкы милдеттердин бири. Ошондуктан учурдун талабына жараша жаштарды демократиялуулукка тарбиялоодо элдик каада-салттарга кайрылуу маселеси алдыга чыгат.

Элибиздин 2200 жылдан ашык мамлекеттүүлүгүнүн болгондугу, ага шайкеш өз доорунун ой максатын, жалпы өнүгүү багытын, нарк дөөлөттөрүн чагылдырган улуттук идеялардын болгондугу эч айныксыз нерсе. Анткени кайсы гана мамлекет болбосун анын тарыхы, маданияты улуттук акыл, ой-санаасы, келечек мүдөөсү, ошол элдин табигый жашоо чөйрөсү, чарба

жүргүзүү, жашоо тиричилик ыкмалары менен сиңишип, бир бүтүн дүйнө таануусун чагылдырган идеологиялык багыт болмоюн, ал коом, ал өлкө өз алдынча мамлекет боло алмак эмес. Башкача айтканда, ар бир өлкөнүн жараны өз тарыхын, рухий-адептик, эстетикалык, экологиялык, биримдик ж.б. салттары жана тажрыйбалары жөнүндө билмейинче жана ага карата белгилүү бир көз караштa болмоюнча эч кандай мамлекеттүүлүк жана маданияттуулук мүмкүн эместигин бүгүн ар бир адам түшүнсө керек.

Кыргызстан калкынын демократиялык кодексинде «Улуттук тили, каада-салты, үй-бүлөлүк этикасы, тарыхы жана улуттук мамлекеттеги ар бир элдин ыйык дөөлөтү болот. Өзүнүн түптамырын, өз тилин жана үйбүлөлүк каада-салтын билбеген, этностор аралык акыл-эстүү мамилелерди сактабаган эл жаңы замандын демократиялык ыкмаларын кабылдай албайт. Киши өзүнүн Ата-мекенин билүүгө милдеттүү. Тарыхый эстин жоктугу ыймандуулук жагынан бузулуунун себеби жана башаты болушу мүмкүн. Чыгармачыл жана иштиктүү инсан, эреже катары, үй-бүлөдөн башталат» [101], - деп белгиленет.

Бүгүнкү биздин негизги максат ата-бабалар басып өткөн жолду кайрадан карап чыгып, алардын бизге калтырган мурастарын талдап, нечен кылымдарды өзүнө камтыган, күнүмдүк турмушта өнөкөт болгон, бирок кийинки учурда көмүскөдө калып бара жаткан элдик каада-салт, нарк-насил, традициялык адеп-ахлак, башкача айтканда улуттук руханий байлыгыбыздын жоголуп бара жаткан формаларын кайрадан жандандырып өздөштүрүү болуп саналат. Ал эми бүгүнкү XXI кылымдын башында, дүйнөлүк цивилизация жетишкен демократиянын баалуулуктарын канчалык тез өздөштүрсөк, ошончолук ылдамдыкта элдик демократиянын маңыздуу жоболорун жоготуп келебиз. Ырас – цивилизация коомдун өсүп-өнүгүүнүн мыйзам ченемдүү көрүнүшү. Буга умтулуу да мыйзам ченемдүү нерсе. Бирок, жаңы - асмандан түшпөйт, ал – өткөндүн өнүккөн көрүнүшү. Мына ушул багытты көздөп, элибиздин каада-салттарындагы демократиялык идеяларды талдоо менен, келечектин муундарын демократиялуулукка тарбиялоодо болочок мугалимдерди кесиптик

жактан даярдоодо колдонулуучу теориялык-практикалык сунуштарды иштеп чыгуу өтө актуалдуу десек жаңылышпайбыз.

Улуу жазуучу Ф.М. Достоевский төмөнкү осуяттында «Улуттук көрөңгөсүз, элдик аңызсыз эч нерсе өспөйт жана эч кандай мөмө болбойт. Ар кандай мөмө-жемиш өсүш үчүн өзүнүн топурагы, өзүнүн климаты, өзүнүн тарбиясы болуш керек. Бутуңдун алдыңдагы бекем кыртышсыз алдыга ийгиликтүү жылуу мүмкүн эмес» [10]. Чындыгында эле ушундай. Тарыхтын тажрыйбасы көрсөтүп турат. Улуттук көрөңгүдөн, кыртыштан, салттан ажыраган бул - маңкурт-кул, тамырсыз деп эсептелет.

Өткөн тарыхыбызга көз жүгүртсөк, жаш муундарды тарбиялоо үчүн мааниси зор этнопедагогикалык жактан руханий азык болгон элибиздин асыл мурастары бар экендиги белгилүү. Мындай мурастарга тил, улуттук маданият, каада-салттар, үрп-адаттар кирет. Улуттук каада-салттар адам менен бирге жаралып, калыптанып жана анын өмүрүн белгилеген көрүнүшкө айланат. Анткени адам туулгандан өмүрүнүн аягына чейин каада-салттар менен аралашып жүрөт. Философ, адабиятчы Бирлик Солтонбеков “Салттар, үрп-адаттар көз караштын калыптанышына, өсүп-өнүгүшүнө, кубулуштарды кабылдоосуна, туюсуна, түшүнүктүн көлөмүнө, маданий даражасына, деңгээлине түздөн-түз тийешеси бар жана бирден-бир зарыл шарты, инсандын калыптанышынын каражаты”[159], - деп белгилейт.

Азыркы мезгилде окуучуларды демократиялуулукка тарбиялоонун мазмуну концепциялар, тарбиялоонун жалпы максаттары жана коомдук мораль аркылуу аныкталат десек жанылышпайбыз. Алсак, Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана маданият министрлигинин 2002-жылдын 25-мартында №2/5 буйругу менен бекитилген “Кыргыз Республикасында окуучуларды тарбиялоонун концепциясында”, “Кыргыз Республикасында балдардын ден соолугуна, дене бой, интеллектуалдык, психикалык, руханий жана адептик өнүгүүсүнө зыян келтирүүнүн алдын алуу боюнча чаралар жөнүндө” Мыйзамында жана Кыргыз Республикасынын Президентинин “Инсандын руханий адеп-ахлактык өнүгүүсүн жана дене тарбиясын камсыз кылуу

жөнүндө" Жарлыгында (2021), "Кыргыз Респликасынын 2021-2030-жылдарга карата мектеп окуучуларын жана жаштарды тарбиялоо концепциясында" (КББА, 2021) тарбиялоонун башкы максаты катары жаштарды ата мекендик педагогикалык салттар аркылуу калыптандыруу, ошондой эле, жаш муундарга элдик руханий маданияттын мурастарын элдик педагогиканын идеялары, улуттук-тарыхый дөөлөттөрү жана педагогикалык маданияты аркылуу жеткизүү милдеттери белгиленген.

Демек, бул концепцияларда демократиялуулукту калыптандыруу тарбиялоо процессинин фундаменталдык башкы багыттарынын бири катары аныкталат, ал эми демократиялуулукка тарбиялоонун максаты жалпы адамзаттык дөөлөттөр менен катар эле улуттук демократтык-руханий мурастарга да негизделиши керек экендигин белгилейт.

Өткөн мезгилдин чыгаан педагогдору элдик тарбиянын тарыхый тажрыйбаларын изилдеп үйрөнүү педагогика илиминин өнүгүшүнө, анын ичинде демократиялуулукка тарбиялоо системасынын өркүндөп байышына сөзсүз салым кошушкан. Алсак, философ Н.А. Бердяевдин пикиринде: "Адам жарык дүйнөгө келүү менен адамзатка улуттук индивидуалдуулугу менен бир улуттун адамы катары кошулат. Адамзаттын ар бир жеке мүчөсү өзүнчө индивидуалдык-улуттук касиет-сапатты камтып турат, ошондуктан жалпы адамзаттык деп аталган кандайдыр бир абстракттуу, конкреттүү маани-манызынан ажыраган мазмундагы маданиятты түзүү жана балдарды тарбиялоо куру бекер убарачерчилик" [45, 94].

К.Д.Ушинский өзүнүн "Орус тарбиясындагы нравалык элементтер" аттуу макаласында: "Биз таалим-тарбияны ондоп чыгууга кур бекер эле умтулуп жатабыз. Ал орус эли канча кылым жашаган болсо, ошондон бери жашап келе жатат. Ал эл менен бирге жаралып, бирге өсүп, анын тарых таржымалынын дурус жана буруш жактарын түгөл чагылдырып турат. Бул бирин - экинчиси улап, Россиянин жаш муундарды өсүп жаткан кыртыш болуп саналат. Ошол таалим-тарбиянын эреже - талаптарын күчтүү жана чабал жактарын зирек кароо менен, аны кубаттоо жана өркүндөтүү керек", - деп жазган [172, 162-б.].

Тарбиялоодогу улуттук факторду Н.И. Пирогов төмөнкүчө мүнөздөйт: “Биз баарыбыз тарбия аркылуу чыныгы инсан боло алабыз. Тубаса мүнөз жана улуттук менталитетке жараша ар кандай тарбия алабыз. Муну менен дайыма өз өлкөбүздүн жараны болуп калабыз жана ар дайым алган тарбиябыз аркылуу улутубуздун жакшы жактарын көрсөтөбүз” [137, 78-б.].

Орус элинин улуу-гуманист жазуучусу Л.Н.Толстой бала чагынан кыштактын карапайым калкы, үй кызматчылары менен аралашып, алардын адамгерчиликтүү жорук-жосундарын көрүп, айырмалуу каада-салттарына кызыгып, мукамдуу кеп-сөздөрүнө кулак төшөп, алар менен мамыр-жумур чоңойгон. Демек, улуу жазуучунун ачык-айкын демократиялык көз караштары, карапайым элдин руханий дүйнөсүнө болгон кызыгуусу, урмат-ызат сезимдери, ошол бала чагында эле калыптанган [132, 86-б.].

Ал карапайым элдин тарбия маданиятын жогору балоо менен, анын бул багыттагы ой-жоромолдорун жалпы адамзаттык асыл наркка айланган көркөм чыгармаларынан жана балдар окуусуна багышталган “Улуттук алиппе”, “Жаңы алиппе”, “Орус балдары үчүн көркөм окуу” сыяктуу окуу китептеринен көрүүгө болот.

Жыйырманчы кылымдын экинчи жарымында элдик таалим-тарбия тажрыйбаларын жандандыруу актуалдуу маселелерден болуп, анын көч башында Г.Н. Волков “Этнопедагогика – өсүп келе жаткан жаш муундарды тарбиялоо боюнча, калайык-калктын тажрыйбасы, анын педагогикалык көз-караштары, турмуш-тиричиликтин, үй-бүлөнүн, укуктун, уруунун жана элдин педагогикасы жөнүндө илим”, - деп таасын аныктаган [55,86-б.].

Я.И. Ханбиков элдик педагогиканы “Окутуу, тарбиялоонун максатын, милдеттерин, каражаттарын, көндүм, ыкмаларын өз ичине камтыган элдик эмпирикалык билимдердин тутуму”, - деп эсептейт [173,126-б.].

А. Алимбековдун пикиринде: “Элдик педагогика – бул баарынан мурда. Тигил же бул улуттун социалдык турмушунун практикасы, таалим-тарбия жаатындагы предметтүү, жөрөдгөлүү иш-аракеттеринин бөтөнчө системасы. Демек, элдик педагогика тарбиялоо, билим берүү жаатындагы акыл-ойлордун,

ишеним-идеялдардын гана уюткусу эмес, ал баарыдан мурда, ошол идеалдарды калыптандырууга багытталган элдин практикалык, педагогикалык иш-аракеттерин өз ичине камтыган өзгөчө феномен [13, 80-б.].

Ошондой эле, О.В.Хухлаеванын: “Этнопедагогиканын предмети – салттык маданияттарындагы балдарды тарбиялоо тажрыйбалары” деген көрсөтмөсү өзгөчө маанилүү. Изилдөөчүнүн пикири боюнча, бул предмети аркылуу, этнопедагогика, ар кыл маданияттагы балдарды тарбиялоо багытындагы позитивдүү жетишкендиктерди изилдеп, азыркы балдарды турмушка даярдоо багытында, салттык дараметине таянуу керектигин таасын көрсөтөт [175, 80-б.].

Кыргыз элдик таалим-тарбиялоо тажрыйбаларын мектептердин, ЖОЖдордун окуу тарбия процессинде колдонуу боюнча изилдөөлөрдүн натыйжалары А. Алимбеков, Р. Абдраимова, Н.А. Асипова, Т. Уметов, У. Эгембердиев, С. Рыспаев, Ж. Найманбаев, Ч.Т. Осмонова, Р. Сулайманова, С. Иптаров, Т.Н. Умаровдун [12, 13, 14, 15, 16,17, 2, 25, 26, 27, 28, 29, 170, 181, 145, 148, 123, 129, 161, 80, 169] изилдөөлөрүндө иликтенип ачылууда.

Кыргыз элдик педагогикасына арналган эмгектердин арасынын Т. Ормоновдун изилдөөсүндө кыргыз элинин баатырдык эпосу болгон “Манастан” көптөгөн педагогикалык идеяларды талдап, эпостун азыркы мезгилдеги тарбиялык жана билим берүүчүлүк маанисин ачып көрсөтүп, жаш муундарды тарбиялоо үчүн элдик прогрессивдүү салттарды пайдалануунун жолдорун жана формаларын көрсөткөн [127].

Окумуштуу А.Т. Калдыбаева кыргыз эл акындарынын педагогикалык идеяларын жаш муундарды тарбиялоодо колдонуунун илимий-педагогикалык шарттарын аныктаса [83, 84, 85, 86], А.Ж. Муратов көркөм адабий тексттердеги элдик педагогикалык ойлорду окутуу процессинде интерпретациялоонун илимий-методикалык негиздерин караган [121].

Теориялык изилдөөлөр менен катар соңку жылдарда элдик педагогика боюнча илимий жетишкендиктерди жана аларды билим берүү мекемелерине жайылтууга жана пайдаланууга шарт түзгөн, илим менен практиканын

ортосундагы карым-катнашты жандандырган окуу куралдары жазыла баштады. Булардын ичинен Н.А. Асипованын “Заманбап билим берүү парадигмалары” [27], А. Алимбековдун “Кыргыз этнопедагогикасы”, “Кыргыз элинин билим берүү салттары”, “Кыргыз педагогикасы” [12, 13, 16], М.Т. Рахимова менен Т.В. Панкованын “Кыргыз элдик педагогикасы” [144], А.Т. Калдыбаеванын “Элдик акындардын чыгармаларындагы тарбия маселелери” [86], С. Рыспаевдин “Рабаят: Элдик педагогика – балдарга [148], жооптуу редакторлор: Сатыбекова Т.С., Калибекова Д.Т. “Этнопедагогика” [182], - деген эмгектер жарык көрүп, пайдаланылып жатат.

Окуу-усулдук эмгектерден тышкары окурмандардын бүйүрүн кызытуучу А. Акматалиев жыйнап жарыялаган айрым макалалар жана атайын китептер түрүндөгү этнографиялык материалдар [8,9,10,11] атайын илимий өңүттө жазылбаса да, элдик тарбиялоонун тажрыйбалары боюнча өтө бай, мазмундуу маалыматтарды камтыйт.

А.Э. Измайловдун Кыргыз Республикасында жаш муундарды адептүүлүктүн идеясына тарбиялоо тууралуу эмгегинде дисциплиналарды окутуу менен балдарга адептүүлүк сапаттарды калыптандыруу максаты көздөлүп, жыйынтыгында адептик сапаттардын мазмунун негизинен социалдык активдүүлүк, ыймандуулук түзөрү белгиленген [78]. Ал эми социалдык активдүүлүк – бул демократизм.

Окуучуларды тарбиялоодо элдик тарбиялоо тажрыйбаларын колдонуу маселелерин чагылдырган илимий-методикалык эмгектерге жүргүзүлгөн талдоонун натыйжасы бизге элдик педагогиканын жетишкендиктерине таянуу окуучуларды демократиялуулукка тарбиялоону өркүндөтүүнүн эң маанилүү өбөлгөсү болуп эсептелет деген жобону ишеничтүү түрдө сунуштоого мүмкүндүк берет.

Мына ошентип, демократиялуулукка тарбиялоо маселесин иликтеген изилдөөлөргө талдоо жүргүзүүнүн натыйжасында, бүгүнкү күндөгү демократиялуулукка тарбиялоо маселеси жана анын мазмуну **саясий-идеялык, укуктук жана адеп-ахлактык** тарбия иштери менен тыгыз байланышта

экендигин белгилөө менен бирге тарбиялык иштердин көрсөткүчү болуп эсептелет деген тыянакка келдик.

Саясий-идеялык тарбиянын милдети - жаш муундардагы жогорку идеялдуулук менен адептүүлүктүн мыкты сапаттарынын биримдигин камсыз кылуу [43].

Адамдагы **патриоттуулук, интернационалисттик, гумандуулук, демократиялуулук** сыяктуу сезимдердин калыптанышы анын идеялык-социалдык сапаттарын түптөйт.

«**Патриотизм** - бул (гр. patris – мекен, Ата- Журт дегенден) Ата-Журтту жакшы көргөндүк, ага берилгендик, өз иш-аракети менен анын мүдөөсү үчүн кызмат кылууга умтулгандык. Патриотизмдин элементтери туулган жерин, тилин, салтын жакшы көрүү түрүндө байыркы убакта эле пайда болгон» [133, 618-б.].

Патриотизм сезими **интернационализм** менен тыгыз байланышта. Учурда интернационализм сезими дүйнөлүк масштабда ала турган болсок «эл аралык шериктештик, кызматташтык» болсо, ал эми бир эле мамлекеттин ичинде алсак, «улуттар аралык баарлашуу маданияты» [26], - деген маанини берет деген пикирдебиз.

**Гуманизм** адамды сүйүү, сыйлоо, анын инсандык барк-беделине шек келтирбөө деген маанини берери белгилүү.

**Ал эми демократизм** эркиндик, теңдикти, коомдук пикирди, ошондой эле ар кимдин жекече пикирин да сыйлап, коллективди башкарууга активдүү катышууну камсыз кылат.

Андыктан жаштарды демократиялуулукка тарбиялоодо демократиялуулуктун өзөгүн түзүп жана коомду баш аламандыктан сактап турган бул – укуктук тарбиянын мааниси өтө жогору. Укуктук тарбиянын максаты атуулдарда укуктук жогорку маданиятты калыптандыруу болуп эсептелет. Өз укуктарын жана милдеттерин билүү, аларды сактоо жана коргоо жөндөмдүүлүгүнө ээ болуу, адамдын мамлекеттик, коомдук түзүлүштөгү орду жөнүндө так маалыматта болуу, адам менен мамлекеттин өз ара

жоопкерчиликтерин түшүнүү, өздөрүнүн мыйзамдуу укуктарын оң пайдалана билүү, аларды коргоо механизмдерин билүү – мына ушулардын бардыгы азыркы мезгилдеги ар бир адамдын укуктук маданиятын мүнөздөөчү белгилерден болуп эсептелет.

Өнүккөн коомдо жеке демилгечиликти жана башка адамдардын эркинен көз каранды эместиги талап кылган айрым укуктарды небактан бери эле эркиндик деп атоо кабыл алынган. Адатта ага сөз, чогулуш, басма сөз, динге ишенүү, же ишенбөө эркиндиктерин кошуп жүрүшөт. Укуктарды жана эркиндиктерди мындайча ажыратуу көбүнчө шарттуу мүнөзгө ээ. Анткени ар бир укук кандайдыр талапты койуу менен эркиндиктин болушун божомолдойт. Ал эми ар бир эркиндик (конституциялык мааниде алынганда) эркин ой-жүгүртүү жана аракеттенүү укугу болуп саналат. Алсак, мисалы, динге ишенүү эркиндиги – ар кандай динди тутуу же эч кандай динди тутпоо укугу - бул ар бир адамдын өз эрки, ошондой эле инсандын сөз эркиндиги – өз пикирин ачык айтуу укугу ж.б. Демек, «укук» жана «эркиндик» түшнүктөрүн ажыратып билүү, демократиялуулуктун эң негизги белгилеринен жана мурда калыптанып калган салтты сактоо дегендикти билдирет. Бул түшүнүктөр бирин бири өз ара чектеп жана тактап турушат.

Инсанга белгилүү укуктарды жана эркиндиктерди берүү менен коом, анын адамдык кадырына, жынысына, жашына, улутуна, түсүнө ж.б. карабастан анын сөзсүз баалуулугун, инсандын парасатын тааныгандай болушу керек. Эч кандай жогорку мамлекеттик органдар – адамдын кадырын кемсинтпөөгө, аны максатка жетүүнүн каражаты кылууга, анын укуктарын курмандыкка чалууга тийиш эмес.

Ал эми укуктук тарбиянын мааниси укуктук демократиялык коомдо адамдын жүрүш-туруштун идеалы болгон жалпы адамзаттык укуктук жана адептик нормаларды активдүү жана аң сезимдүү аткарууга негизделет.

Биздин күндөлүк жашообуздагы укуктук нормалар, катары төмөнкүлөргө токтолсо болот:

- законго баш ийүү, өз укуктары жана эркиндиктери, милдеттери жана жоопкерчиликтерин терең түшүнүү, аял менен эркектин укугунун бирдейлиги;

- эмгектенүү, үнөмдөө, сарамжалдуулук;

-экологиялык маданияттуулук - курчап турган чөйрөнү коргоо;

-саясий маданияттуулук же саясий моралдык сапаттар:

а) маданиятка умтулуучулук жана активдүүлүк;

б) жоопкерчилик, уюшкандык жана ireттүүлүк;

в) чынчылдык жана тартиптүүлүк;

г) башка адамдарга жана коомдук мүлкө карата саясий тазалык;

д) өзүнө жана башкаларга карата сынчылдык мамиле, өзүнүн кемчиликтерин жана каталарын оңдоого болгон жөндөмдүүлүк;

е) жосунсуз сапаттардан алыс болуу: кылмышкердик (уурулук, талап-тоноочулук, зордуктоо, зомбулук, көз боёмочулук, адам өлтүрүү ж.б.), аракечтик, наркомания, проституция ж.б.

Кайсы гана укуктук нормалар болбосун алар ошол коомдогу акыйкаттык жөнүндөгү түшүнүккө негизделет. Андай нормалар мамлекеттин, коомдун же жекече бирөөнүн кызыкчылыгына тийгизген зыяны үчүн адам жоопкер экендигин белгилейт. Ал нормаларды ар бир атуул сактоого милдеттүү. Аларды бузгандарды жазалап тартипке чакыра турган мамлекеттик органдар бар. Мыйзам нормаларын атуулдардын көбү ошол органдардан корккондугунан бузууга батына албайт. Ал эми адеп нормаларын адамдар өз уяты менен эле сакташат. Адеп нормаларынын сакталуусун көзөмөлгө ала турган күч бул - коомдук пикир жана элдин назары. «Уят-бир уруу журт» - деп кыргыз эли уят маселесине келгенде коомчулуктун пикирин эң жогору койгондугун билебиз. Адеп нормалары менен мыйзам нормалары өтө жакын, алардын түпкү маңыз–мааниси бирдей. Мыйзамдын нормаларын деле адепсиз адамдар бузат. Кичинекей адепсиздиктен жүрө-жүрө чоң кылмышкерлик, укуктук нормалардын бузулушу пайда болот.

Андыктан, жаштар арасында атайын укуктаану сабактарын жүргүзүү бүгүнкү күндүн талабы. Өзгөчө адам укугу, бала укугу, студенттер укугу жана

милдеттери жөнүндөгү маалыматтардан толук кабардар болуусу алардын кийинки келечегиндеги укуктук аң сезиминин калыптанышына жакшы шарт түзөт. Аталган укуктардын ичинен студенттердин керт башына тиешелүүлөрүнөн болуп эсептелген, мисалы, билим алуу укугу, билим алуудагы тил эркиндиги жана коомдун мүчөсү катары башка укуктарды пайдалана билүү ж.б. жолдору жөнүндө атайын таалим-тарбиялык иш чаралардын жүргүзүлүшү абзел. Мындан тышкары укуктаану сабактардын жалпы эле өлкөнүн атуулдарынын Конституциялык укуктары, милдеттери, конкреттүү укуктук эрежелер, мыйзамдар менен тааныштыруу, аларды күнүмдүк иш аракеттерде пайдалануу жолдорун аныктоо жана алар жөнүндөгү билим менен камсыз кылуу максатындагы сабактарды жана сабактан тышкаркы иштерди алып баруу демократиялуулукка багытталган тарбиянын иштиктүү жолдорунан болуп саналат. Кээ бир учурларда таалим-тарбияга тийиштүү проблемалар боюнча атайын иштерди адистер жана эксперттердин жардамы менен жасалганы кыйла натыйжалуу болот. Алардын ичинде милиция кызматкерлери, жергиликтүү бизнестин, мамлекеттик эмес уюмдардын, жергиликтүү бийликтердин өкүлдөрү, саламаттык сактоо жана юстиция кызматкерлери болушу мүмкүн.

Ошондой эле тарбиялык иштерде адам укугун бузган учурлардагы укук органдары тарабынан колдонула турган жазалар, укук бузган адамдардын тагдырлары, алардын үй-бүлөөсүнүн, туугандарынын, айлана-чөйрөсүндөгүлөрдүн тарткан азабы ж.б. жөнүндө далилдүү фактылар аркылуу студенттердин аң сезимине терең таасир тийгизүүгө болот. Укуктук тарбиянын мааниси укук жана демократиялык коомдо адамдын жүрүш-туруштун идеалы болгон жалпы адамзаттык укукту активдүү жана аны аң сезимдүү билүүгө жана аткарууга негизделет.

Демократиялуулуктун адеп-ахлактык негизи атуулдун коомдогу жана жеке турмушундагы бири-бирине, үй-бүлөсүнө, туугандарына, эли жерине, иштеген ишине, айлана-чөйрөсүндөгүлөргө болгон жоопкерчиликтүү, адептүү (калп айтпоо, ушак сүйлөбөө, жамандабоо, ач көз, сараңдыктан алыс болуу,

башка бирөөнү кордобоо) жана адилет болуу мамилелери кирет. Келечек муундарын адеп-ахлак тарбиясы аркылуу эл кызматына жараган элдик уулду, коомдук милдеттерди аткарган, Ата-Мекенди сүйгөн, коргогон, адилет эмгек кылган азаматты тарбияласак, демократиялык тарбиянын эң негизги милдеттерин аткарган болобуз. Ошол эле мезгилде адеп-ахлактыктын көрсөткүчтөрү болгон ыймандуулук, акыйкаттык, калыстык, намыскөйлүк, уяттуулук, сабырдуулук, көтөрүмдүүлүк, кечиримдүүлүк сапаттарын калыптандыруу менен студенттердин бири-бирине болгон мамилесине түздөн түз таасир тийгизген болоор элек.

Демократиялуулук коомдук – саясий тарбия менен, башкача айтканда атуулдун мамлекеттин коомдук жана саясий турмушуна активдүү катышып, үн кошуп, саясий аң-сезимин кеңейтүүсү, жана ар кандай маселелерди чечүүдө коомдук-саясий активдүүлүгүн көрсөтө билүүсү менен чектеш турат.

Биз жогоруда демократиялуулукка тарбиялоонун маани-маңызын ачууга, анын мазмунуна камтылган өзгөчөлүктөрүнө иликтөө жүргүзүүгө аракет жасап, укуктук тарбиялоо, коомдук-саясий жана адептик тарбиялоо менен тыгыз биримдикте жүргүзүлгөндө гана өз максатына жете тургандыгын белгилеп, жаштарга тарбия берүүнүн бул аспектисинин бүгүнкү күндөгү маанисинин өтө орчундуу экендигине байкоо салдык.

Демек, **демократия** - ар бир адам үчүн өзүнө тийешелүү болгон коомдогу укуктарын, экономикалык жана социалдык мүмкүнчүлүктөрүн, мыйзам алдындагы тең укуктуулугун, жашоо эркиндигин, сөз эркиндигин ж.б. социалдык маанидеги мүмкүнчүлүктөрүн аныктоо менен чектелет десек болот.

Ал эми **демократиялуулук** - ар бир адам үчүн өзүнө тийешелүү болгон коомдогу укуктарын, экономикалык жана социалдык мүмкүнчүлүктөрүн, мыйзам алдындагы тең укуктуулугун, жашоо эркиндигин, сөз эркиндигин ж.б. социалдык маанидеги мүмкүнчүлүктөрүн аныктоо менен, коомдо ар бир муун демократиянын ишин кайра аткарышы, мурдагы принциптерди жаңы доорго жараша өзгөртүүсү менен коомдук практикалык маанисине ылайык колдонуусу. Мына ушул ойлордун негизинде бүгүнкү күндөгү

демократиялуулукка тарбиялоого төмөнкүдөй аныктама берүү ылайык: **Демократиялуулукка тарбиялоо** – улуттук идеяга негизделген, патриоттуулукту жана өз Ата-Мекенин коргоого даяр турууну башкы көрсөткүч катары кабыл алган, адамдар арасындагы тең укуктуулук, карым-катнаш маданиятын, адамгерчиликти, эркиндикти, адептүүлүктү жана укуктук аң-сезимди, ар кандай жолдорду тандоо мүмкүнчүлүгүн калыптандырууга багытталган бирдиктүү таалим-тарбия иштерин өз ичине камтыган бүтүмдүү педагогикалык процесс деп кабыл алууга болот.

Бул ыңгайдан алганда кыргыз элдик каада-салттар демократиялуулукка тарбиялоо идеяларын иликтөө зарылдыгы келип чыгат. Ушундан улам кыргыз элинин демократиялык жактан тарбиялоо жаатындагы илимдерди, тажрыйбаларды каада-салттар алкагында изилденип талдоого аракеттендик.

Кыргыз элинин демократиялык каада-салттары жөнүндө сөз баштоодон мурун, каада-салт эмне деген суроого жооп издесек. «Салт-жетишерлик туруктуу, муундан муунга өткөн, коомдук пикир менен корголгон улуттук, элдик, этникалык топтук; коомдук акыл-эске жана психологияга таандык тарбиялык мааниге ээ феномен» [8].

Ал эми окумушуу И.Г. Гердер «каада-салт тил менен маданияттын энеси» деп белгилесе, А.К. Кон «Салт дегенибиз үрп-адаттардын улуттагы өсүп жетилген ар түрдүү формасы» [8], - деп баяндайт.

Улуттук таалим тарбиядан туруктуу орун алган «адат» арабдын «адат» (туруктуу, орун алган) деген сөзүнөн алынып, ал элдин социалдык психологиялык, маданиятуулук, дүйнө таанымдык жагдайына байланыштуу калыптанган жалпы көрүнүш деп дагы белгиленет.

Кыргыз тилинин түшүндүрмө сөздүгүндө «Адат-жалпы көпчүлүк үчүн өнөкөт болуп калган адат, жүрүш-туруш тартиби» деп жазылат, ал эми экинчи түшүнүк «үйрөнүп калган көндүм, өнөкөт, көнүмүш» [8], - деп аталат. Элибиз «Үйрөнгөн адат калабы» дегендей өнөкөт, көнүмүш болуп, ыкка айланып калган улуттук тиричиликтеги жүрүм-турум эрежелери, көрүнүшү. Ал эми «Каада-коомдук көрүнүштөгү жалпы элдик мүнөздөгү адат». Улуттук каада-

салттын ички мазмунуна токтолсок, эки сөз кошулуп айтылганы менен ар кайсынысынын өзүнчө мааниси бар экенин билүү, ар бир түшүнүктүн өзүнчө аткарган функциясын түшүнүү керек. Биздин оюбузча, каада бүт элге, адат жеке адамга карата айтылат.

Каада-бул салттардын, үрп-адаттардын компоненти. Ар кандай салттар, үрп-адаттар, диний ырым-жырымдар ата-бабалардан бери келе жаткан турмуш-тиричиликке, күндөлүк жашоо турмушунда колдонулуп келе жаткан тартиптердин системасы. Алсак, меймандостук кыргыз элинин орчундуу салттарынан болуп саналат. Ал эми мейман күтүүдө, кыз берүүдө, куда сөөк болууда ар түрдүү каадалар колдонулат. Мисалы, конок каадасы, кыз каадасы, куда каадасы сыяктуу сый, урмат көрсөтүүнүн нормаларын каада деп түшүнсөк болот.

Ошентсе да, каада-салт өзгөрүлбөй турган нерсе эмес, элдин экономикасынын, маданиятынын өнүгүүсү менен бирге, ал да өнүгүп, кээде жаңыланып, кээде унута кала берет.

Болочок мугалимдерди кесиптик жактан даярдоодо окуучуларды демократиялуулукка тарбиялоодо элдин калыптанган тарыхый эрежелерин билдирүү менен улуттук каада-салттардын турмушта ала турган ордун, тарбиялык маанисин, мазмунун түшүндүрүү али да болсо тактоону, аныктоону талап кылат.

Бүгүнкү күндө улуттун салттуулугун сактоо маселесине коомдун идеологиясынын бир чоң салаасы катары кароонун зарылдыгы бар. Медалдын эки жагы бар экендиги баарыбызга түшүнүктүү. Ар бир процесстин жарык жана көлөкө жактары болот. Эгерде, чет өлкөлөр менен активдүү алака-катыш, интеграциялык процесстер улуттун түпкү кызыкчылыктарынын ыңгайынан акыл-эстүүлүк менен жөнгө салынып турбаса, жаңыдан өнүгүп жаткан өлкөлөр, өзүнүн өз алдынча маданий жүзүн жоготуп коюшу толук ыктымал. Мына ошондуктан азыркы дүйнөлүк турмуштун ааламдашуу шарттарында Манас атабыздын “Кулаалы таптап куш кылган, курама жыйып журт кылган” калайык

калкынын улуттук жүзүн сактоо, элдин салттуулугун чыңдоо, улуттук нигилизмге каршы бөгөт коюу орчундуу маселелердин бири.

Кыргыз элинин нечен кылымдык тарыхый өнүгүүсүндө, социалдык жана рухий–адептик турмушунда да каада-салттар тарбиялоонун элдик каражаты катарында өзгөчө маанилүү ролду ойноп келет. Баарынан мурда, рухий-адептик дөөлөттөрдү туюнтуунун моралдык каражаты катары кызмат өтөө менен бирге жаш жеткинчектердин социалдык-маанилүү демократиялык сапаттарын калыптандыруу максатында колдонууга болот.

Дүйнөнүн байыркы көчмөн элдеринин биринин мураскору катары кыргыздарда жамааттагы жана үй бүлөдөгү жүрүмтурумдун жалпы улуттук каада-салттардын идеясын дайым биримдүүлук, ынтымак, акыл, арнамыс, абийир, бедел, укук, көзкарандысыздык, эркиндик, теңдик, сабырдуулук түзүп келген. Көчмөн маданияттында биримдүүлүк, ынтымак, эл журттун ажырагыс бүтүндүгүн камсыз кылган, анткени өз ара биримдүүлүк, ынтымак тышкы душмандарга каршы туруп, өз эл жерин баскынчылардан, күтүлбөй келген жоодон, кырсыктардан сактоого эң маанилүү болгон. Көчмөндүк жашоо өзү балдарды демократиялык баалуулуктарга тарбиялоонун нукура мектеби десек жаңылышпайбыз. Буга “Алтын жерден чыгат, баатыр элден чыгат”, “Эстүү киши элим дейт, Эл жактаган жеңилбейт”, “Эл болбосо, эр болбойт”, “Эл ичи – алтын бешик”, “Казына казына эмес, эл-казына” деген накыл кептер далил.

Ошондой эле, гуманизм, айкөлдүк, кечиримдүүлүк башка маданияттар менен жанаша жашап өнүгүүгө, ошондой эле өз улуттук кызыкчылыктарды коргоп келген. Мындан алардагы башка улуттардын өкүлдөрүн сыйлоо мамилесин, башка адамдарга карата сый, адамгерчилик мамилесин көрөбүз. «Сыйга сый, сыр аякка бал», «Бирөөнүн тоогун жесең, каз байла», «Бир жолу суу ичкен кудугуңа, миң жолу салам бер» ж.б.). Кечиримдүү болуу – бул Ата-бабадан келе жаткан адептин бири десек жаңылышпайбыз. Кыргыз журту кечиримдүүлүгү менен да айырмаланган эл болгон. Тиричиликтин оош-кыйыш жагдайларында ар кандай ич ара кермуш айтышуулар, бири-бирине күтүүсүз нааразычылыктар, жүз карашпай кетүүлөрдөн улам: «Атаңды өлтүргөнгө,

энеңди алып бер», «Алдыңа келсе, атаңдын кунун кеч», «Кекти капырга жараткан». Бул сөздөрдүн мааниси атаңды өлтүргөндөн корк, башыңды ийип багынып, жалынып энеңди алып бер дегендик эмес. Ата да, эне да эч нерсеге теңдеши жок, баа жеткис ыйык нерсе. Ал эми ынтымак алардан да жогору экендигин билдирет. Ынтымак үчүн бардыгынан кеч, андан кымбат эч нерсе жок дегенди түшүндүрөт. Бул сапаттар улуу муундардын бийик даанышмандыгынан, тунук адамгерчилигинен кабар берет.

Кыргызда укук эрежелерин бузуудагы колдонулган жазадан дагы бирөөнүн каргышына калуудан катуу корккон. Бирөөнүн көңүлүн кирдетип, анын каргышына калуу кыргыз үчүн сабап жазалоо, кун, айып төлөө, таш баранга алуу сыяктуу ырайымсыз жазалардан да күчтүү болгон. Демек, кыргыздар сөзгө чоң маани беришкен. Бекеринен элибизде «Буттан чалынган турат, оoздон чалынган турбайт» деп айтылган эмес. Ошондой эле кыргыздын салтында «ырчы менен элчиге өлүм жок» деп айтылган. Ырасында эле элден чыккан акындар тарабынан замандын оордугу, теңсиздиги, бай-манаптардын кара санатайлыгы ашкереленип ырдалышы көпчүлүк учурда жазага алынган эмес. Демек, бизде сөз эркиндиги жашап келген деген тыянак чыгарууга да болот.

Кыргыз элине мүнөздүү демократиянын элементтерин калк ичинде кеңири тараган  бата алуу, бата берүү көрүнүшү менен байланыштуу. Муну тарбиялык мааниси бата сурап жаткан кишинин тегине, байлыгына жана башка социалдык абалына карабастан, ал адамдан элдин колдоосуна, батасына муктаж экендигин биринчи орунга койкондугунда болуп жатат. Улуулардан бата алуу ар бир кыргыз адамы үчүн зор белек, чоң жетишкендик болгон. Ал эми тарбия жаатында өсүп келе жаткан жаш муунга бата берүү салты сөзсүз түрдө өнүгүүнүн улам жогорураак баскычына өтүүгө даярдоочу сапаттарды, касиеттерди калыптандыруу максатына шайкеш келген. Мисалы, тушоо кесүү тоюнда берилчү карыялардын батасында: «Жаманга жанашпа, элиңден адашпа. Жетиңде алкынган бууданга мин. Мал күзөтүп кырда жүргүн. Тогузуңда тойго аттан. Он эки мүчөлүү, оолугуп бала жигит болоор кезиң. Эр жетип кыйыр

сактап, журт багаар кезиң. Ошону билгин» -деп бата беришкен. Ошондуктан бул салт турмуштун эң маанилүү кырдаалдарынан майда-барат нерселерине чейин сакталган. Мисалы, казатка аттанарда, бир чоң ишти баштаарда, келин алууда жарандар сөзсүз түрдө улуулардан бата алышкан. Андан сырткары бата алуу салты улууларга колго суу куюу, тамакка бата кылуу ж.б. жөрөлгөлөр менен коштолгон. Кыргыздардын байыртан бүгүнкү күнгө чейин туруктуу ишенимдердин бири – адамдын нарктуулугунун өнүгүшүнө батанын таасирине өзгөчө маани берүү салты жакшы сакталып келет.

Демократизмдин бирден бир көрсөткүчү болуп ар бир адамга бирдей мамиле жасоо жана тең уктуулукту сактоо эсептелет. Бул өңүттөн алганда кыргыз элинде башка Орто Азия калктарынан айырмалаган аялдарга карата сый, урмат, алар менен эсептешүү менен коштолуп, эч качан чүмбөттөлүп бетин жабуу, аялсың деп кордоо сыяктуу көрүнүштөрдөн алыс болгон. Тэтирисинче, кыргыз аялы эркектер сыяктуу атка минип, керек болгон учурда колуна курал алып элин, жерин коргоого катышкан. Буга кыргыз элинин оозеки чыгармалары жана эски тарых күбө.

Аял затына карата тең укуктуулук көрүнүшү кыргыз элинин кичи эпосторунун ичинен драматикалуулугу менен айырмаланган “Жаңыл мырза” дастанан көрүүгө болот. Эпостун каарманы Жаңыл кыз башы менен элин, жерин калмактардан коргоо үчүн кол жыйнап, колуна жарак алып, артына жигиттерди ээрчитип майданган бет алат. Ал тургай өзү жактырып жүргөн башка элдин баатыры Түлкү баатырды эли, жери үчүн өз сүйүүсүн курмандыкка чалып, өлтүрүүгө барат. Бул көрүнүш кыргыз элине мүнөздүү баатырдыкты, билермандыкты, көсөмдүктү аялга же эрекекке таандык деп айырмалабастан жогору койгон демократиялуулук деп кабыл алсак болот.

Ушундай демократиялуулук Манастын жубайы Каныкейди журт энеси катары кабыл алгандыгы, кыйын кезеңде Манастын кеңешчиси боло алгандыгы белгилүү. Аял затына карата демократиялуу мамиле кыргыз элиндеги кыз баланы тарбиялоо, ага карата сый мамиле ата-бабалардын салтында сакталган. Кыз бала - баары бир башка бирөөнүн бүлөсү, ошондуктан, аларга карата назик

сезимде болуу, бапестөө, барктоо өңдүү камкордуктарга бөлөнгөн. «Кыздын кырк чачы улуу» - деп кыргыздарда кыз балдарды өтө сыйлаган. Тестиер чагынан колдон келсе, тезек тердирбеген, отун алдырбаган, чий-куурай ордурбаган. «Кыздын көзү кызылда» - деп кооз кийим-кечектерди оболу кызга ыроологон. Кыздын улуу устуканы-малдын төшү болгон. Күмүштөн ат жабдык токулган, жорго мингизген. Кундуз тебетей кийгизген. Мунун баары кыз баланы аздектеп чоңойтуу, дегеле аял затынын кийинки турмуштагы оор түйшүгүн жеңилдетүү сыяктуу ой-толгоолор менен коштолгон. Аял затына болгон ушундай демократиялуу мамиле кыргыз элинен эркектерден кем калышпаган баатырлардын эл башчылардын жаралышына өбөлгө түзгөн десек болот. Ошондуктан элдик чыгармалардагы, дастандардагы Кыз Сайкал, Каныкей, Айчүрөк, Акыл Карачач, Айганыш, Кенжеке, Жаңыл Мырзанын даанышмандыгы, калыстыгы, тапкычтыгы, айлакерлиги, кыргыз коомчулугундагы аялзатынын таасирин, ээлеген ордун айкын көргөзүп турат. Мунун айдан ачык үлгүсү катары Алай ханышасы Курманжан датканын коомдук ишмердиги, дүйнө таанусу, меймандостугу, кара кылды как жарган калыстыгы, аялзатына тиешелүү улуу касиети, үй-бүлөөсүнө жасаган энелик мээрмандыгы, калкына жасаган кайрымдуулугу, эркектен ашкан кайратуулугу (даргага асылып жаткан баласына “өлүмгө тик кара” деп айтып бастырып кетүүсү) жөнүндө баяндар, кыргыз аялдарынын эли, жери үчүн бардыгына даяр экендигин билдирип турат. Кыз баланы ушундай демократиялуу шартта тарбиялоо постсоветтик мейкиндикте биринчи аял-президенттин Р. Отунбаеванын келишине социалдык-педагогикалык өбөлгө түзгөн.

Ошондой эле, элдин эзелтен калыптанган акыл нускасын эсине сактаган, ыймандуу, санжыралуу, нарктуу карыяларды калайык калк тирүү казына катары кабылдап, «Карысы бардын ырысы бар», «Кары-үйдүн куту», «Карынын сөзүн капка сал», «Өрнөктүү карыя жок жерде, өнөрлүү жаш да жок», «Узунсуз кыска болбойт, улуусуз нуска болбойт»-деп айтылып келет элибизде. Чындыгында, элдеги адеп нарктын, каада-салттардын сакталышы,

муундарга мурасталып өсүп-өнүгүшү карыялардын өмүр үлгүсү, өрнөгү менен тыгыз байланыштуу.

Кыргыздарда уруу аксакалдарын шайлоо жана уруулардын сот адилеттигин жүргүзүшү, адамдардын кылган ишине укуктук жактан баа берүү, жамааттын аскердик уюмдашуусу, милдеттүү түрдөгү аткаруу тартиби- демократиялык мамлекеттүүлүктүн эзелки үлгүлөрү болгон. Муну менен биз Кыргыз жергесинде демократия илгертен бери эле чечүүчү мааниге ээ болуп келген деген ойду айткыбыз келет, анткени, өз жерин коргоо, башкоштуруучу курултайларды өткөрүү, дипломатиялык миссияларды дайындоо, түшүм жыйноо, мал кыштатууну уюштуруу сыяктуу жалпы улуттук тагдыр чечээр маселелерди чечүүдө жеке бир кишинин үстөмдүгүнө жол берилген эмес. “Кеңешип кескен бармак оорубайт”, “Ийри олтуруп, түз сүйлөшөлү”, колго салуу (азыркы маанисин добуш берүү) кыргыз элинин эзелтеден келе жаткан салттарынан болуп эсептелет.

Ошондой эле дагы элибиздин «Баш кесмек бар, тил кесмек жок» деген баба сөзү, ар бир адамдын өз оюн айтууга тыюу жок экендигин белгилейт. Элибиздин ой-санаасында адам эркиндигин бийиктигин түшүндүргөн, далилдеген, шарттаган ушул сыяктуу мазмундагы ой пикирлер элдик оозеки чыгармаларда көп кездешет.

Адамды өз мекениндеги укугу, эркиндиги бөтөн жерде бүгүнкү заманда да эч бир өлкөдө камсыз кылынбайт десек жаңылышпайбыз. Буга мисал катары «Бирөөнүн жеринде султан болгончо, өз жеринде ултан бол» деген улуу сөздү айткан экен ата-бабаларыбыз. «Бөтөн жерге барганда, пил коендон да мусаапыр» дейт дагы бир макал. Демек, адам укугу биздин терең ишеничибизди, азыркы учурдагы улуттук мүдөөбүздү чагылдырган адамзат дүйнөсү деңгээлиндеги жалпы байлык. Дагы уланта келсек «Ырыс алды – ынтымак» дейт элибизде. Ынтымак кыргыз улутунун менталитетин чагылдырып турган өзгөчө бир артыкчылык десек жаңылышпайбыз. Ошондой улуу ынтымакта – демократия жатат. Ынтымактуу айылда, ынтымактуу тууганадарда, ынтымактуу коомдо эч кандай укук бузу, жеп- ичүү, туура эмес

мамиле болбойт. Ынтымак өзү устав да, мыйзам да, документ да болуп жүргөн учурлар азыркы жашоо тиричилигибизде кеңири тараган көрүнүш. Элдин, журттун ынтымагын ошол ынтымактын башында турган лидеринин мыктылыгына, калыстыгына, даанышмандыгы менен кыраакылыгына жана адилеттүүлүгүнө түздөн-түз байланыштуу. Кыргыздын башка эл менен болгон байланышында, жоокерчиликте, кырсык болсо да, жокчулук болсо да ошол ынтымак жеңип келген. Ал эми ынтымагы жок аймакта, бири-бири менен чабышып, кол чогултуп бири-бирине каршы жамандыктар жасалып, шайлоолордо орун талаш, жаматтарда жер талаштар болуп азамат өмүрү кыйылган учурлар өткөн жана бүгүнкү тарыхыбызда маалым.

Ошентип, жогоруда белгиленгендердин бардыгы жаштарды демократиялуулукка тарбиялоодо кыргыз элинин каада-салттарындагы педагогикалык мүмкүнчүлүктөрдүн арбын экендигинен кабар берет. Муну өзү жеке адамды, анын индивидуалдуулугун, укугун, эркиндигин, асыл-нарк катары баалап, туу кылып көтөрүү сыятуу социалдык демократиянын негиздерин түзө тургандыгын, биздин ата-бабаларыбыз өзүнө мүнөздүү көөнөрбөс руханий дөөлөттөрүн каада салттарын, адеп-ахлак нормаларын чагылдырган элдик оозеки чыгармаларында сактап келгендигин көрүүгө болот.

### 1.3. Болочок мугалимдердин демократиялуу каада-салттар аркылуу окуучуларды демократиялуулукка тарбиялоого кесиптик жактан даярдоонун илимий-методикалык өбөлгөлөрү

Өлкөбүздүн болочок муундарын демократиялуулукка тарбиялоонун натыйжалуулугу болочок мектеп мугалимдеринин кесиптик даярдыгынан, ЖОЖдордогу окуу-тарбия иштеринин мазмунунан жана алардын сапаттуу, туура уюштурулушунан көз каранды. Демек, ЖОЖдордо мектеп мугалимдерин даярдоонун натыйжалуулугун баалоодо демократиялуу элдик каада-салттар канчалык деңгээлде орун алганын изилдеп талдоо, андан ары өркүндөтүп өнүктүрүү жумуштарынын үзгүлтүксүз жүргүзүлгөнү толук мыйзамченемдүү.

Эгемендүүлүк жылдары өлкөбүздөгү жогорку кесиптик билим берүүдө эртеңки мектеп мугалимдеринин педагогикалык ишмердүүлүктөрүн өнүктүрүү билим берүүнүн гумандуулук мүнөзүн; предметти инсанга багыттап, компетенттүүлүккө негиздеп окутууну, алардын чыгармачылык менен иштөө ыгына калыптануусун башкы орунга коюп, алдыларына педагогикалык илимдин, окутуу технологияларынын соңку жетишкендиктерине таянуу аркылуу билим берүү-алуу билгичтиктерине жана көндүмдөрүнө ээ болуу талаптарын коюп келет. Мындай талаптардын аткарылышын эске алуу менен катар, жогорку педагогикалык кесиптик билим берүүнүн базалык компоненттерин өркүндөтүү жаатындагы принципиалдуу жаңычылдык катары В.А.Сластениндин, И.Ф.Исаевдин, А.И.Мищенконун, Е.Н.Шияновдун [135] жана да В.А.Сластениндин, И.Ф.Исаевдин жана Е.Н.Шияновдун [148] жамааттык изилдөөлөрүн, ошондой эле В.С.Зайцевдин эмгегин [73, 74] ж.б. атап кетүүгө болот.

Педагог окумуштуу В.С.Зайцев бул аталган эмгегинде ЖОЖдук кесиптик билим берүүдө колдонулчу заманбап окутуу технологияларын бир канча топторго бөлүштүрүү менен, алардын ар бирине өзүнчө токтолуп, өз алдынчалуу кең-кесири мүнөздөмөлөрдү берген [72. 3-6 б. ; 73. 3-5 б. ].

Е.Н.Шияновдун изилдөсүндө окутуп-үйрөтүү иштерине жаңычыл методологиялык жана технологиялык мамиле жасоонун негизинде болочок мектеп мугалимдерин ЖОЖдордо кесиптик даярдоонун мазмунун гумандаштыруу проблемаларын иликтенген. Мында ал: “Гуманизация образования предполагает единство общекультурного, социально-нравственного и профессионального развития личности. Данный социально-педагогический принцип требует перасмотра целей, содержания и технологии образования” [180. 19-б.], – деп таасын белгилеп кетет.

Педагогикалык жогорку кесиптик билим берүүнүн мазмунуна коомду гумандаштыруу багытындагы өзгөрүүлөр олуттуу таасирин тийгизип келет. Изилдөөчүлөр: М.Г.Тайчинов [164], В.А.Сластенин [155, 10-б.], А.Алимбеков [14], Н.А. Асипова [25] ж.б. талдоолору көрсөткөндөй, мурда колдонулуп

келген педагогикалык билим берүү системаларынан өзгөрүүлөрдү талап кылган принципиалдуу мүнөздөгү мүчүлүштүктөр байкалат. ЖОЖдордо педагогикалык билим берүүнүн мындай мүчүлүштүктөрү бөтөнчө жалпы орто билим берүүнүн мазмунуна карата этномаданий мамилелерде ачык көрүнөт. Анткени, болочок мектеп мугалиминин инсандыгынын ички рухий мүмкүнчүлүгү анын улуттук маданий салттар, жөрөлгөлөр менен тааныштык деңгээли жана жалпы адамзаттык бай мазмуну аркылуу аныкталат. Демек, элдик педагогиканын маданий-тарыхый салттары, анын жалпы адамзаттык маданий менен диалектикалык биримдиги жаңы типтүү окуу пландарын жана программаларын түзүүдө эске алынганы ылайык.

Кыргыз Республикасынын жогорку окуу жайларындагы педагогикалык билим берүүдө элдик педагогикалык каражаттарды (мунун ичинде элдик каада-салттарды, жөрөлгөлөрдү) колдонуунун илимий-педагогикалык негизин аныктаган изилдөөлөр ар кыл түрдүү багыттарда каралып, мындай илимий изилдөө иштери кеңири алып барылууда. Атап айтсак, этнопедагог окумуштуу А.Алимбеков өзүнүн “Теория и практика этнопедагогической подготовки учителя в системе высшего педагогического образования” деген эмгегинде жогорку педагогикалык билим берүү системасында болочок мугалимдерди кесиптик-педагогикалык жана этнопедагогикалык жактан даярдоонун теориялык жана практикалык өзгөчөлүктөрүн изилдеп, этнопедагогикалык билим берүү менен түздөн-түз байланыштагы негизги түшүнүктөрдү жана категорияларды аныктап тактаган [17].

Болочок мектеп мугалимдерин кесиптик жактан калыптандырууга байланыштуу Н.А.Асипова: “...болочок мугалимдердин жалпы педагогикалык даярдыгы тигил же бул элдин улуттук өзгөчөлүгүн чагылдырат. Анын мазмуну, ишке ашыруу жолдору ар бир элдин тарыхый басып өткөн жолундагы кайталангыс өзгөчөлүктөрү, коомдук өнүгүү баскычтарындагы улуттук салттары менен аныкталат” [28], – деп баса белгилеп кетет.

Ал эми Н.Дюшеева өзүнүн изилдөөсүндө “элдик прогрессивдүү педагогикалык традицияларды колдонууга болочок мугалимдин даярдыгы”

түшүнүгүн педагогдун жаш адисти кесиптик калыптандыруунун идеалына шайкеш педагогикалык ишмердүүлүктү жүргүзүүгө мүмкүндүк берүүчү инсандыгынын интегралдык касиети катары аныктаган [64].

Н.Шадиев болочок мектеп мугалимдеринин башталгыч класстын окуучуларын кыргыз музыкалык фольклорунун каражаттары аркылуу нравалык-эстетикалык жактан тарбиялоого даярдыгын мотивациялык-дөөлөттүк, мазмундук жана уюштуруучу-процессуалдык компоненттеринин диалектикалык биримдиги катары аныктап берген [178].

Ж.Сулайманкулова болсо, өз изилдөөсүндө болочок мугалимдин баш-талгыч класс окуучуларын этнопедагогикалык каражаттар аркылуу адеп-түүлүккө тарбиялоого даярдыгынын критерийи катары төмөндөгүлөрдү: балдарды элдик адептик баалуулуктардын мурасчысы кылып тарбиялоого карата чын ыкластуу, туруктуу мамиленин болушун; аларды этнопедаго-гикалык каражаттар аркылуу адептүүлүккө тарбиялоого байланыштуу психо-логиялык, педагогикалык, этнопедагогикалык билимдерге жана билгичтик-терге ээлик кылуусун; балдарды этнопедагогикалык каражаттар аркылуу адептүүлүккө тарбиялоодо пайдаланылчу натыйжалуу кесиптик билгичтик-тердин жана көндүмдөрдүн топтомун; ЖОЖдо болочок башталгыч класс мугалимдеринин кесиптик этнопедагогикалык жактан өзүн-өзү өнүктүрүүсүн жандандыруу, жигерлештирүү, долбоорлоо, текшерип-көзөмөлдөө, жетектөө, түзөтүү, диагноздоо жана балоо жөндөмдүүлүктөрүн белгилеп кетет [160].

Бул аталган изилдөөлөр Кыргызстандын ЖОЖдорунда болочок мугалимдерди элдик каада-салттар, жөрөлгөлөр аркылуу окуучуларды демократиялуулукка тарбиялоо иштерине даярдоону өркүндөтүүгө сөзсүз өз салымдарын кошот. Тилекке каршы, болочок мектеп мугалимдеринин элдик каада-салттар аркылуу окуучуларды демократиялуулукка тарбиялоодогу кесиптик компетенттүүлүктөрүн калыптандыруу маселеси ушу азыркыга дейре талаптагыдай изилдене элек.

Өлкөбүздүн билим берүү системасын модернизациялоонун борбордук идеяларынын бири болуп адистерди компетенттүү даярдоо эсептелинет.

Компетенттүүлүк бул инсандын тийиштүү компетенциялар топтомуна ээлик кыларын күбөлөндүрөрүнө окумуштуулар: В.И. Байденконун [37], Т.В. Гериштин [57], И.А. Зимняянын [75], П.И. Пидкасистыйдын [136], А.В. Хуторскойдун [174], М.А. Чошановдун [176], В.Д. Щадриковдун [179] ж.б. позицияларын талдоо аркылуу көрүп ынанабыз. Мында биз компетенттүүлүк деп курчап турган дүйнө менен тиги же бул тармакта натыйжалуу өз ара аракеттердин мүмкүнчүлүгүн камсыздаган жана бул үчүн зарыл компетенцияларга көз каранды болгон комплекстүү инсандык ресурсту (билимди, билгичтикти жана көндүмдү, инсандык сапаттардын системасын) түшүнөбүз, демек, компетенция – бул инсандын белгилүү бир билимдердин, билгичтиктердин, көндүмдөрдүн, практикалык тажрыйбанын жана инсандык сапаттардын биримдигине негизденген ишмердүүлүктү аткаруу жөндөмүнүн жана даярдыктарынын топтому, жыйындысы эсебинде.

Кесиптик-педагогикалык компетенттүүлүк кесиптик-педагогикалык ишмердүүлүктө актуалдаштырылган компетенциялардан турат жана окутуу-үйрөтүү ишмердүүлүгүн чыгармачылык менен андап-түшүнүүгө ылайык компоненттик түзүмгө ээ. Дагы тактасак, компетенция – бул адистин кандайдыр бир кесиптик маселелерди, милдеттүүлүктү чечүүгө карата жекече инсандык жөндөмү, мүмкүнчүлүгү.

Компетенциялар түшүнүгүнө төмөндөгүлөр киргизилет:

– билим жана түшүнүү (академиялык теориялык билим, билүү жана түшүнүү жөндөмдүүлүгү);
– билим жана аракет кылуу (билимди конкреттүү кырдаалдарда билгирлик менен жана оперативдүү колдонуу);
– билимдүү болуу (мында баалуулуктар социалдык контекстте башкалар менен дайым биргеликте жана анын кабыл алуу ыкмасынын ажырагыс бөлүгү катары келет).

Өлкөбүздүн жогорку билим берүү системасындагы компетенцияларды негизинен үч түргө бөлүштүрүшөт: жалпы (универсалдык), кесиптик жана атайын компетенциялар.

*Жалпы (универсалдык) компетенция* – бул жалпыга тиешелүү ишмердүүлүктө алган билимдин, билгичтиктердин, көндүмдөрдүн негизинде ийгиликтүү аракеттенүү жөндөмдүүлүгү. Жалпы (универсалдык) компетенциялар төмөндөгүдөй түрлөргө ажырымдалат:

**Жалпы илимий компетенция** болочок мектеп мугалиминин кесип-тик ишмердүүлүктө табигый илим сабактарынын негизги мыйзамдарын, математикалык анализ жана моделдештирүү усулдарын, физикадагы, химиядагы, экологиядагы теориялык жана эксперименттик изилдөөлөрдү колдо-нууга, кесиптик ишмердүүлүктүн жүрүшүндө пайда болгон проблемалардын табигый-илимий маңызын табууга, аларды чечүү үчүн ылайыктуу техникалык жабдууларды иштете алууга карата даярдыгын ичине камтыйт.

**Инструменталдык компетенция**: мында компьютерде өз алдынча иштөө жөндөмдүүлүгү (жөнөкөй көндүмдөр), мамлекеттик тилде жазуу жана оозеки байланышуу (коммуникация) жөндөмдүүлүгү жана керек болгон экинчи бир тилди билүү, кичи жамааттар менен карым-катнаш жасоо, классты уюштуруу-башкаруу иштерине даярдыгы, ар түрдүү булактардагы маалыматтар менен иштей алуу мүмкүнчүлүгү ж.б.

**Социалдык-инсандык жана жалпы маданияттык компетенция** – бул инсандар аралык алака-катыш жасоо, байланышта болуу көндүмдөрү; командада иштей алуу билгичтиги ж.б.

**Кесиптик компетенция** – кесиптик ишмердүүлүктөгү маселелерди чечүүдө күндөгү тажрыйбанын, билгичтиктин жана билимдин негизинде ийгиликтүү аракетте болуу жөндөмдүүлүгү.

Кесиптик компетенциялар топтомуна анын жөндөмдүүлүгүн мүнөздөгөн субъекттин касиети; кайсы бир кесиптик билимдерге ээ болуу жана аны практикада колдоно алышы; кесиптик үлгүлөрдү иштеп чыгуу жана аларды ишке киргизүү; өзүнүн кесиптик тармагындагы билимдерде изилдөөлөрдү жүргүзө алышы камтылат.

**Атайын компетенция** – өзү тандап алган ишмердүүлүк жаатында адистин ийгиликтүү иштей алуусу үчүн зарыл билимдерди жана билгичтиктерди, көндүмдөрдү камтыган компетенциялар [158].

*“Кесиптик компетенттүүлүк”* түшүнүгүнүн маани-маңызын педагогикалык ишмердүүлүктөгү теориялык жана практикалык даярдыктын биримдиги катары чечмелеген В.А.Сластениндин, А.В.Хуторскойдун позициялары бизге кыйла жакын. Мындагы мугалимдин компетенттүүлүгүн жана кесиптик даярдыгын түпкү табияты бир, маанилеш түшүнүктөр катары кабылдаган ылайык болуп турат.

Алдараакта талданган теориялык жоболор менен бирдикте биз мында педагогика багытындагы профессиограммага байланыштуу нормативдик документтерди, жогорку педагогикалык билим берүү стандарттарын, изилдөөлөрдү, мугалимдердин эмпирикалык көз караштарын, түшүнүктөрүн, компетенттүү адистердин, эксперттердин пикирлерин талдап анализдедик. Топтолгон материалдарды мазмундук жана статистикалык талдоодон өткөрүү боюнча алып барылган иштер болочок мектеп мугалиминин элдик каада-салттар аркылуу окуучуларды демократиялуулукка тарбиялоого карата кесиптик компетенцияларынын мазмунун жана түзүмүн иштеп чыгууга мүмкүнчүлүк берди. Анын мазмунун мазмундук, мотивациялык-дөөлөттүк жана уюштуруучулук-технологиялык компоненттери аркылуу мүнөздөдүк.

Болочок мугалимдерин элдик каада-салттар аркылуу мектеп окуучуларын демократиялуулукка тарбиялоого даярдоодо ар бир компонент өзүнө тийиштүү функционалдык милдеттерге ээ экенин белгилейбиз.

**Мазмундук компонент**. Болочок мугалимдердин элдик демократиялуу каада-салттарда сакталган каражаттар жана булактар жөнүндөгү түшүнүктөрү, окуу материалдары, демократизм жөнүндөгү аксиологиялык билимдердин жыйындысын камтыйт.

**Мотивациялык-дөөлөттүк компонент**. Болочок мугалим тарабынан окуучуларды демократиялуулукка тарбиялоону мотивдештирүүнү,

демократиялык салттарга карата эмоционалдык мамилелерди калыптандырууну камтыйт.

**Уюштуруучулук-технологиялык компонент.** Болочок мугалимдин элдин демократтык дөөлөттөрдү калыптандырууга карата чыгармачыл мамилесин жана каада-салттар аркылуу окуучуларды демократиялуулукка тарбиялоонун технологиясын чагылдырат.

Мазмундук компонент элдик каада-салттардагы рухий-демократиялык дөөлөттөрдү бирдиктүү логикалык, концептуалдык негизге келтирүүнү көздөйт. Рухий-демократиялык дөөлөттөр билим берүү системасында адамды жаңылоонун, субъективдүүлүгүн калыптандыруунун каражаты катары колдонулушу ыктымал. Аталган компонент элдик каада-салттарда сакталган, демократиялуу тарбиялык таасир көрсөтүүчү маалыматтардын үстүнөн ой жүгүртүүнүн аналитикалык мүнөзүн, маалыматтарды талдоонун, кабылдоонун сынчылдыгын жана үйрөнүүдө чыгармачыл мамиленин болушун талап этет. Азыркы коомдун ааламдашуу процессинин шартындагы аксиологиялык көз караштар (Г.Н.Волков, В.А.Сластенин) элдик педагогиканы жетишкендиктерин эске алуу менен улуттук билим берүү системасын түп тамырынан бери кайрадан иштеп чыгуу талаптарын коёт. Мындан педагогдун өз элинин педагогикалык маданиятынын кайталаныс бөтөнчөлүктөрүн таанып-билүүдөгү жана өз элинин келечегин түптөөдөгү жоопкерчилиги; элдин рухий-демократиялык дөөлөттөрүн, тарбиялоо салттарын, маданий мурастарын сактоо, улантуу жана өнүктүрүү укуктары жана милдеттери келип чыгат.

Мотивациялык-дөөлөттүк компонент болочок мектеп мугалиминин моралдык-педагогикалык милдеттерин чагылдырат жана элдик каада-салттар аркылуу демократиялуулукка тарбиялоо ишмердүүлүгүнүн жетектөөчү мотивдеринин, муктаждыктарынын жана инсандык баалуулуктарынын системасын өзүнө камтыйт. Рухий-демократиялык дөөлөттөр мугалим аркылуу окуучуларга жөн эле берилбестен, анын инсандыгы менен жуурулушуп, жеке тажрыйбаларынан, эмоционалдык-баалуулук мамилесинин элегинен өткөрүлүп,

көз караштардын белгилүү бир системасын жаратат. Мотивациялык-дөөлөттүк компонент болочок мугалимдин инсандыгын анын педагогикалык ишмердүүлүгүн мотивдештирүүчү демократиялык дөөлөттөрдү алып жүрүүчү катары кароого мүмкүнчүлүк берет;

Уюштуруучулук-технологиялык компонент болочок мектеп мугалиминин элдик демократиялык дөөлөттөргө карата чыгармачылык мамилесин жана элдик каада-салттар, үрп-адаттар аркылуу окуучуларды демократиялуулукка тарбиялоонун технологиясын чагылдырат. Ал каада-салттар аркылуу демократиялуулукка тарбиялоо ишмердүүлүгүнүн мазмундук, максаттык, жана технологиялык тутумдарынын потенциалын жогорулатууга багытталган жаңы педагогикалык технологияларды түзүүнү талап этет жана мугалимдерди даярдоонун тиешелүү багыттарын аныктап берет. Бул компонент ошондой эле элдик каада-салттар аркылуу окуучуларды демократиялуулукка тарбиялоо ишмердүүлүгүндө анын – болочок мектеп мугалиминин сынчыл мамилесин, кем-өксүктөрүн, мүчүлүштүктөрүн талдап, түзөтүүгө умтулуу аракеттерин туюнтат.

Болочок мектеп мугалимдерин элдик каада-салттар аркылуу окуучуларды демократиялуулукка тарбиялоо процессинде даярдоонун моделин жүзөгө ашыруунун негизги компоненттеринин бири эсебине диагноздоо жана түзөтүү ыкмалары киргизилет. Болочок мугалимдин кесиптик даярдыгынын өнүгүү денгээлдерин диагноздоо жана түзөтүү проблемасы даярдыктын критерийлерин жана көрсөткүчтөрүн аныктоо маселеси менен тыгыз байланыштуу.

Критерий – бул белги, анын негизинде кайсы бир нерсеге баа, аныктама берүү же классификациялоо иштери алып барылат. С.Г.Спасибенконун белгилегенине ылайык, критерий инсандын калыптануусунун негизги мыйзамченемдүүлүктөрүн аныктоо маселеси менен байланыштуу, ошондой эле критерий инсандын калыптануусунун негизги мыйзамченемдүүлүктөрүн чагылдырат; критерийдин жардамы аркылуу изилдөнүүчү системанын бардык компоненттеринин өз ара байланыштары аныкталат; сапаттык көрсөткүчтөрү сандык көрсөткүчтөр менен биримдикте болот [158, 44-б.].

Биздин изилдөөбүздө болочок мектеп мугалиминин элдик каада-салттар аркылуу окуучуларды демократиялуулукка тарбиялоого карата кесиптик компетенттүүлүгүнүн **критерийлери** катары төмөнкүлөрдү бөлүп көрсөтүүгө болот:

1. Окуучуларды демократиялуулукка тарбиялоодо элдик каада-салттарды жогорку деңгээлде колдонуу үчүн жетиштүү философиялык, психологиялык, педагогикалык, этнопедагогикалык билимдердин топтомуна ээлик кылуу.

2. Кыргыз элдик каада-салттарындагы руханий-демократиялык дөөлөттөргө, окуучуларды ата-бабаларынын демократиялык нарктарынын мураскору кылып тарбиялоого карата кесиптик кызыгуунун, муктаждыктын, ишенимдин калыптангандыгы жана бардык нерсеге чын ыкластуу туруктуу мамиле жасоого умтулуу.

3. Элдик каада-салттар аркылуу демократиялуулукка тарбиялоонун бардык формаларында окуучулардын ишмердүүлүгүн уюштуруунун жана педагогикалык жетектөөнүн практикалык билгичтикеринин жана көндүмдөрүнүн болушу.

**Мазмундук компонент** болуп элдик каада-салттар аркылуу мектеп окуучуларын демократиялуулукка тарбиялоодо талап кылынган илимий-теориялык билимдердин көлөмүн жана болочок мугалимдин элдик каада-салттардын окуучуларда демократиялык сапаттардын калыптанышындагы спецификалык таасирин түшүнүүсү туюнулат.

**Мотивациялык-баалуулук компонент** аркылуу болочок мугалимдин элдик каада-салттарга карата чын ыкластуу мамилесин жана жаш муундарда демократиялуулуктун асыл сапаттарын калыптандыруудагы социалдык маанилүүлүгүн терең баамдоосу түшүнүлөт.

**Уюштуруучулук-технологиялык компонент** элдик каада-салттар аркылуу демократиялуулукка тарбиялоонун бардык формаларында окуучулардын ишмердүүлүгүн уюштуруунун жана педагогикалык жетектөөнүн практикалык билгичтиктерин жана көндүмдөрүн аныктайт. Бул компонент элдик каада-салттар аркылуу окуучуларды демократиялуулукка тарбиялоого

карата болочок мектеп мугалиминин кесиптик өзүн-өзү өнүктүрүүсүн, өзүн-өзү тарбиялоосун жана өзүн-өзү байкоо, өзүн-өзү балоо аркылуу өз ишмердүүлүгүнө карата сынчыл ой жүгүртүүсүн да камтыйт. Бул мүмкүнчүлүк мугалим менен окуучунун ортосундагы кайтармалуу байланышты түзүп, мектептеги тарбиялык ишмердүүлүктүн айрым компоненттериндеги түзөтүүлөрдү, толуктоолорду жүзөгө ашырат.

Болочок мектеп мугалимдеринде уюштуруучулук-технологиялык билгичтиктерди калыптандыруу – аларды ЖОЖдон кийинки демократиялуулукка тарбиялоо ишмердүүлүгүнө даярдоонун зарыл шарты. Студенттердин өзүн-өзү тарбиялоо жана өз билимин жогорлатуу жумуштарын системалуу жүргүзүшү болочок мугалимди каада-салттар аркылуу окуучуларды демократиялуулукка тарбиялоо жумуштарына даярдоонун таасирдүү каражаты катары десе болот.

Болочок мектеп мугалимин элдик каада-салттар аркылуу окуучуларды демократиялуулукка тарбиялоо ишин жүргүзүүгө даярдоо – жогорку квалификациялуу адис педагогдорду даярдап чыгаруу системасынын ажырагыс бөлүгү, өзөгү. Анын натыйжалуулугу болочок адистин инсандыгын өркүндөтүүгө багытталган иш-чаралардын этномаданий мазмунунун көп кырдуулугунан, системалуу алып барылышынан көз каранды. Болочок мугалимдердин элдик каада-салттар аркылуу окуучуларды демократиялуулукка тарбиялоого карата кесиптик даярдыгы бир тараптан жаш инсандын демократиялык нарк-дөөлөттөрүн калыптандырууга багытталса, экинчи жактан чыныгы заманбап, бардык жагынан компетенттүү мугалимдин жашоо үлгүсүнүн мүнөздөлүшү болуп саналат. Демек, аталган феноменди мугалимдин инсандыгынын мазмундук, мотивациялык-баалуулук жана уюштуруучулук-технологиялык компоненттеринин өз ара байланышынын негизинде төмөндөгүдөй кылып мүнөздөсө болот.

**1. Мазмундук компоненттин көрсөткүчтөрү төмөндөгүчө:**

– элдик каада-салттардагы руханий-демократиялык мурастарды үйрөнүүнүн жалпы принциптери, мектеп окуучуларын демократиялуулукка

тарбиялоонун мыйзамченемдүүлүктөрү жөнүндөгү илимий методологиялык билимдерге ээ болуу;

– теориялык билимдерге (демократиялуулукка тарбиялоонун максатын, принциптерин, мазмунун, методдорун, формаларын жана мектеп окуучуларынын демократиялык маданиятын калыптандыруунун мыйзамченемдүүлүктөрүн билүү) ээ болуу;

– этнопедагогиканын жана демократиялуулукка тарбиялоонун негизги категориялары, терминдери жөнүндөгү билимге ээ болуу;

– элдик демократиялык нормалардын, этикеттин негизги принциптерин (гумандуулук, адептик, адилеттик, эркиндик, сабырдуулук, коомдук пикир, атуулдук, укуктук маданият, жигердүүлүк, жаратмандык ж.б.) билүү;

– элдик каада-салттарды жүрүм-турумдун адат үлгүсү эмес, өткөндүн осуят-насааттардын казынасы катары түшүнүү жана талдоо;

– мектеп окуучуларын демократиялуулукка тарбиялоо ишин өркүндөтүү процессинде элдик каада-салттарды иргеп колдонуунун критерийлерин билүү, моралдык-этикалык баа берүү жана алардын педагогикалык баалуулуктарын аныктоо;

– технологиялык билимдерге (элдик каада-салттар, жөрөлгөлөр аркылуу окуучуларды демократиялуулукка тарбиялоонун методикалык негиздерине) ээ болуу;

– элдик каада-салттар аркылуу окуучуларды демократиялуулукка тарбиялоонун алдыңкы мектептик жана мугалимдик иш-тажрыйбаларды жакындан билүү, өздөштүрүү.

2. Болочок мугалимдин элдик каада-салттар аркылуу окуучуларды демократиялуулукка тарбиялоого карата кесиптик компетенттүүлүгүнүн **мотивациялык-дөөлөттүк компонентинин** көрсөткүчтөрү төмөндөгүдөй:

– жигердүү атуулдук позиция, мекенчилдик, өз элинин рухий мурастарын терең урматтоого берилгендик жана аны өз мамлекетинин рухий-демократиялык турмушунун негизи катары таануу;

– өз элинин маданий мурастарынын ээси жана улантуучусу катары өзүнүн педагогикалык ишмердүүлүгү аркылуу элдин руханий-демократиялык салттарын өнүктүрүүдөгү коомдук-педагогикалык милдетин туура түшүнүүсү;

– элдик каада-салттардын демократиялык-этикалык потенциалын кабылдоо жана баалоо жөндөмү;

– демократиялык-педагогикалык нормаларга ылайык жүрүм-турумга, баарлашуу билгичтиктерине, боорукердикке, эмоционалдык сезимталдыкка ж.б. ээлик кылуу;

– учурдагы демократиялуулукка тарбиялоону элдик каада-салттар аркылуу ийкемдүү жүзөгө ашыруу жана өркүндөтүү боюнча билимге жана билгичтиктерге ээ болуу зарылдыгына бекем ынануу;

– элдик руханий-демократиялык нарк-дөөлөттөрдү, баалуулуктарды сактоого, окуп-үйрөнүүгө, иликтеп-изилдөөгө жана аларды жайылтууга ынтызарлануу;

– элдин руханий асыл нарктары аркылуу өзүн-өзү көрүүгө, таанууга, өзүн-өзү баалоого жана өзүн-өзү тарбиялоого карата чындап ниеттенүү.

**3. Уюштуруучулук-технологиялык компоненттин негизги көрсөткүчтөрү булар:**

– элдик каада-салттар аркылуу окуучуларды демократиялуулукка тарбиялоонун логикасын, этаптарын, удаалаштык принцибин бузулбай так сакталуусуна жетишүү;

– мектеп окуучуларын демократиялуулукка тарбиялоону өркүндөтүүдө билим берүүнүн руханий-демократиялык мазмунун максималдуу колдонуу жана толуктоолорду кийире алуу (окуу колдонмолоруна, нормаларына, этикетине ж.б.);

– педагогикалык техникага, карым-катнаштын элдик вербалдык жана вербалдык эмес каражаттарына ээ болуу, каада-салттар менен иш алып барууда окуучуларда жагымдуу эмоционалдык маанайды түзүнү билүү;

– элдик каада-салттар аркылуу окуучуларды демократиялуулукка тарбиялоо процессинде мектеп менен үй-бүлөнүн жана социомаданий чөйрөнүн биргелешкен ишмердүүлүгүн камсыз кылуу;

– элдик каада-салттар негизинде коомдук-тарбиялык иш-чаралардын бардык түрлөрүн (окуучулардын элдик педагогдор менен жолугушуу аземин, чыгармачылык конкурстарды, даталуу күндөрдү ж.б.) пландаштыра жана уюштура билүү;

– элдик каада-салттардын демократиялык үлгүлөрүн жыйнап-топтоо жумуштарын уюштура билүү жана жетектөө;

– болочок мектеп мугалиминин этнопедагогикалык идеяларды, долбоорлорду руханий-демократиялык жаратмандыктын денгээлинде кабылдоо жана ар кандай шарттарга ыңгайлаштыра алуу жөндөмүн өнүктүрүү;

– элдик каада-салттар аркылуу окуучуларды демократиялуулукка тарбиялоо иш тажрыйбаларын жалпылоо, анализдөө, түзөтүүлөрдү кийирүү жөндөмдүүлүгүн өнүктүрүү, баалуулуктарды көрө билүү жана бул багыттагы илимий-методикалык жумуштарды жүргүзүү.

– “этноцентризм” илдеттеринен сырткарыда болуп, сабырдуулук, кечиримдүүлүк, башка улуттун өкүлдөрү менен ынтымакта жашоо, ар кандай кырдаалда өзүнүн эмоционалдык маанайын башкарууга жетишүү.

Бул аныкталып берилген критерийлер жана көрсөткүчтөр болочок мектеп мугалимдеринин элдик каада-салттар аркылуу окуучуларды демократиялуулукка тарбиялоого делинген компетенттүүлүгүнүн төмөнкү, орточо жана жогорку денгээлдерин аныктоо мүмкүнчүлүгүн берет.

Болочок мектеп мугалимдеринин элдик каада-салттар аркылуу окуучуларды демократиялуулукка тарбиялоого деген компетенттүүлүгүнүн жогоруда аныкталып берилген критерийлери менен көрсөткүчтөрү бул компетенттүүлүктүн түзүлүп калыптангандыгын диагноздоочу методдордун үстүндө дагы тереңдетип иштөөнүн зарылдыгын жаратты.

Бүгүнкү студент, эртеңки мектеп мугалимдеринин кесиптик ишмердүүлүгүнүн биз изилдеп жаткан аспекттеги даярдыгынын баштапкы

деңгээлдерин аныктоодо жана үйрөнүүдө педагогикалык изилдөө методдорунун топтому: анкета толтуруу, байкоо, тестирлөө, ангемелешүү, документтерди, тарбиялык иш-чараларды анализөө ж.б. колдонулду. Маалыматтардын ишенимдүүлүгүн жогорулатууда кошумча “эксперттик баалоо методу” пайдаланылды. Бул иликтеп-изилдөө иштерине компетенттүү адис адамдар катары психология, педагогика кафедраларынын тажрыйбалуу окутуучулары, жалпы орто билим берүүчү мектептердин тажрыйбалуу мугалимдери жана элдик педагогика жаатында алектенген белгилүү илимпоздор, окумуштуулар тартылды.

Болочок адисти даярдоонун мазмундук компонентинин негизги көрсөткүчтөрү болуп элдик каада-салттар аркылуу окуучуларды демократиялуулукка тарбиялоо боюнча методологиялык, теориялык жана эмпирикалык билимдер эсептелинет. Эртеңки мугалимдин элдик каада-салттар негизинде окуучуларды демократиялуулукка тарбиялоого даярдыгынын мазмундук компонентин диагноздоо, б.а. кесиптик билиминин жана логикалык ой жүгүртүүсүнүн деңгээли критерийлик максаттуу багытталган педагогикалык тестирлөө аркылуу жүргүзүлдү. Алардын критерийлик багытталышы бүгүнкү студенттин, эртеңки жаш мугалим адистин таанып-билүүчүлүк мүмкүнчүлүгүнүн диагноздолушу аркылуу аныкталып такталат.

Болочок мектеп мугалимдеринин окуучуларды элдик каада-салттар негизинде демократиялуулукка тарбиялоого даярдыгынын мотивациялык-дөөлөттүк компоненти өзүн улуттун бир бөлүгү катары аңдап түшүнүү, элдик жөрөлгөлөрдөгү руханий-демократиялык баалуулуктарга карата сый мамиле, ата-бабалардын демократиялык нарк-мурастарын алып жүрүүчү жана чыгармачыл улантуучу катары өзүнүн педагогикалык ишмердүүлүгү аркылуу элдин руханий-демократиялык салттарын өнүктүрүүдөгү коомдук-педагогикалык милдеттерин ачык-айкын түшүнүүлөрү менен байланышкан. Бул сапат-мүмкүнчүлүктөрдү диагноздоодо мугалимдин элдик каада-салттардагы руханий-демократиялык баалуулуктарга карата мамилесин аныктоого багытталган анкеталык суроолор топтому иштелип чыкты. Болочок мектеп

мугалиминин элдик каада-салттардагы руханий-демократиялык баалуулуктарга деген компетенттүү мамилеси окуучуларды демократиялуулукка тарбиялоодогу оң багытталышын көрсөтүп турат. Ал эми терс баалоонун басымдуулугу же элдик каада-салттардагы демократиялык баалуулуктардын төмөн бааланышы анын мотивациялык-дөөлөттүк багытталышында орун алган боштукту айгинелейт.

Уюштуруучулук-процессуалдык компонент төмөндөгү көрсөткүчтөргө: элдик каада-салттардагы демократиялык баалуулуктардын системасына ээ болууга, анын социалдык-педагогикалык маанилүүлүгүн түшүнүүгө, элдик каада-салттар аркылуу окуучуларды демократиялуулукка тарбиялоонун конкреттүү педагогикалык технологияларын билүүгө; окуучуларды демократиялуулукка тарбиялоону ишке ашыруу жаатындагы өзүнүн кесиптик ишмердүүлүгүнө карата сынчыл мамилеге, мүчүлүштүктөрдү таап, талдап, түзөтүүгө умтулуусуна негизденет.

Көзмөлдөп-текшерүүнүн натыйжасы төмөндөгү деңгээлдик критерийлер негизинде ажырымдалат:

***Жогорку деңгээл*** – тиешелүү теориялык билимдер туруктуу, мында өнүгүүнүн жогорку деңгээли мүнөздүү жана элдик каада-салттар аркылуу окуучуларды демократиялуулукка тарбиялоо маселелерин чечүүдө ийкемдүү колдонулат.

***Орточо деңгээл*** – теориялык билимдер зарыл денгээлден төмөн, ал практикалык маселелерди чечүүдө сейрек колдонулат.

***Төмөнкү деңгээл*** – теориялык билимдери, жалпы даярдыгы эң төмөн.

Изилдөөнүн жүрүшүндө айкындалган компоненттер, алардын критерийлери жана деңгээлдери, түзүлүп калыптаныш мүнөздөмөлөрү менен биримдикте болочок мугалимдердин каада-салттар аркылуу окуучуларды демократиялуулукка тарбиялоого карата компетенттүүлүгүн бекемдөөнүн модели. Демек, моделди изилдөө ишинин акыркы натыйжасы, багытталуусу катары кабылдасак болот. Муну 1.1- сүрөттө карап көрөлү.

**Сүрөт 1.1 - Болочок мугалимдердин элдик каада-салттар аркылуу окуучуларды демократиялуулукка тарбиялоого кесиптик компетенттүүлүгүн калыптандыруунун модели.**




Ошентип, болочок мугалимдеринин элдик каада-салттар аркылуу окуучуларды демократиялуулукка тарбиялоонун илимий-методикалык

аспектилерин аныктоо алардын кесиптик компетенттүүлүгүнүн компоненттеринин, функционалдык милдеттеринин, критерийлеринин жана калыптандыруу денгээлдеринин негизин түзө тургандыгы белгиленди.

## БИРИНЧИ БАП БОЮНЧА КОРУТУНДУ

Ар бир маселени изилдөөдө анын тарыхына сересеп салынып, изилдениш деңгээли аныкталышы шарттуу нерсе. Ишти мындай жагдайдан баштоо анын бүгүнкү күндүгү мазмунун тактоого да өбөлгө түзөт.

Бул жагдайдан алып караганда илимий-педагогикалык изилдөөлөрдө демократиялуулукка тарбиялоо иштери эзелтеден эле коомдук эң актуалдуу маселелерден болуп келгендиги белгилүү болду. Жүргүзүлгөн изилдөөдө:

1. Демократиялуулукка тарбиялоо иши ар бир коомдук этаптарында олуттуу маселе катары каралып жана анын коомдук этаптын алмашышына ылайык мазмунунун өзгөрүп турушун буга чейинки илимий эмгектердеги жыйынтыктар далилдейт.
2. Кыргыз элинин турмушунда демократиялуулукка тарбиялоо маселеси илимий жактан далилденбесе да кадимки таалим-тарбия иштеринде кадыресе колдонулуп келгендиги элибиздин тарыхы аркылуу ырасталат.
3. Атайын жүргүзүлгөн изилдөөлөрдү, илимий-педагогикалык жыйынтыктарды талдоонун жыйынтыгы демократиялуулукка тарбиялоо - саясий-идеялык, укуктук жана адеп-ахлактык тарбиялардын кесилишинде турарын жана аталган тарбиялык иштердин көрсөткүчү болуп эсептелерин аныктоого мүмкүндүк түздү.

Ал эми болочок мугалимдердин окуучуларды демократиялуулукка тарбиялоодо элдин руханий-дөөлөттүк салт-санаасындагы демократтык көз караштары, идеалдары менен тааныштырууда аларга каада-салттар опол тоодой материалдар менен камсыздайт. Ошондой эле алардан элдик мурастарга сергек жана кылдат мамиле жасалышын талап кылат. Каада-салттарда камтылган ата бабаларыбыздын руханий-демократтык бай мурастарын окуучуларды

демократиялуулукка тарбиялоодо ийкемдүү колдонуу мугалимден атайын кесиптик даярдыкты талап кылат. Бул өз кезегинде болочок мугалимдерди жогорку педагогикалык билим берүү мезгилинде аталаган ишмердикке атайын даярдоо маселесин актуалдаштырат.

Изилдөөлөрдүн жыйынтыгында болочок мугалимдерди каада-салттар аркылуу окуучуларды демократиялуулукка тарбиялоого үйрөтүү алардын кесиптик даярдыгынын ажырагыс компоненти жана атайын калыптандырууну талап кылган татаал инсандык сапат катары аныктоого болот. Анын мазмунун мазмундук, мотивациялык-дөөлөттүк, жана уюштуруучулук-технологиялык компоненттери төмөнкү функционалдык милдеттерди камтыйт:

Мазмундук компонент. Болочок мугалимдердин элдик демократиялуу каада-салттарда сакталган каражаттар жана булактар жөнүндөгү түшүнүктөрү, окуу материалдары, демократизм жөнүндөгү аксиологиялык билимдердин жыйындысын камтыйт.

Мотивациялык-дөөлөттүк компонент. Болочок мугалим тарабынан окуучуларды демократиялуулукка тарбиялоону мотивдештирүүнү, демократиялык салттарга карата эмоционалдык мамилелерди калыптандырууну камтыйт.

Уюштуруучулук-технологиялык компонент. Болочок мугалимдин элдин демократтык дөөлөттөрдү калыптандырууга карата чыгармачыл мамилесин жана каада-салттар аркылуу окуучуларды демократиялуулукка тарбиялоонун технологиясын чагылдырат.

Болочок мугалимдердин каада-салттар аркылуу окуучуларды демократиялуулукка тарбиялоого даярдыган калыптандырууда ар бир компоненттин өзүнчө орду бар бирок, алар биримдикте каралганда гана процесс эффективдүү болот. Изилдөөнүн милдеттерине ылайык аталган компоненттердин калыптануусун диагностикалоо иштери үчүн критерийлери иштелип чыкты:

1. Окуучуларды демократиялуулукка тарбиялоодо элдик каада-салттарды жогорку деңгээлде колдонуу үчүн жетиштүү философиялык, психологиялык, педагогикалык, этнопедагогикалык билимдердин топтомуна ээлик кылуу.

2. Кыргыз элдик каада-салттарындагы руханий-демократиялык дөөлөттөргө, окуучуларды ата-бабаларынын демократиялык нарктарынын мураскору кылып тарбиялоого карата кесиптик кызыгуунун, муктаждыктын, ишенимдин калыптангандыгы жана бардык нерсеге чын ыкластуу туруктуу мамиле жасоого умтулуу.

3. Элдик каада-салттар аркылуу демократиялуулукка тарбиялоонун бардык формаларында окуучулардын ишмердүүлүгүн уюштуруунун жана педагогикалык жетектөөнүн практикалык билгичтикеринин жана көндүмдөрүнүн болушу.

# 2–БАП. БОЛОЧОК МУГАЛИМДЕРДИ ДЕМОКРАТИЯЛУУЛУККА НЕГИЗДЕЛГЕН КЕСИПТИК ДАЯРДЫГЫН ИЗИЛДӨӨНҮН МЕТОДОЛОГИЯСЫ ЖАНА МЕТОДДОРУ

## 2.1. Болочок мугалимдердин демократиялуулукка багытталган кесиптик даярдыгын изилдөөнүн методологиясы жана методдору

Ар кандай маселени илимий изилдөө кандайдыр бир методдорго жана методологияга негизделет. Илимий изилдөөнүн багытын туура белгилөө үчүн алгач методологияны аныктап алуубуз керек. “Методология” термини грек тилиндеги “методос”-таанып-билүүнүн жолу, жаратылыштын жана коомдук турмуштун кубулуштарын изилдөө; аракет жасоонун ыкмасы, жолу; максатка жетүүнүн жолу” дегенди билдирет. “Логос”- түшүнүү, окуу, ой жөнүндө закон ченемдүүлүк. Демек, методология максатка жетүүнүн жолу жөнүндө окуу.

**Педагогиканын методологиясы** - таанып-билүүгө болгон жалпы мамилени, инсанга билим берүүнүн, аны тарбиялоонун жана өнүктүрүүнүн жолдору десе болот.

Ошону менен катар биз изилдөөбөздө методология жөнүндөгү илимий изилдөөлөр көрсөткөндөй “Методология - тигил же бул илимий изилдөө иштери үчүн илимий таяныч, түркүк катары колдонулган ойлорду, теорияларды, парадигмаларды дагы камтып турат” [27], - деген Н.А. Асипованын пикирине таянууну туура көрөбүз, себеби ар бир каралып жаткан теманын илимий объектисинин, предметинин табиятынан келип чыккан өздүк методологиясы болуусу абзел.

**Изилдөөнүн объектиси**: Болочок мугалимдерди жогорку педагогикалык билим берүү системасында кесиптик даярдоо.

**Изилдөөнүн предмети**: Болочок мугалимдерди кыргыз элинин демократиялуулук каада-салттары аркылуу окуучуларды демократиялуулукка тарбиялоого даярдоо процесси.

**Изилдөөнүн теориялык жана методологиялык негиздерин**:

- Тарбиялоодогу элдүүлүк принциби, элдик тарбия тууралуу педагогика илиминин классиктеринин негизги идеялары (Я.А.Коменский, К.Д. Ушинский, Г.Н. Волков [90, 169, 54] )
- Компетенттүүлүк жагдайдын негизинде кесипкөй кадрларды даярдоодогу окумуштуулардын теориялык иштелмелери, жогорку педагогикалык окуу жайларда мугалимди кесиптик жактан даярдоонун мазмунунун менен технологиясынын жалпы теориялык багыттары боюнча психологдордун жана педагогдордун В.И. Байденко, Т.В. Гериш, И.А.Зимняя, Н.В. Кузьмина, А.К. Маркова, П.И. Пидкасистый, В.А. Сластениндин, А.В. Хуторской, М.А. Чошанов, В.Д. Щадриковдун [37, 57, 75, 96, 114, 136, 151, 171, 172, 175] теориялык жана практикалык тажрыйбалары, эмгектери негиз болду.
- Этнопедагогикалык жагдайга таянуу менен кыргыз элдик руханий дөөлөттөрүн тарбиялоо тажрыйбаларын мектептердин, ЖОЖдордун окуу тарбия процессинде колдонуу боюнча изилдөөлөрдүн натыйжалары (А. Алимбеков, С.О. Байгазиев, Н.К. Дюшеева, А.Т. Калдыбаева, А.Ж. Муратов, Ж.Сулайманкулова, Р.Т. Сулайманова, Н.Шадиев, Т.Н. Умаров, А.С. Байтокова [17, 35, 64, 83, 121, 158, 159, 174, 167, 36] ).

Болочок мугалимдердин кыргыз элинин демократиялуулук салттарынын үлгүсүндө кесиптик компетенттүүлүгүн калыптандыруу жана анын натыйжалуулугун аныктоо максатында төмөнкүдөй методдорду колдондук:

- **Теориялык методдор:** философиялык, педагогикалык, психологиялык, фольклор, усулдук адабияттарды контент-анализ жүргүзүү.
- **Социологиялык – педагогикалык методдор:** негизги өзөгү каада-салттар аркылуу демократиялуулукка багытталган студенттердин өз алдынча ишин, эсселерди, дилбаяндарын талдоого алуу, улуу ойчулдын чыгармалары жөнүндө окурмандардын пикирлерин, маектешүүлөрдү иликтөө, анкета жүргүзүү, аңгемелешүү, окуу программаларына, илимий-методикалык эмгектерине талдоо жүргүзүү, алдыңкы педагогикалык тажрыйбаларды үйрөнүү.

- **Эксперимент методу:** Болочок мугалимдерин кесиптик жактан даярдоодо демократиялуулук салттарды колдонуу менен педагогикалык эксперментти уюштуруу жана жүргүзүү.
- **Математикалык – статистикалык метод:** жогорудагы методдорду изилдөө ишибизге таяныч кылуу, эксперименттик материалдарын анализин салыштырып, системалаштырып, педагогикалык эксперименттин натыйжаларын чыгаруу.

Илимий ишибиздин максатына, предметине, милдетине ылайык, болочок мугалимдерди кесиптик жактан даярдоодо демократиялуулук салттардын маанисин, алар жөнүндөгү бүгүнкү педагогика багытында билим алып жаткан студенттердин көз карашатарын изилдөөгө аракетинде болдук. Азыркы учурда окуу-тарбия процессин жана жалпысынан окуу процессинде таяныч боло турган адабияттарды анализдей келгенде жалпы улуттук руханий негизде демократиялуулукка тарбиялоого негизделген маалыматтардын жокко эсе же аз санда орун алгандыгын байкалат.

Аныктоочу экспериментибиз 2016-2017 - окуу жылдар аралыгын камтып, изилдөөдө төмөнкү милдеттерди белгиледик:

- болочок мугалимдердин каада-салттар аркылуу окуучуларды демократиялуулукка тарбиялоого кесиптик компетенттүүлүгүн калыптандыруу денгээлдеринин алгачкы абалын, кемчиликтерин, себептерин аныктоо;
- болочок мугалимдердин каада-салттар аркылуу окуучуларды демократиялуулукка тарбиялоого кесиптик этнопедагогикалык компетенттүүлүгүн жогорулатуунун педагогикалык шарттарын аныктоо.

Бул милдеттерди чечүү үчүн изилдөө методдорунун комплекси:

- изилдөөнүн проблемасына ылайык илимий педагогикалык адабияттардын, окуу пландарын, программаларынын, окуу курстарынын мазмунун талдоо;
- болочок мугалимдердин каада-салттар аркылуу окуучуларды демократиялуулукка тарбиялоого кесиптик компетенттүүлүгүнүн калыптаныш денгээлин аныктоо максатында анкета, байкоо,

ангемелешүү, тестирлөө, рейтинг, статистикалык-математикалык жол менен эсептөө методдору колдонулду.

Аныктоочу экспериментибиз изилдөөнүн милдеттерине ылайык төмөндөгүдөй тартипте жүргүзүлдү: бир эле мезгилде изилдөөнү теориялык жактан негиздөө, айрым педагогикалык ЖОЖдордун тажрыйбаларын үйрөнүү, болочок мугалимдерди каада-салттар аркылуу окуучуларды демократиялуулукка тарбиялоого даярдоонун шарттарын аныктоо жумуштары аткарылды. Профессионалдык циклдагы психологиялык-педагогикалык дисциплиналардын учурдагы программаларынын мазмуну болочок мугалимдерди каада-салттар аркылуу окуучуларды демократиялуулукка тарбиялоого даярдоонун сапатын жогорулатуу позициясына ылайык талдоого алынды. Педагогикалык ЖОЖдордун окутуучулары менен биргеликте болочок мугалимдердин каада-салттар аркылуу окуучуларды демократиялуулукка тарбиялоого кесиптик компетенттүүлүгүн калыптандыруунун программасы түзүлүп, бул процесстин сапатын жогорулатуучу окутуунун технологиясы иштелип чыкты. Болочок мугалимдердин каада-салттар аркылуу окуучуларды демократиялуулукка тарбиялоого даярдыгынын деңгээлдерин диагностикалоочу кесиптик педагогикалык методдор иштелип чыкты. Алынган жыйынтыктар жалпыланып, калыптандыруучу эксперименттин мазмунун иштеп чыгууда негиз катары колдонулду.

Учурдагы мектеп мугалимдеринин жана бүтүрүүчү студенттердин каада-салттар аркылуу окуучуларды демократиялуулукка тарбиялоого кесиптик компетенттүүлүгүнүн реалдуу деңгээлдерин билүү максатында Талас областынын Бакай-Ата районунун мектептеринен – 65 мугалимге, Бишкек шаарынын мектептеринен - 55 мугалимге, жалпысынан - 120 мектеп мугалимине изилдөө жүргүзүлдү. Изилдөөдө анкета, байкоо, аңгемелешүү, рейтинг, статистикалык-математикалык жол менен эсептөө методдору колдонулду.

Изилдөөнүн жүрүшүндө мугалимдердин жана бүтүрүүчү студенттердин каада-салттар аркылуу окуучуларды демократиялуулукка тарбиялоого карата

мамилесин, билимин аныктоого багытталган анкета баракчасы түзүлүп, ар бирине сунушталды. Анкетанын төмөндөгүдөй эркин суроолору изилденүүчү тарабынан иштелип чыкты. Анкета тиркемеде берилди (Тиркеме №1)

**1.1 - таблица. Аныктоочу эксперименттин жыйынтыктары Талас областынын Бакай-Ата районунун К. уулу Шаршенбай жана Акчал уулу Дүйшөн атындагы орто мектептеринин мугалимдери**

| № | Суроолор: | Талас областынын Бакай-Ата районунун мугалимдери | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | Түшүнүгүм жок | Түшүнөм, айтып бере албайм | Түшүнөм, толук айтып бере алам | Жообум жок |
| | | Экп.ч | Экп.ч | Экп.ч | Экп.ч |
| 1 | Азыркы мезгилдеги окуучуларды демократиялуулукка тарбиялоодо элдик каада-салттардагы демократиялуулук дөөлөттөрдү окуп-үйрөнүү, иликтеп-изилдөө жана жайылтуу иштеринин ордун кандай түшүнөсүз? | 45% | 55% | 0% | 0% |
| 2 | Окуучуларды демократиялуулукка тарбиялоодо элдик руханий -салттык нарк-дөөлөттөрдү сактоо, окуп-үйрөнүү, иликтеп-изилдөө жана жайылтуу ишинде мугалимдин милдеттерин кандай түшүнөсүз? | 35% | 48% | 0% | 17% |
| 3 | Каада-салттардагы руханий-демократиялуулук нарк-дөөлөттөрдү өз ишмердүүлүгүңүздө дайыма пайдаланасызбы же айрым учурда элеби? | 43% | 43,5% | 0 % | 13,5% |
| 4 | Окуучуларды демократиялуулукка тарбиялоо максатында каада-салттарды иргеп алуунун кандай принциптерине таянасак болот? | 40% | 26,5% | 0% | 6,5% |
| 5 | Окуучуларды демократиялуулукка тарбиялоодо каада-салттарды колдонуунун кандай ыкмаларын, усулдарын колдоносуз? | 23,3% | 38,3% | 0% | 38,2% |
| 6 | Окуучуларды демократиялуулукка тарбиялоодо каада-салттарды колдонуунун кандай инновациялык | 55% | 45% | 0% | 5% |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | усулдарын билесиз? | | | | |
| 7 | Каада-салттардагы демократиялуулук нарк-дөөлөттөрдү окуу процессинде кандай жолдор менен колдонуўга болот? | 32% | 35% | 0% | 33% |
| 8 | Элдик демократиялуулук каада-салттарын класстан тышкаркы иштерде кандай жолдор менен колонууга болот? | 35% | 37% | 0% | 28% |
| 9 | Деги эле, өз ишмердүүлүгүңүздө окуучуларды демократиялуулукка тарбиялоо боюнча кем, өксүктөрүнө талдоо жүргүзүп, бул тууралуу кесиптештериңиз менен ой бөлүшүп турасызбы? | 12% | 41,67% | 2% | 38% |
| 10 | Каада-салттар аркылуу окуучуларды демократиялуулукка тарбиялоо иштерин жакшыртуу боюнча сунуштарыңыз барбы? | 40% | 36,5% | 0% | 23,5% |

Алынган маалыматтарды талдоонун жыйынтыгы мектеп мугалимдериндеги даярдыктын: төмөнкү, орто жана жогорку деңгээлдерди көрсөттүү.

**Даярдыгы төмөнкү деңгээлдеги** (76,6%) 92 мугалим элдик руханий-демократтык нарк дөөлөттөрдү сактоо, окуп-үйрөнүү, иликтеп-изилдөө жана жайылтуу идеяларына терс көз караштa. Ошондуктан буларда каада-салттарда камтылган руханий-демократтык дөөлөттөдү өз кесиптик компетенттүүлүгүн өркүндөтүүнүн каражаты жана булагы катары өздөштүрүүгө умтулуу аракеттери байкалбайт. Өз элинин демократтык нарктарын коргоо, өнүктүрүү, жайылтуу үчүн зарыл болгон билгичтик, көндүм жана тажрыйбалары субъективдүү көз караштарына жана жекече тажрыйбаларына ылайык калыптанган, бул багыттагы тарбиялоо ишмердигинин кем, өксүктөрүнө талдоо жүргүзүү муктаждыктарын сезишпейт.

**Даярдыгы орточо деңгээлдеги** (19,3%) 23 мугалим руханий-демократтык нарк-дөөлөттөрдү сактоо, окуп-үйрөнүү, иликтеп-изилдөө жана жайылтуу идеяларына негизинен оң пикирде, бирок туруксуз, шектенүү менен карашат. Каада-салттарда камтылган руханий-демократтык дөөлөттөрдү тышкы талаптардын таасиринде гана үстүртөн өздөштүрүп, окуучуларды элдин

демократтык каада-салттары менен тааныштырууну үй-бүлөнүн милдети катары эсептешет. Этникалык маданиятка, фольклорго тиешелүү түйүндүү түшүнүктөрдүн мааниси, демократиялуулуктун көтөргөн жүгү тууралуу жетиштүү билимге ээ эмес. Каада-салттар аркылуу окуучуларды демократиялуулукка тарбиялоо ишмердиги жекече чыгармачыл мамилеге эмес, муртадан белгилүү жоболорго, көрсөтмөлөргө негизделген.

**Даярдыктын жогорку деңгээли** (4,1 %) бардык көрсөткүчтөр ачык, даана байкалганда белгиленет. Бул деңгээлдеги 5 мугалим элдик руханий-демократтык нарк-дөөлөттөрдү сактоо, окуп-үйрөнүү, иликтеп-изилдөө жана жайылтуу идеяларына ынтызар жана бул педагогикалык процесстин активдүү катышуучусу. Каада-салттар аркылуу окуучуларды демократиялуулукка тарбиялоонун методологиялык, философиялык, методикалык негиздери боюнча терең, практикалык багытталган билимдерге ээ жана көндүмдөрү, билгичтиктери чыгармачыл өз алдынча изденүү мүнөзүндө. Каада-салттар аркылуу окуучуларды демокртиялуулукка тарбиялоонун мектепте, үй-бүлөдө кездешүүчү проблемаларына сезимтал мамиле жасашып, аларды чечүүнүн үстүндө тынымсыз изденишет. Бул багыттагы өз ишмердигинин кем, өксүктөрүнө талдоо жүргүзүү, жекече тажрыйбаларын жалпылаштыруу, коомчулукка жайылтуу муктаждыгын сезишет жана бул тууралуу кесиптештери менен чын дилинен ой бөлүшөт, о.э., жекече тажрыйбасын үлгү катары көрсөтүү менен демократиялуулукка тарбиялоо ишмердигинине ата-энелерди да тартышат.

Болочок мугалимдерди каада-салттар аркылуу окуучуларды демократиялуулукка тарбиялоого даярдоо максатындагы ЖОЖдогу бүткүл жумуштардын мазмуну менен уюштурулушу ушул деңгээлде негизделүүгө тийиш. Тилекке каршы, биздин иликтөөдө даярдыгы жогорку деңгээлдеги мугалимдер 4,1 % гана түздү. Булар окуучуларды демократиялуулукка тарбиялоодо каада-салттарды колдонуу боюнча билимдеринин жана билгичтиктеринин көпчүлүгүн жогорку жайында алышкан эмес.

Орто мектептин мугалимдеринин даярдыгынын деңгээлдерин талдоо менен жогорку окуу жайларында болочок мугалимдерди каада-салттар аркылуу окуучуларды демократиялуулукка тарбиялоого кесиптик даярдоо маселелерине жетиштүү көңүл бурулган эмес деген бүтүмгө келдик. Мектеп мугалимдери өздөрү белгилегендей, алар каада-салттарды колдонуу менен класстык жана класстан тышкаркы жумуштарды уюштурууда усулдук жактан көп кыйынчылыктарга туш келишет. Ушул себептен, биз бүтүрүүчү студенттердин да каада-салттар аркылуу окуучуларды демократиялуулукка тарбиялоого кесиптик компетентүүлүгүнүн деңгээлинде да иликтөө жүргүздүк. Бул максатта анкеталык сурамжылоо, студенттер жана окутуучулар менен аңгемелешүү, окуу процессине жана аудиториядан тышкаркы жумуштарга педагогикалык байкоо жүргүзүү, тестирлөө, студенттердин окуу-практикалык ишмердиктеринин жыйынтыктарын талдоо ыкмалары колдонулду. Бул изилдөөгө компетенттүү кафедранын тажрыйбалуу педагогикалык, психологиялык, этнопедагогикалык даярдоо менен жакындан тааныш окумуштуулар, орто мектептин тажрыйбалуу педагогдору катышышты.

Ал эми төмөнкү таблицада бүтүрүүчү студенттердин каада-салттар аркылуу окуучуларды демократиялуулукка тарбиялоого карата мамилесин, билимин аныктоого багытталган КУУнун педагогика факультетинин Пед(б)-1-14 группасынын студенттеринин түшүнүктөрүнүн көрсөткүчтөрү берилди 1.2-таблица.

**Таблица 1.2. КУУнун педагогикалык факультетинин Пед(б)-1-14 группасынын студентеринин түшүктөрүнүн көрсөткүчтөрү**

| Суроолор | 1 | | | | 2 | | | | 3 | | | | 4 | | | | 5 | | | | 6 | | | | 7 | | | | 8 | | | | 9 | | | | 10 | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| № | Түшүнүгүм жок | Түш. толук эмес | Толук түшүнөм | Жообум жок | Түшүнүгүм жок | Түш. толук эмес | Толук түшүнөм | Жообум жок | Түшүнүгүм жок | Түш. толук эмес | Толук түшүнөм | Жообум жок | Түшүнүгүм жок | Түш. толук эмес | Толук түшүнөм | Жообум жок | Түшүнүгүм жок | Түш. толук эмес | Толук түшүнөм | Жообум жок | Түшүнүгүм жок | Түш. толук эмес | Толук түшүнөм | Жообум жок | Түшүнүгүм жок | Түш. толук эмес | Толук түшүнөм | Жообум жок | Түшүнүгүм жок | Түш. толук эмес | Толук түшүнөм | Жообум жок | Түшүнүгүм жок | Түш. толук эмес | Толук түшүнөм | Жообум жок | Түшүнүгүм жок | Түш. толук эмес | Толук түшүнөм | Жообум жок |
| 1 | + | | | | + | | | | | + | | | + | | | | + | | | | | + | | | | | | + | + | | | | + | | | | | | | + |
| 2 | + | | | | | + | | | | | | + | | + | | | + | | | | + | | | | + | | | | + | | | | + | | | | + | | | |
| 3 | | + | | | + | | | | | | | + | + | | | | | + | | | | + | | | | + | | | | + | | | | + | | | | + | | |
| 4 | | | | + | + | | | | + | | | | + | | | | | | | + | | | | + | | | | + | | | | + | | | | + | | | | + |
| 5 | | | | + | + | | | | | | | | + | | | | | | | + | | | | + | | | | + | | | | + | | | | + | | | | + |
| 6 | | | | + | + | | | | | | | | + | | | | | | | + | | | | + | | | | + | | | | + | | | | + | | | | + |
| 7 | | + | | | | | | + | | | | | | | | + | | + | | | | + | | | | + | | | | + | | | | + | | | | + | | |
| 8 | + | | | | | | | + | | | | | | | | + | + | | | | + | | | | + | | | | + | | | | + | | | | + | | | |
| 9 | + | | | | | + | | | | | | | | + | | | + | | | | + | | | | + | | | | + | | | | + | | | | + | | | |
| 10 | | + | | | | + | | | | | | | | + | | | | + | | | | + | | | | + | | | | + | | | | + | | | | + | | |
| 11 | + | | | | + | | | | | | | | + | | | | + | | | | + | | | | + | | | | + | | | | + | | | | + | | | |
| 12 | + | | | | | | | + | | | | | | | | + | + | | | | + | | | | + | | | | + | | | | + | | | | + | | | |
| 13 | | + | | | | + | | | | | | | | + | | | | + | | | | + | | | | + | | | | + | | | | + | | | | + | | |
| 14 | | + | | | | | | + | | | | | | | | + | | + | | | | + | | | | + | | | | + | | | | + | | | | + | | |
| 15 | + | | | | | + | | | | | | | | + | | | + | | | | + | | | | + | | | | + | | | | + | | | | + | | | |
| 16 | | | | + | | + | | | | | | | | + | | | | | | + | | | | + | | | | + | | | | + | | | | + | | | | + |
| 17 | + | | | | | | | + | | | | | | | | + | + | | | | + | | | | + | | | | + | | | | + | | | | + | | | |
| 18 | | | | + | | + | | | | | | | | + | | | | | | + | | | | + | | | | + | | | | + | | | | + | | | | + |
| 19 | | + | | | | + | | | | | | | | + | | | | + | | | | + | | | | + | | | | + | | | | + | | | | + | | |
| 20 | + | | | | | | | + | | | | | | | | + | + | | | | + | | | | + | | | | + | | | | + | | | | + | | | |
| 21 | + | | + | | | | | + | | | | | | | | + | | | + | | | | + | | | | + | | | | + | | | | + | | | | + | |
| 22 | | + | | + | | | | + | | | | | | | | + | | | | + | | | | + | | | | + | | | | + | | | | + | | | | + |
| 23 | + | | + | | | | + | | | | | | | | + | | | | + | | | | + | | | | + | | | | + | | | | + | | | | + | |
| 24 | | | + | | | | | | | + | | | | | | | | + | + | | | | + | | | | + | | | | + | | | | + | | | | + | |
| 25 | + | | | + | | | | + | | | | | | | | + | | | | + | | | | + | | | | + | | | | + | | | | + | | | | + |

| № | Суроолор: | КУУ, аныктоочу группа | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | **Түшүнүгүм жок** | **Түшүнөм, айтып бере албайм** | **Түшүнөм, толук айтып бере алам** | **Жообум жок** |
| | | **Экп.ч** | **Экп.ч** | **Экп.ч** | **Экп.ч** |
| 1 | Азыркы мезгилдеги окуучуларды демократиялуулукка тарбиялоодо элдик каада-салттардагы демократиялуулук дөөлөттөрдү окуп-үйрөнүү, иликтеп-изилдөө жана жайылтуу иштеринин оордун кандай түшүнөсүз? | 36% | 52% | 0% | 12 % |
| 2 | Окуучуларды демократиялуулукка тарбиялоодо элдик руханий -салттык нарк-дөөлөттөрдү сактоо, окуп-үйрөнүү, иликтеп-изилдөө жана жайылтуу ишинде мугалимдин милдеттерин кандай түшүнөсүз? | 56 % | 36 % | 0% | 8 % |
| 3 | Каада-салттардагы руханий-демократиялуулук нарк-дөөлөттөрдү өз ишмердүүлүгүңүздө дайыма пайдаланасызбы же айрым учурда элеби? | 16 % | 60,5% | 0% | 23,5% |
| 4 | Окуучуларды демократиялуулукка тарбиялоо максатында каада-салттарды иргеп алуунун кандай принциптерине таянасак болот? | 44% | 44% | 0 % | 12% |
| 5 | Окуучуларды демократиялуулукка тарбиялоодо каада-салттарды колдонуунун кандай ыкмаларын, усулдарын колдоносуз? | 36% | 32% | 0 % | 32 % |
| 6 | Окуучуларды демократиялуулукка тарбиялоодо каада-салттарды колдонуунун кандай инновациялык усулдарын билесиз? | 68% | 16% | 0 % | 16% |
| 7 | Каада-салттардагы демократиялуулук нарк-дөөлөттөрдү окуу процессинде кандай жолдор менен колдонууга болот? | 20% | 40% | 0 % | 40 % |
| 8 | Элдик демократиялуулук каада-салттарын класстан тышкаркы иштерде кандай жолдор менен колонууга болот? | 52% | 36% | 0 % | 12% |
| 9 | Деги эле, өз ишмердүүлүгүңүздө окуучуларды демократиялуулукка тарбиялоо боюнча кем, өксүктөрүнө талдоо жүргүзүп, бул тууралуу кесиптештериңиз менен ой бөлүшүп турасызбы? | 12% | 50 % | 0 % | 38% |
| 10 | Каада-салттар аркылуу окуучуларды демократиялуулукка тарбиялоо иштерин жакшыртуу боюнча сунуштарыңыз барбы? | 40% | 36,5% | 0 % | 23,5% |

**Таблица 1.2.** де көрсөтүлгөн аныктоочу группанын студенттеринин түшүнүктөрүнүн көрсөткүчтөрүн А.В. Усованын формуласын колдонуу

аркылуу түшүнүктүн мазмунун өздөштүрүүнүн толуктук коэфицентин аныктоодо бүтүрүүчүлөрдүн кесиптик даярдыгы жогорку деңгээлдеги студенттердин өзгөчө тобун аныктай албадык.

$$\overline{X} = \frac{\sum_{i-1}^{n} n_i}{\mathrm{nN}}$$ n=суроолордун саны, N= студенттердин саны

$$\overline{X} = \frac{0}{10*25} = 0$$

Аныктоочу экспериментте *азыркы мезгилдеги окуучуларды демократиялуулукка тарбиялоодо элдик каада-салттардагы демократиялуулук дөөлөттөрдү окуп-үйрөнүү, иликтеп-изилдөө жана жайылтуу иштеринин оордун кандай түшүнөсүз?* Деген суроого студенттердин 36% ти түшүнүгүм жок; түшүнөм бирок айтып бере албайм- 52%; түшүнөм жана түшүнгөнүмдү толук айтып бере алам – 0%; жообум жок – 12 % ти өз ойлорун билдиришкен.

*Окуучуларды демократиялуулукка тарбиялоодо элдик руханий - салттык нарк-дөөлөттөрдү сактоо, окуп-үйрөнүү, иликтеп-изилдөө жана жайылтуу ишинде мугалимдин милдеттерин кандай түшүнөсүз?* - 56 % ти түшүнбөйм; түшүнөм бирок айтып бере албайм – 36%; түшүнөм жана түшүнгөнүмдү толук айтып бере алам деп - 0%; жообум жок – 8 % ти өз ойлорун билдиришкен.

*Каада-салттардагы руханий-демократиялуулук нарк-дөөлөттөрдү өз ишмердүүлүгүңүздө дайыма пайдаланасызбы же айрым учурда элеби?*- 16% ти түшүнбөйм; түшүнөм, бирок айтып бере албайм- 60,5%; түшүнөм жана түшүнүгүмдү толук айтып бере алам деп - 0%; жообум жок- 25,5 % ти өз ойлорун билдиришкен.

*Окуучуларды демократиялуулукка тарбиялоо максатында каада-салттарды иргеп алуунун кандай принциптерине таянасак болот?* 44% ти түшүнүгүм жок; түшүнөм жана колдоно албайм - 44%; түшүнөм жана түшүнүгүмдү толук колдоно алам деп - 0%; жообум жок -12% деп жооп беришкен.

*Окуучуларды демократиялуулукка тарбиялоодо каада-салттарды колдонуунун кандай ыкмаларын, усулдарын колдоносуз?* - 36%ти түшүнүгүм жок; 32% ти – айрым ыкмаларды билем, бирок колдоно албайм; билем жана түшүнүгүмдү толук колдоно алам деп - 0 %; жообум жок - 32 % ти өз ойлорун билдиришкен.

*Окуучуларды демократиялуулукка тарбиялоодо каада-салттарды колдонуунун кандай инновациялык усулдарын билесиз?* - 68% ти түшүнбөйм; түшүнөм бирок айтып бере албайм –16%; түшүнөм, билем жана түшүнүгүмдү толук колдоно алам деп- 0 %; жообум жок - 16%.

*Каада-салттардагы демократиялуулук нарк-дөөлөттөрдү окуу процессинде кандай жолдор менен колдонууга болот?* - 20% ти түшүнбөйм; түшүнөм бирок айтып бере албайм - 40%; түшүнөм, билем жана түшүнүгүмдү толук колдоно алам деп - 0 %; жообум жок - 40 % деп өз ойлорун билдиришкен.

*Элдик демократиялуулук каада-салттарын класстан тышкаркы иштерде кандай жолдор менен колонууга болот?* - 52%ти түшүнбөйм, билбейм; 36%ти билем, бирок колдонууда кыйынчылыктар бар; билем жана толук колдоно алам деп - 0 %; жообум жок - 12%.

*Деги эле, өз ишмердүүлүгүңүздө окуучуларды демократиялуулукка тарбиялоо боюнча кем, өксүктөрүнө талдоо жүргүзүп, бул тууралуу кесиптештериңиз менен ой бөлүшүп турасызбы?* – 12%ти жок; 50% ти кээ бир учурда гана; ооба, ой бөлүшүп, талдайм – 0 %; жообум жок – 38%.

*Каада-салттар аркылуу окуучуларды демократиялуулукка тарбиялоо иштерин жакшыртуу боюнча сунуштарыңыз барбы?*- 40% ти сунушум жок; педагогдор жана ата-эне биргеликте иш алып баруусу керек - 36,5 % конкреттүү сунушум жок 0%; жообум жок - 23,5%.

Эксперименттин материалдары студенттердин 14,5% окуучуларды демократиялуулукка тарбиялоодо каада-салттардагы руханий-демократтык дөөлөттөдү колдонуунун зарылдыгынын анын маанилүү ролун түшүнүшөрүн тастыктайт. Бирок, алар бүгүнкү күндөгү демократиялуулукка тарбиялоодо каада-салттарды колдонууга теориялык жактан жетишерлик деңгээлде даяр

эмес; элдин демократиялык нарктары, салттары, демократиялуулукка тарбиялоонун элдик методдорунун, принциптеринин өзгөчөлүктөрү жөнүндө билимдери тайкы; каада-салттардын тарбиялык функциялары менен үстүртөн гана тааныш. Студенттердин көпчүлүгү (85,5%) даярдыктын төмөнкү деңгээлин көрсөтүштү. Бул деңгээлдеги студенттер окуучуларды демократиялуулукка тарбиялоодо каада-салттарды колдонуунун социалдык-педагогикалык маанилүүлүгүн жеткиликтүү деңгээлде түшүнүшпөйт жана буга терс мамиле жасашат.

Тарбиялоо жумушунда элдик педагогиканын каражаттарынын колдонуунун билгичтиктери калыптанган эмес, элдик тарбиялоо тажрыйбаларын үйрөнүүгө умтулуусу, кызыгуусу байкалбайт. Изилдөөдө биз, тилекке каршы, кесиптик даярдыгы жогорку деңгээлдеги студенттердин өзгөчө тобун аныктай албадык.

Аныктоочу эксперименттин жалпы жыйынтыктары болочок мугалимдерди каада-салттар аркылуу окуучуларды демократиялуулукка тарбиялоого даярдоонун учурдагы абалы азыркы коомдун социалдык-педагогикалык талабынан кыйла алыс экендигине дагы бир жолу ынандырды жана төмөндөгүдөй мүчүлүштүктөрдүн орун алгандыгын ачыктады:

- компетенттүүлүккө негизделген үчүнчү муундагы жогорку педагогикалык билим берүү стандарттарында болочок мугалимдердин окуучуларды демократиялуулукка тарбиялоо иштеринде каада-салттардын педагогикалык мүмкүнчүлүктөрүн колдонуу функциясы, компетенциялары атайын белгиленген эмес;
- жогорку педагогикалык билим берүү боюнча окуу пландарында жаштарды демократиялуулукка тарбиялоо иштеринде каада-салттарды колдонуунун илимий-методикалык негиздерине жана студенттердин бул багыттагы кесиптик компетенцияларын калыптандырууга багытталган атайын дисциплина жок;
- Кыргызстандын жогорку окуу жайларында кеңири колдонулуп жаткан педагогика окуу китептеринин, программаларынын мазмунунда мектеп

окуучуларын демократиялуулукка тарбиялоодо каада-салттарды колдонуу боюнча болочок мугалимдердин компетенцияларын калыптандырууга өбөлгө болуучу илимий-методикалык билимдер жетишээрлик долбоорлонгон эмес;

- жогорку окуу жайларында болочок мугалимдердин каада-салттар аркылуу окуучуларды демократиялуулукка тарбиялоо компетенцияларын калыптандыруу практикасында концептуалдуу стратегияларга, теориялык концепцияларга караганда өздөрүнүн интуитивдик тажрыйбаларына таянуу үстөмдүк кылат жана балдардын демократтык сапаттарынын калыптанышын шарттаган социалдык-маданий мейкиндик менен байланыш түзүү, алардын тажрыйбаларын үйрөнүү багыттындагы практикалык даярдыгынын камсыздоо иши системдүү жолго коюлган эмес.

Теориялык талдоолор жана аныктоочу эксперименттен келип чыккан ой корутундулар болочок мугалимдердин каада-салттар аркылуу окуучуларды демократиялуулукка тарбиялоого кесиптик компетенцияларын атайын калыптандыруунун максат милдеттерин, мазмунун, технологиясын иштеп чыгуу жана сыноодон өткөрүү зарылдыгы болочок мугалимдерди каада-салттар аркылуу окуучуларды демократиялуулукка тарбиялоо иштерине кесиптик компетенцияларын калыптандыруунун педагогикалык шарттарын иштеп чыгууга түрткү болду.

## 2.2. Болочок мугалимдерди демократиялуу каада-салттар аркылуу кесиптик даярдыгын арттыруунун педагогикалык шарттары

Аныктоочу эксперименттин натыйжаларына таянып, болочок мугалимдерди каада-салттар аркылуу окуучуларды демократиялуулукка тарбиялоонун жана ага байланыштуу кесиптик компетенцияларын калыптандыруунун педагогикалык шарттарын иштеп чыгууга кириштик. Педагогиккалык шарттар түшүнүгүнүн теориялык жактан анализдөөбүз төмөнкүнү көрсөттү: 1) кандайдыр бир неседен көз каранды болгон жагдай; 2)

кандайдыр бир ишмердүүлүк чөйрөсүндө кабыл алынган эрежелер, көрсөтмөлөр; 3) болуп өткөн окуя кырдаал катары чечмеленет.

Шарт проблемасы алгач В.И. Андреев, А.Я. Найн, Н.М. Яковлева, Н.В. Ипполитова, М.В. Зверев, Б.В. Куприянов, С.А. Дынина сыяктуу ж.б. окумуштуу педагогдордун эмгектеринде педагогикалык түр түспөлгө ээ болуп, “педагогикалык шарт” деген өз алдынча термин катары колдонула баштаган.

В.И. Андреевдин пикири боюнча “педагогикалык шарттар кандайдыр бир максатка жетүү үчүн окутуунун мазмунун, формаларын, методдорун, ыкмаларын тандап алуу, конструкциялоо, колдонуунун натыйжасы” [23].

Н.М. Борытко педагогикалык шарттарды педагогикалык процесстин жүрүшүнө олуттуу таасир этүү үчүн педагог тарабынан атайлап ойлонуштурулган сырткы жагдайлар катары мүнөздөйт [48].

Окумуштуулардын ар кандай позицияларын анализдөөбүздүн негизинде, педагогикалык шарттарды ал системанын инсандык жана процессуалдык аспектине олуттуу таасир этип, анын ийгиликтүү иштешин жана өнүгүшүн камсыз кылуучу таалим-тарбиялык, материалдык-мейкиндик чөйрөсүнүн мүмкүнчүлүктөрүнүн тутуму катары карайбыз.

Биздин изилдөөбүздө педагогикалык шарттар болочок мугалимдерди демократиялуулук каада-салттарды колдонуу аркылуу кесиптик жактан даярдоодону максат, мазмун, технологиялар деңгээлинде өркүндөтүү менен иштиктүү натыйжаларга жетүшүүгө багытталат.

Теориялык анализдин жана аныктоочу эксперименттин натыйжалары төмөндөгүдөй **педагогикалык шарттарды** аныктоого мүмүнчүлүк берди.

1) болочок мугалимдерди кесиптик жактан даярдоодо кыргыз элинин демократиялуулук каада-салттарын колдонууга басым жасоо;

2) педагогикалык жана психологиялык билим берүүнүн мазмунун демократиялуулук менен элдик каада-салттардын байланышы жөнүндөгү илимий маалыматтар менен байытуу;

3) студенттердин окуучуларды демократиялуулукка тарбиялоо ишмердигинде каада-салттарды колдонуунун теориялык жана технологиялык

аспектилерине байланыштуу компетенцияларды өркүндөтүү жана педагогикалык процесске киргизүү;

4) студенттердин жаш муундарды демократиялуулукка тарбиялоо ишмердигинде каада-салттарды колдонуу компетенттүүлүгүн калыптандыруунун теориялык жана технологиялык аспектилерин ичине алган атайын курсту ишке киргизүү;

5) педагогикалык практиканын мазмунун болочок мугалимдердин каада-салттар аркылуу окуучуларды демократиялуулукка тарбиялоодо элдик каада-салттарга карата субъективдүү өз алдынча ишмердүүлүк тажрыйбасын байытуу.

**Биринчи педагогикалык шарт** болочок мугалимдерде элдик руханий-демократтык нарк-дөөлөттөрдү сактоо, окуп-үйрөнүү, иликтеп-изилдөө жана жайылтуу идеяларына кайдигер, ишенимсиз көз караштын басымдуулук кылышы менен түшүндүрүлөт. Психологиялык изилдөөлөрдө жеке инсандын керектөөсү, кызыгуусу анын ишмердигинин мазмунун аныктайт. Алсак, Л.С. Выготский “иш аракет-кызыгуудан, керектөөдөн, умтулуудан турган ойлоонун мотивдик сферасынан пайда болот” - деген эң маанилүү ойду айткан [56]. Ал эми психолог В.С. Мухина “Мотив - белгилүү керектөөнү канаттандырууга байланыштуу чыга турган түрткү, баланын ага карата мамилеси” - деп белгилеген [122].

Бул проблеманы чечүү үчүн “Педагогика” багытындагы окуу планынын базалык бөлүктөгү “Философия”, “Азыркы кыргыз тили”, “Кыргызстандын тарыхы”, “Манас таануу”, “Педагогика”, “Психология” предметтеринин мазмунун улуттун демократиялык нарк-насилдери аркылуу толуктоолорду сунуштадык.

**Экинчи педагогикалык шартты** Кыргыз элинин жашоо шартында да демократиялуулук түшүнүгү түздөн-түз аталбаса дагы коомдук турмушта кадыресе колдонулгандыгын, атайын кабыл алынган Конституциясы болбогону менен, адептик-укуктук, эркиндик эреже нормалары каада-салттарда сакталып келгендигин элибиздин бай тарыхы ырастайт. Мындан элибиздин жашоо

турмушу жазуу жүзүндө кабыл алынган мыйзамдуулукка караганда, кадимки турмушта колдонулган оозеки каада-салттарда сактоого ылайыкталгандыгынан жана аларды бүгүнкү күндүн мугалимин кесиптик жактан калыптандыруу ишинде анын аныкталган бир деңгээлде таасири бар экендигин белгилөөгө болот.

**Үчүнчү педагогикалык шартты** Мамлекеттик стандарттагы жана педагогика багытындагы жумушчу окуу пландарында, окуу китептеринин мазмунунда болочок мугалимдердин каада-салттар аркылуу окуучуларды демократиялуулукка тарбиялоо компетенцияларын калыптандырууга өбөлгө болуучу илимий-методикалык билимдердин жетишээрлик долбоорлонбогондугу менен белгиледик. Аталган проблеманы чечүү үчүн “Педагогика” багытынын окуу планындагы “Педагогикалык психология”, “Социалдык педагогика”, “Билим берүүнүн жана педагогиканын тарыхы”, “Этнопедагогика” дисциплиналарынын мазмунун болочок мугалимдердин каада-салттар аркылуу окуучуларды демократиялуулукка тарбиялоого кесиптик компетенцияларын калыптандыруу багытындагы илимий билимдер, окуу материалдары менен өркүндөтүүнүн жана окутуунун ийкемдүү технологияларын колдонуунун жолдору айкындалды.

**Төртүнчү педагогикалык шарт** “Кыргыз элинин каада-салттары жана окуучуларды демократиялуулукка тарбиялоо” кошумча өнүкгүрүү программасы. Аталган программанын максаты болочок мугалимдердин каада-салттар аркылуу окуучуларды демократиялуулукка тарбиялоо жумуштарын жүргүзүүдөгү теориялык, практикалык жана методикалык даярдыктарын толуктоо, жалпылаштыруу жана системага салуу, аларды реалдуу кырдаалдагы практикалык ишмердүүлүккө үйрөтүү.

Болочок мугалимдердин каада-салттар аркылуу окуучуларды демократиялуулукка тарбиялоого кесиптик компетенттүүлүгүн калыптандыруунун **бешинчи педагогикалык шарты** болуп окутуу процессиндеги болочок мугалимдердин педагогикалык практикасын үзгүлтүксүз уюштуруу, даярдоо эсептелет. Практиканын ар бир түрүн өзүнүн

спецификалык максаттары жана милдеттери, мазмуну, өткөрүү базасы жана уюштуруу өзгөчөлүктөрү бар. Үзгүлтүксүз педагогикалык практиканын өзгөчөлүгү болуп анын психологиялык-педагогикалык дисциплиналарды үйрөнүү менен параллель өткөрүлүшү саналат.

Аныкталган педагогикалык шарттардын болочок мугалимдердин каада-салттар аркылуу окуучуларды демократиялуулукка тарбиялоо компетенцияларын калыптандыруудагы натыйжалуулугун аныктоо эксперимент аркылуу текшерүүнү талап этет.

Болочок мугалимдерди каада-салттар аркылуу окуучуларды демократиялуулукка тарбиялоого кесиптик даярдоонун маанилүү шарттарынын бирин ЖОЖдун окуу программаларынын мазмунун изилдөөнүн милдеттерине ылайык өркүндөтүү жана долбоорлоо маселелери түзөт.

Изилдөөчүлөр Ю.К. Бабанский, Л.С. Выготский, В.В. Краевский окуу материалынын мазмуну кызыгуунун булагы жана аны калыптандыруунун негизги шарттарынын бири экендигин белгилешкен. Ю.К. Бабанский: “окутуу маселелерин практикада ийгиликтүү чечилиши, биринчи кезекте, окутуунун мазмундук компонентинин түзүлүшүнөн көз каранды” [32, 24-б.]. Ал эми Л.С. Выготский өз кезегинде, өздөштүрүлгөн билимдин мазмунунун инсандын өнүгүүсүндөгү жетектөөчү маанисин белгилөө менен педагогиканы окутуунун натыйжалуу усулдарын иштеп чыгууга кандай аракеттер жасалса, окутуунун мазмунун иштеп чыгуу проблемасына дагы ошондой аракет жасоого багытталган [56, 61-б.]. Орус методологу В.В. Краевский мазмунду “билим берүүгө каратылган социалдык заказдын педагогикалык модели” катары аныктайт [94,115-б.]. Демек, болочок мугалимдерди каада-салттар аркылуу демократиялуулукка тарбиялоого кесиптик даярдоону өркүндөтүү ЖОЖдун окуу-тарбия процессинин мазмунун кыргыз каада-салттар аркылуу программалык – мазмундук, максаттык-дөөлөттүк жана технологиялык деңгээлдерде өзгөртүп түзүү менен түздөн-түз байланыштуу.

Аныкталган педагогикалык шарттарга таянуу менен “Педагогика” багытынын бакалаврларды даярдоо окуу программаларынын мазмунун

студенттерди каада-салттар аркылуу окуучуларды демократиялуулукка тарбиялоого даярдоонун алкагында өркүндөтүүгө аракеттендик. Окуу программалары болочок мугалимдерди кесиптик жактан даярдоо жана окуучуларды демократиялуулукка тарбиялоо проблемалары камтылган бөлүмдөрүнө басым жасоону максатка ылайык деп эсептейбиз.

Эне тилдин болочок мугалимдерди каада-салттар аркылуу окуучуларды демократиялуулукка тарбиялоодогу потенциалын пайдалануу кесиптик-багытталган мамиле жасоону талап кылат. Тактап айтканда, тил илимин үйрөнүү процессинде анын лексикалык базасындагы демократиялуулукка тарбиялоого байланышкан теориялык көз караштар жана эмпирикалык түшүнүктөр актуалдашырылышы зарыл. Маселен, кыргыз элинин жашоо шартында, эне тилинде да демократиялуулук түшүнүгү түздөн-түз аталбаса дагы коомдук турмушта анын маани-мазмунун камтыган жакшылык, сый, абийир, парз, эркиндик, жоопкерчилик, сабырдуулук, ынтымак ж.б.у.с. сөздөр демократиялык ой жүгүртүүнүн жетектегич идеялары болуп келгендигин элибиздин лексикалык бай тарыхы ырастайт.

Биздин изилдөөлөр көрсөткөндөй, жогорудагыдай аракеттер болочок мугалимдердин эне тилге карата кызыгууларын кыйла активдештирет аны окуучуларды демократиялуулукка тарбиялоонун булагы катары кесиптик педагогикалык позициядан үйрөнүүсүнө өбөлгө түзөт.

Болочок мугалимдин каада-салттар аркылуу окуучуларды демократиялуулукка тарбиялоого илимий-теориялык даярдыгын калыптандырууда философия курсунун мүмкүнчүлүктөрүн эске албай коюуга да мүмкүн эмес. Л.А. Беляева: “Бир дагы билим берүү жана тарбиялоо системасы дүйнө таанымдын ваакуумунда жашабайт. Алардын ар биринин негизинде адам философиясы, анын маңызы жөнүндөгү түшүнүктөр жатат. Ошондуктан педагогиканы терең мазмунунда колдонмо философия катары деп айтууга мүмкүн” [44,135-б.], - деп белгиленгендей азыркы мезгилдеги мугалимдин демократиялуулукка тарбиялоого даярдыгы анын философиялык маданияты менен тыгыз байланыштуу.

“Философия” курсунун программасында каада-салттар аркылуу окуучуларды демократиялуулукка тарбиялоонун методологиялык негизин түзгөн окуу материалдары камтылган. Алсак, философиялык билимдердин өнүгүү тарыхын үйрөнүүдө, биз кыргыз философиясынын калыптануусунун булагы катары кыргыз элдик каада-салттарына токтолсок болот. Анткени, каада-салттарда кыргыз элинин руханий-демократтык маданиятынын өзгөчөлүктөрү, анын улуттук спецификасы жана менталитети чагылдырган. Элдик каада-салттардагы идея, мораль илимий терминдер аркылуу эмес, аткаруучунун жандуу өнөрү берилиши демократиялуулуктун элдик философиясындагы көрүнүшү эсептелет.

“Этнос”, “Этномаданият”, “этноэтикет” сыяктуу философиялык түшүнүктөргө терең ой жүгүртпөстөн туруп, элдин руханий демократтык дөөлөттөрүн түшүнүүгө мүмкүн эмес. Эксперименттин жүрүшүндө биз, “философия” курсунун көптөгөн темаларында каада-салттар аркылуу демократиялуулукка тарбиялоодо методологиялык багыт берүүчү билимдердин камтылгандыгына терең ынандык. Өзгөчө кыргыз акындарынын салттык философиялык, этикалык көз караштары менен байланышкан материалдар баалуу.

Кыргыз элинин рухий-демократтык турмушундагы каада-салттардын ролун таанып-билүүдө “Кыргызстандын тарыхы” курсунун орду теңдешсиз. Элдик демократиялуулукка тарбиялоо тажрыйбалары элдин тарыхы менен тыгыз байланышкан. Ч.Айтматов “Өткөндү унуткан адам азыркы дүйнөдөгү өзүнүн чыныгы ордун кайрадан табууга далаалат жасаганга барабар, башка элдер менен кошо өзүнүн элинин тарыхый тажрыйбасынан ажыраган адам катары эсептелинип, келечектин тарыхынан тышкары жана күнүмдүк тиричилик менен жашаган адам болуп калат” [6,118], - деп белгилейт.

Өз элинин келип чыгуу тарыхынан, анын жаратылыш, дүйнө менен мамилелешүү жөнүндөгү көз караштарын жана түшүнүктөрүн өздөштүрбөй туруп, өзүн элдин демократтык дөөлөттөрүн алып жүрүүчү катары сезүү мүмкүн эмес. Улуттук дөөлөттөрдүн жалпы адамзаттык дөөлөттөр менен

болгон диалектикалык биримдиги ЖОЖдордогу бардык окуу-тарбиялык ишмердиктин, билим берүүнүн мазмундук өзөгү болуп калууга тийиш.

Демек, коомдук-илимий дисциплиналардын цикли этномаданият, анын аксиологиясы жана адам коомундагы руханий-демократтык дөөлөттөрдүн ролу жөнүндө жалпыланган, системаланган билимди жана түшүнүктү берет. Бул билимдердин жыйындысы студенттердин каада-салттарынын социалдык-педагогикалык маңызын ийгиликтүү өздөштүрүүсүнүн жана демократиялуулукка тарбиялоонун практикалык билгичтиктерине, көнүмдөрүнө ээ болуусунун методологиялык өбөлгөсү болуп саналат.

Эксперименталдык жумушта "Педагогика" курсунун логикасы төмөндөгүдөй болду.

"Педагогика илиминин пайда болушу жана өнүгүшү" деген темада эң алгач тарбиячынын, насаатчынын алгачкы образдарынын пайда болушу объективдүү негиздерге ээ экендигине студенттердин көңүлүн бурдук.

Ошондой эле педагог менен тарбиялануучунун ортосудагы кызматташуу мамилесинин өзгөчөлүктөрү жөнүндө баяндалып, анда биринчилерден болуп Аль-Фараби, Ибн Сина, Беруни, Жусуп Баласагын, Махмут Кашкари өңдүү орто кылымдын окумуштуу-энциклопедиячыл ойчулдары мугалим менен окуучулардын мамилесиндеги гумандуулук жана демократиялуулукту талап кылышкандыгы белгиленди. Алар мугалим окуучуларды кемсинтпей, сый-урмат менен, ага ишенич көрсөтүп мамиле кылуусу зарыл деп эсептешкен. Даанышман окумуштуулардын осуятын урматтаган биздин ата-бабаларыбыз баланын адамдык беделин көтөрө: «Баланын көөнү - пашаанын көөнү» – деп, аны кемсинтпей, кордобой, тең мамиле кылуу менен, «Баш кесмек бар, тил кесмек жок» - а чынында өз оюн айтууга тыюу жок экендигин, баланын сөзүн уга билүү, аны менен эсептешүү керек экендигин, «Сабырдын түбү - сары алтын» - балага чыдамдуу болуу, аны көтөрө билүү, «Улууга урмат – кичүүгө ызат» - кичүүнү да сыйлай билүү - ушундай тарбия гана чыгармачыл оюу өнүккөн, билерман, намыскөй, элдин, уруунун, ата тегинин келечегин ойлогон,

уятты өлүмдөн катуу көргөн инсандарды калыптандыра алат экендигин белгилешкен.

Бир дагы коом ата бабасынан калган салттык нарк мурастарын чыгармачылык менен өздөштүрүп, пайдаланбастан өнүгүшү мүмкүн эмес. Каалагандай эле руханий-демократтык тажрыйбалар насаатчылардын жардамысыз, б.а. элдик педагогдорсуз натыйжалуу өздөштүрүлбөйт. “Көрүнүктүү мугалимдер бардык элдерде, бардык мезгилдерде болуп келген жана көптөгөн насаатчылар элдин эсинде сакталып калган. Элдик педагогдор, алардын тарбиялык ишмердүүлүктөрү жөнүндөгү билимдер даанышман ойчулдар, элдик искусство чеберлери, санжырачы ж.б. тууралуу көркөм-образдык элестер менен толукталышы мүмкүн” [13,53-б.]. Алсак, кыргыз элинде Барпы, Токтогул, Жеңижок, Калыгул, Арстанбек сыяктуу чыгаан устаттары “эл акылманы”, “элдик даанышман” деген атка конушкан жана элдин эсине баарынан мурда, “караңгыда жол тапкан” улуттук масштабдагы жол көрсөтүүчү көсөм жана элдик тарбиячы катары сакталган. Ошондой эле суроонун мазмунун ачып берүүдө элдик тарбиялоонун прогрессивдүү тажрыйбаларына бүткүл элдик кызыгуу, элдик каада-салттар аркылуу демократиялуулукка тарбиялоонун теориясын жана практикасын демократиялаштыруу, гумандаштыруу сыяктуу өзгөчөлүктөрүн талдоого алдык. Натыйжада студенттерге “терең илимий идеяларды элдик тажрыйбалар, элдик идеялар менен айкалыштыруу учурдагы педагогиканы бир кыйла жогорку баскычка көтөрөт жана ошол эле мезгилде ага чыныгы элдик мүнөздү берет”, - деген идеялык ишенимди жарата алдык. Конкреттүү фактылар аркылуу каада-салттар кыргыз элинде демократиялуулукка тарбиялоонун негизги каражаты катары кызмат кылып келсе, учудагы илимий педагогика менен айкалышып, бирдиктүү тарбиялоо мейкиндигин түзө аларына студенттердин ишенимин бекемдедик.

“Азыркы мезгилдеги тарбиялоо процессинин маңызы жана мазмуну” деген теманы өтүүдө тарбиялоонун максатын, милдеттерин жана мазмунун негиздөө менен бардык эле аймактардагы демократиялуулукка тарбиялоо

процессинин бирдей, окшош болбой тургандыгына жана алардын конкреттүү улуттун турмуш шартына, этникалык дүйнөсүнө шайкеш келиши абзел экендигине студенттердин бекем ишенимин калыптандырууга умтулдук. Г.Н. Волков: "Жалпы адамзаттык маданиятка жол улуттук өзгөчөлүктөрдөн баш тартууда эмес, аны эң мыкты таанып-билип, анын прогрессивдүү элементтерин максималдуу колдонууда жатат" [54,5-б.], - деп белгилейт.

Болочок мугалимдердин изилдөө материалдарына таянуу менен азыркы мезгилдеги билим берүүнүн этномаданияттык багытынын негизги тенденциялары жана түрдүү аныктамалары менен тааныштыруу: "Этномаданий билим берүү - бул өз эне тилин жана маданиятын дүйнөлүк маданияттын баалуулуктары менен бирге өздөштүрүү аркылуу инсандын этномаданияттык идентүүлүгүн сактоого багытталган окутуунун жана тарбиялоонун системасы" (Ж.Ж.Наурызбай) [124]; "Инсанды этностун субъектиси катары окутуу жана тарбиялоо процесси жана анын натыйжасы" (В.В. Модорова) [118]; "Улуттун жана анын маданиятынын бөтөнчөлүгүн, психологиялык өзгөчөлүктөрүн, мүнөзүн чагылдырган улуттук маданий жана социалдык-тарыхый билимдердин системасы" (Е.А. Ангархаева) [21]; "Билим берүү, таалим-тарбия теориясындагы инсанга багытталган парадигмалдык көз караштардын өзгөрүүсү, билим берүүдөгү гуманисттик жана демократиялык көрүнүштөр" (Н.А. Асипова) [27, 44], "Этностун, улуттун билим берүү саясатын аныктаган жана этномаданияттык парадигмага негизделген инсанды окутуунун, өнүктүрүүнүн, тарбиялоонун жана социалдаштыруунун теорияларын, көз караштарынын, идеяларынын удаалаштыгы" (А.Б.Панькин) [131,45]. Бул аныктамалар жалпылаштырылып, ар бир студентке өз алдынча бүтүм чыгарууга жана аны коргоого мүмкүнчүлүктөрдү түзөт.

Семинардык сабакта студенттер азыркы мезгилдеги демократиялуулукка тарбиялоонун жана аны өркүндөтүүнүн этномаданияттык аспекти кыйла конкреттүү каралган негизги документтердин мазмунун талкуулашты жана баалашты. Алсак, анализдин предмети катары "Маданият аркылуу билим берүү", "Кыргызстанда жаштарды жана балдарды тарбиялоонун концепциясы",

“Кыргыз Республикасынын билим берүү жөнүндөгү мыйзамы”, “Кыргыз Республикасынын мектептеринде окуучуларга этикалык жана руханий-адептик билим берүүнүн концепциясы”, Кыргыз Республикасынын мектептеринде предметтик билим берүүнү жаңылоо концепциясы” сунушталды. Окуучулардын руханий-демократтык жактан калыптанышына тоскоол болгон проблемаларга анализдер жүргүзүлдү.

Болочок мугалимдерди каада-салттар аркылуу окуучуларды демократиялуулукка тарбиялоого кесиптик даярдоодо “Билим берүүнүн жана педагогиканын тарыхы” курсу өзгөчө орунду ээлейт. Анткени анын программалык материалдары ар түркүн элдерде, ар башка доорлордо түзүлгөн педагогикалык системалардын өзгөчөлүгүн көрүүгө мүмкүндүк түзөт.

Бергилүү болгондой, тарыхый педагогикалык ойлордун негизги компоненти болуп кеңири эл массасынын эчен кылымдык педагогикалык практикасын чагылдырылган элдик педагогикалык көз караштар жана тарбиялоонун элдик тажрыйбалары саналат. Башкача атканда, элдин таалим-тарбия тажрыйбалары, көз караштары илимий педагогиканын өсүп-өнүгүшү үчүн башат, булак катары кызмат кылган. Тарыхта элдин педагогикалык ой казынасынан азык албаган бир да улуу педагог жок. Улуу педагогдордун өмүр таржымалы менен педагогикалык көз караштарына талдоо жүргүзгөн Г.Н. Волков: “Элдик педагогдор дайыма улуу болушкан, ал эми улуу педагогдор дайыма элдик болушкан”, - деген тыянакка келген [55, 45-б.]. Тарбиянын элдүүлүгү жөнүндөгү ойлор К.Д. Ушинскийдин да педагогикалык теориясынын негизин түзөт. Ал “Эл тарабынан жаратылган жана элдик башталышка негизделген тарбия - бир дагы абстракттуу идеяда түзүлгөн же башка эл менен байланышкан эң жакшы тарбиялоо системаларында жашабаган кудуретке ээ ... [171, 161], - деп белгилейт. Педагог элдик салт-санаадагы, адаттагы, оозеки чыгармачылыктагы педагогикалык идеяларды терең үйрөнүү менен “бабалардын акылмандыгы- келечек муундардын күзгүсү” [171, 163], - деп тыянак чыгарган.

Элдүүлүктү илимийлүүлүк менен айкалыштыра алгандар гана улуу педагог-демократ боло алышкан. Буга илимий педагогиканын классиктери Я.А. Коменский, И.Г. Песталоци, К.Д. Ушинский, Л.Н. Толстой ж.б. өз эмгектеринде элдик педагогикалык идеяларды арбын колдонушкандыгын айтуу жетишүү.

К.Д.Ушинский элдин кызыкчылыгына төп келген тарбиялоо системасы мекенчилдик, улуттук ар-намыс, эмгекти сүйүү жана эркин тандоо мүмкүнчүлүктөрүн, сапаттарын өнүктүрө тургандыгын далилдеген. Ал балдарды алгачкы мезгилдерден эле эне тилин өздөштүрүшүн, элдик маданияттын элементтерине ээ болушун жана элдик рухий-дөөлөттөр менен таанышууну талап кылган. К.Д. Ушинскийдин мурастарын үйрөнүү төмөнкүдөй негизги элементтерден турган тарбиялоонун элдүүлүк принцибин методологиялык маңызын терең өздөштүрүүгө мүмкүндүк берет:

- тарбиялоо ар кайым элдик болушу керек. Мында баарынан мурда тарбия элдин экономикалык, коомдук-саясий жана маданий-агартуучулук кызыкчылыктарынын духунда милдеттүү окутуу жана калыптандыруу тартибинде кенири жайылган мектеп тармагы аркылуу бардык жаш жеткинчектерди камтуусу абзел; тарбиялоо жумуштарын эл өзү дагы жетектөөгө тийиш;
- адамдын калыптанышында башкы орунда эне тилди-үйрөтүүнүн тили, билимдин булагы, элдин мурасы жана “бүткүл рухий жашоонун эң мыкты, түбөлүктүү гүлү” катары турууга тийиш;
- тарбиялоо эмгекти ар-намыстын жана бакыттын булагы деп эсептеген, мекенчил, бекем эркке жана мүнөзгө ээ, элдин жана Мекендин бактысы, өнүгүшү үчүн күрөшкөн жогорку моралдагы адамды калыптандыруу максатына каратылууга тийиш;
- билим берүү жана тарбиялоодо аялдар эркектер менен тең катышууга тийиш, б.а. “эркектер жана аялдар - тең укуктуу инсандар, өз алдынча барабар жана бирдей жоопкерчиликтеги адамдар”, - деп жазат К.Д. Ушинский;

- бөтөн тарбиялоо системасын жана тажрыйбасын элдүүлүктүн идеялык духуна ылайык сынчыл кайра иштеп чыкпастан тарбиялоонун практикасына кийирүүгө жана аралаштырууга жол берилбейт [15,74].

Болочок мугалимдерди каада-салттар аркылуу окуучуларды демократиялуулукка тарбиялоого даярдоо максатында тарыхый педагогикалык билимдер менен куралдандырууда окуу курсунун "Тарыхый-педагогикалык билимдердин структурасындагы кыргыз этнопедагогикасы", "Манас" эпосу-кыргыз элинин педагогикалык ойлордун энциклопедиясы катары", "Кыргыз акын-демократтардын педагогикалык идеялары" өндүү темалары-чоң мааниге ээ.

Изилдөөлөр көрсөткөндөй, "Билим берүүдөгү жаңы технологиялар" окуу курсунун предмети болуп, мугалим менен окуучу ортосундагы максатуу түрдө системалаштырылган, алгоритмдештирилген жана программалаштырылган процесс эсептелет. Эң башкы касиети болуп, педагогикалык технологиялар илимий жетишкендиктерге жана алдыңкы педагогикалык тажрыйбага таянат жана иреттештирилген, тизмектүү иш аракеттерден турат. Бул курстун мазмунун кыргыз каада-салттары аркылуу өркүндөтүү болочок мугалимдердин кесиптик компетенттүүлүгүн көтөрүүгө эле шарт түзбөстөн, бул курстун окуу дисциплинасы катарындагы статусун бир топ эле жогорулатат. Ошондой эле болочок мугалимдин кесиптик ишмердүүлүгүн жана милдеттерин аныктоодо коюулган технологиялык талаптар төмөнкүчө мүнөздөлүүгө тийиш:

- билим берүү процессинде окуучуну көрө билүү;
- билим берүү процессин уюштуруу, билим берүү чөйрөсүн түзүү;
- окууга, үйрөнүүгө керектүү атмосфераны камсыз кылуу;
- билим жана кесиптик жактан өнүгүү максаттарын аныктоо жана ага карата өз алдынча билим алууну ишке ашыруу;
- окутуу процессинде катышып жаткан бардык окуучулар менен натыйжалуу байланыштарды түзө билүү;
- окутуу жана билим берүү процессин башкара билүү;
- маалыматтар менен натыйжалуу иштей билүү.

Мындай технологиялык парадигмага негизделген билим берүү процесси динамикалуу мүнөзгө ээ болуу менен мугалимдин жекече чеберчилиги, массалык билим берүү системасы шартында окутуунун активдүү формаларын жана методдорун колдоно билүүнүн жана башка тармактагы технологиялардын таасири астында ишке ашат жана ошону менен катар технологиялык жандашманын салттуу билим берүү процессин жаңыртуу таасири күч алат [27, 322].

**“Социалдык педагогика**” окуу курсу түздөн-түз окуу-тарбия берүүчү мекемесинде жүргүзүлүүчү жана уюштурулган гана процессти камтыбастан, коомдо социалдык милдет аткаруучу, тактап айтканда, жаштарды коомдо жашоого даярдоо функциясын аткарат. Демек, заманбап таалим-тарбияга карата болгон жаңыча жагдайларды болочок мугалим өз ара ишмердүүлүк жана кызматташтык, баланын жекелик жетишкендиктерин, анын өзүн-өзү ишке ашырууга болгон далалатын, анын өздүк тажрыйбасын, жеке инсандык рефлексиясына таянуу, автономдуулугу, эркин тандоосу жана жеке жоопкерчилиги менен эсептешүү сыяктуу талаптарга таянуу менен тарбиялоо процессин уюштуруусу керек.

Окуучуларды демократиялуулукка тарбиялоо процессинде педагогикалык жактан эң маанилүүсү элдик каада-салттар муундан-муунга өтүп жүрүп олтуруп, атадан балага, энеден кызга, улуудан кичүүгө, коомдон инсанга жеткирилип, инсандын коомго карата мамилесин, жүрүм-турум эрежелерин өздөштүрүүгө түздөн-түз таасирин тийгизип келет. Каада-салттарда – чындык жана акыйкаттык, сабырдуулук жана көтөрүмдүүлүк, чыдамкайлык жана баатырдык, өз жеринине болгон сүйүүсү жана эл достугу ж.б ушул сыяктуу түшүнүктөрдүн маани-маңызы ачык берилет.

Болочок мугалимдерди каада-салттар аркылуу окуучуларды демократиялуулукка тарбиялоого даярдоодо “Этнопедагогика” предметинин мүмкүнчүлүктөрүн башкы көрсөткүчтөр катары баса белгилеп кеткибиз келет. Элдик педагогиканын максаты - өз элинин идеалдуу инсанын калыптандыруу. Кыргыз эли тарбиялоонун максатын жана мазмунун кылымдардан берки келе

жаткан көз караштарында “адам кылуу” деген жөнөкөй жана улуу түшүнүк менен туюнтушат. “Адам бол” деген бийик талапты ар бир ата-эне бала сөзгө түшүнө баштагандан эле кулагына куюп, жан дүйнөсүнө сиңире баштайт.

Кыргыз элине таандык этнопедагогикалык тажрыйбаларга кайрылганда, алардын көпчүлүгү таалам-тарбиялык мүнөздө болуу менен тарбиялык максатта жаралгандыгын, миңдеген жылдарды камтыган тарыхында кыргыз эли келечектеги муунду өз доорунун, өз элинин талабына ылайык тарбиялоо максатында ар кандай жанрдагы жана мазмундагы чыгармалады жараткандыгын көрүүгө болот. Алардын ичинде түздөн-түз атайын санат жана насыят ырларынан баштап, кыйыр түрүндө айтылган макал-ылакаптар, жомоктор, тамсилдер, уламыштар, чоң жана кичи эпостордун көп экендигин көрүүгө болот. Аталган жанрдагы чыгармалардын көпчүлүгү таамай айтылган сөз түрүндө жаштарды кандай жана кантип тарбиялоо керектигин көрсөтүү менен ошол доордогу кыргыз элинин жашоо-тиричилигин, карым-катнаштарын, каада-салттарын чагылдырып турат.

Болочок мугалимдерди каада-салттар аркылуу окуучуларды демократиялуулукка тарбиялоодо “Манас таануу” программада “Манас” жана кенже баатырдык эпостор, алардын жаштарды демократиялуулукка тарбиялоо идеяларын ачып берилет.

Алсак, эл Манастын инсанын кылымдык тажрыйбалардын негизинде калыптанган эң жогорку адеп-демократтык чен-өлчөмдөр менен таразалайт. Башкача айтканда, Манас- туруш-турпаты менен кыргыз адамынан реалдуу да, идеалдуу да үлгүсү. Ал-карапайым жана боорукер; акыл айткан улууларды туу тутат; аял затын урматтай билет; чын дилден айтылган сынды терикпей угат; калыс жана адилет; жогорку даражада өнүккөн атуулдук аң-сезимге жана мекенчилдик сапаттарга ээ; ал үчүн баарынан улуу, ыйык салт- достук, тилектештик, эркиндик. Кыскасы, Манастын инсанындагы демократиялуулуктун өрнөктүү, мыкты сапаттарын санай берсе арбын.

Болочок мугалимдерди каада-салттар аркылуу окуучуларды демократиялуулукка тарбиялоодо “Этнопедагогика” сабагынын алкагында

кыргыз фольклорундагы дидактикалык мурастар; макал-ылакаптар, табышмакта, жаңылмачтар, тамсилдер жана алардын демократтык-моралдык функциясы, калктын кылымдардан бери келе жаткан жүрүш-туруш эрежелери жана нормалары атайын суроолор аркылуу ачыкталат.

Биздин изилдөөдө болочок мугалимдердин демократиялуулукка тарбиялоо боюнча теориялык түшүнүктөрүн байытуучу эмпирикалык билимдер гана эмес, элдик тарбиянын принциптери, методдору жана каражаттары менен байланышкан инструменталдык маалыматтар да берилгендигин белгилеп коюу керек. Алсак, алкоо, бата берүү, ак жол каалоо, эл алдында сындап өтүү, мактоо, тескөө, зекүү, өтүнүч сыяктуу аң-сезимге, сезимге жана жүрүм-турумга таасир этүүчү элдик антологиялык методдор актуалдаштырылышы керек. Саналган каражаттардын ар бири кырдаалга ылайык колдонула тургандыгын жана салттуу турмуш-тиричиликте өзгөчө таасирдүү экендигин белгилеп кетүү керек. Мисалы, улуулардын батасына айтылган сөздөрдүн кудуретине чын дилден терең ишенишкен жана аны алууга умтулушкан.

Биз болочок мугалимдерге элдик педагогиканын баланын инсанынын калыптанышына жагымдуу таасир тийгизүүчү методдорун гана колдонууну сунуштайбыз. Элдик педагогиканын материалдарын үйрөнүү жана колдонуу такай илимий-педагогикалык мамиле жасоону талап кылат. Анткени элдик көркөм чыгармачылык коомдук аң-сезимдин формасы катары учурдун талабына ылайык келбеген айрым идеяларды да чагылдырбай койбойт.

Кыргыз элинин нарк-дөөлөттөрүндөгү демократиялык таасир көрсөтүүчү фактылардын, окуялардын, көрүнүштөрдүн көптүгү, сөзсүз түрдө аларды тандоонун критерийлерин негиздеген илимий мамилелерди талап кылат. Педагогикалык билим берүүнүн мазмунунун этнопедагогикалык компонентин долбоорлоонун принциптерине токтолсок, ал азыр калыптандыруу жолунда. Изилдөөчү А.Алимбековдун пикиринде, **кесиптик билим берүүнүн этнопедагогикалык компонентин тандоонун башкы критерийин кесип таламдуулугу, илимийлүүлүгү, репрезентативдүүлүгү, идеал**

**калыптандыруу потенциалы, тарыхый жана социомаданий контексти түзөт** [14,48].

Болочок мугалимдердин каада-салттар аркылуу окуучуларды демократиялуулукка тарбиялоого кесиптик даярдыгы анын жалпы этнопедагогикалык маданиятынын ажырагыс компоненти болгондуктан, аталган критерийлер - болочок мугалимдердин каада-салттар аркылуу окуучуларды демократиялуулукка тарбиялоого билимин, билгичтиктерин жана көндүмдөрүн долбоорлоо үчүн колдонууга толук жарамдуу.

**Илимийлүүлүк** критерийинин талаптарына ылайык, тандалып алынган кыргыз каада-салттарынын мазмунундагы негизги демократиялык түшүнүктөр, көз караштар педагогика илиминин өнүгүшүндөгү соңку талаптарына шайкеш келиши абзел.

**Репрезентативдүүлүк-** демократиялуу жүрүм-турумду калыптандыруу боюнча элдик таалим-тарбия каражаттарынын, жол-жоболорунун, салттарынын эң эле типтүү, көпчүлүгүнө мүнөздүү болгон педагогикалык фактыларын тандап алууну камсыз кылат.

**Тарыхый жана социомаданий критерий** элдик демократтык түшүнүктөрдү, идеяларды, көз караштарды өткөн, учурдагы, келечекттин контекстинде акыл-сыдыргысынан өткөзүп, мезгил сыноосунан өткөн прогрессивдүү руханий-демократтык дөөлөттөрүн гана педагогикалык билим берүүнүн мазмунуна жалгаштырууну талап кылат.

Элдик каада-салттарды тандоонун башкы критерийлеринин бири алардын **кесип таламдуулугу** эсептелет. Мында кыргыз каада-салттарын иргеп алууда эң обол ошол материал болочок мугалимдин кесиптик-инсандык сапаттарын калыптандырууга, демократтык таалим-тарбиянын милдеттерин жүзөгө ашыруудагы кесиптик даярдагынын өнүктүрүүгө канчалык денгээлде салым кошо алат деген маселе көңүл борборунда болушу шарт. Анткени, болочок мугалимдерди демократиялуулукка тарбиялоо ишмердигине даярдоо жумуштарынын деңгээли илимий маалыматтардын көптүгүнө эмес, эң обол

алардын балдардын ишенимдерин, нарк-нускаларын өнүктүрүүгө, өзгөртүүгө таасир көрсөтүүчү дараметине көбүрөөк көз каранды.

**Идеал жараткыч касиетине** кароо. «Манас» эпосунун тартып элибиздин тоо сууларындай шаркырап, кээде ээ-жаа бербей кеткен эркин духунун, кимдин алдына келсе сыпайгерчилик үчүн башын ийсе да белин бүккүсү, башкалардын алдында инсандык беделин түшүргүсү келбеген, кандай кыйынчылыктар болбосун, атүгүл өлүм алдында жатса да дайыма «жакшы» деп жооп берген бийик рухунун, намыс үчүн оттон, суудан кайра тартпаган эпикалык жана тарыхый инсандардын өмүр үлгүлөрүн, өрнөктөрүн, демейки аң-сезим деңгээлиндеги эстетикалык, этикалык категорияларды аңдоо, талдоо элементтери басымдуулук кылат. Болочок мугалимдердин демократтык көз караштарынын өзөгүндө миңдеген муундардын акыл дарамети аркылуу өтүп, эчен кылымдык сыноолордон өтүп олтуруп азыркы абалга жеткен түптүү демократиялык идеялдар жатышы зарыл.

Мына ошентип, тажрыйбалык-эксперименталдык жумуштар окуу-тарбиялык процесстин логикасын бузбастан, коомдук гуманитардык жана психологиялык-педагогикалык жана кесиптик дисциплиналардын мазмунун болочок мугалимдерди каада-салттар аркылуу окуучуларды демократиялуулукка тарбиялоого даярдоого органикалык байланышкан билимдер менен өркүндөтүүгө мүмкүндүгүн көрсөттү.

### 2.3. “Кыргыз элинин каада-салттары жана окуучуларды демократиялуулукка тарбиялоо” кошумча өнүктүрүү программасынын мазмуну

“Кыргыз элинин каада-салттары жана окуучуларды демократиялуулукка тарбиялоо” кошумча өнүктүрүү программасынын мазмуну болочок мугалимдердин каада-салттар аркылуу окуучуларды демократиялуулукка тарбиялоого даярдыгы салттуу окуу программаларынын мазмунун толуктоосуз эле өзүнөн өзү ишке аша берет деген ойдон алыспыз. Ар кандай таалим-тарбия

процесси сыяктуу демократиялык тарбия да өзүнө таандык бөтөнчөлүктөргө ээ, өзүнүн ички логикасына бөтөнчө мыйзам ченемдерге негизделген объективдүү факт, бөтөнчө педагогикалык система. Ошондуктан болочок мугалимдердин каада-салттар аркылуу окуучуларды демократиялуулукка тарбиялоого кесиптик-педагогикалык компетенттүүлүгүн калыптандыруу өзүнчө мазмунун жана структурасын, процессуалдык-технологиялык аспектилерин илимий негизде иштеп чыгууну талап кылат.

Учурдагы окуу пландарынын чегиндеги коомдук-гуманитардык, психологиялык-педагогикалык дисциплиналарды үйрөнүү процессинде студенттер ээ болгон билимдердин, билгичтиктердин деңгээли, каада-салттар аркылуу окуучуларды демократиялуулукка тарбиялоого кесиптик даярдыгынын бардык компоненттерин калыптандыруу үчүн жетишсиз деген тыянакка алып келди. Бул мүчүлүштүктү жоюу үчүн бизден, “Кыргыз элинин каада-салттары жана окуучуларды демократиялуулукка тарбиялоо” кошумча өнүктүрүү программасын иштеп чыгууну талап кылды.

Бул курстун мазмуну, бир жагынан жогорку кесиптик билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү стандартында каралган жалпы маданияттык, психологиялык, педагогикалык дисциплиналардын мазмунун үйрөнүүдө алган студенттердин көп аспектилүү билимдеринин бардык көлөмүн жалпылоого чакырат. Экинчи жагынан, курстун материалы аталган дисциплиналардын болочок мугалимдин каада-салттар аркылуу окуучуларды демократиялуулукка тарбиялоого кесиптик даярдыгынын бардык компоненттерин калыптандыруудагы кем-өксүктөрүн компенсациялоого багытталган.

Бул программанын максаты болочок мугалимдерди кыргыз элдик каада-салттардагы демократтык-этикалык билим берүүнүн жана тарбиянын көрүнүштөрүн, мыйзам ченемдерин үйрөнүүнүн жалпы принциптери жөнүндө методологиялык жана психологиялык-педагогикалык билимдер менен куралдандырууну, ошондой эле алардын чыгармачылык ой жүгүртүүсүн, иштикүү аракеттин өнүктүрүүгө жөндөмдүү этномаданияттык көрүнүштөрдү

интерпретациялоонун билгичтиктерин жана этнопедагогикалык жөндөмдөрдү калыптандыруу.

Кошумча өнүктүрүү программасы төмөнкүдөй милдеттерди чечүүгө багытталган:

- кыргыз элдик каада-салттардагы руханий-демократтык нарк-дөөлөттөрдү сактоого, окуп-үйрөнүүгө, иликтеп-изилдөөгө жана жайылууга ынтызар болуу сезимин андан ары өнүктүрүүгө;

- элдин жашоо-турмушу, улуттун кулк-мүнөзү, менталдык-психологиялык сапаттары, демократтык-этикалык түшүнүктөрдү, дүйнөгө болгон көз карашы, тарыхый-маданий тажрыйбасы, демократтык-этикалык салттары жөнүндө ар тараптуу ырааттуу илимий түшүнүктөргө, билимдерге ээ кылууга;

- элдик демократтык-руханий дөөлөттөрдү тынымсыз өнүгүү абалында түшүнүүгө жана ушуга байланыштуу каада-салттардын мазмунун иликтөөдө эски менен жаңынын элементтерин дайыма терең талдап, кылдат эске алууга;

- демократиялуулукка тарбиялоо боюнча фольклордук материалдарды топтоо жана изилдөө жумуштарын жүргүзүүнүн билгичтиктерин калыптандырууга;

- окуучуларды демократиялуулукка тарбиялоодо каада-салттарды колдонуу боюнча кошумча программалык, дидактикалык материалдарды түзүп жарата билүү боюнча баштапкы тажрыйбага ээ кылууга;

- каада-салттардагы демократиялуулуктун элдик идеалдарын, тарбиялоо салттарын талдоо жана аларды учурдагы тарбиялоо процессинде колдонуу боюнча материалдарды студенттин өз алдынча иши, курстук, дипломдук жумуштардын формасында жалпылоо билгичтиктерин калыптандырууга.

Программанын алдында коюлган милдеттерди эффективдүү чечүү максатында коомдук, педагогикалык дисциплиналардын мазмунунда атайын курстарга таяныч темаларын бөлүштүрүү менен предметтер аралык

байланышынын зарылдыгын аныктадык, натыйжада курстун өзгөчө окуу-методикалык комлексин иштеп чыктык (2.1. сүрөт). Курстун убактылуу чегинин аныктамасынын төмөндөгүлөрдү негиз кылып алдык.

Биринчиден, үзгүлтүксүз практиканын баштапкы этабында студенттер тарбиячы-мугалимдин иш тажрыйбасын үйрөнүүдө биринчи жолу өз алдынча кадам жасашат, каада-салттар аркылуу демократиялуулукка тарбиялоонун мектептеги абалы менен таанышышат.

Экинчиден, жогоруда белгилеп кеткендей курсту өткөрүүдө студенттердин коомдук-гуманитардык, психологиялык-педагогикалык жана атайын сабактарды үйрөнүүдө алган билимдерине таянуу маанилүү.

Үчүнчүдөн, окуучуларды демократиялуулукка тарбиялоо максатындагы класстан тышкаркы иш-чараларды жана сабактарды анализдөөдө студенттердин тажрыйбасын колдонуу керек. Ошондо атайын курс болочок мугалимдердин каада-салттар аркылуу окуучуларды демократиялуулукка тарбиялоого даярдыгынын компоненттерин интеграциялоонун негизги инструменти боло алат.




**2.1 - сүрөт. “Кыргыз элдик каада-салттар жана окуучуларды демократиялуулукка тарбиялоо” аттуу атайын курстун окуу-методикалык комплекси.**

Кошумча өнүктүрүү програмаасынын структурасы үч чоң окуу логикалык блокту камтыйт. Анын мазмунун иштеп чыгууда биз, болочок мугалимдердин каада-салттар аркылуу окуучуларды демократиялуулукка тарбиялоого даярдоонун моделине ылайык анын функционалдык милдеттерин толук камтууга аракеттендик.

Биринчи сабактар-өтө эле теориялуу. Алардын мазмунун кыргыздардын салттуу педагогикалык маданияттындагы демократиялык тарбиянын азыркы

ааламдашуу, маалымат технологияларынын өнүккөн мезгилиндеги оордун, маңыз-мазмунун, максатын каада-салттар аркылуу үйрөнүүгө киришүү катары кароо зарыл. Эксперименталдык программанын логикалык структурасында маанилүү орунду каралып жаткан объектилерди, процесстерди, моралдык-демократтык көрүнүштөрдү туюнтуу жана баалоо үчүн колдонулуучу категориялар, этнопедагогикалык терминдер ээлейт.

Программанын экинчи блогунда кыргыздардын демократиялуулукка тарбиялоо системасынын логикасын ачып берген элдик каада-салттардын ар кандай булактарынан алынган эмпирикалык, фактылык материалдар бир кыйла көлөмдө берилген.

Үчүнчү окуу бөлүмү демократиялуулукка тарбиялоонун процессуалдык-технологиялык ишине арналган. Аларды үйрөнүү процессинде болочок мугалимдер окуучуларды демократиялуулукка тарбиялоо ишинин этномаданияттык жактан түзүү мүмкүнчүлүгүн ишке ашырууга зарыл педагогикалык жөндөмдөрдүн комплексине ээ болушат.

Ошентип, болочок мугалимдерди каада-салттар аркылуу окуучуларды демократиялуулукка тарбиялоого даярдоо системасындагы маанилүү педагогикалык шарт катары, “Кыргыз элдик каада-салттар жана окуучуларды демократиялуулукка тарбиялоо” деген кошумча өнүктүрүү программанын модели ишке ашырылды. Экинчиден, болочок мугалимдердин каада-салттар аркылуу окуучуларды демократиялуулукка тарбиялоого даярдыгындагы бардык блокторду бириктирген интегративдик сабак катары берилгендигин аныктады (Таблица 2.3).

**Таблица 2.3 – “Кыргыз элдик каада-салттар жана окуучуларды демократиялуулукка тарбиялоо” курсунун тематикалык планы**

| | **Т е м а л а р** | **Саттардын көлөмү** | | |
|---|---|---|---|---|
| | | **Адитор.** | **Лекция** | **Практ** |
| | Балдарды демократиялуулукка тарбиялоодо элдик таалим-тарбия тажрыйбалары аркылуу өркүндөтүү | 2 | 2 | |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | проблемасынын изилденүү тарыхы, азыркы абалы жана проблемалары. | | | |
| | Кыргыз элдик каада-салттардагы балдарды демократиялуулукка тарбиялоо боюнча педагогикалык ойлор. | 4 | 2 | 2 |
| | “Манас” эпосунун жаш муундардагы демократиялуулук сапаттарды калыптандыруучу күчү | 2 | 2 | |
| | Эл акындары –элдин демократиялык тарбиялык идеяларын жаратуучулары, алып жүрүүчүлөрү жана таратуучулары | 2 | 2 | |
| | Окуучуларды демократиялуулукка тарбиялоо жумуштарында каада-салттарды колдонуунун методикалык принциптеринин өзгөчөлүктөрү | 4 | 2 | 2 |
| | Каада-салттар аркылуу окуучуларды демократиялуулукка тарбиялоо жумуштарынын негизги формалары жана технологиялары. | 4 | 2 | 2 |
| | Класстан тышкаркы иштерди жүргүзүүдө каада-салттар аркылуу окуучуларды демократиялуулукка тарбиялоо жумуштарын жүргүзүү методикалары. | 4 | 2 | 2 |
| | Окуучуларды демократиялуулукка тарбиялоо жумуштарында каада-салттарды колдонуунун келечектүү багыттары | 4 | 2 | 2 |
| | Кыргыз элдик каада-салттар аркылуу окуучуларды демократиялуулукка тарбиялоодо мектеп менен үй-бүлөнүн бирдиктүү ишмердиктери | 4 | 2 | 2 |
| | **Бардыгы** | **30** | **18** | **12** |

Болочок мугалимдер үчүн зарыл жана билгичтиктерди сабактын мазмунунда эле долбоорлоп коюу жетишсиз, аларды өздөштүрүү атайын методдор аркылуу ишке ашат. Бул максаттарды жүзөгө ашыруу үчүн сабактарда проблемалык баяндоо, суроо-жооп, аңгемелешүү, талкуу, долбоор, педагогикалык кырдаалды талдоо (кейс-стади), тегерек стол, кластер, сүйлөмдү толуктоо, терминологиялык диктант, сабак арасындагы тест сыяктуу методдор

жана ыкмалар колдонулду. Натыйжада атайын курсту окутуу процесси болочок мугалимдердин каада-салттар аркылуу окуучуларды демократиялуулукка тарбиялоо ишмердүүлүгүнө жакындаштырылып аны моделдештиргендей шарттарда өткөрүлдү.

## ЭКИНЧИ БАПТЫН ЖЫЙЫНТЫГЫ

Изилдөөбүздүн методологиясы жана методдору изилденип жаткан теманын обьектиси жана предметинен чыгуу менен жүргүзүлгөн аныктоочу эксперименттин жалпы жыйынтыктары болочок мугалимдерди каада-салттар аркылуу окуучуларды демократиялуулукка тарбиялоого даярдоонун учудагы абалы азыркы коомдун социалдык-педагогикалык талабынан кыйла алыс экендигин ачыктады.

Изилдөөнүн предметине байланыштуу абал айтарлык деңгээлден алыс экендигин орто мектептердин мугалимдерине жүргүзгөн иликтөөбүз да ырастайт. Даярдыгы жогорку деңгээлдеги мугалимдер 4,1%ти, ал эми орточо деңгээлдеги мугалимдер 19,3% гана түздү. Мындай абал изилдөө проблемасын дагы актуалдаштырат.

Аныктоочу эксперимент төмөнкүдөй педагогикалык шарттарды аныктоого негиз болду:

1) болочок мугалимдерди кесиптик жактан даярдоодо кыргыз элинин демократиялуулук каада-салттарын колдонууга басым жасоо;

2) педагогикалык жана психологиялык билим берүүнүн мазмунун демократиялуулук менен элдик каада-салттардын байланышы жөнүндөгү илимий маалыматтар менен байытуу;

3) студенттердин окуучуларды демократиялуулукка тарбиялоо ишмердигинде каада-салттарды колдонуунун теориялык жана процессуалдык аспектилерине байланыштуу компетенцияларды өркүндөтүү жана педагогикалык процесске киргизүү;

4) студенттердин жаш муундарды демократиялуулукка тарбиялоо ишмердигинде каада-салттарды колдонуу компетенттүүлүгүн калыптандыруунун теориялык жана технологиялык аспектилерин ичине алган атайын курсту ишке киргизүү;

5) педагогикалык практиканын мазмунун болочок мугалимдердин каада-салттар аркылуу окуучуларды демократиялуулукка тарбиялоодо элдик каада-салттарга карата субъективдүү өз алдынча ишмердүүлүк тажрыйбасын байытуу.

Болочок мугалимдерди каада-салттар аркылуу окуучуларды демократиялуулукка тарбиялоого кесиптик даярдоону өркүндөтүү ЖОЖдогу окуу процессинин мазмунун жана методдорунун изилдөөнүн проблемасына ылайык программалык-максаттык жана мазмундук-процессуалдык деңгээлдерде өзгөртүп түзүү менен түздөн-түз байланыштуу.

ЖОЖдордун окуу планында болочок мугалимдерди каада-салттар аркылуу окуучуларды демократиялуулукка тарбиялоого кесиптик даярдоодо негизги жүктү алып баруучу предметтер болуп социалдык-гуманитардык жана психологиялык-педагогикалык окуу предметтери эсептелерин аныктадык. Окуу программаларынын жана педагогикалык практиканын мазмуну студенттерди каада-салттар аркылуу окуучуларды демократиялуулукка тарбиялоого даярдоонун алкагында өркүндөтүлдү. Жыйынтыгында ЖОЖдогу окуу-тарбиялык процесстин логикасын бузбастан, социалдык-гуманитардык, психологиялык-педагогикалык дисциплиналардын мазмунун болочок мугалимдерди каада-салттар аркылуу окуучуларды демократиялуулукка тарбиялоого багытталган “Кыргыз элинин каада-салттары жана окуучуларды демократиялуулукка тарбиялоо” деген кошумча өнүктүрүү программасынын модели ишке ашырылды. Бул курстун болочок мугалимдердин элдик каада-салттар аркылуу окуучуларды демократиялуулукка тарбиялоого даярдыгындагы бардык блокторду бириктирген интегративдик сабак катары берилгендиги аныкталды.

# 3-БАП. БОЛОЧОК МУГАЛИМДЕРДИ ДЕМОКРАТИЯЛУУЛУК САЛТТАР АРКЫЛУУ КЕСИПТИК ЖАКТАН ДАЯРДОО БОЮНЧА ПЕДАГОГИКАЛЫК ЭКСПЕРИМЕНТ ЖАНА АНЫН НАТЫЙЖАЛАРЫ

## 3.1. Демократиялуулукка багытталган кесиптик даярдыкты күчөтүү боюнча педагогикалык экспериментти уюштуруу

Болочок мугалимдерди элдик каада-салттарга таянуу менен демокртиялуулука кесиптик жактан даярдоого багытталган калыптандыруучу эксперимент 2017-2021–жылдар аралыгында Ж. Баласагын атындагы КУУ педагогикалык ишмердүүлүкө багытталган факультеттеринде жүргүзүлдү. Педагогиалык эксперименттин негизги максаты - болочок мугалимдерди каада-салттар аркылуу окуучуларды демократиялуулукка тарбиялоого даярдыгын камсыз кылуучу педагогикалык шарттарды жогорку окуу жайдын практикасына киргизүү жана алардын натыйжалуулугун аныктоо. Эксперименталдык база катары Ж. Баласагын атындагы КУУнун 550700 “Педагогика” багытындагы студенттер тандалып алынды. Тажрыйбалык экспериментке Ж. Баласагын атындагы КУУнун педагогика факультетинен текшерүү группага - 67, эксперименталдык группага - 87, Социалдык-гуманитардык илимдер факультетинен текшерүү группага - 33, эксперименталдык группага - 23, жалпы - текшерүүчү группага 100, эксперименталдык группага 110 студент камтылды.

Болочок мугалимдерди каада-салттар аркылуу окуучуларды демократиялуулукка тарбиялоого даярдоо маселелерин изилдөө төмөнкү этаптар боюнча жүргүзүлдү:

I этап: адабияттарга теориялык талдоо жүргүзүү.

II этап: болочок мугалимдердин каада-салттар аркылуу окуучуларды демократиялуулукка тарбиялоого кесиптик компетенцияларын калыптандыруу боюнча практикалык иштерди аткаруу максатындагы аныктоочу эксперимент.

III этап: студенттердин каада-салттар аркылуу окуучуларды демократиялуулукка тарбиялоого кесиптик компетенцияларын калыптандыруунун педагогикалык шарттарын иштеп чыгуу:

1) болочок мугалимдерди кесиптик жактан даярдоодо кыргыз элинин демократиялуулук каада-салттарын колдонууга басым жасоо;

2) педагогикалык жана психологиялык билим берүүнүн мазмунун демократиялуулук менен элдик каада-салттардын байланышы жөнүндөгү илимий маалыматтар менен байытуу;

3) студенттердин окуучуларды демократиялуулукка тарбиялоо ишмердигинде каада-салттарды колдонуунун теориялык жана процессуалдык аспектилерине байланыштуу компетенцияларды өркүндөтүү жана педагогикалык процесске киргизүү;

4) студенттердин жаш муундарды демократиялуулукка тарбиялоо ишмердигинде каада-салттарды колдонуу компетенттүүлүгүн калыптандыруунун теориялык жана технологиялык аспектилерин ичине алган атайын курсту ишке киргизүү;

5) педагогикалык практиканын мазмунун болочок мугалимдердин каада-салттар аркылуу окуучуларды демократиялуулукка тарбиялоодо элдик каада-салттарга карата субъективдүү өз алдынча ишмердүүлүк тажрыйбасын байытуу.

IV этап: студенттердин каада-салттар аркылуу окуучуларды демократиялуулукка тарбиялоого кесиптик компетенцияларын калыптандыруунун аныкталган педагогикалык шарттарын натыйжалуулугун аныктоо максатында калыптандыруучу экспериментти өткөрүү.

Экспериментaлдык-тажрыйба иштери кадимки окуу-тарбия процессинин ичинде өткөрүлдү жана жогорку билим берүүнүн бардык жылдарын камтыды. Инновациялык иш-аракеттер окуу программаларынын мазмунунда да, окуу процессинин технологиялык аспекттерине да, ошондой эле белгилүү ченемде студенттердин ишмердигинин окуудан тышкаркы формаларында да колдонулду. Мындагы башкы маселе болуп саналган окуучуларды

демократиялуулукка тарбиялоодо кыргыз элдик каада-салттарды активдүү жана илимий негизде колдонууга студенттердин кесиптик компетенцияларын калыптандырууга багытталган программа этаптуу жүзөгө ашырылды;

Биринчи этапта 1-2 семестр "Кыргыз тили" жана "Ата мекен тарыхы" окуу дисциплиналары студенттерди кыргыз элинин демократиялык нарк-дөөлөттөрү менен тааныштырууда, алардын өз элинин маданий мурастарынын ээси жана улантуучусу катарында өз педагогикалык ишмердүүлүгү аркылуу элдин руханий-демократиялык салттарын өнүктүрүүдөгү коомдук-педагогикалык милдетин айкын түшүнүүсүндө өзгөчө милдетти аткарышат. Студенттерге "Этномаданий лексиканы өздөштүрүүнүн мааниси" деген темада проблемалуу лекциялык сабак уюштурулуп, анда кыргыз тили эне тил катары элдин материалдык жана руханий маданиятынын реалийлерин билдирүүчү, алып жүрүүчү катары элдин маданий-улуттук спецификасын чагылдыра тургандыгы белгиленди. Кыргыз элинин маданий турмушунун өзгөчөлүгүн ачып берүүдө, тил тарыхынын айрым фактыларын тактоодо, жалпы тилдин өнүгүү мыйзам ченемин аныктоодо этномаданий лексика маанилүү ролду ойнойт. Азыркы коомдогу бирден-бир маанилүү маселелердин бири-руханий жана улуттук аң-сезимдин кайра жаралуусу. Бул маселенин чечилиши билим берүү тармактарында этномаданий багыттагы билим берүү менен тыгыз байланышта каралат. Аны жүзөгө ашыруу окутуунун кесиптик багытталгандык, этномаданий принциптерин жетекчиликке алууну талап кылат. Тактап айтканда тил илимин үйрөнүү процессинде анын лексикалык базасындагы элдүүлүк жана этномаданиятка байланышкан теориялык көз караштар жана эмпирикалык түшүнүктөр актуалдаштырылышы зарыл. Натыйжасында адамдардын коомдо жашап жаткан башка адамдарга карата толлеранттуу (сабырдуу) мамилеси, адекваттуу жүрүм-турум моделдери калыптанып, этномаданий компетенттүүлүккө ээ болот.

Элдик түшүнүктөргө ылайык ата-бабалардын баскан жолун терең билүү аларга сый-ызаат, урмат менен мамиле кылуу демократиялуулуктун анык белгиси болуп эсептелет. Ошондуктан болочок мугалимди демократиялык

тарбиясына даярдоодо “Ата мекен тарыхы” курсунун маанилүү ролун көз жаздымда калтырууга болбойт. Демократиялык тарбиянын улуттук эреже-салттары элдин тарыхый баскан жолу менен ажырагыс биримдикте өрчүп, эчен муундардын элегинен өтүп, байып келген.

“Философия”, “Манас таануу” окуу курстарынын мазмуну болочок мугалимдерди каада-салттар аркылуу окуучуларды демократиялуулукка тарбиялоого даярдоонун түрдүү аспекттерин мүнөздөгөн методологиялык, теориялык жана инструменталдык билимдер менен толукталат. Киргизилген теориялык жана эмпирикалык билимдер төмөнкүдөй түшүнүктөр аркылуу байланыштырылат: “этнос”, “этномаданият”, “этноэтикет”, этноцентризм” “Салттуу дүйнө тааным” ж.б. Студенттерге философия дисциплинасынын алкагында “Этнофилософия” темасында проблемалуу лекция жана семинардык сабактарды сунуштадык. Сабактын максаты “этнофилософия” түшүнүгүнүн тек-жайы, ал улуттук-маданий аң-сезимдин, тарыхый тажрыйбанын кайсы жактарын камтыйт, эмнени айгинелеп, эмнени түшүндүрөт; философиялык ойлом аппаратындагы орду кандай? Аны кабыл алууда аркалаган элдин ортосундагы карым-катнаш маселеси канчалык деген суроолор талкууланды. Аягында студенттер менен биргеликте төмөндөгүдөй жыйынтыктарды чыгардык. Кыргыз философиясы – бул сабырдын философиясы. Кыргыз “Сабырдын түбү –сары алтын” деп эсептейт.

Кыргыз философиясы – бул ынтымак, тынчтыктын философиясы. “Ырыс алды – ынтымак”- кыргыз муну кадам сайын оозанат.

Кыргыз философиясы – эрктин, эркиндиктин философиясы. Буга “Манас” эпосу күбө. Буга “Бетеге кетет, бел калат. Бектер кетет, эл калат” деген жазылбаган мыйзамдар күбө.

Мугалимдин демократиялык тарбиясы боюнча кесиптик компетенцияларын камсыз кылуудагы “Педагогика” курсунун потенциалын пайдалануу үчүн анын мазмунунда төмөндөгүдөй толуктоолорду киргизүүгө болот. “Мугалимдик кесиптин айрым өзгөчөлүктөрү” лекцияда коомдун демократиялык маданиятынын деңгээли мугалимдин туткан позициясында,

үлгүсүнөн көбүрөөк көз каранды болору айтылат. Мындан тышкары мугалим улуттук демократиялык баалуулуктарды өзүндө топтоп, урпактарга өткөрүп берүүчү, ар бир адам "Өз Ата Мекенинде жат болуп калбашын" камсыз кылган атуулдук бийик жоопкерчиликти аркалаган кесип экендигин кеңири түшүндүрүү зарыл.

Студенттердин баштапкы педагогикалык ой жүгүртүүлөрүн өнүктүрүү үчүн аларды мугалимдин каада-салттар аркылуу окуучуларды демократиялуулукка тарбиялоо компетенциялары менен тааныштыруу маанилүү. Бул жумуштар "Педагогика" курсунда чет элдердин педагогикасындагы тарыхый-педагогикалык тажрыйбаларды жана окумуштуулардын профессиограммалык изилдөөлөрүн үйрөнүүнүн жана талдоонун негизинде жүзөгө ашырылды. Студенттер мындан чыгарган өз бүтүмдөрүнө таянуу менен кыргыз элдик каада-салттар аркылуу окуучуларды демократиялуулукка тарбиялоого кесиптик компетенцияларын өнүктүрүүнүн жекече программаларын түзүүнүн үстүндө иштешти. Студенттердин бул багыттагы кесиптик сапаттарын өзүн-өзү диагностикалоо методдору менен иштегендиги өзгөчө диагностикалоо методдору менен иштегендиги өзгөчө баалуу болду. Анткени, мугалимдин жардамында өз кесиптик калыптанышын өзү көзөмөлдөөсүнө мүмкүнчүлүктөр түзүлөт.

Экинчи этапта (3-4-семестр) төмөнкүдөй милдеттер чечилет: а) каада-салттардагы демократиялык тарбия боюнча элдик эмпирикалык билимдерди тереңдетилет; б) учурдагы демократиялык тарбиянын улуттук нукта өркүндөтүүнүн теориялык негиздерине ээ кылуу; в) кыргыз элинин демократиялык таалим-тарбия салттарын учурдагы демократиялык тарбиянын практикасына кийирүүнүн жолдору каралат жана бул ишмердикке кесиптик кызыгуусу, ынтызарлыгы өнүктүрүлөт.

Бул милдеттерди чечүү максатында "Билим берүүдөгү жаңы технологиялар", "Педагогикалык психология" курстарынын окуу программаларынын мазмунунда болочок мугалимдердин каада-салттар аркылуу окуучуларды демократиялуулукка тарбиялоого кесиптик

компетенцияларын калыптандыруунун мазмундук, мотивациялык жана технологиялык шарттарын түзүүгө багытталган билимдер киргизилди. Мындагы башкы маселе илимий жана элдик педагогикадагы демократиялуулукка тарбиялоонун максаттарын, милдеттерин, принциптерин, мыйзам ченемдүүлүктөрүн салыштырып үйрөнүү жана аларды учурдагы окуу-тарбия процессинде колдонуу эсептелет.

Болочок мугалимдерди каада-салттар аркылуу окуучуларды демократиялуулукка тарбиялоого кесиптик даярдоонун милдеттери “Билим берүүнүн жана педагогиканын тарыхы” курсунда көрүнүктүү педагогдордун элдик педагогика тууралуу көз караштарын талдоо аркылуу тарбиялоонун элдүүлүк принцибинин тарыхы, теориясы жана практикасы үйрөнүлөт. Экинчиден, студенттерди билим берүү системасынын жана жалпы эле илимий – педагогикалык билимдердин өнүгүү контексинде кыргыз элинин демократиялык тарбиялоо салттарынын генезиси, өнүгүү тенденциялары тууралуу билимдер менен куралдандырат. Ошентип, “Билим берүүнүн жана педагогиканын тарыхы” курсу болочок мугалимдерди педагогика илиминин өнүгүшүндөгү кыргыз элдик педагогикалык маданиятынын оордун туура баалай билүүгө мүмкүндүк берүүчү методологиялык билимдерге ээ кылат.

Болочок мугалимдердин каада-салттар аркылуу окуучуларды демократиялуулукка тарбиялоого кесиптик компетенцияларын калыптандыруудагы жаңычылдык катары биз тарабынан “Адаптациялык-педагогикалык практиканын” этнопедагогикалык өңүттө өткөрүлүшү эсептелет. Практика мезгилинде болочок мугалимдер лекцияда, семинардык сабактарда алган демократиялык тарбиялоонун элдик тажрыйбалары жөнүндөгү билимдерин тереңдетүүгө мүмкүндүк алышты, анын турмушта колдонуу формаларына күбө болушту, бул педагогикалык кубулушту ар тараптуу талдоо билгичтиктерин жана бул багыттагы материалдарды топтоо көндүмдөрүн өздөштүрүштү. Эң башкысы мындагы карым катнаш процессинде элдик педагогикалык маданияттын негизги субъектилеринин (элдик тарбиячылар,

балдар жана болочок мугалимдер) көз караштарынын жана пикирлеринин талкууланышы эсептелет.

Үчүнчү этапта (5-6-семестр) төмөндөгүдөй милеттер чечилет: а) студенттердин элдик демократтык-этикалык ойлордун казынасы катарында каада-салттарды өз алдынча окуп-үйрөнүүгө ынтызарлыгы, кызыгуусу өнүктүрүлөт; б) каада-салттар аркылуу окуучуларды демократиялуулукка тарбиялоонун теориялык негиздери тереңделет; в) каада-салттар аркылуу окуучуларды демократиялуулукка тарбиялоо маселелерин коюу жана аны чечүүнүн билгичтиктерине ээ болушат; г) каада-салттардын жана турмуштук кырдаалдардын демократтык-этикалык маңызын талдоонун эрежелерин өздөштүрүүнүн негизинде чыгармачыл ойлоосу өнүктүрүлөт.

Бул милдеттерди чечүү үчүн жалпы гуманитардык жана психологиялык дисциплиналардан сырткары, биз тарабынан **“Кыргыз элдик каада-салттар жана окуучуларды демократиялуулукка тарбиялоо”** деген атайын кошумча өнүктүрүү программасы окуу процессинде киргизилди.

Бул курстун максаты жогорку кесиптик билим берүүнүн Мамлекеттик билим берүү стандартында каралган жалпы гуманитардык, психологиялык, педагогикалык предметтик дисциплиналардын мазмунун үйрөнүүдө алган студенттердин көп аспектилүү билимдеринин бардык көлөмүн жалпылоо жана болочок мугалимдердин каада-салттар аркылуу окуучуларды демократиялуулукка тарбиялоого кесиптик даярдыгынын бардык компоненттерин калыптандыруудагы кем-өксүктөрүн компенсациялоого багытталган.

Курстун мазмунун иштеп чыгууда, мугалимдерди демократиялуулукка тарбиялоо боюнча даярдоонун мазмуну философиялык, тарыхый, этнопедагогикалык, психологиялык, педагогикалык, методикалык билимдердин интеграциялана турганын көңүлгө алдык. Демократиялуулукка тарбиялоо боюнча мугалимдерди даярдоонун стратегиясы анын инсандык субъективдүүлүгүн өнүктүрүүгө, б.а. даяр педагогикалык жана социалдык технологияларды аткаруучуну эмес, аны конкреттүү кырдаалга ылайык

өркүндөтүүчү чыгармачыл адамды даярдоону талап кылат. Бул сапат педагогикалык процессте инсан таламдуу технологияларга негизделгенде гана камсыз болмокчу. Мындай технология мугалим менен үйрөнүүчүнү тең укуктуу позицияда карайт, б.а. окутуучунун үйрөтүү иш-аракети болочок мугалимдин өзүн-өзү өнүктүрүүсүнө стимул түзүүгө анын иш-аракетин актуалдаштырууга багытталат. Бул милдеттер окутуу процессинде колдонулган заманбап окутуу стратегиялары, методдору аркылуу камсыздалды.

Төртүнчү этап (7-8-семестр)- мурдагы өздөштүрүлгөн билимдерди бир системага келтирүүнүн негизинде өз алдынчалык чыгармачылык изденүүсүн өнүктүрүүгө стимул берүү жана демократиялык таалим-тарбия ишин жүргүзүүнүн методикасын иш жүзүндө колдонуу боюнча баштапкы тажрыйбага ээ кылуу.

Бул этаптагы болочок мугалимдердин каада-салттар аркылуу окуучуларды демократиялуукка тарбиялоого кесиптик компетенцияларын калыптандырууну өркүндөтүүдө ЖОЖдогу окуу процессин составдык бөлүгү эсептелген педагогикалык практикада төмөнкүдөй маанилүү милдеттерди аткарат: а) каада-салттар аркылуу окуучуларды демократиялуулукка тарбиялоо боюнча студенттердин методикалык билимдерин тереңдетет: б) студенттердин элдик демократтык таалим-тарбия салттарына болгон кызыгуусун өнүктүрөт; в) мектептеги окуу жана класстан тышкаркы иштерде элдик демокралуулук таалим-тарбия салттарын апробациялайт; г) каада-салттар аркылуу окуучуларды демократиялуулукка тарбиялоого студенттердин чыгармачыл мамилесин калыптандырат.

Педагогикалык практиканы болочок мугалимдердин каада-салттар аркылуу окуучуларды демократиялуулукка тарбиялоого кесиптик компетенцияларын калыптандыруу боюнча эффективдүү пайдалануу үчүн практикалык тапшырмалар камтылган эскерткич иштелип чыккан.

Алардын айрымдары төмөнкүлөр:

1. “Педагогика” курсу боюнча окутуучунун жетекчилигинде мектептин демократиялуулук тарбияга байланыштуу иш пландарын анализдөө.

2. Мектептеги тарбиялык иш пландарына окуучуларды элдик демократиялуулук тарбиялоо тажрыйбалары аркылуу тарбиялоо боюнча кошумча сунуш кеңештерди киргизүү.

3. Конкреттүү бир окуучунун демократиялуу жүрүм-турумуна байкоо жүргүзүү.

4. Демократия жана каада-салттар темасындагы иш чараларды (маек, класстык саат) даярдоо жана өткөрүүгө катышуу ж.б.

Практика учурунда демократиялуулукка тарбиялоо жумуштарын өткөрүүгө карата студенттердин өз алдынчалыгынын жана активдүүлүгүнүн деңгээли өскөндүгүнө жараша иштин татаалдыгына пландуу түрдө көтөрүү сыяктуу дидактикалык талаптарды эске алуу зарылчылыгы пайда болот. Ушуга байланыштуу биз практиканы өткөрүүдө алардын өз алдынчалыгынын өсүү денгээлине жараша, тапшырмалардын татаалдыгын өстүрүү сыяктуу негизги дидактикалык талапты эске алдык.

Калыптандыруучу эксперименттин милдеттерине ылайык, биз тажрыйбалык – эксперusиметалдык иштин жүрүшүндө биз тараптан: лекциялар, семинарлар, окутуунун интерактивдүү технологияларын колдонуу менен өткөн сабактар, сабактан тышкаркы кечелер, курстук иштер жана рефераттарды жаздыруу формаларын пайдаландык.

**Проблемалуу лекция** – жөн эле маалымат берүүчү каражат эмес, ал студент менен окутуучунун окуу процессиндеги өз ара мамилелешкен, биргелешкен ишмердүүлүгүн туюнтат. Мында, окутуучулар салттуу болуп калган лекцияларды жаздыруудан баш тартышты, студенттерге алар эмнени түшүнүшсө, эмнени эң башкы зарылчылык деп эсептешсе, конспектилөө лекцияларды талдоо сунуш кылынган. Лекциядан кийин, аны талкулоо жүргүзүлдү. “Бүгүнкү күндүн педагогу”, “Азыркы мезгиледеги окуучуларды демократиялуулукка тарбиялоонун улуттук нукта өркүндөтүүнүн проблемалары” темаларынын болочок мугалимдердин демократиялуукка тарбиялоо ишин жүргүзүүдө колдонууга зарыл болгон суроолору белгиленди.

**Лекция-аңгемелешүүдө** окутуучу теориялык жоболорду ачып берет, ал эми студенттер ага макул болуу же макул эместигин билдирүү менен ар ким өз көз караштарын коргоого аракеттенишет.

**Лекция пресс-конференцияда** мугалим теманын мазмуну тууралуу маалымат берүү менен студенттерден бул тема боюнча кызыктырган суроолорду алат. Окутуучу лекциянын жүрүшүндө ал суроолорго жооп берет.

**Семинардык-практикалык сабактар-** лекцияда алган билимин теориялык- практикалык жактан тереңдетүү милдетин аткарат. Семинарда студенттер өз алдынча даярдануу менен, өтүлгөн темага тиешелүү кошумча адабияттарды окуп, билип, сөз байлыгын, илимий терминдер менен кеңейтип, өз пикирин, көз карашын бекемдөөгө мүмкүнчүлүк түзүлөт, тагыраак айтканда болочок мугалимдин кесиптик билим алуу ишмердүүлүгүнө багыт берет. Сабактын бул формасын уюштурууда биз тарабынан окутуунун бир катар интерактивдүү методдору колдонулду.

Проблемалык окутуунун негизги идеясы билим өзүнүн көпчүлүк бөлүгүндө даяр түрүндө берилбестен, сабактардын бардык этаптарында көйгөйлүү кырдаалдарды түзүү жолу менен студенттердин ой жүгүртүү аракеттеринин активдешин камсыз кылган, өз алдынча акыл калчаган ишмердүүлүк процесстеринде гана өздөштүрүлөт. Көйгөйлүү кырдаалдын булагы болуп чечүү зарыл болгон милдеттердин талаптары менен аны аткаруудагы даярдыктын ортосундагы карама-каршылык болуп эсептелинет. Таанып билүү активдүүлүгү үчүн стимул болуп, биринчи кезекте көйгөйдү чечүүнүн жыйынтыгында алынышы мүмкүн болгон маалыматтын маанилүүлүгүнөн, ошондой эле окуп жаткан тема студентке канчалык кызыкчылык жаратканына көз каранды болгон таанып билүүчүлүк муктаждык болуп саналат.

**Оюн технологиялары**. Оюн технологияларынын бири- ролдук оюндар. Ролдук оюндар- бул жашоонун ар кандай кырдаалдарында кандайдыр бир жүрүм-турумду же эмоцияны ээлөө кызыкчылыгында мурдатан бөлүштүрүлгөн ролдорду топтун катышуучулары менен ойноо. Ролду оюндар анча чоң эмес (3-

5 катышуучу) топтордо өткөрүлөт. Катышуучулар тапшырманы карточкадан (тактада, барак бетинде ж.б.у.с.) алышат. Ролдорду бөлүштүрүшөт, кырдаалды ойношот жана бардык топко көргөзүшөт. Окутуучу балдардын мүнөздөрүн эске алып, ролдорду өзү бөлүштүрүүсү мүмкүн. Бул усулдун артыкчылыгы, ар бир катышуучу өзүн берилген кырдаалда элестете алат дагы, тигил же башка абалдарды көбүрөөк реалдуу сезип, тигил же башка аракеттердин аркасынан болгон таасирди сезе билет жана чечим кабыл алат. Иштин бул формасы адамдардын тигил же башка кырдаалдардагы мындай жүрүм-турум тапшырылган шарттарда алдын ала аныкталган оюндук кырдаалдарды конструкциялоо аркылуу жүрүм-турумун эмоционалдык реакциясын моделдештирүү үчүн колдонулат. Окутуунун жалпы жана мүнөздүү ыкмасынын негизги окутуучунун окуу материалын айтып түшүндүрүү боюнча ишмердүүлүгү, студеттердин өз алдынча окуу китептерин, окуу колдонмолору, материалдары менен иштөө, билимдерди бышыктоо жана өркүндөтүү, окуу жана практикалык ишмердүүлүктө алынган билимди колдоно алуу билгичтиги, адистиги боюнча көндүмдөрдүн калыптандыруусу болуп эсептелинет.

**Талкуу методу**. Окутуу процессиндеги талкуу методу- каралып жаткан маселенин, пикирлердин, ой жүгүртүүлөрдүн, баа берүүлөрдүн чын, же төгүнүн аныктоо үчүн студенттердин ортосунда талаш-тартыштын жүрүшү. Окутуунун тайпалык түрүндө талкуу өтө кеңири колдонулат. Бул мугалим менен студенттердин кызматташуусу аркылуу ишке ашат. Тайпа 4-5тен турган кичи тайпаларга биригет. Ар бир тайпа берилген тапшырманы аткарып, кийин тайпалар ортосунда талкуу жүргүзүлөт.

Тайпалык окутууда ар бир окуучунун активдүү болуусуна, үйрөнүлүп жаткан маселенин тегерегинде ой жүгүртүүсүнө мүмкүнчүлүк түзүлөт. Тайпада талкуу жүргүзүүнүн бир канча ыкмалары иштелип чыккан.

Окуу процессинин уюштуруунун тайпалык түрүнүн бир варианттында алты адамдан турган тайпага бир бөлүм берилип, анын ар бир бөлүгүн (темасын) студенттердин ар кимиси бөлүштүрүп алып даярданат. Баары чогулганда, ар кимиси өз билгенин, окуганын айтат. Окутуу процессинин

мындай формада жүргүзүлүшү студенттерге бири-бирин окутууга, үйрөтүүгө мүмкүндүк түзөт. Бул ыкма менен окутуу студенттерди кесиптик жактан өнүктүрүүнүн эң башкы каражаты болуп саналат. Талкуу методун уюштурууда окутуучу алдын ала тиешелүү даярдыктар көрүлбөсө, чечүүнү талап кылган көйгөйлүү маселелер чыгышы мүмкүн. Ошондуктан М.Ташпынар, А. Алимбековдор: "талкууну уюштурууда мугалимден төмөнкүлөрдү эске алуусун сунушташат:

- талкуунун темасы менен максатын алдын ала аныктаныз жана ага жараша план түзүнүз.
- талкуууга катышуучу окуучулардын тема боюнча даярдыгынын денгээлин алдын ала билишиңиз керек.
- талкуу өткөрүлө турган жердин ыңгайлуулугун, зарыл-курал-жабдык ж.б. менен камсыз болушун текшерип чыгыңыз.
- талкууну жогору деңгээлде өткөрүү үчүн тиешелүү эрежелерди аныктаңыз.
- талкуунун жыйынтыгы кантип баалана тургандыгын тактаңыз. [166, 73-74-бб.].

Окуу-эксперименталдык иштерде студенттердин өз алдынча иштерин баалоо комплекстүү рефереттарды коргоо формасында өттү. Рефераттын өзгөчөлүгү анын практикага багытталуусу болду. Рефераттарды жаздыруу, студенттерде элдик демократиялуулук салттары боюнча билимдердин жана билгичтиктердин системасын калыптандырууну камсыздады.

Жогоруда баяндалган жагдайларды эске алуу менен жүргүзүлгөн тажрыйбалык-эксперименталдык жумуштар болочок мугалимдердин каада-салттар аркылуу окуучуларды демократиялуулукка тарбиялоого кесиптик компетенттүүлүгүн калыптандыруунун педагогикалык шарттарын ЖОЖдун практикасына киргизүүгө мүмкүндүк берди.

## 3.2. Болочок мугалимдерди демократиялуулук каада-салттар аркылуу кесиптик жактан жетиштирүүнүн технологиялары

Биздин жекече иш тажрыйбаларыбыз көрсөткөндөй, чыгармачыл мугалимдердин жетишитрүүдөгү ийгиликтер көбүнчө окутуудагы оптималдуу ыкмалардын жана жолдордун колдонулушунан, студенттердин таанып-билүү ишмердүүлүктөрүн рационалдык ыкмалар менен камсыз кылуудан, окуу процессинде өз алдынча иштерди уюштуруудан, билим алууда таанып билүүчүлүк кызыгууларын жана керектөөлөрүн калыптандыруудан көз каранды. Демек, болочок мугалимдерди каада-салттар аркылуу окуучуларды демократиялуулукка тарбиялоо жумуштарына даярдоо процессин илимий-методикалык камсыздоонун маанилүү шартын каада-салттардын демократиялуулукка тарбиялоодогу потенциалын максималдуу колдонууга мүмкүндүк берүүчү окутуунун технологиясын иштеп чыгуу түзөт.

Инновациялык көрүнүш болуп эсептелген окутуунун технологиясы деген түшүнүктү аныктоо үчүн ал жөнүндөгү ойлорго, аныктамаларга, пикирлерге токтолуп кетели:

- Окутуунун технологиясы - бул дидактикалык системанын процессуалдык составдык бөлүгү [180].
- Педагогикалык технология - бул окуу процессин проектилөө, уюштуруу жана жүргүзүү боюнча биргелешкен педагогикалык ишмердиктин ар тараптан ойлонуштурулган модели [158, 14].
- Педагогикалык технология – бул педагогикалык максаттарга жетишүү үчүн колдонулган инсандык, аспаптык жана усулдук каражаттардын функционалдык иреттелиши жана системалык жыйындысы дегенди билдирет [133].
- “окуу, таанып билүү процессин уюштуруунун жолдорун биримдиги же алдыга койгон максатка жетүүгө багытталган мугалимдин конкреттүү ишмердүүлүгү менен байлпнышкан белгилгилүү бир кыймыл-аракеттердин, операциялардын ырааттуулугу”[38,9].

Жогорудагы аныктамаларды жалпылоонун натыйжасында окутуунун технологиясы деп билим, маданият, искусство жана башка тармактар боюнча устаттык, билим, иш билгилик, чеберчилик менен иш алып баруу жолдорун, окуу жумуштарын уюштуруунун спецификалык формаларын, методдорунун комлексин камтыган бүтүмдүү дидактикалык көрүнүштөрдү айтабыз.

Педагогикалык технологиянын негизги түрлөрү төмөнкүлөр:

- кредиттик окуу технологиясы
- инсанга багытталган окутуу технологиясы
- активдүү окуу технологиясы
- оюн технологиясы жана башка технологиялар.

Акыркы мезгилдеги педагогикалык технологиялардын негизги түрлөрүнүн бири болгон, 2012-жылдын 29-майында №29-майында №34 КР Өкмөтүнүн токтому менен бекиген кредиттик окуу технологиясы эсептелинет. Кредиттик технологиялык билим берүү-өзүнүн билим алуусун жогорулатууга багытталган, жеке чыгармачылыктын негизинде өздөштүрүлүүчү билим берүүнүн багытынын тандалышы жана окуу материалдарынын көлөмүн өздөштүрүүнүн жолу катары каралат. Кредиттик технологияны ишке ашыруу шартында предметтик сабак берүүнүн методикасы өзгөргөндүгүнө байланыштуу мугалимдин милдеттери дагы өзгөрүүдө. Мурдагы учурларда мугалим билимдерди гана үйрөтсө азыркы учурда студенттин билими өз алдынча изденүүсүн, кабыл алуусун жана практикада колдоно билүү компетенттүүлүгү алдыга чыгат. Кредиттик технологиянын башкы милдеттеринин бири студенттин өз алдынча ишин (СӨИ) ролун күчөтүү болуп саналат. Себеби, студенттин өз алдынча иштөөсү, эгерде окутуучу жамаат тарабынан туура уюштурулуп берилсе, анда ал студенттин өзүн-өзү өнүктүрүүсүндө жана эркин аналитикалык ой-жүгүртүүсүнө, ар бир ишке чыгармачылык менен мамиле жасоого үйрөнүүсүнө толук өбөлгө түзө алат.

Метод - педагогикалык категория катары өтүлө турган материалды кандай ыкма менен натыйжалуу берүүнүн жолдорун көрсөтөт. Окутуунун методдору жөнүндө окумуштуулар ар кандай аныктамаларды беришет. “Окутуу

процессинде билим берүү, тарбия берүү жана өнүктүрүү маселелерин чечүүгө багытталган, мугалим менен окуучунун иреттелген, өз ара байланышкан иш-аракеттеринин системасы- окутуунун методу, -деп аталат". (Ю.К.Бабанский) [32,64-б.]. И.Б. Бекбоев: "...окутуу методу дайыма сөзсүз мугалим менен окуучунун өз ара аракеттенүүсүнөн турат, мында мугалим окуучунун окулуп үйрөнүүчү объект менен болгон иш-аракетин уюштурат, бул иш-аракеттин натыйжасында окуучунун материалды өздөштүрүү процесси иш жүзүндө ашырылат" [41, 134-б.], - деп белгилейт.

Н.А. Данилов окутуунун методдорун төмөнкүдөй класстарга ажыраткан: жаңы маалыматтарды берүүчү методдор; адаттарды, көндүмдөрдү, билгичтиктерди калыптандыруу методдор жана чыгармачыл жөндөмдүүлүктөрдү, изденүүчүлүктү калыптандыруучу методдор [59, 134].

Бул традициялык методдор менен катар азыркы учурда проблемалык, программалык, компьютердик, интерактивдүү ж.б. методдор жана алардын ар кыл ыкмалары да активдүү колдонулууда. Биздин тажрыйбалык-эксперименталдык жумушубузда колдонулган бардык методдорду жана ыкмаларды аткарган милдетине жараша жалпылаштыруу менен төмөнкүдөй түрлөргө ажыратууга болот: 1) салттуу методдор; 2) интерактивдүү методдор.

Инсандын активдүүлүгүн калыптандыруунун илимий-педагогикалык негиздерин аныктоо боюнча жүргүзүлгөн изилдөөлөр [1,3,25,116,31,54] интерактивдүү окутуунун өзөгүндө педагогикалык-психологиялык, дидактикалык төмөндөгүдөй артыкчылыктар бар экендигин далилдеди:окутуу процессинде гумандуулук, демократиялуулук принциптерин ишке ашыруу; карым-катнаштардын калыптандыруу; студенттердин таанып-билүүчүлүк жана социалдык өз ара кызматташтыгын өстүрүү; биргелешип иштөөгө үйрөнүү; интеграцияланган жана дифференцирленген билим берүүнү уюштуруу; инсандын жекече активдүүлүгүн өстүрүү; окутууну проблемалык, коммуникативдик, профилдик, эмпирикалык, эвристикалык, кыймыл-аракеттүү ыкмаларды кеңири колдонуу сыяктуу жалпы педагогикалык жана методикалык мүмкүнчүлүктөрүн өнүктүрүү.

Жүргүзүлгөн изилдөөлөрдүн натыйжасында, болочок мугалимдерди каада-салттар аркылуу окуучуларды демократиялуулукка тарбиялоого даярдоодо колдонулган окутуунун методдорунун төмөндөгүдөй технология картасы түзүлдү. Таблица 3.4.

**Таблица 3.4 - Болочок мугалимдерди каада-салттар аркылуу окуучуларды демократиялуулукка даярдоодо колдонулган окутуунун методдору**

| Окутуу технологиялары | Негизги милдеттери |
|---|---|
| **Салттуу методдор (сөздүк, көрсөтмөлүү, практикалык)** | Окуучуларды демократиялуулукка тарбиялоодо кыргыз элдик каада-салттарды колдонуунун методологиясы, анын тарыхый-педагогикалык өбөлгөлөрү жөнүндөгү билимдерге ээ кылат; студенттердин таанып-билүү активдүүлүктөрүн жандандыруу, каада-салттардын демократтык-этикалык маңызын таанып-билүү көндүмдөрүн өнүктүрөт; |
| **Дискуссия** | Каада-салттар аркылуу окуучуларды демократиялуулукка тарбиялоонун азыркы проблемалары жана анын келечегинин маани-маңызын ачыктап, билимдерди, көндүмдөрдү жана билгичтиктерди тереңдетет. Студенттердин ишеним ынанымдарын калыптандырат жана теориялык билимдердин бышыктайт. |
| **Кичи топтордо иштөө** | Каада-салттар аркылуу окуучуларды демократиялуулукка тарбиялоонун теориясы жана практикасы боюнча билимдерди, көндүмдөрдү жана билгичтиктерди калыптандырат жана өнүктүрөт. |
| **Жупта иштөө** | Каада-салттар аркылуу окуучуларды |

| | |
|---|---|
| | демократиялуулукка тарбиялоо максатында сабакты жана класстан тышкаркы иштердин планын талдоонун ж.б. көндүмдөрүн жана билгичтиктерин калыптандырат. |
| **Сынчыл ой жүгүртүү** | Каада-салттар аркылуу окуучуларды демократиялуулукка тарбиялоо максатында фольклордук чыгармалардын демократтык-этикалык маңызына талдоо жүргүзүүнүн, аларды иргеп алуунун көндүмдөрүн жана билгичтиктерин өнүктүрөт. |
| **Проблемалуу окутуу** | Каада-салттарды окуучуларды демократиялуулукка тарбиялоо максатында үйрөнүүдөгү студенттердин билимин, активдүүлүгүн, демилгелүүлүгүн жогорулатат жана өз алдынча изденүү көндүмдөрүн, билгичтиктерин өнүктүрөт. |
| **Студенттин өз алдынча иши (СӨИ)** | Студенттердин берилген теманын үстүндө өз алдынча чыгармачылык изденүү көндүмдөрүн жана билгичтиктерин калыптандырат жана эркин аналитикалык ой-жүгүртүүсүнө түртү берет. |
| **Оюндар** | Студенттердин каада-салттар аркылуу окуучуларды демократиялуулукка тарбиялоонун практикасы менене тааныштырат, педагогдун ишмердүүлүгүн тууралганга мүмкүнчүлүк берет жана чыгармачылык мүмкүнчүлүктөрүн өнүктүрөт. |

Диссертациялык изденүүбүздүн максатында ылайык сабакты уюштуруунун оптималдуу варианттарын табуунун үстүнөн жүргүзүлгөн жумуштардын жыйынтыгы көрсөткөндөй, каада-салттарды колдонуу сабактын структуралык түзүлүшү жөнүндө терең ойлонууну талап кылат. Тагыраак

айтканда, жогоруда көрсөтүлгөн окутуунун тигил же бул методдору, ыкмалары, албетте, сабактын тигил же бул этабындагы чечилүүчү маселенин өзгөчөлүгүнө ылайык тандалат. Изилдөөнүн максатына ылайык каада-салттар колдонулган практикалык сабактардын өзгөчөлүгүнө кайрылып көрөлү.

Маселен, салтту методдорго биз баяндоо, аңгеме куруу, түшүндүрүү, көнүгүү, көрсөтмө ж.б. методдорду киргизебиз. Элдик каада-салттар аркылуу окуучуларга демократиялык тарбия берүүнүн теориялык негиздерин үйрөнүү процессинде диалогдук окутуунун түрдүү варианттары кеңири колдонулду. Алсак, "Педагогика" курсунун семинардык сабагында жаңы материалды аныктоо же жаңы маалыматтарды издөө боюнча болочок мугалимдердин таанып-билүү ишмердүүлүгүн жандандыруу үчүн төмөндөгүдөй маселелер жана суроолор коюлду: 1) Төмөндөгү түшүнүктөрдүн маңызын ачып бергиле: Мугалим - каада-салт менен баланын ортосудагы баланын өсүп-өнүгүүсүндө, өзүн-өзү аңдоосунда, билим алуу жана маданий процесстерге колдоо көрсөтүү боюнча ортомчулук милдет аткаруучу; Мугалим-элдик маданияттын тескөөчүсү", "Жашоонун жана чыгармачылыктын мугалими". Силер демократ мугалимдерге туш келгенсинерби?, эгерде жолуктурган болсонор, анын жогорудагы сапаттарын мүнөздөгөн педагогикалык ишмердүүлүгүнөн үзүндүлөрдү баяндап бергиле. 2) Мугалим жана анын педагогикалык кесиби жөнүндөгү макал-лакаптарды чогулткула. 3) "Манас" эпосунан элдик педагогдор жана демократиялуулукка тарбиялоо жөнүндөгү идеялар баяндалган үзүндүлөрдү келтиргиле. 4) Акындардын элдик тарбиячы катарындагы педагогикалык ишмердигине өз пикириңерди билдиргиле. 5) "Улуттук маданиятты сактоодогу жана өнүктүрүүдөгү элдик таланттардын миссиясы" деген темада долбоор жазгыла. Манасчылардын, акындардын демократтык тарбиялык жана агартуучулук ишмердүүлүктөрү жөнүндө коомдук ишмерлердин, окумуштуулардын, белгилүү педагогдордун айткан ойлорун топтогула.

Мындай типтеги тапшырмаларды чечүү студенттердин чыгармачыл ой жүгүртүүнү жана сынчыл мамилени талап кылат. Анткени бул жерде студент

канткенде чыгармада берилген сюжетке, андагы идеяларга карата “жок, андай эмес, мындай деп  кайчы пикирди айтып, сынчыл көз карашын билдирет? Антпеген күндө, каармандардын образы, чыгармадагы идеялар, каармандардын мүнөздөрү тууралсында кеп кылганда да айтылган ойлор туура, так, акыркы чындык катары кабыл алынып, андан башкача болууга мүмкүн эмес да, - деген пикир да  жаралбай койбойт. Мына ушунун өзу окуу процессинде студент окуу материалдарын курулай жаттап алуу, кандай окуп, кандай укса, ошол гана туура деп эсептөө менен тушалып, чын-чынында, акыл-эстүүлүк менен, ой жүгүртүп өздөштүрүүнү четке кагат. Андай болсо, окуу процессиндеги материалдарды репродуктивдүү түрдө өзүндөй кайталап айтып машыгуу менен эмес, сынчыл ойлом стратегиясынын негизинде өз көз карашын билдирүү менен, чыгармачыл мамиле жасоо аркылуу түшүнүү гана илимий-методикалык жактан туура келет,- десек жаңылышпайбыз.

Студенттерди талдоого үйрөтүүчү жана шыктандыруучу ар түрдүү интерактивдүү методдор: “Кластердин” бардык түрү, “Кайчылаш дискуссия”, “Жалпы класстык талаш (полемика)”, «Долбоор жактоо» сыяктуу сабактын стратегиялык моделдери пайдаланылат [50,51,52,67,68, 69]. Ушул эле мезгилде, студенттин өз алдынча ишинде (СӨИ) үйгө тапшырма берүү ыкмаларын кеңири колдонсо болору биздин изилдөөбүздө байкалды:

- Тема боюнча конспект түзүү жана текст менен иштөө; (Мисалы: Элдик каада салттар – адам турмушунун күзгүсү; Кыргыз элинин каада салттарындагы демократиялык идеялар);
- Адабий булактар менен иштөө (каада-салттар жөнүндө материалдар менен иштөө);
- СӨИнин тематикасы боюнча долбоорлорду чагылдыруу жана кроссворддорду түзүү; (мисалы: Демократиялуулукка тарбиялоо, Мугалим жана демократия);
- Тема боюнча рефераттарды жана докладдарды жазуу; (иш программада);

- Тема боюнча эссе жазуу (мисалы: Демократия деген эмне?, Каада-салт жана демократия);

- Чыгармачылык иштер (мисалы: студенттердин тандоосуна жараша каада-салттар боюнча сценарий түзүү ж.б.);

Программада камтылган студенттердин өз алдынча ишинин структурасында киргизилген болочок мугалимдерди калыптандыруунун дагы бир өзгөчө формасы катары жогорку окуу жайларда кеңири колдонулуп жүргөн эссе-башкача айтканда инсандын эркин ой түзүмүнөн куралган кыскача дил баянга артыкчылык берилет.

Эссе жазууда, студенттер конкреттүү суроонун үстүнөн, башкача айтканда "Каада-салт жана демократия" деген темада, тема боюнча терең ой жүгүртүүнүн негизинде изилдөөчүлүк билгичтиктери жана көндүмдөрү калыптануу менен бирге алардын жалпы демократиялуулук жөнүндө түшүнүктөрүн калыптандырууга жардам берди.

Буга мисал катары студенттер тарабынан аткарылган төмөнкү эссени алууга мисал катары көрсөтөбүз.

Эссенин темасы: "Каада-салт жана демократия"

Кыргыздардын табиятында демократия каада-салт өңүтүндө жашап жана бул нерсени кыргыз калкы өзү абалтан эле табиятында демократия жолдорун колдонуп жүргөн. Мисалы, урууда бир мүшкүл иш болдубу же маңдай жарган кубанычтуу иш болуп кеттиби дароо уруу аксакалдары чогулуп, элин пикирин угуп чечим чыгарышкан. Эл арасында терс иштери менен эркегиби, аялыбы бирөө чыга калса дароо тескешкен. Эң башкысы, кыргыздар адеп-ахлак менен демократияны сактап келишкен. Жалпы элдик чечим болгон. Ошол жалпы элдик чечимден коркушуп, ар бир кыргыз өз кадамынын ар бирине жоопкерчилик менен карашкан. Демек, тарбияга салынган атайын жоболорду салт катары калыптандырган. Ал эми ошол уруу аксакалдарын эң негизги касиеттери катары калыстык кылуу, айкөлдүк, токтоолук, сабырдуулук, көтөрүмдүүлүк, нысаптуулук сапаттары сыпатталган. Бул адамдык мыкты сапаттарды тарбия-таалим катары улуулар кичүүлөргө айтып, калыптандырууга

аракет кылышкан. Буга бир ишке, же сөзгө терикпөө, чычалабай, ар ишке күйпөлөктөп кетпөө, сөз көтөрүмдүүлүк, көпчүлүктүн көзүнчө жаакташпоо, улууларды, кичүүлөрдү какпоо, адамдын шагын сындырбоо сымал адамдык сапаттарды кошобуз.

Демек, жогоруда белгиленген мазмунда аткарылган иштер, студенттин өз алдынча жалпы демократия жөнүндө ойлоосун өнүктүрүп, ар бир студенттин интеллектуалдык деңгээлин көтөрүүгө жана жалпы демократиялык көрсөткүчтөрүн калыптандырууга көмөк көрсөтө алды. Кредиттик технологияны ишке ашырууда аудитордук сааттар менен өз алдынча иштөөнүн көлөмүнүн бирдейлиги, бул студенттердин билим алууга карата жана өз алдынча билим алууга карай багыт алуусуна, изденүүсүнө мүмкүнчүлүк түзөт. Демек, бул инсанга багытталган окутуу технологиясы менен шайкеш келет.

Азыркы учурдагы окуу-тарбия процессинде "инсанга багытталган окутуу технологиясын" колдонуу биздин максатка ылайык деп эсептелет. Инсанга багыттап билим берүү, тактап айтканда окуучунун, студенттин жеке өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен окутууда негизинен инсандын оргиналдуулугун, эркиндигин, баалуулугун, өзгөчөлүгүн кабыл алууга жана таанууга басым жасалат. Белгилүү педагог И. Бекбоев: "Инсандыкка багыттап билим берүүдө максатка караганда баалуулуктарга умтулуу маанилүү болуп эсептелет, башкача айтканда мындагы башкы маселе "ким болуу керек?" эмес, "кандай болуу керек?" деген суроого татыктуулук болуп эсептелет", - деп пикирин билдирет [41,283-б.].

Ооба, жаш муундарды инсандык жактан калыптануусу, өзүнүн инсандыгын таануусу үчүн инсандыкка багыттап окутуу, учурда педагогика илиминдеги орчундуу маселелерден болуп саналат. Бул жагдайда студенттердин каада-салттар аркылуу демократиялуулугун калыптандыруу жалпы кыргыз элинин баалуулуктарын таанытуу, таянуу изилдөөнүн негизги өзөгүн ээледи.

Биз "Билим берүүнүн жана педагогиканын тарыхы" дисциплинасын өтүүдө проблемалуу кырдаалды түзүүгө жана проблемалуу-чыгармачыл

тапшырманы иштеп чыгууга өзгөчө көңүл бурдук. Бул суроолорду өздөштүрүүдө студенттердин активдүүлүгүн камсыздоо үчүн алар семинардык сабакта түрдүү өз алдынча таанып-билүү ишмердиктерине (проблемалуу-чыгармачыл тапшырмалар, проблемалуу кырдаалдар, окшош же карама-каршы образдарды салыштыруу, талкуулоо, коргоо ж.б.) тартылышты.

1. Г.Н. Волков "Элдик педагогдор-улуу, улуу педагогдор – элдик", - деп белгилейт. Бул ойду кыргыз демократ эл акындарынын (Барпы, Калыгул, Токтогул ж.б.) өмүр таржымалынын жана чыгармачылыгынын үлгүсүндө далилдегиле;

2. Эмне себептен Я.А. Коменский өзүнүн агартуучулук ишмердигин «Тарбиялоо системасын коомдун аристократтык «каймагы», тандалгандар үчүн түзүлбөстөн элдин демократтык катмары, эл массасы үчүн» - деген ойду белгилеген?.

3. К.Д. Ушинский " Эл – эң биринчи тарбиячы, элдин педагогикалык генийлиги менен эч ким теңдеше албайт",- деп жазган. Бул ойдун чындыгын кыргыз элдик каада-салттарынын негизинде далилдегиле.

Ушул сыяктуу тапшырмаларды аткаруу студенттердин активдүү атуулдук позицияларынын калыптанышына, өзүн улуттун бир бөлүгү, өз улуттук маданиятынын алып жүрүүчүсү жана улантуучусу катары кабыл алуусуна, элдин рухий-демократтык салттарын жандандыруудагы жана өнүктүрүүдөгү коомдук-педагогикалык милдетин таасын түшүнүүсүнө өбөлгө түзөт. Жүргүзүлгөн изилдөөлөр көрсөткөндөй, студенттердин этномаданий таанып – билүү активдүүлүгүн өнүктүрүү мүмкүнчүлүгү психологиялык-педагогикалык дисциплиналар менен эле чектелбейт.

Окумуштуу А. Алимбеков: "ар бир элдин тарыхый эс-тутумунда алп зарядка ээ болгон "адам-символдор" жашайт. Ансыз адамдар жашоонун максатын жана маңызын аныктоого багытын жоготуп алары түшүнүктүү [14, 68-б.]. Кыргыз этнопедагогикалык маданиятынын калыптануу тарыхынан демократиялуулуктун символу болгон инсандар катары- Манас, Бакай, Алмамбет, Каныкей сыяктуу эпостук каармандар жана Калыгул, Барпы,

Токтогул, Арстанбек, Жеңижок ж.б. таланттуу эл акындар, тарыхый коомдук ишмерлер: Курманжан датка, Шабдан баатыр, Разаков, Усубалиев Т.ж.б., агартуу тармагында К. Тыныстанов, И.Арабаев ж.б. таланттуу эл даанышмандарын айта алабыз.

Ошондуктан Ата Мекен тарыхы курсун үйрөнүүдө кыргыз рухий маданиятындагы "демократиялуулуктун идеяларын" өз алдынча анализдөөсүнө түрткү берүү үчүн студенттерге төмөнкүдөй суроолор менен кайрылдык: 1) Эмне үчүн булардын аты элдин эс-тутумунан чыкпайт?, 2) Алардын идеал болуучу өзгөлүктөрү кайсылар?, 3) Алардын кандай үлгү болорлук сапаттары же осуяттары азыркы күнгө чейин таасирин жогото элек? Студенттер бул суроолорго жооп издөө менен түрдү маалыматтарды жана фактыларды салыштырып, үзүндүлөрдү жана элдик педагогдордун өмүр таржымалынан керектүү мисалдарды, аргументтерди келтиришти, өз бүтүмдөрүн чыгара алышты.

Маселен, "Манас жана демократия" деген темада жана жогоруда берилген суроолорго жооп иретинде кээ бир студенттер класстер түзүү менен чечишти.

- Манас- элдик тарбиялоо салттарынын казанында кайнап бышкан баатыр.
- кандай ачуу сөздөр айтылбасын аны мыйзамченемдүү нерсе катарында кабыл алып, ага терикпестен көтөрүмдүү мамиле кылган (Мисалы: Манас Каныкейге үйлөнөөр алдында Алмамбет Манаска анын мурда тандагандары жакшы аялдардан эместиги жөнүндө айтып, үчүнчү жолу үйлөнүүгө кеңеш берет. Башка элдердин салттарында хандарына элдин көзүнчө жогорудагыдай сөздөрдү айтуу өзүнө өлүм жазасын сурап алганга барабар болмок.
- Дайыма кылычтын мизинде, найзанын учунда жашап келген эл өзүнүн тажрыйбасына ылайык сабырдуу, кечиримдүү болмоюнча эл арасында ынтымакты, биримдикти камсыз кылууга болбой тургандыгын терең түшүнүп

жана ага карата жашоо-тиричилигин жүргүзүп келген. “Кулаалы таптап куш кылган, курама жыйып журт кылган”

- Манас аскерлерине жеңилгендердин мал-мүлкүн, дүнүйөлөрүн талаганга катуу тыюу салып, Кытайдын элин чогултуп, өздөрү каалаганын хан шайлап алууларын сунуш кылат.
- Манас үчүн тышкы жеңиштерге караганда элдин ички ынтымак, биримдиги, кошундун санына караганда сапаты маанилүү болгон. Ошондуктан ал аскерлердин материалдык мүмкүнчүлктөрүнө, инсандык сапаттарына жараша мамиле жасоого аракеттенген. Чоң казатка аттанып жатып, жоокерлерине «аты-тонуңар толук эместер, каалабагандарыңар кайткыла» деген өтүнүч менен кайрылат. Анткени, ал чоң казаттан көпчүлүгүнүн кайтып келбесин, аты-тону, ден соолуктары начарлар жолдо эле чыгымга учураарын жакшы түшүнөт.

Бул жумуштарды аткарууда студенттердин окуучуларды демократиялуулукка тарбиялоого даярдыгы боюнча өзүн-өзү баалоосуна багытталган тапшырмаларды аткаруу аныктоочу эксперименттен алынган маалыматтарды толуктай алгандыгы менен өзгөчө баалуу болду.

Болочок мугалимдердин каада-салттар аркылуу окуучуларды демократиялуулукка тарбиялоого даярдоонун методикасы төмөнкүдөй циклдерде мүнөздөлөт. Биринчи циклде педагог студенттерди жагымдуу эмоционалдуу маанайда окуу-таанып билүүчүлүк ишмердикке тартат. Бул циклдин ийгиликтүү өтүшү студенттердин активдүүлүгүнөн, каада-салттар аркылуу демократиялуулукка тарбиялоо ишмердигиндеги мотивдердин калыптанышынан көз каранды. Экинчи циклде- педагогикалык практика мезгилиндеги демократиялуулукка тарбиялоодо кыргыз элдик каада-салттарды колдонуунун педагогикалык технологиясы өздөштүрүлөт.

Сабактарды өтүүнүн методикасында биз студенттер менен иштөөнүн салттуу формасы болгон лекцияны пайдаландык. Лекция атайын курста проблеманы коюунун, маселенин тамырын, теориялык билимдердин маңызын

ачып берүүнү негизи катары кызмат кылуу менен практикалык сабактарда студенттер менен биргеликте жообу изделүүчү суроолорду да камтый алды.

Кошумча өнүктүрүү программасынын киришүү сабагын өтүү лекциялык формага негизделген. Биринчи лекциянын мазмуну менен өткөрүлүү деңгээлинен студенттердин атайын курска кийинки кызыгуулары жана аудиторияга карата мамилеси көп жагынан көз каранды болгондуктан, аны өтүүдө окутуучуга чоң жоопкечилик жүктөлөт. Мында студенттер кошумча өнүктүрүү программасы, тематикалык пландары менен тааныштырылат, окуучуларды демократиялуулукка тарбиялоодо фольклордук каражаттарды колдонуу проблемасы актуалдаштырылат, изилденүүчү маселенин педагогикалык, методикалык адабияттардагы чагылдырылышына тарыхый обзор берилет.

Лекция учурунда студенттер менен иштөөдө негизги басым диалогго, уга билүү, салыштыруу, проблеманын үстүнөн ой жүгүртүү билгичтиктерин өнүктүрүүгө жасалат. Ошондуктан көпчүлүк мезгилде биз лекция-аңгемелешүүнү окутуунун активдүү формасы жана студенттерди ишмердикке тартуунун ыкмасы катары колдондук.

Лекция-аңгемелешүү пикирлердин эркин айтылышына, студенттердин өздүк билимдерин, тажрыйбаларын кеңири баяндоосуна жана изилденүүчү проблеманы толук ачып берүүгө өбөлгө түзө алды. Элдик каада-салттар аркылуу окуучуларды демократиялуулукка тарбиялоо маселелерин теориялык негиздөө менен байланышкан алгачкы сабактан баштап эле студенттерде рефлекциялык ой жүгүртүүлөрдүн натыйжасындагы оң пикирлер пайда боло баштады. Алсак, студент Алмазбек кызы Айдай: “Бул проблеманын учурдун маанилүү проблемасы экендигине көзүм жетти. Ошондой эле, улуттук каада-салттар менен бүгүнкү күндөгү негизги жашоонун талаптары болгон демократиянын байланышын теориялык, практикалык, өз алдынча иштөөнүн зарылдыктарын түшүндүм”, - десе. Эркеайым: “Бул маанилүү педагогикалык ишмердикте ийгиликке жетиш үчүн мугалимге  профессионалдык сапаттар

болуп, өзү да үлгү көрсөтүшү керек. Буга жетүү көп аракетти талап кылат”, - дейт.

Ошентип, мындай пикирдеги студенттердин кийинки сабактардагы окуу ишмердиктери көрсөткөндөй, алар окуучуларга демократиялуулык тарбия берүүдө кыргыз элинин каада-салттарын колдонуунун кесиптик билгичтиктерине жана көндүмдөрүнө ээ болууда активдүүлүктү көрсөтүшүп, ийгиликтерге жетише алышты.

Элдик каада-салттарды анализдөөнүн толук жүргүзүлүшүн жана сабаттуулугун камсыздоо үчүн “Кичи топторго иштөө” методу аркылуу биз иштеп чыккан “Кыргыз элдик каада-салттарын анализдөөнүн алгоритмин” студенттерге сунуш кылдык. Бул алгоритм студенттердин жекече аргументтештирилген демократиялык баалоолорду жүргүзүшүнө шарт түзүп, берилген жооптордун сапатын сезилерлик жогорулата алды. Алсак, студенттер элдик каада-салттарга демократиялык идеяларына талдоо жүргүзүүдө 3.4 - таблицаны толтурушат.

**Таблица 3.4 –Элдик каада-салттарга демократиялык идеяларына талдоо жүргүзүүнүн үлгүсү**

| Каада-салттын аталышы | Каада-салттын тарбиялык мааниси | Демократиялык идеясы |
|---|---|---|
| **Бата берүү, алуу** | Ыйык, бийик сөздөр баланын кан-жанына, дилине, ниетине, тилегине сиңирилет. Сөздүн кубаты, касиети менен наристе жашоого аралашат, умтулган, өскөн. Тилектин, үмүттүн толкуну бата алуучуга дем, күч берген. Өсүп келе жаткан жаш муунга бата берүү салты сөзсүз түрдө өнүгүүнүн улам жогорураак баскычына өтүүгө даярдоочу сапаттарды, касиеттерди калыптандыруу максатына | Бата сурап жаткан кишинин тегине, байлыгына жана башка социалдык абалына карабастан, ал адамдан элдин колдоосуна, батасына муктаж экендигин биринчи орунга койгондугу. |

| | | |
|---|---|---|
| | шайкеш | |
| **Карыяларды сыйлоо** | Элдин эзелтен калыптанган акыл нускасын эсине сактаган, ыймандуу, санжыралуу, нарктуу карыяларды калайык калк тирүү казына катары кабылдап, «Карысы бардын ырысы бар», «Кары-үйдүн куту», «Карынын сөзүн капка сал», «Өрнөктүү карыя жок жерде, өнөрлүү жаш да жок», «Узунсуз кыска болбойт, улуусуз нуска болбойт»-деп айтылып келет элибизде. Чындыгында, элдеги адеп нарктын, каада-салттардын сакталышы, муундарга мурасталып өсүп-өнүгүшү карыялардын өмүр үлгүсү, өрнөгү менен тыгыз байланыштуу. | Кыргыздарда уруу аксакалдарын шайлоо жана уруулардын сот адилеттигин жүргүзүшү, адамдардын кылган ишине укуктук жактан баа берүү, жамааттын аскердик уюмдашуусу, милдеттүү түрдөгү аткаруу тартиби-демократиялык мамлекеттүүлүктүн эзелки үлгүлөрү болгон. Анткени, өз жерин коргоо, башкоштуруучу курултайларды өткөрүү, дипломатиялык миссияларды дайындоо, түшүм жыйноо, мал кыштатууну уюштуруу сыяктуу жалпы улуттук тагдыр чечээр маселелерди чечүүдө жеке бир кишинин үстөмдүгүнө жол берилген эмес. Кыргыз демократиясына мүнөздүү көрүнүш – бул аксакалдар институтунун чечүүчү ролу. |
| **Кызды сыйлоо** | Кыз бала - баары бир башка бирөөнүн бүлөсү, ошондуктан, аларга карата назик сезимде болуу, бапестөө, барктоо өңдүү камкордуктарга бөлөнгөн. «Кыздын кырк чачы улуу» - деп кыргыздарда кыз балдарды өтө сыйлаган. Тестиер чагынан колдон келсе, тезек тердирбеген, отун алдырбаган, чий-куурай ордурбаган. «Кыздын көзү кызылда» - | Аял затына карата тең укуктуулук көрүнүшү кыргыз элине мүнөздүү баатырдыкты, билермандыкты, көсөмдүктү аялга же эркекке таандык деп айырмалабастан жогору коюу. |

| | | |
|---|---|---|
| | деп кооз кийим-кечектерди оболу кызга ыроологон. Кыздын улуу устуканы-малдын төшү болгон. Күмүштөн ат жабдык токулган, жорго мингизген. Кундуз тебетей кийгизген. Мунун баары кыз баланы аздектеп чоңойтуу, дегеле аял затынын кийинки турмуштагы оор түйшүгүн жеңилдетүү сыяктуу ой-толгоолор менен коштолгон. | |

Каада-салттарды анализдөөнүн жүрүшүндө студенттер өз алдынча төмөндөгүдөй бүтүмдөргө келишти:

- каада-салттарда Ата Мекенди коргоо идеясы, социалдык акыйкаттуулук, элге кызмат өтөө, башка элдер менен достук мамиледе болуу сыяктуу идеялар камтылган жана бул темалар жазылбаган, көкүрөктө сакталган мыйзамы болуп келген;
- элдик каада-салттар элдин тарыхый эс-тутуму катары адилеттик, адамдык ар-намыс, гумандуулук, эркиндик сыяктуу жалпы адамзаттык түшүнүктөр менен байланышкан нукура элдик традициянын даанышмандыгын жана эстетикалык көркөмдүүлүгүн ачып берүүгө зор мүмкүнчүлүктөрдү жаратат.

Бул көнүгүүлөр студенттердин чыгармачыл ой жүгүртүүсүнүн, демократтык баалай билүүсүнүн өнүгүшүнө, жалпы эле этномаданиятынын жогорулашына түрткү болду. Проблемалуу жана чыгармачыл тапшырмаларды аткаруу, каада-салттарды талдоо студенттердин чыгармачылык-жаратуучулук ишмердигине жана билим деңгээлине жагымдуу таасир тийгизе алды.

Ошентип, жогоруда айтылгандай, кошумча өнүктүрүү программасын окутууда колдонулган окутуунун методдору, формалары жана ыкмалары кыргыз элдик каада-салттары аркылуу окуучуларды демократиялуулукка

тарбиялоого болочок мугалимдердин компетенттүүлүгүн калыптанышына тикеден-тике таасир эте алды.

Лекциялык, семинардык жана практикалык сабактар менен катар эле биз студенттерди ЖОЖдо кесиптик даярдоонун формасы катары алардын атайын уюштурулган өз алдынча чыгармачыл мүнөздөгү илимий-изилдөө жумуштары пландаштырылган жана бул иштер студенттердин педагогикалык практикаларынын алкагында уюштурулду.

И.Я. Лернердин [102, 184-б.] айтуусу боюнча, өз алдынча таанып-билүү инсандын сапаты катары анын өзүнүн күчү менен таанып-билүү ишмердүүлүгүн уюштуруу жана таанып-билүүдө жаңы проблемаларды чечүү жөндөмдүүлүгүн божомолдойт. Демек, өз алдынча таанып-билүү деп инсандын билимге умтулуусу жана башкалардан жардам албастан ишмердүүлүктүн ыкмаларын өздөштүрүүсүн мүнөздөгөн инсандын сапатын түшүнөбүз.

Студенттердин изилдөө жумуштарына мамилесин стимулдаштыруу үчүн проблеманы тандоо укугу берилди. Тандалган проблема боюнча адабияттарды топтоо жана үйрөнүү мектептерге жүргүзүлгөн байкоолор менен коштолуп барды. Студенттер анык бир мектептин демократиялуулукка тарбиялоо боюнча иш тажрыйбаларын үйрөнүү менен төмөнкүдөй маселелерди чечишти:

- окуучуларды демократиялуулукка тарбиялоо боюнча класстан тышкаркы жумуштун планы менен таанышуу жана анын сабактын тарбиялоочулук милдети менен, класс жетекчинин жана мектептин тарбиялык иш планы менен шайкештик деңгээлин аныктоо;
- тарбиялоонун теориясынан алынган билимдерге таянуу менен окуучуларды демократиялуулукка тарбиялоонун этнопедагогикалык проблемаларынын абалын анализдөө;
- мугалимдер колдонгон окуучуларды демократиялуулукка тарбиялоонун формаларында жана методдорунда каада-салттардын колдонулушун аныктоо;
- элдик каада-салттар аркылуу окуучуларды демократиялуулукка тарбиялоону өркүндөтүүнүн негизги багыттарын аныктоо.

Студенттер мектептин алгылыктуу иш-тажрыйбаларын үйрөнгөндөн кийин, анализдөө, баяндоо жана изилдөөдөн алынган материалдарды иштеп чыгуулар жүргүзүлөт. Бул этаптагы окутуучунун милдетине студенттерди педагогикалык процесстин маңызын көрө билүүгө, проблеманын негизги аспектерине көңүл бурууну үйрөтүү кирет. Студенттерге педагогикалык мезгилдүү басылмалар менен эле чектелбестен, дискуссияга, педагогикалык окууларга даяр болуу сунуштары да берилди. Көпчүлүк студенттер монографиялык эмгектердин жана илимий макалалардын да үстүнөн иштешти. Мында төмөндөгү суроолорго жооп изделди: Кызыктуу кандай демократиялуу жаңы этнопедагогикалык материалдар табылды?, Аны өзүндүн тарбиялык иштеринде кантип колдонот элең?, Окуучуларды демократиялуулукка тарбиялоо максатында кесиптештериң менен эмнени бөлүшөт элең? Кайсы автордун эмне деген оюна макул эмессиң?, Кандай сунуштарды бере аласың? Анализдөө үчүн тандалган материал монография болобу же гезиттак, журналдан, интернеттен алынган макала болобу бул башкысы эмес. Негизги критерийи катары илимийлүүлүгүнө, масшабдуулугуна жана козголгон маселенин кесиптик маанилүүлүгүнө көңүл бурулду.

Ошентип, илимий-изилдөө жумуштары студенттердин каада-салттар аркылуу окуучуларды демократиялуулукка тарбиялоонун проблемалары боюнча билимдерин толуктайт, тереңдетет, кеңейтет жана системалаштырат.

Биздин тажрыйба үчүн практиканын башталышында студенттер практиканын мазмуну, милдеттери жана алдыдагы жумуштардын планы менен атайын теориялык дарста тааныштырылды. Анда байкоо, жазуу күндөлүктөрдүн толтуруу жана фактыларды каттоо, мугалим менен окуучулардын мамиле өзгөчөлүктөрүн байкоо, мугалимдин класстан тышкаркы жумуштун планы менен таанышуу жана анын сабактын тарбиялоочулук милдети менен, класс жетекчинин жана мектептин тарбиялык иш планы менен шайкештик деңгээлин жана маанилүүлүгүн аныктоо сыяктуу жумуштарга даярдалды. Айрым учурда керектүү усулдук көрсөтмөлөр да берилди.

Биздин адаптациялык-педагогикалык практиканын катышуучулары Бишкек шаарынын №28, №46, №76 окуу-тарбия комлекстеринде болушту. Студенттер изденүүнүн төмөнкү багыттарын жетекчиликке алышты: окуу жайларындагы таалим-тарбия процессине катышкан мугалимдер, окуучулар, ата-энелер арасындагы мамилелерди, карым-катнаштарды башкарууда демократиялык принциптердин орун алышын байкоо; таалим-тарбия процессин уюштурууда элдик тарбиялоонун салттарын мугалимдердин колдонуу тажрыйбалары кандай?

Адаптациялык-педагогикалык практика мезгилинде жогорудагы маселелер боюнча окуучулар жана мугалимдер канчалык денгээлде демократиялуу экендигин аныктоо иретинде тест өткөрүлдү. Таблица 3.5.

**3.5 – таблица. Силер өзүнөрдү канчалык деңгээлде демократиялуубуз деп эсептейсиңер?**

**Тест жүргүзүүнүн үлгүсү**

**Биринчи кадам:** Жекече иштеп төмөнкү ойлорго канчалык макул болгонуңарга же макул болбогонуңарга жараша упай бергиле.

1 2 3 4 5



толугу менен макулмун — макулмун — билбейм — макул эмесмин — таптакыр макул эмесмин

| № | Ой-пикирлер | Упай |
|---|---|---|
| 1 | Мен досторума эмне кылууга тийиш экенибизди айтам да, каршы пикирлерди укпайм. | |
| 2 | Менин ар кандай улуттагы досторум бар, мен алардын баарына бирдей мамиле жасайм. | |
| 3 | Жаш туугандарыма караганда тажрыйбам чоң болсо да, алардын интеллектин урматтайм. | |
| 4 | Жөн эле буйруктарга баш ийип жүрсөк, турмуш алда канча жөнөкөй болор эле. | |
| 5 | Аялдардын мүмкүнчүлүктөрү эркектердики менен тең болууга тийиш деп ойлойм. | |
| 6 | Бардык чечимдер боюнча добуш берүү керек деп эсептейм. | |
| 7 | Эгер кимдер бирөө мени катуу кордосо, ага каршы анча-мынча күч колдонууга болот. | |

| | | |
|---|---|---|
| 8 | Мен өз пикиримди ачык айтпайм, анткени аны анча маанилүү эмес деп эсептейм. | |
| 9 | Акчасы көп адамдар-турмушунда ийгиликке жетишкендер, ошондуктан алар гана добуш берүү укугуна эгедер. | |
| 10 | Англис тили- дүйнөдөгү эң мыкты тил. | |
| 11 | Мыйзамдан эч ким жогору турбашы керек | |
| 12 | Эгерде чечим эркин жана адил добуш берүү менен кабыл алынса, мен анын натыйжаларына макул болом. | |
| 13 | Менимче, эркиндик чечим кабыл алууга укуктуулук, ошондой эле анын натыйжалары үчүн жооп бере билүү дегенди билдирет. | |
| 14 | Жакшы жетекчи адамдарга бардык нерселерди бере алат жана алар үчүн толугу менен жооп берет. | |
| 15 | Кайсы мыйзамдарга баш ийип, кайсы мыйзамдарга баш ийбөөнү биз өзүбүз добуш берүү менен чечишибиз керек деп ойлойм. | |

Адаптациялык-педагогикалык практика мезгилинде жогорудагы маселелер боюнча иш алып барууда студенттер өздөрүн байкоочу-изилдөөчү гана эмес, демократиялуулуктун активдүү үгүттөөчүсү катары да көрсөтө алышты. Алсак, практиканттар тарбиялык класстык сааттарды уюштурууда мугалим-окуучу-ата-эне ортосудагы кызматташтыктын кеңири жайылышына, балага мугалим жалаң гана билим берүүчү, ата-эне – кынтыксыз туура тарбиячы гана болбостон, ошол эле мезгилде кызыктуу жана демократиялуу инсан, улуу ага-эжеге, керек болсо жолдошко, насаатчыга айланып, балдар менен сабак учурунда гана эмес, үйдөн, мектептен тышкаркы убакта да баарлашууга, маектешүүгө дилгир, жакын жана сыйлуу адамга айланышына чакырышты.

Практиканын жыйынтыгы боюнча конференция өткөрүлүп, анда практиканттар, мугалимдер, ата-энелердин катышуусунда “Кыргыз элинин каада-салттарына мүнөздүү улуулардын кичүүлөргө карата үстөмдүк салты таалим-тарбия процессинде” деген диспут уюштурулду. Талкууда бул каада-салттын «Карысы бардын ырысы бар», «Кары-үйдүн куту», «Карынын сөзүн капка сал», «Өрнөктүү карыя жок жерде, өнөрлүү жаш да жок», «Узунсуз кыска болбойт, улуусуз нуска болбойт»-деп айтылып келген сөз берметтери болгон накыл сөздөрдү мисал келтирүү менен башталды. Чындыгында, элдеги адеп нарктын, каада-салттардын сакталышы, муундарга мурасталып өсүп-өнүгүшү карыялардын өмүр үлгүсү, өрнөгү менен тыгыз байланыштуу экендиги

белгиленди. Бирок, бүгүнкү күндө бул салт туура эмес нукка бурулуп, маанисинин өзгөрүшүнүн себептеринин бири бул- ак сакал, карыя, улуу адам сөздөрүнүн түпкү маанисин түшүнбөгөндүгү жана айырмасын билбегендиги. Кыргыздарда ар бир эле жашы улгайган киши ак сакал наамын алып жүргөн эмес. Жашы улгайган эркеке кишинин коомдогу оордун белгилөө үчүн үч негизги статустук өзгөчөлүктү аныктаган наамдар берилген эл тарабынан. Биринчиси, ак сакал наамы – эл ичинде өтө сыйлуу жана баралдуу көрөгөч даанышман аталарга берилген, эгерде кандайдыр бир пикир келишпестик же уруш чыгып кете турган болсо ортодо калыс кебин айта турган ак сакалга барып маселени чечип бериши өтүнүлөт. Ак сакалдын сөзү бир болгондуктан анын чечими калыс болгон. Мисалы, “Караңгыда көз тапкан, капилеттен сөз тапкан” акылман Бакай чыныгы ак сакалдын символу катары белгиленет. Ал эми карыя –кыргыз салтту үй бүлөөсү бир эле учурда бир түндүктүн алдында бир нече муундардын биргеликте тиричилик өткөргөндүгү жана эч кандай ич ара пикир келишпестикти билдирбеген чоң үй бүлөөнүн эң барктуу жана ардактуу даражадагы адамы. Себеби алар, жалпы чоң үй бүлөөнү түптөгөн, негиздеген жана үй бүлөөнүн намысын сактап кийинки муунга өткөрүп берген. Кары адамдар кыргыздарда акылмандуулуктун, данышмандуулуктун, тажрыйбалуулуктун жана калыстыктын символу болгон. Өз кезегинде карылар ушул жогоруда аталган сапаттарды тастыктоо үчүн жаштарга үлгү катары өздөрүн салабаттуу жана татыктуу алып жүргөн. Ал эми бүгүнкү күндө салтта улууларды сыйлоо деген идеяны бүгүнкү күндө жашына карап, улуу болсо меники туура деген ойду карманган инсандарыбыздын бар экендиги. Ал эми ошол ак сакал, карыя, улуу адам болууда кандай сапаттарга, өрнөктөргө ээ болуу керек экендигин ойлонбогон адамдар жөнүндө пикирлерин далилдөөгө аракеттеништи. Аганы көрүп ини өсөт, жени көрүп синди өсөт- дегендей, өсүп, калыптанып келе жаткан муун үчүн улуу адамдардын сөзүнө караганда, алардын жүрүм-турпаты, кылган иш аракеттери алда канча таасирдүү экендиги белгиленди.

Бул диспуттардагы түрдүү көз караштардын, пикирлердин талаш-тартышында этнопедагогикалык фактыларды, кубулуштарды, педагогикалык кырдаалдарды жана алардын өз ара диалектикалык байланыштарын системалуу кароонун ыктары педагогикалык ишенимдерин калыптанат. Ошондой эле, таанып-билүү керектөөлөрүн өз алдынча изденүү менен канаттандырууга умтулууларына өбөлгө жаратат.

Студенттердин теориялык билимдерин келечектеги практикалык ишмердүүлүгүнүн мазмуну менен байланыштырууда мектептерде өтүлүүчү педагогикалык практиканын ролу эбегейсиз. Мугалимдерди кесиптик даярдоо маселелерине багытталган изилдөөлөрдө педагогикалык практикадан өтүүгө студенттерди практикалык жактан даярдоо маселелерине улам көбүрөөк көңүл бурулууда. Изилдөөчүлөрдүн (А. Алимбеков, А. Аттокуров, Н.К. Дюшеева, Б.Б. Муратбаев ж.б.) пикири боюнча, болочок мугалимдерди практикалык даярдоодо педагогикалык практика мезгилинде студенттерди активдүүлүккө тартуу- өтө маанилүү. Анткени педагогикалык практика- студенттердин кесиптик билгичтиктерин калыптандыруунун, теориялык билимдерин практикада текшерүүнүн жана бекемдөөнүн негизги шарты. Ушуну менен эле катар студенттердин тарбиялоо жумуштарын жүргүзүүнүн формалары жана методдору жөнүндөгү жаңы билгичтиктерди, өздөштүрүүсүнө, тарбиялык иш-чаралардын системасын аныктоодо жана жүргүзүүдө өз алдынчалыкка ээ болуусуна кеңири мүмкүнчүлүктөрдү жаратат.

Педагогикалык практиканын эффективдүүлүгү анын сапаттуу уюштурулушунан жана өткөрүлүшүнөн көз каранды. Ушул себептен улам, биринчиден: багытточу конференция уюштурулуп, анда студенттердин, усулчу-окутуучулардын, мектеп жетекчилеринин катышуусунда педагогикалык практиканын мазмуну жана милдеттери кеңири талкуунун негизинде аныкталат. Биз тажрыйбалык жумушта болочок мугалимдердин демократиялуулукка тарбиялоо боюнча даярдоо максатында эффективдүү пайдалануу үчүн практикалык тапшырмалар камтылган эскеркич иштелип чыккан.

Студенттердин педагогикалык практика мезгилиндеги ишмердүүлүгүн байкоолор көрсөткөндөй, методист-окутуучудан атайын тапшырма албаган студенттер окуучуларды демократиялуулукка тарбиялоодо каада-салттарды колдонууга аракеттенишпейт. Бул, өзгөчө, түрдүү кечелерди, майрамдык салтанттарды, жолугушууларды уюштурууда даана байкалды. Ошондуктан биз 3-курстун окуу практикасын өтөө мезгилинде студенттердин тиешелүү билимдерин, билгичтиктеринин жана көндүмдөрүнүн калыптануу деңгээлин эске алуу менен биздин изилдөөнүн талаптарына шайкеш түзүлгөн атайын педагогикалык тапшырмаларды сунуштадык.

1. Каада-салттарды колдонуу менен 1-4 класстын окуучуларын демократиялуулукка тарбиялоого багытталган иш-чаралардын планын түзүү жана уюштуруунун өзгөчөлүктөрүнө байкоо жүргүзүү;

2. Кыргыз элдик каада-салттардын негизинде 1-4 класстын окуучуларын демократиялуулукка тарбиялоодо мугалим-тарбиячылар туш болуп жаткан мүнөздүү кыйынчылыктарды жана проблемаларды аныктоо;

3. Окуучуларды элдик демократтык-этикалык каада-салттар менен тааныштыруудагы ата-энелердин ролун мүнөздөө.

Коюлган тапшырмалар тиешелүү маселелер аркылуу конкреттештирилди:

- 1-4 класстын окуучуларынын демократиялуулугунун өнүгүүсүн аныктоонун планын түзгүлө жана байкоо жүргүзгүлө;
- кыргыз элдик каада-салттарындагы демократиялуулук маселелери жөнүндөгү түшүнүктөрүн аныктоо боюнча 1-4 класс окуучулары менен аңгемелешүү өткөркүлө;
- каада-салттар аркылуу окуучуларды демократиялуулукка тарбиялоонун милдеттерин камтуу менен аткара турган жумуштардын планын түзгүлө;
- өз классыңардын мугалиминин бир нече сабактарына (класстан тышкаркы иш-чараларга) катышып, андагы каада-салттар аркылуу демократиялуулукка тарбиялоо милдеттеринин чечилишин эске алуу менен анализ бергиле;

- мугалимдердин жана ата-энелердин демократиялуулукка тарбиялоо боюнча түшүнүгүн, билгичтигин аныктоо боюнча анкетанын болжолдуу суроолорун түзгүлө.

Болочок мугалимдердин каада-салттар аркылуу окуучуларды демократиялуулукка тарбиялоого даярдыгынын педагогикалык практика мезгилиндеги калыптануу процессине байкоо жүргүзүү менен студенттердеги айрым өзгөрүүлөрдү байкай алдык. Алсак, тарбиялоо ишмердигине болгон мамилелери өзгөрдү, аудиториядан алган билимдерин, билгичтиктерин жана көндүмдөрүн байытышты.

4-курстагы окуу-тарбиялык практика – болочок мугалимдерди каада-салттар аркылуу окуучуларды демократиялуулукка тарбиялоого даярдоонун жыйынтыктоочу этабы. Ошондуктан бул педагогикалык практиканын негизги милдети - керектүү теориялык билимдерди тереңдетүү жана бекемдөө, кыргыз элдик каада-салттарын колдонуунун педагогикалык билгичтиктерин өркүндөтүү жана студенттердин өз үстүнөн иштөөсүн стимулдоо. Бул милдеттердин чечилиши төмөнкү жагдайлардын түзүлүшүнө негизделет:

1. Студенттердин иш-аракетин жалпы педагогикалык жетектөө;
2. Методикалык сааттар жана консультациялар;
3. Окуу-изилдөө жумуштарынын коллективдүү аткарылышын жетектөө;
4. Кесиптик өз алдынча билимин жогорулатууну колдоо.

Ошентип, биз тарабынан түзүлгөн эксперименталдык окутуунун технологиясынын негизинде окутуунун ар кандай методдорунун жана формаларынын айкалыштыруусу, илимий-практикалык иштердин өтүлүүсү болочок мугалимдердин каада-салттар аркылуу окуучуларды демократиялуулукка тарбиялоого кесиптик компетенттүүлүгүн калыптандырууну иш жүзүнө ашыра алат деген бүтүмгө келдик.

## 3.3. Демократиялуулукка багытталган кесиптик жактан жетиштирүү боюнча жүргүзүлгөн педагогикалык эксперименттин натыйжалары

Жогоруда иштелип чыккан педагогикалык шарттар, технологияларды колдонуу менен жүргүзүлгөн педагогикалык-эксперименттин натыйжалары болочок мугалимдерди каада-салттар аркылуу окуучуларды демократиялуулукка тарбиялоого даярдоосунда ЖОЖдун практикасына төмөндөгүдөй жолдорун иштеп чыгууга мүмкүндүк берди:

1. Болочок мугалимдерди каада-салттар аркылуу окуучуларды демократиялуулукка тарбиялоо ишмердиги педагогикалык процесстин эң зарыл компоненти экендигине жана бул багыттагы кесиптик компетенцияларын өркүндөтүү билгичтигине ээ болууга ынандыруу.

2. Болочок мугалимдерди каада-салттар аркылуу окуучуларды демократиялуулукка тарбиялоого даярдоону өркүндөтүү максатында окуу планындагы гуманитардык, психологиялык-педагогикалык, кесиптик циклдагы дисциплиналардын мазмунуна толуктоолорду киргизүү жана окутуунун ийкемдүү технологияларын колдонуу.

3. “Кыргыз элинин каада-салттары жана окуучуларды демократиялуулукка тарбиялоо” кошумча өнүктүрүү программасын окутуу.

4. Педагогикалык практиканын мазмунун болочок мугалимдердин каада-салттар аркылуу окуучуларды демократиялуулукка тарбиялоодогу субъективдүү өз алдынча ишмердүүлүк тажрыйбасын калыптандыруу багытында өркүндөтүү.

Калыптандыруучу педагогикалык экспериментте аткарылган бул жумуштардын мазмуну мурдагы параграфтарда чагылдырылган, ал эми бул параграфта, аларды окуу процессине кийирүү менен кандай натыйжаларга жетишкендигибиз жөнүндө баяндалат.

Тажрыйбалык экспериментке Ж. Баласагын атындагы КУУнун педагогика факультетинен текшерүү группага - 67, эксперименталдык группага

- 87, Социалдык-гуманитардык илимдер факультетинен текшерүү группага - 33, эксперименталдык группага - 23, жалпы - текшерүүчү группага 100, эксперименталдык группага 110 студент камтылды. Эксперименталдык жана текшерүүчү группаларды тандап алууда баштапкы маалыматтарынын иденттүүлүк принциби (студенттердин жалпы өнүгүү деңгээли жана жетишүүсү; курагы; аудиториядагы саны; жалпы демократиялуулук сапаттарынын деңгээли; демократиялуулук-этикалык кызыгуусунун өнүгүү деңгээлинин бирдейлиги) сакталды.

Педагогикалык экспериментти уюштурууга коюлуучу методикалык талапты эске алуу менен эксперименталдык кырдаалдын өнүгүүсүнүн так көзөмөлгө алынышын камсыздоо - мында өтө маанилүү. Тажрыйбалык – эксперименталдык жумуштардын ишенимдүүлүгү эксперименталдык жумуштарды уюштурууга жана жүргүзүүгө коюлган жалпы талаптарды чагылдырган жалпы илимий жана конкреттүү илимий принциптерди эске алуу менен бааланды. Изилдөөнүн натыйжасын баалоодо төмөнкүдөй принциптерге таяндык:

а) **Эффективдүүлүк принциби,** мында алынган натыйжалар типтүү, стандарттык шарттар менен бир мезгилде алынган натыйжаларга караганда минималдуу материалдык жана финансылык ресурстарды жумшоо менен жогору болуш керек. Биз бул принципти гипотезаны сунуштоодо, тажрыйбалык-эксперименталдык жумуштарды жүргүзүүнүн педагогикалык шарттарын негиздөөдө, алынган эксперименталдык маалыматтарды талдоодо жана баалоодо жетекчиликке алдык.

б) **Педагогикалык кубулуштарды бүтүндүктө үйрөнүү принциби**, ишмердүүлүк жана системдүү мамилени талап кылат; изилденүүчү кубулуштун педагогикалык процесстеги ордунун так аныкталышы; изилденүүчү кубулуштун динамикасынын ачылышы. Бул принципти болочок мугалимдерди каада-салттар аркылуу окуучуларды демократиялуулукка тарбиялоого даярдоонун мазмунун талдоодо, болочок мугалимдерди эксперименталдык окутуунун инновациялык технологиясын иштеп чыгууда жетекчиликке алдык.

в ) **Обьективдүүлүк принциби**, ар бир фактыны бир нече методдор менен текшерүүнү жана изилденүүчү объектеги өзгөрүүлөрдү белгилөөнү талап этэт. Бул принципти биз аныктоочу жана калыптандыруучу эксперименттерде студенттердин ишмердигине байкоо жүргүзүү мезгилинде, болочок мугалимдердин каада-салттар аркылуу окуучуларды демократиялуулукка тарбиялоого кесиптик компетенцияларынын калыптаныш деңгээлдерин диагностикалоодо жана алынган натыйжаларды талдоодо жетекчиликке алдык.

Бул максатта эксперименталдык группада окутуунун эксперименталдык программасы апробацияланып, болочок мугалимдин даярдыгынын ар бир компонентине тийгизген таасири белгиленип турду. Мындан тышкары, студенттердин сабактан тышкаркы жумуштарынын тарбиялык потенциалы жана мүмкүнчүлүгү аныкталды. Биз иликтөөбүздө көркөмдүүлүгү бийик, терең идеялык мазмундагы, руханий-демократтык дөөлөттөргө бай элдик каада-салттарга гана таяндык. Тарбиялык эффектин максималдуу болушу үчүн каада-салттар ар бир өтүлгөн темада турмуш менен, студенттердин социалдык жана педагогикалык тажрыйбалары менен байланыштырылып турду. Мында өзгөчө орунда ЖОЖдун окутуучусу турат, анткени ал өз жумушун кеңешчинин, насаатчынын, угуучунун, аткаруучунун ролу менен айкалыштырууга тийиш.

Изилдөөнүн жыйынтыктоочу этабында тажрыйбалык-эксперименталдык жумуштун натыйжалуулугун аныктоо, студенттердин каада-салттар аркылуу окуучуларды демократиялуулукка тарбиялоого даярдыгынын деңгээлдерин ар бир компонент боюнча тактоо максатында окутуучу эксперименттин эффективдүүлүгүн иликтөө жумуштары жүргүзүлдү.

Эффективдүүлүк психологиялык-педагогикалык адабияттарда окутуунун натыйжасынын сапаттык мүнөздөмөсү, коюлган максатка жетишүүнүн натыйжасы катары каралат.

Биздин изилдөөнүн контекстинде эффективдүүлүктүн критерийи катары коюлган максатка, милдеттерге ошондой эле, биз иштеп чыккан болочок мугалимдерди каада-салттар аркылуу окуучуларды демократиялуулукка тарбиялоого даярдоонун теориялык моделине ылайык келишин кабыл алабыз.

Эксперименталдык системанын эффективдүүлүгүн баалоо тажрыйбалык-эксперименталдык жумуштун жыйынтыктоочу этабында эксперименталдык жана текшерүүчү группадагы студенттердин даярдыгынын деңгээлдериндеги өзгөрүүлөрдү ар бир структуралык компоненттери боюнча аныктап, аларды салыштырып анализдөө аркылуу жүргүзүлдү:

- мазмундук компоненттин өнүгүү деңгээлин;
- мотивациялык-дөөлөттүк компоненттин өнүгүү деңгээлин;
- уюштуруучулук-технологиялык компоненттин өнүгүү деңгээлин.

Ошентип тажрыйбалык-эксперименталдык жумуштун эффективдүүлүгү үч текшерүү менен аныкталды.

**Текшерүүнүн максаты** эксперименталдык жана текшерүүчү группадагы студенттердин даярдыгынын мазмундук, мотивациялык-дөөлөттүк, уюштуруучулук-технологиялык компоненттер боюнча деңгээлин аныктоо жана салыштырып анализдөө.

Текшерүүнүн милдеттери:

- калыптандыруучу эксперименттин жүрүшүндө эксперименталдык жана текшерүү группаларындагы студенттердин даярдыгынын мазмундук, мотивациялык-дөөлөттүк, уюштуруучулук-технологиялык компоненттер боюнча өнүгүү деңгээлин аныктоо;
- эксперименталдык жана текшерүүчү группадагы студенттердин даярдыгынын мазмундук, мотивациялык-дөөлөттүк уюштуруучулук-технологиялык компоненттер боюнча салыштырып анализдөө.

Бул коюлган милдеттерди чечүүдө байкоо, аңгемелешүү, анкета, чыгармачыл тапшырмалар, эксперттик баалоолор, математикалык статистика методдорун пайдаландык. Студенттердин каада-салттар аркылуу окуучуларды демократиялуулукка тарбиялоого даярдыгынын деңгээлдерин ар бир компонент боюнча аныктоонун методикасына биз буга чейин мүнөздөмө бергенбиз. Бул диагностикалык материалдар аныктоочу экспериментти жүргүзүү этабында дагы негизги калыптандыруучу эксперименттин жүрүшүндө колдонулду (Таблица - 3.6, сүрөт - 3.3).

**3.6 – таблица. Эксперименталдык жана текшерүү группаларындагы студенттердин кесиптик компетентүүлүгүн мазмундук компонентинин өнүгүү деңгээли боюнча бөлүнүшү (эксперименттин баштапкы жана жыйынтыктоочу этаптары)**

| Деңгээлдер | Студенттердин саны процент менен | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | Тажрыйбалык эксперименталдык жумуштарга чейин | | Тажрыйбалык эксперименталдык жумуштарга кийин | | Тажрыйбалык эксперименталдык жумуштарга чейин | | Тажрыйбалык эксперименталдык жумуштарга кийин | |
| | Эксперименталдык группа | | Эксперименталдык группа | | Текшерүүчү группа | | Текшерүүчү группа | |
| | Саны | % | Саны | % | Саны | % | Саны | % |
| **Баары** | 110 | 100 | 110 | 100 | 100 | 100 | 100 | 100 |
| **Жогорку** | 0 | 0 | 35 | 31,8 | 0 | 0 | 4 | 4 |
| **Ортонку** | 38 | 34,5 | 63 | 57,2 | 36 | 36 | 44 | 44 |
| **Төмөнкү** | 72 | 65,5 | 12 | 11 | 64 | 64 | 52 | 52 |




**3.3 - сүрөт. Эксперименталдык жана текшерүү группаларындагы студенттердин кесиптик компетентүүлүгүн мазмундук компонентинин калыптануу деңгээлдеринин диаграммасы.**

Эксперименттин жүрүшүндө аныкталган өзгөрүүлөр 3.6 - таблицадан көрүнгөндөй, эксперименталдык группадагы студенттердин даярдыгынын мазмундук компонентинин деңгээли сезилерлик жогорулаган.

Эксперименталдык группадагы студенттердин басымдуу бөлүгүнүн демократиялуулук категориядагы билимдерди өздөштүрүүдө, анализдөөдө, өз көз карашын аргументтүү билдирүүдө, кыргыз элдик каада-салттарын демократиялуулук жактан баалоодо жогорку интелектуалдык активдүүлүктү көрсөтө алышты. Каада-салттардын социалдык-этикалык, демократиялуулук, таанып-билүүчүлүк маңызын аныктоодо жана аларды тарбиялык кырдаалдарды көрө билүүдө бир кыйла жогорку көрсөткүчтөргө ээ болушту. Ошондой эле, этнопедагогиканын жана демократиялуулукка тарбиялоонун негизги категориялары, терминдери жөнүндөгү билимдердин жогорулагандыгын көрсөттү. Алсак, бул критерий боюнча төмөнкү көрсөткүчтөгү студенттердин саны сезилерлик азайтылгандыгынын (65,5%дан 11%га чейин) эсебинин өнүгүүнүн жогорку деңгээлдеги студенттердин саны ( 0 дон 31,8% га чейин) өстү. Ал эми текшерүү группада бул өзгөрүүлөр өтө аз (0 дон 4 %га чейин). Эгерде эксперименттин башталуу этабында текшерүүчү группадагы студенттердин даярдыгынын мазмундук компонентинин төмөнкү деңгээлдеги 64 % ды түзсө, жыйнтыктоочу этапта бул көрсөткүч 52%га чейин гана төмөндөгөн. Аз да болсо өсүүлөр калган деңгээлдерде да байкалган: бул критерий боюнча орточо деңгээл 36 %дан 44%га чейин, ал эми жогорку деңгээл 0 дон 4 % га чейин жогорулаган.

Алынган маалыматтарга жүргүзүлгөн салыштырып анализдөөлөр калыптандыруучу эксперименттин жүрүшүндө студенттердин каада-салттар аркылуу окуучуларды демократиялуулукка тарбиялоого даярдыгынын деңгээлин мазмундук компоненттеги өсүшү текшерүүчү группага салыштырмалуу эксперименталдык группада бир кыйла интенсивдүү жүргөндүгүнөн кабар берет.

**3.7 – таблица. Эксперименталдык жана текшерүү группаларындагы студенттердин кесиптик компетентүүлүгүн мотивациялык-дөөлөттүк компонентинин өнүгүү деңгээли боюнча бөлүнүшү (эксперименттин баштапкы жана жыйынтыктоочу этаптары)**

| Деңгээлдер | Студенттердин саны процент менен | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | **Тажрыйбалык эксперименталдык жумуштарга чейин** | | **Тажрыйбалык эксперименталдык жумуштарга кийин** | | **Тажрыйбалык эксперименталдык жумуштарга чейин** | | **Тажрыйбалык эксперименталдык жумуштарга кийин** | |
| | Эксперименталдык группа | | Эксперименталдык группа | | Текшерүүчү группа | | Текшерүүчү группа | |
| | **Саны** | **%** | **Саны** | **%** | **Саны** | **%** | **Саны** | **%** |
| **Баары** | 110 | 100 | 110 | 100 | 100 | 100 | 100 | 100 |
| **Жогорку** | 2 | 1,8 | 35 | 31,8 | 2 | 2 | 5 | 5 |
| **Ортонку** | 36 | 32,8 | 62 | 56,3 | 32 | 32 | 37 | 37 |
| **Төмөнкү** | 72 | 65,4 | 13 | 11,9 | 66 | 66 | 58 | 58 |




**3.4 - сүрөт. Эксперименталдык жана текшерүү группаларындагы студенттердин кесиптик компетентүүлүгүн мотивациялык-дөөлөттүк компонентинин калыптануу деңгээлдеринин диаграммасы.**

Студенттердин каада-салттар аркылуу окуучуларга демократиялуулук тарбия берүүгө даярдыгынын мотивациялык-баалуулук компонентинин өнүгүү көрсөткүчтөрү боюнча эксперименталдык жана текшерүүчү группалардан эксперименттин баштапкы жана жыйынтыктоочу этаптарында алынган натыйжаларга жүргүзүлгөн салыштырмалуу анализ көрсөткөндөй, калыптандыруучу эксперименттин журүшундө мотивациялык-дөөлөттүк

компоненттин жогорку деңгээли эксперименталдык группада сезилерлик жогоруласа (1,8 % дан 31, 8 % га чейин) текшерүү группада бул көрсөткүч (2%дан 5%га чейин) гана көтөрүлгөн. Ал эми даярдыктын мотивациялык-дөөлөттүк компонентинин орточо деңгээлиндеги студенттердин саны эки группада тең өскөндүгү байкалган (эксперименталдык группада 32,8 % - 56,3%, текшерүү группада 32 %дан- 37%га). Бул критерий боюнча төмөнкү деңгээл эксперименталдык группада олуттуу азайган ( 65,4 %дан 11,9 % га), ал эми текшерүү группасында айырма өтө аз (66%дан 58% га чейин төмөндөгөн).

**3.8 – таблица. Эксперименталдык жана текшерүү группаларындагы студенттердин кесиптик компетентүүлүгүн уюштуруучулук-технологиялык компонентинин өнүгүү деңгээли боюнча бөлүнүшү (эксперименттин баштапкы жана жыйынтыктоочу этаптары)**

| Деңгээлдер | Студенттердин саны процент менен | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | **Тажрыйбалык эксперименталдык жумуштарга чейин** | | **Тажрыйбалык эксперименталдык жумуштарга кийин** | | **Тажрыйбалык эксперименталдык жумуштарга чейин** | | **Тажрыйбалык эксперименталдык жумуштарга кийин** | |
| | **Эксперименталдык группа** | | **Эксперименталдык группа** | | **Текшерүүчү группа** | | **Текшерүүчү группа** | |
| | **Саны** | **%** | **Саны** | **%** | **Саны** | **%** | **Саны** | **%** |
| **Баары** | 110 | 100 | 110 | 100 | 100 | 100 | 100 | 100 |
| **Жогорку** | 0 | 0 | 34 | 31 | 0 | 0 | 3 | 3 |
| **Ортонку** | 37 | 33,6 | 63 | 57,2 | 35 | 35 | 45 | 45 |
| **Төмөнкү** | 73 | 66,4 | 13 | 11,8 | 65 | 65 | 52 | 52 |



**3.5 - сүрөт. Эксперименталдык жана текшерүү группаларындагы студенттердин кесиптик компетентүүлүгүн уюшуруучулук-технологиялык компонентинин калыптануу деңгээлдеринин диаграммасы.**

Эксперименталдык группанын студенттери педагогикалык практика мезгилиндеги ишмердигине каада-салтардагы руханий-демократтык дөөлөттөрдү издеп-табууда, таанып-билүүдө, өздөштүрүүдө жана илимий негизде өзгөртүп түзүүдө бир топ ийгиликтерге жетише алышты. Каада-салттар аркылуу окуучуларды демократиялуулукка тарбиялоонун максатын аныктоо, анын милдеттерин сабакта жана тарбиялык иш-чараларда жүзөгө ашыруу билгичтиктеринин жогорулагандыгы байкалды. Аларда каада-салттар аркылуу окуучуларды демократиялуулукка тарбиялоо боюнча кесиптик такшалууда өзүн-өзү анализдөөнүн баалуулугуна карата ишенимдеринин да өскөндүгүн белгилей алабыз. Алсак, эксперименке чейин студенттердин басымдуу бөлүгү бул критерий боюнча төмөнкү деңгээлин (66,4%) көрсөтүшүп, каада-салттардагы демократиялык дөөлөттөргө, анын тарбиялык маңызына пассивдүү мамиледе болушса, калыптандыруучу эксперименттен кийин бул критерий боюнча өнүгүүнүн төмөнкү деңгээлинде турган студенттердин саны аз (11,8%) экендигин белгиленди. Ушул эле учурда жогорку деңгээлдеги көрсөткүчтөрдөгү өсүү- 31%, орточо деңгээл- 33,6% дан 57,2%га чейин өскөн.

Текшерүүчү группадагы студенттердин даярдыгынын уюштуруучулук-технологиялык компонентинин өнүгүү деңгээлинде бир аз эле өзгөрүүлөрдүн болгондугун белгилөөгө болот. Көпчүлүк студенттер дагы деле каада-салттар аркылуу окуучуларды демократиялуулукка тарбиялоонун максатын аныктоодо, анын планын түзүүдө көптөгөн каталарга жол берилип жатты, студенттердин ишмердүүлүгүндө системалуулук болгон жок. Алсак, бул критерий боюнча өнүгүүнүн төмөнкү деңгээлин көрсөтүшкөн студенттердин саны 65%тен 52%ке чейин төмөндөгөн. Азыраак өсүштү орточо жана жогорку деңгээлдерден да көрүүгө болот. Орточо деңгээл 35%тен 45%ке чейин, ал эми жогорку деңгээлдики- 3%ти түзгөн.

Ошентип, жыйынтыктоочу үчүнчү текшерүүнүн маалыматтарына салыштырылып жүргүзүлгөн анализдер калыптандыруучу эксперименттин жүрүшүнүндө студенттердин даярдыгынын уюштуруучулук-технологиялык компонентинин өнүгүү деңгээли текшерүүчү группага салыштырмалуу эксперименталдык группада бир кыйла жогорулагандыгын көрсөттү. Студенттердин элдик каада-салттар аркылуу окуучуларды демократиялуулукка тарбиялоого даярдыгынын калыптануу деңгээлинин ар бир компоненттин көрсөткүчтөрү боюнча эксперименталдык жана текшерүүчү группаларда аныкталышы, бизге эксперименттин жыйынтыктарынын ачык картинасын алууга мүмкүндүк берди. (Таблица - 3.8, сүрөт- 3.6)

**3.8 - таблица. Эксперименталдык жана текшерүү группадагы студенттердин кесиптик компетенттүүлүгүнүн деңгээли боюнча бөлүнүшүнүн жыйынтык таблицасы**

| **Деңгээлдер** | **Студенттердин саны процент менен** | | | |
|---|---|---|---|---|
| | **Тажрыйбалык- эксперименталдык жумуштарга чейин** | | **Тажрыйбалык- экспериментталдык жумуштардан кийин** | |
| | Эксперименталдык группа | Текшерүүчү группа | Эксперименталдык группа | Текшерүүчү группа |
| Жогорку | 0 | 0 | 31 | 3 |
| Ортонку | 33,6 | 35 | 57,2 | 45 |
| Төмөнкү | 66,4 | 65 | 11,8 | 52 |
| **Баары** | **100** | **100** | **100** | **100** |

Изилдөө жыйынтыктарына жүргүзүлгөн салыштырып анализдөөдө калыптандыруучу эксперименттин жүрүшүндөгү студенттердин каада-салттар аркылуу окуучуларды демократиялуулукка тарбиялоого даярдыгынын деңгээли эксперименталдык группада текшерүүчү группага салыштырмалуу бардык критерийлер боюнча бир топ жогорулагандыгын көрсөттү. Алсак, эксперименталдык группадан калыптандыруучу экспериментке чейин даярдыгы жогорку деңгээлдеги студенттер табылбаган болсо, калыптандыруучу эксперименттен кийин 31%ке чейин көтөрүлгөн. Ал эми

текшерүүчү группанын жогорку деңгээл боюнча жыйынтыктоочу көрсөткүчү 3 % болгон. Ушул эле учурда эксперименталдык группада даярдыгынын калыптануу деңгээли төмөн болгон студенттердин саны кескин төмөндөгөн (66,4%тен 11,8%ке чейин). Текшерүү группада бул деңгээл боюнча студенттердин санынын төмөндөшү эксперименталдык группага салыштырмалуу өтө төмөн (65%тен 52%ке чейин).

Эксперименталдык изилдөөнүн жыйынтыгы боюнча алынган текшерүүлөр студенттерди каада-салттар аркылуу окуучуларды демократиялуулукка тарбиялоого даярдоо боюнча сунуш кылынган эксперименталдык программанын эффективдүүлүгү жөнүндө толук маалымат алууга мүмкүндүк берди.




**3.6 - сүрөт. Элдик каада-салттар аркылуу окуучуларды демократиялуулукка тарбиялоо боюнча студенттердин кесиптик жактан калыптануу деңгээлдеринин диаграммасы.**

Студенттердин каада-салттар аркылуу окуучуларды демократиялуулукка тарбиялоого даярдоо процессин өркүндөтүү, натыйжалуулугун көтөрүү боюнча, биз иштеп чыккан программанын эффективдүүлүгүн далилдеди, аны

экспериметтин жыйынтыктары тастыктайт. Мотивациялык-дөөлөттүк, мазмундук жана уюштуруучулук-процессуалдык компоненттер өз ара тыгыз байланышта турушат. Изилдөөдө көрсөткөндөй, аталган компоненттер, студенттердин каада-салттар аркылуу окуучуларды демократиялуулукка тарбиялоого кесиптик-педагогикалык даярдыгынын жогорулашына өбөлгө түздү жана ийгиликтүү ишке ашырууга педагогикалык шарттар көмөк көрсөтөрү тастыкталды.

## Үчүнчү бап боюнча жыйынтык

Болочок мугалимдерди каада-салттар аркылуу окуучуларды демократиялуулукка тарбиялоого даярдоонун педагогикалык шарттарын ишке ашыруу жана анын эффективдүүлүгүн эксперименталдык жол менен сынап көрүү максатында 2017-2021- жылдар аралыгында Ж. Баласагын атындагы КУУнун педагогика жана социалдык-гуманитардык илимдер факультеттеринин базасында атайын эксперименталдык изилдөө жүргүзүлүп, ал бир нече этапта ишке ашты.

Жүргүзүлгөн эксперименттен алынган жыйынтыктар эксперименталдык группанын көрсөткүчтөрү тажрыйбалык-эксперименталдык иштин натыйжалуулугун далилдеди. Эксперименталдык группадан калыптандыруучу экспериментке чейин даярдыгы жогорку деңгээлдеги студенттер табылбаган болсо, калыптандыруучу эксперименттен кийин 31% ке чейин көтөрүлгөн. Ал эми текшерүүчү группанын жогорку деңгээл боюнча жыйынтыктоочу көрсөткүчү 3% болгон. Ушул эле учурда эксперименталдык группада даярдыгынын калыптануу деңгээли төмөн болгон студенттердин саны кескин төмөндөгөн (66,4%тен 11,8%ке чейин). Текшерүүчү группада бул деңгээл боюнча студенттердин санынын төмөндөшү эксперименталдык группага салыштырмалуу өтө төмөн (65%тен 52%ке чейин).

Эксперименттик изилдөөдө болочок мугалимдерди каада-салттар аркылуу окуучуларды демократиялуулукка тарбиялоого даярдоону

ийгиликтүү ишке ашырууга төмөндөгү педагогикалык шарттар көмөк көрсөтөрү тастыкталды:

1) болочок мугалимдерди каада-салттар аркылуу окуучуларды демократиялуулукка тарбиялоо ишмердиги педагогикалык процесстин эң зарыл компоненти экендигине жана бул багыттагы кесиптик жактан өркүндөтүү билгичтигине ээ болууга ынандыруу; 2) педагогикалык жана психологиялык билим берүүүн мазмунун демократиялуулук менен элдик каада-салттардын байланышы жөнүндөгү илимий маалыматтар менен байытуу; 3) болочок мугалимдерди каада-салттар аркылуу окуучуларды демократиялуулукка тарбиялоо ишмердигинин теориялык жана процессуалдык аспекттери тууралуу компетенцияларын өркүндөтүү максатында жогорку педагогикалык билим берүүнүн мазмунуна жана технологияларына олуттуу оңдоп түзөөлөрдү киргизүү; 4) болочок мугалимдердин каада-салттар аркылуу окуучуларды демократиялуулукка тарбиялоого кесиптик жактан калыптандыруунун теориялык жана технологиялык аспекттерин түгөл ичине алган жана аларды реалдуу кырдаалдагы практикалык ишмердүүлүккө үйрөтүүгө багытталган атайын курсту ишке киргизүү; 5) педагогикалык практиканын мазмунун болочок мугалимдердин каада-салттар аркылуу окуучуларды демократиялуулукка тарбиялоодогу субъективдүү өз алдынча ишмердүүлүк тажрыйбасын калыптандыруу багытында өркүндөтүү.

# ЖАЛПЫ КОРУТУНДУ

Дүйнөнүн байыркы элдеринин биринин мураскору катары кыргыз эли өзүнүн тарыхый басып өткөн жолунда, жаматтык жашоо-тиричилигинде көптөгөн прогрессивдүү каада-салттарга, эрежелерге таянып келген жана алардын жалпы багытына, мазмуна демократиялуулук мүнөздүү деген ойдон чыгуу менен болочок мугалимдердин каада-салттарды колдонуу менен окуучуларды демократиялуулукка тарбиялоо ишмердигиндеги кесиптик жактан жетиштирүү максатында жүргүзүлгөн диссертациялык изилдөөнүн жүрүшүндө төмөндөгүдөй натыйжалар алынды:

1. Кыргыз Республикасында кабыл алынган расмий документтерди, изилдөө проблемасына байланыштуу илимий булактарды, ЖОЖдордун кесиптик билим берүү тажрыйбасын талдоонун негизинде болочок мугалимдерди демократиялуулук каада-салттар аркылуу кесиптик жактан даярдоонун илимий-теориялык негиздери аныкталды. Изилдөөлөрдүн жыйынтыгында болочок мугалимдерди каада-салттар аркылуу окуучуларды демократиялуулукка тарбиялоого үйрөтүү кесиптик даярдыктын ажырагыс компоненти катары каралып, алардын мотивациялык-дөөлөттүк, мазмундук жана уюштуруучулук-процессуалдык компоненттери төмөнкү функционалдык милдеттерди ачыкталды.

2. Жаштарды, өзгөчө болочок мугалимдерди демократиялуулук шартында иштөөдө жана демокартиялык принциптерди жайылтууда кыргыз элинин демократиялуулук каада-салттарынын педагогикалык мүмкүнчүлүктөрү айкындалды. Изилдөө процессинде аныкталган каада-салттарды колдонуу менен болочок мугалидерди окучулардын демократиялуулукка тарбиялоо боюнча кесиптик билгичтиктерин калыптандыруу мүмкүнчүлүгү ачылат.

3. Болочок мугалимдерди элдик каада-салттарды колдонуу менен мектеп окуучуларын демократиялуулукка тарбиялоо боюнча кесиптик жактан даярдоонун педагогикалык шарттары, компетенцияларынын мазмуну, деңгээлдери, көрсөткүчтөрү жана аларды баалоо критерийлери иштелип чыкты.

Болочок мугалимдердин каада-салттар аркылуу окуучуларды демократиялуулукка тарбиялоо ишмердигине кесиптик компетенцияларын калыптандыруунун төмөнкүдөй педагогикалык шарттары айкындалды: 1) болочок мугалимдерди кесиптик жактан даярдоодо кыргыз элинин демократиялуулук каада-салттарын колдонууга басым жасоо;

2) педагогикалык жана психологиялык билим берүүнүн мазмунун демократиялуулук менен элдик каада-салттардын байланышы жөнүндөгү илимий маалыматтар менен байытуу;

3) студенттердин окуучуларды демократиялуулукка тарбиялоо ишмердигинде каада-салттарды колдонуунун теориялык жана процессуалдык аспектилерине байланыштуу компетенцияларды өркүндөтүү жана педагогикалык процесске киргизүү;

4) студенттердин жаш муундарды демократиялуулукка тарбиялоо ишмердигинде каада-салттарды колдонуу компетенттүүлүгүн калыптандыруунун теориялык жана технологиялык аспектилерин ичине алган атайын курсту ишке киргизүү;

5) педагогикалык практиканын мазмунун болочок мугалимдердин каада-салттар аркылуу окуучуларды демократиялуулукка тарбиялоодо элдик каада-салттарга карата субъективдүү өз алдынча ишмердүүлүк тажрыйбасын байытуу.

4. Демократиялуулук каада-салттарды колдонуу боюнча болочок мугалимдерди кесиптик компетенттүүлүгүн калыптандыруунун педагогикалык шарттары педагогиалык эксперимент аркылуу тастыкталып, илимий-практикалык сунуштар иштелип чыкты. Эксперименталдык изилдөөнүн жыйынтыгы боюнча алынган текшерүүлөр студенттерди каада-салттар аркылуу окуучуларды демократиялуулукка тарбиялоого даярдоо боюнча сунуш кылынган эксперименталдык программанын эффективдүүлүгү жөнүндө толук маалымат алууга мүмкүндүк берди.

Изилдөөнүн жыйынтыгы окуу-тарбия ишмердүүлүгүндө колдонууга боло турган төмөнкүдөй **сунуштар** берилди:

- социалдык-гуманитардык жана психологиялык-педагогикалык дисциплиналардын жумушчу программаларын долбоорлордо жана студенттердин илим-билимдерин өлчөп баалоодо алардын жаш муундарды демократиялуулукка тарбиялоо ишмердигинде элдик каада-салттарды жана кесиптик компетенциялары кылдат эске алынышы зарыл;
- “Кыргыз элинин каада-салттары жана окуучуларды демократиялуулукка тарбиялоо” аттуу атайын курсту ЖОЖдо бардык педагогикалык адистиктерге сунуш кылмакчыбыз;
- Болочок мугалимдердин окуучуларды демократиялуулукка тарбиялоо ишмердигинде каада-салттарды колдонуунун компетенттүүлүгүн калыптандыруунун мектеп жана коомчулук менен тыгыз байланышта ишке ашыруу зарыл.

Мындан тышкары жогорку педагогикалык билим берүүнүн мазмунун жана технологияларын изилденип жаткан теманын алкагында өркүндөтүү боюнча сунуштар биз тарабынан жарыяланган макалаларда да кеңири чагылдырылган.

## КОЛДОНУЛГАН АДАБИЯТТАРДЫН ТИЗМЕСИ


1. **Абдуллаев, Д.А**. Интерактивное обучение как условие модернизации учебного процесса в вузе [Текст]: дис. ... канд. пед. наук / Д.А. Абдуллаев. – Бишкек, 2001. – 280 с.
2. **Абдыраимова, Р.А.** Кыргызская этнопедагогика и воспитание детей [Текст]: монография / Р.А. Абдыраимова. – Киев, 1997. – 187 с.
3. **Азаров, Ю.П.** Дидактика общечеловеческих ценностей, педагогика любви и свободы [Текст] / Ю. Азаров // Пед.вестн. – 1996. - №2. – С. 4-9.
4. **Азашикова, З.З.** Генезис образовательной системы в Адыгее на принципах гуманизма, демократиии и защиты этнокультурных традиций (1917-1930гг.) автореф.дис.канд.пед.наук [Текст] / Азашикова З.З. – Майкоп, 2000. – 26 с.
5. **Айтматов, Ч.Т.** Байыркы кыргыз рухунун туу чокусу [Текст] / Китепте: Манас: Эпос / Сагымбай Орозбак уулунун варианты боюнча: – Ф.: Кыргызстан, 1979. Китеп.1. – 296 б.
6. **Айтматов, Ч.Т.** Палач охотник. Исповедь на исходе века [Текст]: пер.с казахского языка / Ч.Т.Айтматов, М.Шаханов. – Алматы: Руан, 1996. – 224 с.
7. **Акунов А.** Адам укуктары: жогорку окуу жайлары үчүн окуу куралы [Текст] / Акунов А., Ибраева В. – Б., 1998. – 256 б.
8. **Акматалиев, А**. Баба салты, эне адеби: Элдик салт [Текст] / А. Акматалиев. – Бишкек: Баласагын, 1993. – 224 б.
9. **Акматалиев, А.** Каада-салт, үрп-адат, адамдык оң-терс сапат [Текс] / А. Акматалиев. – Бишкек: Бийиктик, 2002. – 400 б.
10. **Акматалиев, А**. Балдарга арналган салт жана ырым жырымдар [Текс] / А. Акматалиев. – Бишкек, 2000. – 123 б.
11. **Акматалиев, А**. Кыргыздын көөнөбөс дөөлөттөрү [Текст] / А. Акматалиев. – Бишкек, 2000. – 347 б.
12. **Алимбеков, А**. Кыргыз элинин билим берүү салттары [Текст]: жогорку окуу жайлардын мугалимдик адистиктери үчүн окуу куралы/ А.Алимбеков. – Бишкек, 2001. – 48 б.

13. **Алимбеков, А.** Кыргыз этнопедагогикасы [Текс]: окуу куралы / А. Алимбеков. – Бишкек: КББИ, 1996. – 80 б.
14. **Алимбеков, А**. Теория и практика этнопедагогической подготовки учителя в системе высшего педагогического образования [Текс]: монография / А. Алимбеков. – Бишкек, 2009. – 146 с.
15. **Алимбеков, А**. Формирование у будущих учителей готовности к эстетическому воспитанию младших школьников на прогрессивных традициях нородной педагогики (на матер.педвузов Кирг.ССР) [Текс]: автореф. дис. ... канд. пед. наук: 13.00.01/ А. Алимбеков. – М., 1990. – 17 с.
16. **Алимбеков, А**. Кыргыз эл педагогикасындагы адеп тарбиясы. Жалпы билим берүүчү мектептердин мугалимдери, жогорку окуу жайлардын студенттери үчүн [Текст] / А. Алимбеков. – Б.; "Улуу Тоолор", 2018. – 122 б.
17. **Алимбеков, А.** Теория и практика этнопедагогической подготовки учителя в системе высшего педагогического образования [Текст] / А. Алимбеков. – Б.: ОГПИ, 2009. –150 с.
18. **Алтаев, М.** Тарых жана коом таануу сабактарында окуучуларга укуктук тарбия берүү: Мугалимдер үчүн методикалык колдонмо [Текст] / М. Алтаев – Ф.: Мектеп, 1975. –71б.
19. **Алымкулов, Т.** Илгерки макалдар – бүгүнкү турмушта [Текст] / Т. Алымкулов // Кыргызстан маданияты. – 1989 . - № 11. – 16 б.
20. **Анаркулов, Х.Ф.** Кыргызские народные подвижные игры, физические упражнения и современность [Текст]: автореф. дис. ... д-ра пед. наук: 13.00.01 / Х.Ф. Анаркулов. – М., 1993. – 38 с.
21. **Ангархаева, Е.А.** Этнокультурное образование как детерминант личностного развития учащихся [Текс]: автореф. дис. ... канд. пед. наук: 13.00.01 / Е.А. Ангархаева. – Улан-Уде, 2003. – 24 с.
22. **Андреев, В.И.** Педагогика: Учебный курс для творческого саморазвития [Текс] / В.А. Андреев. – Казань: Центр инновационных технологий, 2000. – 608 с.

23. **Андреев, В.И**. Педагогические условия формирования информационно-исследовательской компетенции [Текст] / В.И. Андреев // Журнал Современные проблемы науки и образования. – М.: 2013. - №2.
24. **Апышев, Б**. Народные традиции и их использование в трудовом воспитании старшеклассников [Текс]: автореф. дис. ... канд. пед. наук: 13.00.01 / Б.Апышев. – Казань , 1974. – 25 с.
25. **Асипова, Н.А.** Проблемы совершенствования образовательной стратегии высшего педагогического образования [Текст] / Н.А Асипова // Вестник КГПУ им. Арабаева. – Бишкек, 2004. – С. 41-47.
26. **Асипова, Н.А.** Научно-педагогические основы формирования культуры межнационального общения школьников [Текст]: дис. … докт. пед. наук. 13.00.01. // Н.А Асипова. – Б., 1997. – 369 с.
27. **Асипова, Н.А.** Заманбап билим берүү парадигмалары [Текст]: окуу куралы / Н.А. Асипова. – Б .: 2019. – 362 б.
28. **Асипова, Н.А.** Научно пед-е предпосылки влияния традиц. народной культуры на этническое самоопределение старшеклассников [Текст]: мат-лы межд. науч-прак.конф. / Н.А. Асипова. – Уфа: Гилем, 2008. С. 156-159.
29. **Асипова, Н.А.** Актуальные проблемы воспитания и образования учащейся молодежи [Текст]: сб. статей / Н.А. Асипова. – Б.: Принт Экспресс, 2016. – С. 292.
30. **Ачылова, Р.** Байыркы кыргыз демократиясы [Текст] / Р. Ачылова // Кыргыз Руху, 1994. - № 1. – 6 б.
31. **Алагушов, Б**. Актаңдайлар: Чыгармачыл ажарлар [Текст] / Алагушов Б., Шер-Нияз Садык. – Б., 2003. – 85 б.
32. **Бабанский, Ю.К.** Оптимизация учебно-воспитательного процесса [Текст] / Ю.К. Бабанский. – М.: Просвещение, 1982. – 192 с.
33. **Байбосун, К.** «Манас» идеологиясы [Текст] / К. Байбосун // Кыргыз туусу. – 1999. - №67-68, 69-70, 73-74.

34. **Байгазиев, С.** Ата Журттун он тиреги же улуттук өнүгүү идеясы – КЫРГЫЗЕВРОЧЫГЫШ [Текст] / Байгазиев С.// Улуттук идеологиянын концепциясы. Кут билим. – 2002-ж. - №7, №8, №9, №10.
35. **Байгазиев, С**. Атуул жана Ата Журт [Текст] / Байгазиев С. – Ф.: Кыргызстан, 1990. – 212 б.
36. **Байтокова, А.С.** Болочок мугалимдердин жалпы адамзаттык баалуулуктарын калыптандыруу [Текст]: автореф. дис. ... канд. пед. наук: 13.00.01 / А.С. Байтокова. – Бишкек, 2019. – 24 б.
37. **Байденко, В.И.** Компетентностный подход к проектированию государственных образовательных стандартов высшего профессионального образования (методологические и методические вопросы) [Текст]: методическое пособие / В.И. Байденко. – М., 2005. – 114 с.
38. **Байкова, Л.А.** Педагогическое мастерство и педагогические технологии [Текст] / Л.А. Байкова, Л.К. Гребенкина. – М., 2001. – 158 с.
39. **Байсабаева, Г.** «Манас» - кыргыз кенчи [Текст] / Байсабаева Г., Бердибаева С. // «Манас» эпосуна арналган кечелерди өткөрүүнүн сценарийлеринин иштелмелери Б.: Кыргызстан, 1995. – 36 б.
40. **Баланын укуктары жөнүндө Конвенция:** 1989-ж. 20-ноябрда. БУУнун (ООН) Башкы Ассамблеясы тарабынан кабыл алынган [Текст] – Жалал-Абад., 1997. – 60 б.
41. **Бекбоев, И. Б.** Инсанга багыттап окутуу технологиясынын теориялык жана практикалык маселелери [Текст] / И.Б. Бекбоев. – Б.: Педагогика, 2003. – 304 б.
42. **Бешимов, Ж.** Народные традиции в нравственном воспитании школьников старшеклассников [Текст]: автореф. дис. ... канд. пед. наук: 13.00.01 / Ж.Бешимов. – Казань, 1976. – 24 с.
43. **Бекембай Апыш,** Тарбия назарияты [Текст] / Бекембай Апыш. – Ош, 1996. – 135 б.
44. **Беляева, Л.А.** Философия воспитания как основа педагогической деятельности [Текст] / Л.А. Беляева. – Екатеринбург, 1993. – 135 с.

45. **Бердяев, Н.А.** Судьба России [Текст] / Н.А. Бердяев. – М., 1990. – 460 с.
46. **Бешимов, Ж.Б**. Народные традиции воспитания [Текст] / Бешимов Ж.Б. // Эл агартуу. – 1974. - №6.
47. **Бондаревская, Е.В.** Смыслы и стратегии личностно-ориентированного воспитания [Текст] / Е.В. Бондаревская // Педагогика. – 2001. - №1. – С.17-24.
48. **Борытко, Н.М.** В пространстве воспитательной деятельности : [Текст] / Н.М. Борытко // Монография. науч. ред. Н.К. Сергеев. – Волгоград: Перемена, 2001. – 181 с.
49. **Быстрицкий, А.** Заметки о воспитании в эпоху демократизации и гласности [Текст] / Быстрицкий А. // Дет. лит. – 1990. - №9. – С. 3-6.
50. **Валькова, И. П.** Обучение сообща [Текст] / Валькова И.П. // - 5-6 пособие. Б., 1998. – 68с.
51. **Васильев, Н.И.** Педагогическое условие формирования и развития гражданских качеств старшеклассников: (На материалах внеклассной работы по истории и политологии) [Текст]: автореф. дис. … канд. пед. наук.13.00.01. / Васильев Н.И. – Якутск, 995. – 18 с.
52. **Волжина, О.И.** Развитие идеи гражданского воспитания подрастающего поколения [Текст]: дисс. … канд. пед. наук.13.00.01 / Волжина О.И. – М., 1991. – 185 с.
53. **Волков, Г.Н**. Письмо о Манасе [Текст] / Г.Н. Волков // Литературный Кыргызстан. – 1971. - №1. – С.71-81.
54. **Волков, Г.Н**. Этнопедагогика [Текст] / Г.Н. Волков // Под ред. И.Т. Огородникова. – Чебоксары, 1974. – 213 с.
55. **Волков, Г.Н.** Этнопедагогика [Текст]: Учеб. Для студ. сред. и высш. пед. учеб. заведений / Г.Н. Волков. – М.: Академия, 2000. – 176 с.
56. **Выготский, Л.С.** Педагогическая психология [Текст] / Л.С Выготский. – М.: Педагогика, 1991. – 480 с.

57. **Гериш, Т.В.** Компетентный подход как основа модернизации профессионального образования [Текст] / Т.В. Гериш, П.И. Самойленко // Стандарты и мониторинг в образовании. – 2006. - №2. – С.11-15.
58. **Гершунский, Б.С.** Философия образования [Текст] / Б.С. Гершунский // Учебное пособие. – М.: 1998. – 432 с.
59. **Данилов, М.А**. Воспитание у школьников самостоятельности и творческой активности в процессе обучения [Текст] / М.А. Данилов // Педагогика. – М.: 1961. - №8. – С.133-138.
60. **Джуринский, А.Н**. Развитие образования в современном мире [Текст] / А.Н. Джуринский // Учебное пособие. – М.: ВЛАДОС, 1999. – 199 с.
61. **Джуринский, А.Н.** Проблема демократизации школы в современном мире [Текст] / А.Н. Джуринский // Magister, 1997. - №6. – С. 30-37.
62. **Демократия деген эмне?** [Текст]: эл аралык долбоор // кырг. котормосу Ж. Чытырбаева. – Бишкек, 1992. – 32 б.
63. **Демократия – бул пикир алышуу II**. [Текст]: жаңы демократиялык долбоордун проблемалары жана келечеги / Колдонмо // ред. Сондра Майерс. RPO 2002 – 457 KYRGYZ. – 89 б.
64. **Дюшеева, Н.К**. Подготовка будущего учителя к использованию прогрессивных традиций народной педагогики в учебно-воспитательном процессе общеобразовательной школы [Текст]: автореф. дис. ... канд. пед. наук: 13.00.01 / Н.К. Дюшеева. – Бишкек, 2000. – 23 с.
65. **Дьюи, Дж**. Демократия и образование [Текст] / Дж.Дьюи // Пер.с англ. М., 2000.
66. **Жайнакова, А**. «Манас» эпосундагы патриархалдык - феодалдык мамилелер [Текст] / А. Жайнакова. – Б.: Шам, 1997. – 99 б.
67. **Жаныш, Байыш:** Эпос [Текст] / «Эл адабияты» сериясы. -Б.: Шам, 1998. 4.т. – 246 б.
68. **Жарандык жана мамлекетти башкарууга катышуу** - XXI кылымдын жарандык коомундагы силердин ролунар [Текст]: Кырг. Респ. жалпы билим

берүү мектептери үчүн окуу куралы. Биринчи бөлүк, 10-кл. / Пилон. – Б.: IFES, 2004. – 176 б.

69.**Жени, Стил** Ар бир сабактагы окуу, жазуу жана дискуссия [Текст] / Женни Стил, Керт Мередис, Чарльз Темпл // «Сынчыл ойломду өстүрө турган окуу жана жазуу» долбоорунун чегинде даярдалган. 3-колдонмо. – Б., 1999. – 66 б.

70.**Жоокаев, Ж.И**. Кыргыздын элдик мурастары инсанды калыптандыруунун механизми катарында [Текст] / Ж.И. Жоокаев // «Маданият аркылуу билимге» илимий-практикалык конференциянын материалдары. -9-10-ноябрь, 1995. – Б.: КББИ, 1996. – 107-108 б.

71.**Закиров, С.** Кыргыз элинин макал-ылакаптары [Текст] / Закиров С. – Ф.: Мектеп, 1972. – 112 б.

72.**Закиров, С.** Макалдардын жана лакаптардын тарбиялык мааниси [Текст] / С. Закиров // Мугалимдер газетасы. – 1960-ж. – 10-июнь.

73.**Зайцев, В.С.** Педагогические технологии [Текст] / В.С. Зайцев // Элективный курс для подготовки бакалавров и магистров: В 2-х книгах. Книга 1. – Челябинск: ЧГПУ, 2012. – 424 с.

74.**Зайцев, В.С.** Педагогические технологии [Текст] / В.С. Зайцев // Элективный курс для подготовки бакалавров и магистров: В 2-х книгах. Книга 2. – Челябинск: ЧГПУ, 2012. – 508 с.

75. **Зимняя, И.А.** Компетентностный подход. Каково его место в системе современных подходов к проблеме образования? [Текст] / И.А. Зимняя // Высшее образования сегодня. – 2006. - №8. – С. 20-26.

76.**Закон «Об образовании»** [Текст] / В сб: Законы Республики Кыргызстан - Б.: Изд. Верховного Совета Республики Кыргызстана., 1993.

77.**Измайлов, А.Э** Изучение развития культуры народов Средней Азии и Казахстана в курсе истории СССР в 8-10 классах [Текст] / А.Э Измайлов. – М.: Просвещение, 1986. – 236 с.

78.**Измаилов, А.Э.** Народная педагогика: педагогические воззрения народов Средней Азии и Казахстана [Текст] / А.Э. Измайлов. – М.: Педагогика, 1991. – 256 с.

79. **Имаева Н.И.** Проблемы нравственного воспитания в киргизской народной педагогике [Текст] / Н.И. Имаева // Русский язык в киргизской школе. – 1973. - №5-6.

80.**Иптаров, С.** Кыргыз элдик педагогикасы: изденүүлөр жана табылгалар [Текст] / С. Иптаров // Билим берүүдөгү ииновациялык процесстер: проблемалар, тажрыйбалар, өнүгүү келечеги. – Б., 1995. –120-121 б.

81.**Иптаров, С.** Кыргызстан кылымдын кыл көпүрөсүндө [Текст] / С. Иптаров // «Суверендүү Кыргызстан 20-к-н аягында». Конкурска: Элдик педагогиканын орошон саясаттары, көөнөрбөс үлгүлөрү жөнүндө. // Кут билим. – 1996. – №8, 9,11,12, 14,15.

82.**Каада-салттар. Ак баталар** [Текст] / А.Акматалиевдин жалпы ред.астында; Баш сөзүн жазгандар Н.Ыйсаева, М. Өмүрбай уулу; Түзгөндөр: А. Акматалиев, К. Кырбашов, М. Өмүрбай уулу, Ө. Шаршеналиев. Кырг. Улут. И. А. ж.б. – Бишкек: Шам, 2003. – 400 б.

83. **Калдыбаева, А.Т.** Эл акындарынын педагогикалык идеяларын жаштарды тарбиялоодо колдонуунун илимий-педагогикалык негиздери [Текст]: пед. илим. д-ру ... дис. автореф: 13.00.01/ А.Т. Калдыбаева. – Бишкек, 2007. – 43 б.

84.**Калдыбаева, А.Т.** Эл акындарынын чыгармаларындагы этнопедагогикалык идеялар [Текст] / А.Т. Калдыбаева. – Бишкек, 2005. – 218 б.

85.**Калдыбаева, А.Т.** Элдик акындар жана тарбия маселелери [Текст]: методикалык курал / А.Т. Калдыбаева. – Бишкек, 2000. – 164 б.

86.**Калдыбаева, А.Т.** Элдик акындардын чыгармачылыгындагы тарбия маселелери [Текст]: окуу методикалык курал / А.Т. Калдыбаева. – Бишкек, 2000. – 151 б.

87. **Каниметов, Ж.К.** Проблемы нравственно-правового воспитания у школьников в условиях демокртизации общества в Кыргызстане: [Текст] /

Ж.К. Каниметов // Автореф. дис. … канд. пед. наук.13.00.01. – Б., 2000. – 180 с.

88.**Карагозуева, Г.Ж.** Башталгыч класстын окуучуларын адеп маданиятын калыптандыруунун педагогикалык негиздери [Текст]: пед. илим. канд. ... дис. автореф.: 13.00.01/ Г.Ж. Карагозуева. – Бишкек, 2010. – 24 б.

89.**Касымов, А.** Кыргызстанда граждандык билим берүү [Текст] / А. Касымов // Илим билиги. – 1997. -№3. – 21-24 б.

90.**Коменской, Я.А.** Педагогическое наследие [Текст] / Я.А. Коменский. – М., 1988. – 240 с.

91.**Кон, И.С**. Психология юношеского возраста: [Текст] / И. С Кон // (Проблемы формирования личности). Учеб. пособие для студ-в пед. инст-тов. – М.: Просвещение, 1979. – 175 с.

92.**Концепция воспитания школьников Кыргызской Республики**./ В кн.: бюллетень Министерства образования и культуры Кыргызской Республики. – Бишкек, 2002. - №2. – С. 49-64.

93.**Концепция воспитания школьников и молодежи Кыргызской Республики** на 2021-2030 гг. [Электронный ресурс] Режим доступа: https://kao.kg ( дата обращения: 10.05.2021)

94.**Краевский, В.В**. Науки об образовании и науки об образовании (методологические проблемы современной педагогики) [Текст] / В.В. Краевский // Вопросы философии, 2009. – С. 77- 82.

95.**Крупская, Н. К.** Педагогика сочинений [Текст] / Н.К. Крупская. – М., 1957. – Т.5. – 158 с.

96.**Кузьмина, Н.В**. Психологическая структура деятельности учителя [Текст] / Н.В. Кузьмина. – Гомель, 1976. – 156 с.

97.**Кыргыз элинин макал жана ылакаптары** [Текст] / Түз. Б.Керимжанова – Ф.: Кыргызмамбас, 1955. – 100 б.

98.**Кыдыралиев, К.** Проблемы воспитания в киргизских народных сказках [Текст]: автореф. ... канд. пед. наук: 13.00.01 / К. Кыдыралиев. – Фрунзе, - 26 с.

99.**Кыдыралиев, К.** Улуттук нуктагы элдик нравалык тарбия [Текст] / К. Кыдыралиев. – Бишкек, 2003.

100. **Кыдырбаева, Р.З.** Алгы сөз / Китепте: Манас энциклопедиясы (Башкы ред. А.Карыпкулов). [Текст] / Кыдырбаева Р.З. // – Б.: Кыргыз энциклопедиясынын башкы ред-сы, 1995. т.1. – 440 б.

101. **Кыргызстан калкынын демократиялык кодекси** [Текст] / Коомдук келишим. – Бишкек, 2004. – 29 б.

102. **Лернер, И.Я.** Дидактические основы методов обучения [Текст] / И.Я. Лернер. – М.: Педагогика, 1981. – 186 с.

103. **Лернер, И.Я.** Поисковые задачи в обучении как средство развития творческих способностей [Текст] / И.Я. Лернер / Под ред. С.Р. Микуленского, М.Г. Ярошевского. – М., 1969. – 182 с.

104. **Лихачев, Б.Т**. Педагогика: Курс лекций [Текст] / Б.Т Лихачев // – 4-е изд. – М.: Юрайт,1999. – 523 с.

105. **Лейпхарт, А.** Демократия в многосоставных обществах. [Текст] / А. Лейпхарт. – М.: Аспект пресс, 1997. – 287 с.

106. **Мажар, Н.Е.** Теоретические основы развития творческой индивидуальности учителя [Текст]: автореф. дис. ... д-ра пед. наук: 13.00.01 / Н.Е. Мажар. – М., 1996. – 33 с.

107. **Макал-лакаптардын тарбиялык мааниси** [Текст] / Түз. Ш.Усупбеков. – Ф.: Мектеп, 1967. – 38 б.

108. **Мамбетакунов, Э.М.** Гуманистическая парадигма личностно-ориентированной технологии образования [Текст] / Э.М. Мамбетакунов // Материалы междунардной научной конференции “Проблемы и перспективы развития педагогического образования в соврменных условиях”. – Бишкек, 1997. – Т.1. – С.45-47.

109. **Мамбетакунов, Э.М.** Система университетского образования [Текст] / Э.М. Мамбетакунов, В.Л. Ким. – Бишкек, 2001. – 21 с.

110. **Мамытбеков, З.Ч**. Отражение жизни и борьбы киргизов в эпосе «Манас» [Текст] / З.Ч. Мамытбеков. – Б.: Илим, 1993. – 187 с.

111. **Мамытканова, К**. Улуттук педагогиканын негизинде окуучуларды тарбиялоонун бирдиктүү системасы [Текст] / К. Мамытканова // Билим берүүдөгү инновациялык процесстер: проблемалар, тажрыйбалар, Өнүгүү келечеги. – Б., 1995. – 121-124-б.
112. **Манас:** Эпос. Кыскартылып бириктирилген вариант Жалпы ред. Б.М. Юнусалиев. – Ф.: Кыргызмамбас, 1958. – 366 б.
113. **Манас:** Эпос [Текст] / С. Каралаевдин варианты боюнча – Ф.: Кыргызстан, 1984. 1- китеп. – 248 б.
114. **Маркова, А.К**. Психологические критерии и ступени профессионализма учителя [Текст] / А.К. Маркова // Педагогика. 1995. № 6.
115. **Марьенко, И.С**. Основные источники и стимулы нравственного развития личности школьника [Текст] / И.С. Марьенко. – М., 1970.
116. **Матросов, В.М.** Новой школе нового учителя [Текст]/В.М. Матросов, В.А. Сластенин // Педагогическое образование. – М., 1990. - №1. – С. 8-14.
117. **Мищенко, А.И.** Введение в педагогическую профессию [Текст]: учебное пособие / А.И. Мищенко. – Новосибирск, 1991. – 148 с.
118. **Модорова, В.В.** Этнокультурная направленность развития современного общего образования в Республике Алтай [Текст] / В.В. Модорова, А.П. Беликова // Наука – культура – образование. – 2000. - №4. – С.18-23.
119. **Мукасов, Ы.М.** Кыргыз элинин философиялык ойломунун тарыхый динамикасы [Текст] / Ы.М. Мукасов. – Бишкек: Илим, 2004. – 242 б.
120. **Муратбаев, Б.Б.** Формирование у будущего учителя готовности к трудовому воспитанию младших школьников средствами кыргызской этнопедагогики [Текст]: автореф. дис. ... канд. пед. наук: 13.00.01 / Б.Б. Муратбаев. – Бишкек, 2006. – 17 с.
121. **Муратов, А.Ж.** Көркөм адабий тексттердеги элдик педагогикалык ойлор жана аларды окутуу процессинде интерпретациялоонун илимий-методикалык негиздери (Ч. Айтматовдун чыгармаларынын мисалында) [Текст]: пед. илим. д-ру ... дис. автореф: 13.00.01, 13.00.02 / А.Ж. Муратов. – Бишкек, 2010. – 265 б.

122. **Мухина, В.С.** Алты жашар бала мектепте [Текст] / В.С. Мухина. – Фрунзе: Мектеп, 1988. – 152 б.

123. **Найманбаев, М.Ж.** Мектеп окуучуларына акыл жана адеп-ахлактык тарбия берүүнүн этнопедагогикалык негиздери (V-VII класстар) [Текст]: пед. илим. канд. ... дис. автореф.: 13.00.01 / М.Ж. Найманбаев. – Бишкек, 2009. – 24 б.

124. **Наурызбай, Ж.Ж.** Научно-педагогические основы этнокультурного образования школьников [Текст]: автореф. дис. ... д-ра пед.наук: 13.00.01 / Ж.Ж. Наурызбай. – Алматы, 1997. – 45 с.

125. **Нурдинов, У.Т**. Болочок мугалимдерди оозеки чыгармалар аркылуу окуучуларды адептик жактан тарбиялоого даярдоо. [Текст]: пед. илим. канд ... дисс. автореф.: 13.00.01 / У.Т. Нурдинов. – Ош, 2015. – 25 б.

126. **Нурмамбетов, Б.** ж.б. Бабалардын осуятынан – мамлекеттик идеологияга. [Текст] / Нурмамбетов Б. – Ош., 1996. – 42 б.

127. **Ормонов**, Т. Педагогическая пансофия киргизского народа [Текст] / Т. Ормонов. // Советская педагогика. – 1978. - №1. – С. 128-134.

128. **Осмонов, Ө.Ж**. Кыргызстан тарыхы: урунтуу учурлар (19 - к. ортосунан 21 - к. чейин): [Текст] / Ө.Ж. Осмонов, А.С. Мырзакматова // Орто мектептин 11-кл. үчүн окуу китеби. – Б.: Педагогика, 2000. – 256 б.

129. **Осмонова, Ч.Т.** Взаимосвязь кыргызских народных традиций и современных методов стимулирования в развитии нравственно трудовой активности младших школьников: [Текст]: дис. … канд. пед. наук.13.00.01 / Ч.Т. Осмонова – Б., 1999. – 160 с.

130. **Панков, В.В.** Формирование гражданских качеств учащихся средствами дисциплин общественно-исторического цикла: [Текст]: автореф. дис. … канд. пед. наук. 13.00.01/ В.В.Панков. – Б., 2000. – 210 с.

131. **Панькин, А.Б.** Этнокультурный парадокс современного образования [Текст]: монография / А.Б. Панькин. – Волгоград: Перемена, 2001. – 219 с.

132. **Педагогиканын тарыхы** [Текст] / Н.А. Константинов. – Фрунзе, 1971. – 491 б.

133. **Педагогический словарь** [Текст] / В 2-х т. // Под ред. И.А. Каиров. – М.: Изд-во акад. пед-х. наук. 1960. т. 1. – 774 с.
134. **Педагогика**: Учебное пособие для студентов педагогических учебных заведений / В.А.Сластенин, И.Ф.Исаев, А.И.Мищенко, Е.Н.Шиянов. – 3-е изд. – М.: Школа – Пресс, 2000. – 512 с.
135. **Педагогика:** Учеб. пособие для студ. высш. пед. учеб. заведений / В.А. Сластенин, И.Ф. Исаев, Е.Н. Шиянов; Под ред. В.А.Сластенина. – М.: Издательский центр «Академия», 2013. – 576 с.
136. **Пидкасистый, П.И.** Технология игры в обучении и развитии [Текст] / П.И. Пидкасистый, Т.С. Хайдаров. – М., 1996. – 269 с.
137. **Пирогов, Н.П.** Избранные педагогические соченения [Текст] / Н.И. Пирогов. – М.: Педагогика, 1985. – 493 с.
138. **Подласый В.И.** Педагогика [Текст] / В.И. Подласый. - М.: ВЛАДОС, 1996. – Кн.1. – 576 с.
139. **Права человека и демократия** [Текст] / Учебное пособие. Бишкек, 1996. – 125 с.
140. **Политология.** Энциклопедический словарь. [Текст] / Под общей редакции Ю.И. Аверьянова. – М.: Изд-во Моск. коммерч. ун-та, 1993. – 431 с.
141. **Программа по курсу** «Человек и общество» для общеобразовательной школы. 9-11 кл. [Текст] / Сост. А.А. Алишева. – Б.: «Педагогика», 2000. – 65 с.
142. **Пропп, В.Я.** Фольклор и действительность: [Текст] / В.Я. Пропп // Избр. статьи. – М.: Наука, 1976. – 325 с.
143. **Раимкулова, А.С.** Формирование нравственных качеств личности будущего учителя в условиях демократизации общества (на материалах вузов Республики Кыргызстан) [Текст]: дис. … канд. пед. наук. 13.00.01 / А.С. Раимкулова. – Б., 1992. – 191 с.
144. **Рахимова М.Р.** Очерки по истории педагогики. [Текст] / М.Р Рахимова, Т.В. Панкова, А.Т. Калдыбаева. – Б., 1998. – 400 с.

145. **Рысбаев, С**. Сөз элдик педагогиканын феномени [Текст] / С. Рыспаев // Кут билим. – 1999. - №7.

146. **Рысбаев, С**. Урпак тарбиясы жана андагы элдик накыл кептин ролу [Текст] / С. Рыспаев. // Кут билим. – 1998. - №26. – 5 б.

147. **Рыспаев, С.К**. Кыргыз башталгыч мектептерде адабиятты окутууну этнопедагогикалык негизде өркүндөтүү [Текст]: пед. илим. д-ру ... дис. автореф.: 13.00.01 / С.К. Рыспаев. – Бишкек, 2006. – 49 б.

148. **Рыспаев, С.К.** Рабаят: Элдик педагогика – балдарга [Текст]: (1-4-класстардын окуучуларына класстан тышкары окуу үчүн хрестоматия / С.К. Рыспаев. – Бишкек: Бийиктик, 2007. – 203 б.

149. **Савойлайнен, Г.С**. Демократизация методов воспитания гражданской зрелости старшеклассников: [Текст]: дис. …канд. пед. наук. 13.00.01. / Г.С Савойлайнен. – Красноярск, 1990. – 198 с.

150. **Саипбаев, С.М.** Идеи воспитания подрастающего поколения в киргизской народной педагогике (На материалах малых этнических форм фольклора) [Текст]: автореф. дис. … канд. пед. наук. 13.00.01 / С.М. Саипбаев. – Ф., 1979. – 19 с.

151. **Саринжи, Бөкөй; Жаңыл Мырза**: Эпостор [Текст] / А. Акматалиевдин жалпы редакциясы астында // Түзгөн А.Жайнакова. «Эл адабияты» - Б.: Шам, 1998. 6-том. – 452 б.

152. **Сенина, В.К.** Воспитание гражданственности у учащихся старших классов общеобразовательной школы в процессе изучения основ наук гуманитарного цикла [Текст]: дис. ... канд. пед. наук. 13.00.01 / В.К Сенина. – Киев., 1987. – 160 с.

153. **Селевко, Г.К**. Компетентности и их классификация [Текст] / Г.К. Селевко // Народное образование. – 2004. - №4. – С.138-143.

154. **Сластенин, В.А.** О современных подходах к подготовке учителя [Текст] / В.А. Сластенин, Н.Г. Руденко // Педагог. – 1996. - №1. – С. 25-34.

155. **Сластенин, В.А.** Гуманистическая парадигма и личностно-ориентированные технологии в педагогическом образовании [Текст] / В.А. Сластенин, В.А. Исаева. – С., 1999. – 117 с.

156. **Солтонбеков, Б.** Кылымды карыткан салттар, үрп-адаттар [Текст] / Б. Солтонбеков // Аалам. – 1999. - №2. 3-б.

157. **Социологический словарь**. [Текст] / Аберкромби Н. и др. – Казань, 1997. – 748с.

158. **Спасибенко, С.Г.** Введение в социологию человека: постановка проблемы [Текст] / С.Г. Спасибенко // Социально-гуманитарные знания. – 1999. - №4. – С. 44 – 48.

159. **Султанбаев, Т**. Демократия мектептен башталат [Текст] / Т. Султанбаев // Кут билим. – 1996. – №9. 5 - б.

160. **Сулайманкулова, Ж**. ЖОЖдо башталгыч класстын мугалимдерин окуучуларга адептик тарбия берүүгө этнопедагогикалык даярдыгын калыптандыруунун педагогикалык негиздери [Текст]: пед. илим. канд. ... дисс. автореф.: 13.00.01 / Ж. Сулайманкулова. – Бишкек, 2011. – 24 б.

161. **Сулайманова, Р.Т**. Кыргыз элдик оозеки чыгармачылыгындагы атуулдукка тарбиялоо маселелеринин чагылдырылышы жана алардын педагогикалык тажрыйбалардагы орду [Текст]: пед. илим. канд. ... дисс. автореф.: 13.00.01/ Р.Т. Сулайманова. – Бишкек, 2005. – 20 б.

162. **Сухомлинский, В.А.** Формирование коммунистических убеждений молодого поколения [Текст] / Сухомлинский В.А. // Избр. произв. В 5-ти т. – Киев.: Радянска школа, 1979. т.2. – 718с.

163. **Таджиева, Г.М.** Макал-ылакаптардын тарбиялык мааниси [Текст] / Г.М.Таджиева // Кыргызстан аялдары. – 1986. - №8. 19 – б.

164. **Тайчинов, М.Г.** Формирование личности учащегося на духовно-нравственных ценностях народа [Текст] / М.Г. Тайчинов // Монография. – М., 1999 – 199 с.

165. **Тайчинов, М.Г**. Развитие национального образования в поликультурном, многонациональном обществе [Текст] / М.Г. Тайчинов // Педагогика. – 1999. - №2. – С. 30-35.

166. **Ташпынар, М**. Окутуунун жалпы методдору [Текст] / М.Тапшынар, А. Алимбеков. – Бишкек: КТМУ, 2004. – 236 б.

167. **Текебаев, Ө.** «Манас» эпосундагы демократиялык элементтер [Текст] / Ө. Текебаев. // Заман Кыргызстан. – 1995. - №9. – 7-б.

168. **Турдукожоев, Ж**. Адамдын укук маданияты [Текст] / Ж. Турдукожоев. – Ф.: Кыргызстан, 1990. – 128 б.

169. **Умаров, Т.Н.** Болочок мугалимдерди оозеки чыгармалар аркылуу окуучуларды адептик жактан тарбиялоого даярдоо [Текст]: пед. илим. канд. дисс. автореф … 13.00.01 / Т.Н. Умаров. – Ош, 2015. – 23 б.

170. **Уметов, Т.Э.** Педагогические условие использования кыргызских народных развивающих игр в дошкольных учреждениях [Текст]: дис. ... канд. пед. наук: 13.00.01 / Т.Э. Уметов. – Бишкек, 1995. – 158 с.

171. **Ушинский, К.Д**. О народности в общественном воспитании [Текст] / Ушинский К.Д. // Избр. пед. произв-я. Сост. Н.А. Сундуков. – М.: Изд-во Просвещение, 1968. – С. 268-284.

172. **Ушинский, К.Д.** Избранные педагогические сочинения [Текст] / К.Д. Ушинский. – Таллин: Эстгосиздат, 1987. – Т. 1: Вопросы воспитания. – 459 с.; Т.2: Вопросы обучения. – 535 с.

173. **Ханбиков, Я.И.** Народная педагогика [Текст] / Я. И. Ханбиков. – Казань, 1966. – 126 с.

174. **Хуторской, А.В.** Ключевые компетенции как компонент личностно-ориентированной парадигмы образования [Текст] / А.В. Хуторской // Народное образование. – М.: 2003. - № 2. – С. 58-64.

175. **Хухлаева О.**В. Этнопедагогика: социализация детей и подростков в традиционной культуре [Текст] / О.В. Хухлаева. – М.: МПСИ, 2008. – 248 с.

176. **Чошанов, М.А**. Гибкая технология проблемно-модульного обучения [Текст] / методическое пособие // М.А. Чошанов // Народное образование. М.: 1996. – 160 с.
177. **Чернышевский, Н.Г.** [Текст] / Н.Г Чернышевский // Полн. собр. соч. – М., 1950. Т.6. – 548 с.
178. **Шадиев, Н.С.** Подготовка студентов к нравственно-эстетическому воспитанию младших школьников средствами кыргызского музыкального фольклора [Текст]: автореф. дисс. ... канд. пед. наук: 13.00.01 / Н.С.Шадиев. – Бишкек, 2011. – 24 с.
179. **Шадриков, В.Д**. Новая модель специалиста: иновационная подготовка и компетентностный подход [Текст] / В.Д. Шадриков // Высшее образование сегодня. – 2004. - №8.
180. **Шиянов, Е.Н.** О гуманизации педагогического образования [Текст] / Е.Н. Шиянов // Учитель советской школы. – М.: Прометей, 1991. – С. 19-23.
181. **Эгамбердиев, У**. Использование прогрессивных идей и опыта кыргызской народной педагогики в воспитании подростков ( на опыте сельских школ Кирг.ССР) [Текст]: автореф. дисс. ... канд. пед. наук: 13.00.01 / У. Эгамбердиев. – Казань, 1987. – 17 с.
182. **Этнопедагогика** [Текст]**:** ЖОЖдун студенттери үчүн окуу куралы. / Т.С. Сатыбекова, Д.Т. Калибекова – Б., 2018. – 222 б.

## ТИРКЕМЕЛЕР

### ТИРКЕМЕ 1

**Студенттердин каада-салттар аркылуу окуучуларды демократиялуулукка тарбиялоого карата мамилесин, билимин аныктоого багытталган анкета.**

1. Азыркы мезгилдеги окуучуларды демократиялуулукка тарбиялоодо элдик каада-салттардагы демократиялуулук дөөлөттөрдү окуп-үйрөнүү, иликтеп-изилдөө жана жайылтуу иштеринин оордун кандай түшүнөсүз?
2. Окуучуларды демократиялуулукка тарбиялоодо элдик руханий -салттык нарк-дөөлөттөрдү сактоо, окуп-үйрөнүү, иликтеп-изилдөө жана жайылтуу ишинде мугалимдин милдеттерин кандай түшүнөсүз?
3. Каада-салттардагы руханий-демократиялуулук нарк-дөөлөттөрдү өз ишмердүүлүгүңүздө дайыма пайдаланасызбы же айрым учурда элеби?
4. Окуучуларды демократиялуулукка тарбиялоо максатында каада-салттарды иргеп алуунун кандай принциптерине таянасак болот?
5. Окуучуларды демократиялуулукка тарбиялоодо каада-салттарды колдонуунун кандай ыкмаларын, усулдарын колдоносуз?
6. Окуучуларды демократиялуулукка тарбиялоодо каада-салттарды колдонуунун кандай инновациялык усулдарын билесиз?
7. Каада-салттардагы демократиялуулук нарк-дөөлөттөрдү окуу процессинде кандай жолдор менен колдонууга болот?
8. Элдик демократиялуулук каада-салттарын класстан тышкаркы иштерде кандай жолдор менен колонууга болот?
9. Деги эле, өз ишмердүүлүгүңүздө окуучуларды демократиялуулукка тарбиялоо боюнча кем, өксүктөрүнө талдоо жүргүзүп, бул тууралуу кесиптештериңиз менен ой бөлүшүп турасызбы?
10. Каада-салттар аркылуу окуучуларды демократиялуулукка тарбиялоо иштерин жакшыртуу боюнча сунуштарыңыз барбы ?

**ТИРКЕМЕ 2.**

**“Кыргыз элинин каада-салттары жана окуучуларды демократиялуулукка тарбиялоо”** кошумча өнүктүрүү программасы

**I. Жалпы жоболор**

**1. Аннотация**

Билим берүү, тарбиялоо жана калыптандыруу инсандын өсүп-өнүгүүсүнө эң чоң ойнойт. Азыркы учурда болочок мугалимдерди тарбиялоо, окутуу жана калыптандыруу өзгөчө орунда турат. Инсандын тарбиясы, калыптануусу жана билим алуусу татаал көрүнүштөрдүн бири катары өзгөчө көңүл бурулушу керек.

Болочок мугалимдерди кесиптик жактан калыптандырууда кошумча өнүктүрүү программа негизги программалардын жанында студенттерди кошумча маалыматтар, билимдер жана билгичтиктер менен камсыз кылуу аркылуу болочок мугалимдердин кесиптик компетенттүүлүктөрүн калыптандырууга зор салым кошот.

1.1. Бул кошумча өнүктүрүү программасынын **максаты** болочок мугалимдерди кыргыз элдик каада-салттардагы демократтык-этикалык билим берүүнүн жана тарбиянын көрүнүштөрүн, мыйзам ченемдерин үйрөнүүнүн жалпы принциптери жөнүндө методологиялык жана психологиялык-педагогикалык билимдер менен куралдандырууну, ошондой эле алардын чыгармачылык ой жүгүртүүсүн, иштикүү аракеттин өнүктүрүүгө жөндөмдүү этномаданияттык көрүнүштөрдү интерпретациялоонун билгичтиктерин жана этнопедагогикалык жөндөмдөрдү калыптандыруу.

1.2. Кошумча өнүктүрүү программасынын **мазмуну**, бир жагынан жогорку кесиптик билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү стандартында каралган жалпы маданияттык, психологиялык, педагогикалык дисциплиналардын мазмунун үйрөнүүдө алган студенттердин көп аспектилүү билимдеринин бардык көлөмүн жалпылоого чакырат. Экинчи жагынан, дисциплиналардын

болочок мугалимдин каада-салттар аркылуу окуучуларды демократиялуулукка тарбиялоого кесиптик даярдыгынын бардык компоненттерин калыптандыруудагы кем-өксүктөрүн компенсациялоого багытталган.

1.3. Кошумча өнүктүрүү программасы төмөнкүдөй **милдеттерди** чечүүгө багытталган:

- кыргыз элдик каада-салттардагы руханий-демократтык нарк-дөөлөттөрдү сактоого, окуп-үйрөнүүгө, иликтеп-изилдөөгө жана жайылууга ынтызар болуу сезимин андан ары өнүктүрүүгө;
- элдин жашоо-турмушу, улуттун кулк-мүнөзү, менталдык-психологиялык сапаттары, демократтык-этикалык түшүнүктөрдү, дүйнөгө болгон көз карашы, тарыхый-маданий тажрыйбасы, демократтык-этикалык салттары жөнүндө ар тараптуу ырааттуу илимий түшүнүктөргө, билимдерге ээ кылууга;
- элдик демократтык-руханий дөөлөттөрдү тынымсыз өнүгүү абалында түшүнүүгө жана ушуга байланыштуу каада-салттардын мазмунун иликтөөдө эски менен жаңынын элементтерин дайыма терең талдап, кылдат эске алууга;
- демократиялуулукка тарбиялоо боюнча фольклордук материалдарды топтоо жана изилдөө жумуштарын жүргүзүүнүн билгичтиктерин калыптандырууга;
- окуучуларды демократиялуулукка тарбиялоодо каада-салттарды колдонуу боюнча кошумча программалык, дидактикалык материалдарды түзүп жарата билүү боюнча баштапкы тажрыйбага ээ кылууга;
- каада-салттардагы демократиялуулуктун элдик идеалдарын, тарбиялоо салттарын талдоо жана аларды учурдагы тарбиялоо процессинде колдонуу боюнча материалдарды студенттин өз алдынча иши, курстук, дипломдук жумуштардын формасында жалпылоо билгичтиктерин калыптандырууга.

**II. Кошумча өнүктүрүүчү программадан кийин калыптандырылган компетенциялар.**

Стандарттын талаптарына ылайык атайын багыт боюнча бардык компетенциялар каралат жана берилген программаны окутуп үйрөтүүдө ишке ашырылат

**а) Универсалдык:**

- жалпы илимий (ЖК):

- инструменталдык (ИК):

- социалдык –инсандык жана жалпы маданияттык(СК)

Жалпы илимий компетенттүүлүк:

Жалпы демократиялуулук тууралуу маалымат алуу менен элдин жашоо-турмушу, улуттун кулк-мүнөзү, менталдык-психологиялык сапаттары, демократтык-этикалык түшүнүктөрдү, дүйнөгө болгон көз карашы, тарыхый-маданий тажрыйбасы, демократтык-этикалык салттары жөнүндө ар тараптуу ырааттуу илимий түшүнүктөргө, билимдерге ээ болот. Студент алган билимдерин өз турмушунда жана келечекте мектеп окуучуларына кеңири колдоно алат. Ошондой эле, сабактагы көндүмдөрдү өзүнүн келечектеги мугалимдик кесибине кенен пайдалануу менен муктаждыктарын канаатандыра алат.

**Инструменталдык:** “Кыргыз элинин каада-салттары жана окуучуларды демократиялуулукка тарбиялоо” кошумча өнүктүрүү программасын педагогика багытындагы предметтерди өздөштүрүүнүн бир булагы деп эсептөөгө болот. Андыктан бардык кесиптин адамдары ушул мугалимдин таалим-тарбиясынан өсүп чыгаарына басым жасалып окуучулар менен карым катнаш жасоодогу маалыматтарды туура берүүдөгү билимдерди студенттерге туура жеткирүү менен өз ишин уюштурууда тандоолорго шарттар түзүлөт. Натыйжада ар бир студент жаш муундарды калыптандыруу маселесин терең үйрөнүү менен келечекте өз кесибинде, дегеле жашоосунда пайдалана алгыдай, өз алдынча маселе чече алгыдай денгээлге көтөрүлөт.

**Социалдык-инсандык жана жалпы маданияттык компетенттүүлүк:**

“Кыргыз элинин каада-салттары жана окуучуларды демократиялуулукка тарбиялоо” программасы менен ар бир студент аз-аздан социалдык пикир

алышуучулук көндүмү калыптанат. Болочок мугалимдин башкалар менен мамиле кылып сүйлөшө билүүнү, улууну урматтап, кичүүнү ызаттоону, бири-бирин сыйлоону, өз ой-пикирин, көз карашын далилдөөгө, коргоп алуунун көндүмдөрүнө ээ болууга жана мугалимдик кесибин ишенимдүү улантып кетүүгө шарт түзөт.

**б) Профессионалдык компетенттүүлүк:**

"Кыргыз элинин каада-салттары жана окуучуларды демократиялуулукка тарбиялоо" кошумча өнүктүрүү программасында билим берүү иши инновациялык окутуу методдору менен жүргүзүлөт.

- окутуунун технологиясы жаңы идеялар, методдор ыкмалар менен байланышат.
- студенттердин жекече коммуникативдик, чыгармачылык, жөндөмдүүлүктөрү өрчүйт.

**"Кыргыз элдик каада-салттар жана окуучуларды демократиялуулукка тарбиялоо" кошумча өнүктүрүү программасын тематикалык мазмуну жана көлөмү**

| | **Т е м а л а р** | **Сааттардын көлөмү** | | |
|---|---|---|---|---|
| | | **Адитор.** | **Лекция** | **Практ** |
| | Балдарды демократиялуулукка тарбиялоодо элдик таалим-тарбия тажрыйбалары аркылуу өркүндөтүү проблемасынын изилденүү тарыхы, азыркы абалы жана проблемалары. | 2 | 2 | |
| | Кыргыз элдик каада-салттардагы балдарды демократиялуулукка тарбиялоо боюнча педагогикалык ойлор. | 4 | 2 | 2 |
| | "Манас" эпосунун жаш муундардагы демократиялуулук сапаттарды калыптандыруучу күчү | 2 | 2 | |
| | Эл акындары –элдин демократиялык тарбиялык идеяларын жаратуучулары, алып жүрүүчүлөрү жана таратуучулары | 2 | 2 | |
| | Окуучуларды демократиялуулукка | 4 | 2 | 2 |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | тарбиялоо жумуштарында каада-салттарды колдонуунун методикалык принциптеринин өзгөчөлүктөрү | | | |
| | Каада-салттар аркылуу окуучуларды демократиялуулукка тарбиялоо жумуштарынын негизги формалары жана технологиялары. | 4 | 2 | 2 |
| | Класстан тышкаркы иштерди жүргүзүүдө каада-салттар аркылуу окуучуларды демократиялуулукка тарбиялоо жумуштарын жүргүзүү методикалары. | 4 | 2 | 2 |
| | Окуучуларды демократиялуулукка тарбиялоо жумуштарында каада-салттарды колдонуунун келечектүү багыттары | 4 | 2 | 2 |
| | Кыргыз элдик каада-салттар аркылуу окуучуларды демократиялуулукка тарбиялоодо мектеп менен үй-бүлөнүн бирдиктүү ишмердиктери | 4 | 2 | 2 |
| | **Бардыгы** | **30** | **18** | **12** |

Кошумча өнүктүрүү программасы 2 кредит жалпы көлөмү 60 саат, анын аудиториялык сааты 30, өз алдынча ишке (СРС) 30 саатка ылайыкталып түзүлгөн.

**ТИРКЕМЕ 3.**

**“Кыргыз элинин каада-салттары – окуучуларды демократиялуулукка тарбиялоонун каражаты” Этнопедагогика дисциплинасынын алкагында өтүлгөн сабак.** ***(иштелме)***

**Сабактын максаты:** Жаш муундарды бүгүнкү коомдун өнүгүү мыйзам ченемдүүлүктөрүнө ылайык демократиялуу атуулдардан болуп калыптанышына зор өбөлгө берүү мүмкүнчүлүгүнө ээ болгон улуттук мүнөзгө ширелген улуу ата-бабаларыбыздын каада-салттары менен тааныштыруу. Болочок мугалимдердин кыргыз каада-салттарына анализ жүргүзүү билгичтиктерин калыптандыруу.

**Милдетти:** Ишенимдүү абалды жаратуу; Өзүн жана айланасындагыларды сыйлоо, угуу, сабырдуу болуу, таанып билүү процессин активдештирүү.

**Сабактын методу:** аңгемелешүү, талкулоо, проблемалуу окутуу.

**Сабактын жүрүшү:**

Кыргыз Республикасынын Конституциясы, Балдар укугунун декларациясы, Кыргыз Республикасында окуучуларды тарбиялоонун концепциясы, Кыргызстан калкынын демократиялык кодекси сыяктуу өлкөнүн негизги документтери студенттерге тааныштырылат.

Биз силер менен, балдар, каада-салттар тууралуу, алардын биздин тарыхый басып өткөн жолубуздан канчалык деңгээлде орун алгандыгынан кабар алып, ошол өткөн доорлорго бирге барып, саякат жасап көрсөк.

Демократиялык каада-салттары жөнүндө сөз болгондо, каада-салт эмне деген суроо туулат. Буга жооп катары «Салт-жетишерлик туруктуу, муундан муунга өткөн, коомдук пикир менен корголгон улуттук, элдик, этникалык топтук; коомдук акыл-эске жана психологияга таандык тарбиялык мааниге ээ феномен» экендигин көрүүгө болот. Ал эми белгилүү социолог И.Кон «Салт дегенибиз үрп-адаттардын улуттагы өсүп жетилген ар түрдүү формасы», - деп баяндайт

Улуттук таалим тарбиядан туруктуу орун алган «адат» арабдын «адат»(туруктуу, орун алган) деген сөзүнөн алынып, ал элдин социалдык психологиялык, маданиятуулук, дүйнө таанымдык жагдайына байланыштуу калыптанган жалпы көрүнүш дегенди билдирет.

Кыргыз тилинин түшүндүрмө сөздүгүндө «Адат-жалпы көпчүлүк үчүн өнөкөт болуп калган адат, жүрүш-туруш тартиби» деп жазылат, ал эми экинчи түшүнүк «үйрөнүп калган көндүм, өнөкөт, көнүмүш» деп аталат. Элибиз «Үйрөнгөн адат калабы, уйга жүгөн салабы» дегендей өнөкөт, көнүмүш болуп, ыкка айланып калган улуттук тиричиликтеги жүрүм-турум эрежелери, көрүнүшү. Ал эми «Каада - коомдук көрүнүштөгү жалпы элдик мүнөздөгү адат». Улуттук каада-салттын ички мазмунуна токтолсок, эки сөз кошулуп айтылганы менен ар кайсынысынын өзүнчө мааниси бар экенин билүү, ар бир түшүнүктүн өзүнчө аткарган функциясы боло тургандыгын түшүнүү керек. Биздин оюбузча, каада бүт элге, ал эми адат жеке адамга карата айтылат. Ошентсе да, каада-салт өзгөрүлбөй турган абсолюттук нерсе эмес, ал элдин социалдык – экономикалык шартынын өзгөрүүсү, маданиятынын өнүгүүсү менен бирге, ал да өнүгүп, кээде жаңыланып, кээде унута кала турган көрүнүш.

Адамзат басып өткөн тарых жолундагы кыргыз элинин жашоосу дагы коомдук талаптарга баш ийгени менен кыргыз элинин кулк мүнөзү, ар убак таза, аруу, аяр сакталып келген. Кыргыз эли өзүнүн бийик адептик чени менен айырмаланып келген. Андагы кун, айып төлөө, олжо алуу, тартуу кылуу, сабап жазалоо сыяктуу бай-манаптардын кыргыз элинин жан дүйнөсүнө жат эрежелерди таап, өз кызыкчылыктары үчүн пайдаланып келген. Мындай адаттан тыш эрежелер кыргыз элинин укуктук маданиятына, анын кулк мүнөзүндөгү адептик нормалардын таза сакталышына, анын адам деген атка татыктуу болуп жүрүү салтына кедергисин тийгизе албайт. Элибизде орто кылымдардагы башкаруучу төбөлдөрдүн кызыкчылыгына ыңгайлаштырылган эреже салттар колдонулганы менен улуттук кулк мүнөзүбүздө ага баш ийбеген, аны жектеген, адамдык арууулукту жогору койгон идеялар ар дайым жашап келген. Бул болсо алардын демократтык -адептик нормаларында сакталып

келген. Алар укуктук нормалар менен бардык убакта эле тикеден-тике байланышта болбойт. Мисалы, балдар, силер турмушта укуктук нормаларды сактаган, бирок ошол эле мезгилде өзүн-өзү адепсиз алып жүргөн адамдарды кездештиресиңерби? Албетте, андай адамдар көп.

Мекенди сүйүү, башка калктарды да урматтоо, эркин болуу, сабырдуу болуу ж.б. сыяктуу жалпы адамзаттык мааниге ээ социалдык–адептик салттар (элдик санат ырларынын, макал-лакаптардын, жомоктордун, эпостордун ж.б.) негизинен, чагылдырылган сапаттарды калыптандырууда ар бир адамдын мектепке чейинки кезинен башталып, орто мектепте уланган социалдык жашоо турмушунда жетекчиликке ала турган тарбиянын негизги өзөгү улуттук каада-салттарда жашайт. Улуттук каада-салттардын мааниси менен өзгөчөлүктөрүн ар бир балага түшүндүрүү жаштайынан башталыш керек. Ал наристе жарык дүйнөгө келген күндөн айтыла турган сүйүнчүлөөдөн баштап, бешик ыры менен уланып, бата-тилек менен акыл айтуу аркылуу баланын аң-сезимине сиңип, акыл-оюн өстүрүү үчүн жаш өзгөчөлүктөрүнө жана өнүгүү этаптарына байланыштуу айтыла турган ырлар, жомоктор, чыгармалар, эпостор балдардын ынтаа-ыкласын толкундатып, аны кызыгууга, аракеттенүүгө, эркиндикке, сергектикке тарбиялаган.

Кыргыз элинин демократиялулук салттарын анын меймандостугунан көрүүгө болот. Мындан алардагы башка улуттардын өкүлдөрүн сыйлоо мамилесин, башка адамдарга карата сый, адамгерчилик мамилесин көрөбүз. «Сыйга сый, сыр аякка бал», «Бирөөнүн тоогун жесең, каз байла», «Бир жолу суу ичкен кудугуңа, миң жолу салам бер» - деген макалдар буга далил.

Кечиримдүү болуу – бул Ата-бабадан келе жаткан адептин бири. Кыргыз журту кечиримдүүлүгү менен да айырмаланган эл болгон. Тиричиликтин оош-кыйыш жагдайларында ар кандай ич ара кермуш айтышуулар, бири-бирине күтүүсүз наразычылыктар, жүз карашпай кетүүлөрдөн улам: «Атаңды өлтүргөнгө, энеңди алып бер», «Алдыңа келсе, атаңдын кунун кеч», «Кекти капырга жараткан» сыяктуу макалдар кеңири колдонулуп келген. Бул сөздөрдүн мааниси атаңды өлтүргөндөн корк, башыңды ийип багынып,

жалынып энеңди алып бер дегендик эмес. Ата да, эне да эч нерсеге теңдеши жок, баа жеткис ыйык нерсе. Ал эми ынтымак алардан да жогору экендигин билдирет. Ынтымак үчүн бардыгынан кеч, андан кымбат эч нерсе жок дегенди билдирет. Бул сапаттар улуу муундардын бийик даанышмандыгынан, тунук адамгерчилигинен кабар берет.

Кыргызда укук эрежелерин бузуудагы колдонулган жазадан дагы бирөөнүн каргышына калуудан катуу корккон. Бирөөнүн көңүлүн кирдетип, анын каргышына калуу кыргыз үчүн сабап жазалоо, кун, айып төлөө, таш бараңга алуу сыяктуу ырайымсыз жазалардан да күчтүү болгон. Демек, кыргыздар сөзгө чоң маани беришкен. Бекеринен элибизде «Буттан чалынган турат, ооздон чалынган турбайт» деп айтылган эмес. Ошондой эле кыргыздын салтында «ырчы менен элчиге өлүм жок» деп айтылган. Ырасында эле элден чыккан акындар тарабынан замандын оордугу, теңсиздиги, бай-манаптардын кара санатайлыгы ашкереленип ырдалышы көпчүлүк учурда жазага алынган эмес. Демек, бизде сөздү урматтоо жана сөз эркиндиги жашап келген деген тыянак чыгарууга болот.

Кыргыз элине мүнөздүү демократиянын элементтерин калк ичинде кеңири тараган  бата алуу, бата берүү көрүнүшү менен байланыштуу. Муну тарбиялык мааниси бата сурап жаткан кишинин тегине, байлыгына жана башка социалдык абалына карабастан, ал адамдан элдин колдоосуна, батасына муктаж экендигин биринчи орунга койкондугунда болуп жатат. Улуулардан бата алуу ар бир кыргыз адамы үчүн зор белек, чоң жетишкендик болгон. Ал эми тарбия жаатында өсүп келе жаткан жаш муунга бата берүү салты сөзсүз түрдө өнүгүүнүн улам жогорураак баскычына өтүүгө даярдоочу сапаттарды, касиеттерди калыптандыруу максатына шайкеш келген. Мисалы, тушоо кесүү тоюнда берилчү карыялардын батасында: «Жаманга жанашпа, элиңден адашпа. Жетиңде алкынган бууданга мин. Мал күзөтүп кырда жүргүн. Тогузуңда тойго аттан. Он эки мүчөлүү, оолугуп бала жигит болоор кезиң. Эр жетип кыйыр сактап, журт багаар кезиң. Ошону билгин» -деп бата беришкен. Ошондуктан бул салт турмуштун эң маанилүү кырдаалдарынан майда-барат нерселерине

чейин сакталган. Мисалы, казатка аттанарда, бир чоң ишти баштаарда, келин алууда жарандар сөзсүз түрдө улуулардан бата алышкан. Андан сырткары бата алуу салты улууларга колго суу куюу, тамакка бата кылуу ж.б. жөрөлгөлөр менен коштолгон.

Демократизмдин бирден бир көрсөткүчү болуп ар бир адамга бирдей мамиле жасоо жана тең уктуулукту сактоо эсептелет. Бул өңүттөн алганда кыргыз элинде башка Орто Азия калктарынан айырмалаган аялдарга карата сый, урмат, алар менен эсептешүү менен коштолуп, эч качан чүмбөттөлүп бетин жабуу, аялсың деп кордоо сыяктуу көрүнүштөрдөн алыс болгон. Тэтирисинче, кыргыз аялы эркектер сыяктуу атка минип, керек болгон учурда колуна курал алып элин, жерин коргоого катышкан. Буга кыргыз элинин оозэки чыгармалары жана эски тарых күбө.

Аял затына карата тең укуктуулук көрүнүшү кыргыз элинин кичи эпосторунун ичинен драматикалуулугу менен айырмаланган “Жаңыл мырза” дастанан көрүүгө болот. Эпостун каарманы Жаңыл кыз башы менен элин, жерин калмактардан коргоо үчүн кол жыйнап, колуна жарак алып, артына жигиттерди ээрчитип майданган бет алат. Ал тургай өзү жактырып жүргөн башка элдин баатыры Түлкү баатырды эли, жери үчүн өз сүйүүсүн курмандыкка чалып, өлтүрүүгө барат. Бул көрүнүш кыргыз элине мүнөздүү баатырдыкты, билермандыкты, көсөмдүктү аялга же эрекекке таандык деп айырмалабастан жогору койгон демократиялуулук деп кабыл алсак болот.

Ушундай демократиялуулук Манастын жубайы Каныкейди журт энеси катары кабыл алгандыгы, кыйын кезеңде Манастын кеңешчиси боло алгандыгы белгилүү. Аял затына карата демократиялуу мамиле кыргыз элиндеги кыз баланы тарбиялоо, ага карата сый мамиле ата-бабалардын салтында сакталган. Кыз бала - баары бир башка бирөөнүн бүлөсү, ошондуктан, аларга карата назик сезимде болуу, бапестөө, барктоо өңдүү камкордуктарга бөлөнгөн. «Кыздын кырк чачы улуу» - деп кыргыздарда кыз балдарды өтө сыйлаган. Тестиер чагынан колдон келсе, тезек тердирбеген, отун алдырбаган, чий-куурай ордурбаган. «Кыздын көзү кызылда» - деп кооз кийим-кечектерди оболу кызга

ыроологон. Кыздын улуу устуканы-малдын төшү болгон. Күмүштөн ат жабдык токулган, жорго мингизген. Кундуз тебетей кийгизген. Мунун баары кыз баланы аздектеп чоңойтуу, дегеле аял затынын кийинки турмуштагы оор түйшүгүн жеңилдетүү сыяктуу ой-толгоолор менен коштолгон. Аял затына болгон ушундай демократиялуу мамиле кыргыз элинен эркектерден кем калышпаган баатырлардын эл башчылардын жаралышына өбөлгө түзгөн десек болот. Ошондуктан элдик чыгармалардагы, дастандардагы Кыз Сайкал, Каныкей, Айчүрөк, Акыл Карачач, Айганыш, Кенжеке, Жаңыл Мырзанын даанышмандыгы, калыстыгы, тапкычтыгы, айлакерлиги, кыргыз коомчулугундагы аялзатынын таасирин, ээлеген ордун айкын көргөзүп турат. Мунун айдан ачык үлгүсү катары Алай ханышасы Курманжан датканын коомдук ишмердиги, дүйнө таанусу, меймандостугу, кара кылды как жарган калыстыгы, аялзатына тиешелүү улуу касиети, үй-бүлөөсүнө жасаган энелик мээрмандыгы, калкына жасаган кайрымдуулугу, эркектен ашкан кайратуулугу (даргага асылып жаткан баласына "өлүмгө тик кара" деп айтып бастырып кетүүсү) жөнүндө баяндар, кыргыз аялдарынын эли, жери үчүн бардыгына даяр экендигин билдирип турат. Кыз баланы ушундай демократиялуу шартта тарбиялоо постсоветтик мейкиндикте биринчи аял-президенттин Р. Отунбаеванын келишине социалдык-педагогикалык өбөлгө түзгөн.

Ошондой эле, элдин эзелтен калыптанган акыл нускасын эсине сактаган, ыймандуу, санжыралуу, нарктуу карыяларды калайык калк тирүү казына катары кабылдап, «Карысы бардын ырысы бар», «Кары-үйдүн куту», «Карынын сөзүн капка сал», «Өрнөктүү карыя жок жерде, өнөрлүү жаш да жок», «Узунсуз кыска болбойт, улуусуз нуска болбойт»-деп айтылып келет элибизде. Чындыгында, элдеги адеп нарктын, каада-салттардын сакталышы, муундарга мурасталып өсүп-өнүгүшү карыялардын өмүр үлгүсү, өрнөгү менен тыгыз байланыштуу.

Кыргыздарда уруу аксакалдарын шайлоо жана уруулардын сот адилеттигин жүргүзүшү, адамдардын кылган ишине укуктук жактан баа берүү, жамааттын аскердик уюмдашуусу, милдеттүү түрдөгү аткаруу тартиби-

демократиялык мамлекеттүүлүктүн эзелки үлгүлөрү болгон. Муну менен биз Кыргыз жергесинде демократия илгертен бери эле чечүүчү мааниге ээ болуп келген деген ойду айткыбыз келет, анткени, өз жерин коргоо, башкоштуруучу курултайларды өткөрүү, дипломатиялык миссияларды дайындоо, түшүм жыйноо, мал кыштатууну уюштуруу сыяктуу жалпы улуттук тагдыр чечээр маселелерди чечүүдө жеке бир кишинин үстөмдүгүнө жол берилген эмес. “Кеңешип кескен бармак оорубайт”, “Ийри олтуруп, түз сүйлөшөлү”, колго салуу (азыркы маанисин добуш берүү) кыргыз элинин эзелтеден келе жаткан салттарынан болуп эсептелет.

Ошондой эле дагы элибиздин «Баш кесмек бар, тил кесмек жок» деген баба сөзү, ар бир адамдын өз оюн айтууга тыюу жок экендигин белгилейт. Элибиздин ой-санаасында адам эркиндигин бийиктигин түшүндүргөн, далилдеген, шарттаган ушул сыяктуу мазмундагы ой пикирлер элдик оозеки чыгармаларда көп кездешет.

Адамды өз мекениндеги укугу, эркиндиги бөтөн жерде бүгүнкү заманда да эч бир өлкөдө камсыз кылынбайт десек жаңылышпайбыз. Буга мисал катары «Бирөөнүн жеринде султан болгончо, өз жеринде ултан бол» деген улуу сөздү айткан экен ата-бабаларыбыз. «Бөтөн жерге барганда, пил коендон да мусаапыр» дейт дагы бир макал. Демек, адам укугу биздин терең ишеничибизди, азыркы учурдагы улуттук мүдөөбүздү чагылдырган адамзат дүйнөсү деңгээлиндеги жалпы байлык. Дагы уланта келсек «Ырыс алды – ынтымак» дейт элибизде. Ынтымак кыргыз улутунун менталитетин чагылдырып турган өзгөчө бир артыкчылык десек жаңылышпайбыз.

Ошондой улуу ынтымакта – демократия жатат. Ынтымактуу айылда, ынтымактуу туугандарда, ынтымактуу коомдо эч кандай укук бузу, жеп- ичүү, туура эмес мамиле болбойт. Ынтымак өзү устав да, мыйзам да, документ да болуп жүргөн учурлар азыркы жашоо тиричилигибизде кеңири тараган көрүнүш. Элдин, журттун ынтымагын ошол ынтымактын башында турган лидеринин мыктылыгына, калыстыгына, даанышмандыгы менен кыраакылыгына жана адилеттүүлүгүнө түздөн-түз байланыштуу. Кыргыздын

башка эл менен болгон байланышында, жоокерчиликте, кырсык болсо да, жокчулук болсо да ошол ынтымак жеңип келген. Ал эми ынтымагы жок аймакта, бири-бири менен чабышып, кол чогултуп бири-бирине каршы жамандыктар жасалып, шайлоолордо орун талаш, жаматтарда жер талаштар болуп азамат өмүрү кыйылган учурлар өткөн жана бүгүнкү тарыхыбызда маалым.

Ошентип, жогоруда белгиленгендердин бардыгы жаштарды демократиялуулукка тарбиялоодо кыргыз элинин каада-салттарындагы педагогикалык мүмкүнчүлүктөрдүн арбын экендигинен кабар берет. Муну өзү жеке адамды, анын индивидуалдуулугун, укугун, эркиндигин, асыл-нарк катары баалап, туу кылып көтөрүү сыятуу социалдык демократиянын негиздерин түзө тургандыгын, биздин ата-бабаларыбыз өзүнө мүнөздүү көөнөрбөс руханий дөөлөттөрүн каада салттарын, адеп-ахлак нормаларын чагылдырган элдик оозеки чыгармаларында сактап келгендигин көрүүгө болот.

Балдар, биз бүгүн ошол өткөнкү муундарыбыздын тарбия аларлык асыл өрнөктөрүн баалап, аздектеп, өздөштүрүшүбүз керек. Эгемендүү элибиздин идеялык, рухий, адеп-ахлактык, атуулдук жактан кайра жаралышына сүрөө боло турган демократиялуу салттарыбызды ыйык туталы.

**Колдонулган адабияттар:**

1. Акматалиев А. Баба салты, эне адеби .- Бишкек, 1993. – 223 б .
2. Акматалиев А.Балдарга арналган салт жана ырым жырымдар. – Бишкек, 2000. – 216 б.
3. Алимбеков А. Кыргыз элинин билим берүү салттары: жогорку окуу жайлардын мугалимдик адистиктерди үчүн окуу куралы / А.Алимбеков. – Бишкек, 2001. – 48 б .
4. Алимбеков А. Кыргыз этнопедагогикасы: окуу куралы / А.Алимбеков. – Бишкек,1999. – 83 б.
5. Асипова Н.А. Заманбап билим берүү парадигмалары. – Бишкек, 2019. – 362 б.
6. Байгазиев С.А. Ата Мекендик жана дүйнөлүк этика – Бишкек, 2007.

7. Белл Д. [ Элект. кайнак]
https://ru.wikipedia.org/wiki/%D0%94%D0%B5%D0%BC%D0%BE%D0%BA%D1%80%D0%B0%D1%82%D0%B8%D1%8F

8. Измайлов А.Э. Народная педагогика: педагогические воззрения народов Средней Азии и Казахстана. – М.: Педагогика, 1991. – 256 с.

9. Калдыбаева А.Т. Элдик акындар чыгармачылыгындагы тарбия маселелери: окуу методикалык курал. – Бишкек, 2000. – 151 б.

10. Кыргызстан калкынын демократиялык кодекси // Эркин тоо гезити – 2003. – 16 декабрь. б. – 7-11.

11. Концепция воспитания школьников Кыргызской Республики./ В кн.: бюллетень Министерства образования и культуры КР. – Бишкек, 2002. - №2. – С. 49-64.

12. Рахимова М.Р. Кыргыз элдик педагогикасы [Текст]: окуу – усулдук колдонмо / М.Р.Рахимова, Т.В. Панкова. – Бишкек, 2006. – 345 б.

13. Солтонбеков Б. Кылымды карыткан салттар, үрп-адаттар // Аалам гезити - 1999 – 3-10 февраль.

14. Рыспаев С.К. Кыргыз башталгыч мектептеринде адабиятты окутууну этнопедагогикалык негизде өркүндөтүү : окуу куралы / С.К. Рыспаев. – Бишкек, 2006. – 49 б.

15. Поппер Карл. Открытое общество и его враги. [Элект. кайнак]:
https://textbooks.studio/uchebnik-teoriya-politiki/ponyatie-printsipyi-demokratii.html

**ТИРКЕМЕ 4.**

## Силер өзүнөрдү канчалык деңгээлде демократиялуубуз деп эсептейсиңер?

### Тест жүргүзүүнүн үлгүсү

**Биринчи кадам:** Жекече иштеп төмөнкү ойлорго канчалык макул болгонуңарга же макул болбогонуңарга жараша упай бергиле.

| 1 | 2 | 3 | 4 | 5 |
|---|---|---|---|---|



| толугу менен макулмун | макулмун | билбейм | макул эмесмин | таптакыр макул эмесмин |
|---|---|---|---|---|

| № | Ой-пикирлер | Упай |
|---|---|---|
| 1 | Мен досторума эмне кылууга тийиш экенибизди айтам да, каршы пикирлерди укпайм. | |
| 2 | Менин ар кандай улуттагы досторум бар, мен алардын баарына бирдей мамиле жасайм. | |
| 3 | Жаш туугандарыма караганда тажрыйбам чоң болсо да, алардын интеллектин урматтайм. | |
| 4 | Жөн эле буйруктарга баш ийип жүрсөк, турмуш алда канча жөнөкөй болор эле. | |
| 5 | Аялдардын мүмкүнчүлүктөрү эркектердики менен тең болууга тийиш деп ойлойм. | |
| 6 | Бардык чечимдер боюнча добуш берүү керек деп эсептейм. | |
| 7 | Эгер кимдер бирөө мени катуу кордосо, ага каршы анча-мынча күч колдонууга болот. | |
| 8 | Мен өз пикиримди ачык айтпайм, анткени аны анча маанилүү эмес деп эсептейм. | |
| 9 | Акчасы көп адамдар-турмушунда ийгиликке жетишкендер, ошондуктан алар гана добуш берүү укугуна эгедер. | |
| 10 | Англис тили- дүйнөдөгү эң мыкты тил. | |
| 11 | Мыйзамдан эч ким жогору турбашы керек | |
| 12 | Эгерде чечим эркин жана адил добуш берүү менен кабыл алынса, мен анын натыйжаларына макул болом. | |
| 13 | Менимче, эркиндик чечим кабыл алууга укуктуулук, ошондой эле анын натыйжалары үчүн жооп бере билүү дегенди билдирет. | |
| 14 | Жакшы жетекчи адамдарга бардык нерселерди бере алат жана алар үчүн толугу менен жооп берет. | |
| 15 | Кайсы мыйзамдарга баш ийип, кайсы мыйзамдарга баш ийбөөнү биз өзүбүз добуш берүү менен чечишибиз керек деп ойлойм. | |

**Экинчи кадам:** Ар бир пункт үчүн өз упайларынарды эсептеп чыккыла. Үлгү катары таблицанын № 0 пунктун карагыла.

| № | Таблицанын упайлары | Менин |
|---|---|---|

| | | |
|---|---|---|
| | | упайларым |
| 0 | Упайлардын саны 1=(билдирет)5, 2=4, 3=3, 4=2, 5=1 | 2 |
| 1 | Упайлардын саны: 1=5, 2=4, 3=3, 4=2, 5=1 | |
| 2 | Упайлардын саны: 1=1, 2=2, 3=3, 4=4, 5=5 | |
| 3 | Упайлардын саны: 1=1, 2=2, 3=3, 4=4, 5=5 | |
| 4 | Упайлардын саны: 1=5, 2=4, 3=3, 4=2, 5=1 | |
| 5 | Упайлардын саны: 1=1, 2=2, 3=3, 4=4, 5=5 | |
| 6 | Упайлардын саны: 1=2, 2=1, 3=1, 4=2, 5=2 | |
| 7 | Упайлардын саны: 1=5, 2=4, 3=3, 4=2, 5=1 | |
| 8 | Упайлардын саны: 1=5, 2=4, 3=3, 4=2, 5=1 | |
| 9 | Упайлардын саны: 1=5, 2=4, 3=3, 4=2, 5=1 | |
| 10 | Упайлардын саны: 1=5, 2=4, 3=3, 4=2, 5=1 | |
| 11 | Упайлардын саны: 1=1, 2=2, 3=3, 4=4, 5=5 | |
| 12 | Упайлардын саны: 1=1, 2=2, 3=3, 4=4, 5=5 | |
| 13 | Упайлардын саны: 1=1, 2=2, 3=3, 4=4, 5=5 | |
| 14 | Упайлардын саны: 1=5, 2=4, 3=3, 4=2, 5=1 | |
| 15 | Упайлардын саны: 1=5, 2=4, 3=3, 4=2, 5=1 | |
| | Бардыгы: | |

**Үчүнчү кадам:**

Упайлардын жалпы саны (№0 пунктунун натыйжасы кошулбайт) 15 ке бөлгүлө.

- 0 жана 2.0 ортосундагы упай силердин өтө демократиялуу экендигиңерди билдирет.
- 2.1ден 3.0 чейинки упай силердин бир топ демократиялуу экениңерди билдирет.
- 3.1 ден 4.0 чейинки упай силердин демократиялуулугуңардын жетишсиздигин билдирет.
- 4.1ден 5.0 чейинки упай силердин таптакыр демократиялуу эмес экениңерди билдирет.